Ош мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК Ошского государственного университета

№4 – 2015

ISSN 1694-7452

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ОшМУ жарчысы

ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

Журнал жылына 4 жолу чыгарылат

Илимий журнал
Кыргыз мамлекеттик китеп палатасынан
2000-жылдын 28-декабрынан каттоодон өткөн

2015-жыл, №4

Башкы редактор,
филол.и.д., профессор *Исаков К.А.*

Башкы редактордун орун басары,
б.и.д., профессор *Жумабаева Т.Т.*

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ:

1. Зулпукаров К.З. – филол.и.д., профессор
2. Жусупакматов Л. –филол.и.д., професоор
3. Калыгулова С.Ш. – филол.и.к., доцент
4. Мурадымов Н.М. – филол.и.к., доцент
5. Элчиев Ж.Э. – филол.и.к., доцент

ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ:

1. Бабаев Д.Б. – пед.и.д., профессор
2. Момуналиев С.М. – пед.и.д., профессор
3. Син Е.Е. – пед.и.д., профессор
4. Алтыбаева М.А. – пед.и.к., профессор
5. Батыралиев А. – пед.и.к., доцент
6. Акматова Т.А. – пед.и.к., доцент

ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕРИ:

1. Купуев П.К. – э.и.д., проф., КРУИАнын мүчө-корреспонденти
2. Тургунбаев Ж.Т. – э.и.д., профессор
3. Эргешбаев У.Ж. – э.и.д., доцент
4. Култаев Т.Ч. – э.и.д., доцент
5. Зулпукаров А. – э.и.д., профессор

САЯСАТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ:

1. Абдурешев А.Б. – саяс.таануу.и.д., профессор
2. Омукеева Ж.А. – саяс.таануу.и.д., профессор
3. Ибраимова С.С. – саяс.таануу.и.к., доцент
4. Абазбек у. Р. – саяс.таануу.и.к., доцент

ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ:

1. Абытов Б.К. – т.и.д., профессор
2. Алымбаев Ж.Б. – т.и.д., профессор
3. Нурумбетов Б. – т.и.д., профессор
4. Кененсариев Т.К. – т.и.д., профессор
5. Асанканов А.А.– т.и.д., профессор
6. Чоротегин Т. – т.и.д., профессор

ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЛИМДЕР:

1. Аттокуров Т.А. – филос. и.д., профессор
2. Шарипова Э.К. – филос.и.д., профессор
3. Карабеков К. – филос.и.д., профессор
4. Кулназаров А.К. – филос.и.д., профессор
5. Балтабаева А.Т. – филос.и.д., профессор

ОшМУнун редакциялык-басма кеңешинин чечими менен басууга сунушталды

****Берилген материалдардын сапаттуулук деңгээлине, илимий мазмунуна, жаңылыгына, автор, сунуштаган кафедра жана рецензиялаган окумуштуу жооптуу***

МАЗМУНУ

1. ***Абдраманова С.К.*** Слово «сердце» в лингвокультурологии..... 7
2. ***Абдубалиева Э.А.*** К.К. Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүнүн” түзүлүш принциптери 11
3. ***Айтибаева Ж.К.*** Лингвистикалык концептологиянын негизги категориялары 14
4. ***Акишова Г.Т.*** Х. Карасаевдин кыргыз тили илиминин өнүгүшүнө кошкон салымы 19
5. ***Атакулова М.А., Жусупова А.А., Айылчиева Д.Т.*** О преобразовании пословицы в загадку и трансформах примет 23
6. ***Атакулова М.А., Айылчиева Д.Т.*** Константы и переменные в лингвистических знаках 26
7. ***Бекмуратова А.К.*** Понятие языковой личности в антропоцентрической лингвистике 29
8. ***Бекмуратова А.К.*** «Лошадиные» табу и приметы как формулы этнического прогноза 32
9. ***Жамгырчиева Г.Т.*** “Манас” эпосунун архаикалык поэтикасы 35
10. ***Жамгырчиева Г.Т.*** Кыргыз эпосторундагы эненин архаикалык образынын берилиши 40
11. ***Жээнбекова Г.Т.*** Роль суффиксов с уменьшительно-ласкательным значением в кыргызском речевом этикете 43
12. ***Ибрагимова Р.Н., Жалалова Д.Т.*** Функционирование послелогов в составе синтетических единиц языка 49
13. ***Идирисов С.*** Кызыл-Суу кыргыздарынын жазуу тилинин графикасы 53
14. ***Исакова Т.Ж.*** Сөз менен сөз айкаштарындагы көп жана өтмө маанилүүлүк жөнүндө 57
15. ***Исакова Т. Ж.*** Сөз маанилеринин кыргыз тили илиминде изилдениши 60
16. ***Калыгулова С.Ш.*** Функционально-грамматическое разбиение английских придаточных обстоятельственных предложений и их кыргызских соответствий в разрезе семантики 64
17. ***Кидиралиева Н.М.*** Отражение национального характера в произведениях Чингиза Айтматова посредством билингвизма 68
18. ***Курамаева Ф.Н.*** Азербайжан тилиндеги жөндөмөлөр жана мейкиндик жөндөмөлөрдүн колдонулуш өзгөчөлүгү 75
19. ***Максутова Ж.Ж.*** “Ата-эне” концептинин паремияларда берилиши 81
20. ***Максутова Ж.Ж.*** Паремияларда “ата-эне” концептин уюштурган когнитемалар 85
21. ***Машиева Р.К.*** Формула приветствия в русском и кыргызском языках 88
22. ***Мурадымова Е.Н., Мурадымов Н.М***. Академик К.К. Юдахин – хранитель духовногонаследия народа (к 125-летию выдающегося лексиколога, тюрколога, академика, 50-летию издания КРС) 90
23. ***Нарматова Г.К.*** Влияние англицизмов на развитие лексики кыргызского языка 95
24. ***Нурмаматова М.Т.*** Чыңгыз Айтматов кыргыз адабиятчыларынын изилдөөсүндө (1960-1980-жылдар) 101
25. ***Оморова Т.М.*** Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасындагы эненин образы.. 106
26. ***Оморова Т.М.*** 1920-30-жылдардагы поэзия жана эне темасы 109
27. ***Сабиралиева З.М.*** Лингвистические аспекты концепта «юмор» 114
28. ***Сагындыкова Р.Ж.*** Английские придаточные обстоятельственные места и их функциональные соответствия в кыргызском языке 118

29. ***Темирова Б.Т.*** Кыргызстандагы 1952-жылдагы «Манас» эпосуна арналган илимий конференциянын тарыхий мааниси 122
30. ***Темирова Б.Т.*** Акын Ж. Садыковдун «Саякбай» поэмасындагы мүнөз түзүү чеберчилиги 125
31. ***Темирова Б.Т.*** К. Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» ыры жөнүндө..... 129
32. ***Эшманова С.К., Зулпукаров К.З.*** Текстти сыпаттоонун принциптери жана прагматикасы кайталоо конфигурациясынын өнүтүндө 132
33. ***Аванова Ж.А.*** Окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана болочок математиктерди даярдоо маселелери..... 137
34. ***Култаева Д.Ч.*** Математика боюнча тапшырмалардын циклин түзүү жана аларды колдонуу менен студенттердин математикалык жөндөмүн диагностикалоо жана өнүктүрүү 143
35. ***Амиракулова Б.Ж.*** “Сабырдын түбү – сары алтын” темасын куратордук-тарбиялык саатта өтүүнүн ыкмалары 150
36. ***Батыралиев А.*** Педагогикалык процесстин максатын аныктоо-мезгилдин актуалдуу проблемасы 153
37. ***Джунусова М.С., Шамшиева М.К.*** Жаңы сөздөрдү окутуу 157
38. ***Жакупова Г.С.*** Самообразование педагога как важный фактор в подготовке будущих специалистов 165
39. ***Жакупова Г.С.*** Формирование творческого отношения специалиста к своей будущей профессиональной деятельности в высшем учебном заведении 169
40. ***Жалалова Д.Т., Ибрагимова Р.Н.*** О развитии критического мышления студентов на занятиях внеклассного чтения 174
41. ***Калдыбаев С.К.*** Международный университет Ататүрк Ала-Тоо сущность и роль понятия «Результат обучения»..... 178
42. ***Касенов Т.Б.*** Дене шынықтыру мәдениетіндегі спорттық бастаулардың маңызы 183
43. ***Колдошев М.*** Ата-бабаларыбыздын демократиялык баалуулугунун “Манас” эпосундагы көрүнүшү 187
44. ***Тажикова Б.Ш., Бубаева З.Ж.*** Обстоятельства, предопределяющие особенности воспитательной работы в современной национальной школе 192
45. ***Темирова Н.М.*** ЖОЖдордо мамлекеттик тилди интеграциялап окутуунун жолдору 195
46. ***Тилекова Н.Д.*** Мектеп курсунда чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери 199
47. ***Төлөнова Г.Б.*** “Эне тил –улут тагдыры” темасын куратордук саатта өтүүнүн ыкмасы 203
48. ***Сарыбаев Э.А.*** Состояние пограничных проблем Кыргызстана с Таджикистаном и пути их регулирования 207
49. ***Арстанбеков М.С., Юсупалиев И.К.*** О массовых жертвах сталинских репрессий 213
50. ***Бекиева А.Т.*** Юлдаш Амраев – кыргыз элинин чыгаан мекенчил уулу 218
51. ***Динашева Л.С., Рустамбекова М.Е.*** Ресейдің түркістан өлкесіндегі отарлық саясатының ұлтаралық қатынастарға әсері (Жетісу және Сырдария облыстары материалдары бойынша) 220
52. ***Назарбаева Б.С.*** Аксы окуясы – Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы негизги бурулуш: булактар жана аны изилдөөнүн негизги багыттары 225
53. ***Назарбаева Б.С.*** Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдөгү мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга булактаануучулук багытта изилдөө 228

жүргүзүүнүн методологиялык маселелери .....
54. ***Халматов К.А.***, ***Токтогулов А.А.*** Түрдүү элдерде окшош салттардын чагылдырылышы (Бешик той, кыркын чыгаруу, тушоо кесүү салттарынын мисалында) 232
55. ***Аматова Г.У., Базаркулова Т.А.*** Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү 235
56. ***Исаков К.А.*** Антикалык эстетиканын тарыхый-философиялык мазмуну ... 239
57. ***Исаков К.А.*** Эстетиканын платон-аристотелдик доктринасы 244
58. ***Карабеков К.Ч., Бойтоева С.С.*** Детерминисттик таанып-билүү усулдарынын өзгөчөлүктөрү жана алардын байланыштары 249
59. ***Аматова У.О.*** Занятость и безработица как факторы экономического развития КР 252
60. ***Парпиева Н.Р.*** Факторы социально-экономического развития конкурентоспособности регионов 258
61. ***Ташбаев М.*** Структура продовольственного рынка Ошской области 260

УДК: 413=82

Абдраманова С.К., преподаватель, ОшГУ

Слово «сердце» в лингвокультурологии

Макалада жүрөк сөзү маданият таануу аспектинде каралат, коомдун жана адамдын турмушунда анын ролу аныкталат.

Ачкыч сөздөр: *жүрөк, этимология, символ, туруктуу сөздөрдүн айкалыштары.*

В статье рассматривается слово «сердце» в культурологическом аспекте, определяется его роль в жизни общества и отдельно взятого человека.

Ключевые слова: *сердце, этимология, символ, устойчивые сочетания слов.*

Что такое сердце? Почему это слово так важно в нашей жизни? Можно ли прожить без сердца? Чтобы ответить на эти и другие вопросы, связанные с сердцем, рассмотрим слово «сердце» с точки зрения лингвистики, культурологии.

Первым этапом исследования стало изучение этимологии и семантики данного слова, на втором этапе – сочетаемость слова с разными частями речи, жизнь слова «сердце» в искусстве, в нашем повседневном общении.

Для этого были проанализированы словарные статьи, связанные со словом «сердце», которые являются предварительной теоретической основой для выявления его концептуальной сферы.

Обратимся в этимологию самого слова сердце. Это древнеславянское слово, современная форма которого развилась с древнерусского сьрдьце, которая в свою очередь возникла с праславянской sьrdьce, sьrdьko. Праславянское sьrdь идёт с индоевропейского kerdis "середина", "сердце" (как видим, из давних времен сердце связывалось с серединой). К нему родственное лит. sirdis "сердце", грец. kardia ("кардиограмма" обозначает запись движения сердца), лтш. sirds "сердце, мужество, гнев"; дрв. пруск. seyr "сердце"; sirt; cride "сердце"; гот. hairto "сердце"; нем. herz "сердце"; англ.heart; лат. cor, cordis; сюда же лат. credo - верить, доверять [5. с.15].

Важным для характеристики слова "сердце" есть его этимологическая связь со словом "середина". Так, праславянская форма слова сердце – sьrdьce, из sьrdьko, производное с уменьшенным суффиксом -ьк-о, в котором после -ь звук -k- изменяется на с (ц). Этот суффикс присоединен к основе существительного sьrdь "сердце", то есть "то, что находится в середине". Корень один и тот же, что и в праславянском слове "середина" - sьrda, serda, которое этимологически родственно с лат. serdis "сердцевина"; гот. hairto "сердце"; нем. herz "сердце"[6. с.407].

Давая толкование слова "сердце", разные этимологические словари подчеркивают его центральность. Сердце отождествляется не только с серединой во внешнем мире, например, сердце - это "сердцевина, середина ствола в дереве", но и с центром духовной жизни человека, с внутренней глубиной, которая не дана разуму: "середина, глубина, внутренность... средоточие жизненных сил человека....", "символ средоточия чувств и переживаний" и т.п..

Таким образом, можно дать следующие объяснения происхождению слова:

1) Слово СЕРДЦЕ – общеславянская переделка более древнего слова СЕРДО. СЕРДЦЕ – ласкательная форма со значением «сердечко», а СЕРДО – нейтральное слово. Со временем ласкательная форма полностью вытеснила форму нейтральную – и это во всех славянских языках! Тем не менее, корень СЕРД – мы легко можем заметить и сейчас в словах СЕРДОБОЛЬНЫЙ и СЕРДИТЫЙ.
2) Этот корень был вторичным явлением, а первичным были другие значения:

- то, что находится в середине, внутри или в центре;

- то, что спрятано внутри, будучи защищённым от наружных воздействий;
- внутренняя часть древесного ствола, защищённая снаружи корою.

И этот последний пункт и есть первоначальное значение этого корня. Корень представлен в русском языке множеством разных слов. Перечислим лишь некоторые случаи: СЕРДЦЕ, СЕРДЦЕВИНА, СЕРЕДИНА, СРЕДА, СРЕДНИЙ, СРЕДИ, СЕРЁДКА…

Толковые словари русского языка разных авторов раскрывают слово «сердце» как многозначное. Так, например, в «Толковом словаре русского языка» С.Ожегова это слово трактуется в четырёх значениях:

1. Центральный орган кровеносной системы в виде мышечного мешка (у человека в левой стороне грудной полости). *Сердце бьётся. Порок сердца.*

2. *перен.* Этот орган как символ души, переживаний, чувств, настроений. *Доброе, чуткое, отзывчивое сердце. Чёрствое сердце. Золотое сердце у кого-н. (об очень добром человеке). У него нет сердца (о злом, чёрством человеке). Отдать своё сердце кому-н. (полюбить). Сердце сердцу весть подаёт (о любящих, вспоминающих, думающих друг о друге; разг.).*

3. *перен.* Важнейшее место чего-н., средоточие. *Москва — сердце нашей Родины.*

4. Символическое изображение средоточия чувств в виде вытянутого по бокам овала, мягко раздвоенного сверху, книзу сужающегося и заострённого. *Сердце, пронзённое стрелой* [3.с.711].

Омоним слова «сердце» обозначает в некоторых выражениях гнев, раздражение. *Сказать с сердцем (сердито, раздражённо). В сердцах (рассердившись).*

В русском языке много устойчивых сочетаний, пословиц, поговорок со словом «сердце»: «Сердце замирает», «Сердце не камень», «Сердце кровью обливается», «С лёгким сердцем», «Положа руку на сердце», «Скрепя сердце»…

И без перца дойдёт до сердца(пословица)

Не мудрён привет, а сердца покоряет(пословица)

Людское сердце не лукошко –не прорежешь в нём окошко(пословица)

Сказать в сердцах (поговорка)

В сердце не влезешь (поговорка) [2.с.142, 146].

Слово «сердце» широко употребляется в нашей речи. Рассмотрим примеры сочетания этого слова с разными частями речи в толковых словарях русского языка, во фразеологическом словаре, в большом энциклопедическом словаре.

Изучив частоту употребления слова, приходим к выводу, что данное слово сочетается больше с прилагательными и глаголами:

1) Глагол: *сердце ноет, сердце скучает, сердце горит, сердце страдает, сердце плачет, сердце горюет, сердце радуется, сердце унывает, сердце тревожится, сердце смущается, сердце грустит, сердце боится, сердце болит, сердце бьётся, сердце стучит, разбить сердце, сердце щемит, сердце трепещет, сердце сдавило.*

2) Прилагательное: *больное сердце, львиное сердце, здоровое сердце, доброе сердце, злое сердце, любящее сердце, отзывчивое сердце, открытое сердце, горячее сердце, холодное сердце, чистое сердце, огненное сердце, человеческое сердце, благородное сердце, каменное сердце, слабое сердце, пламенное сердце, живое сердце, отважное сердце.*

3) Существительное: *сердце мальчика, сердце мужчины, сердце животного, сердце женщины, сердце девочки, сердце льва, сердце на рисунке, сердце у человека.*

4) Наречие: *сердце нараспашку, тревожат сердце иногда, сердцу грустно, сердцу скучно, сердцу тоскливо, сердцу плохо, сердце чаще бьётся.*

5) Местоимение: *отдать всё сердце, его сердце, сердце кого-то, сомненья сердца своего, тревожат сердце мне, не тронут сердца моего, чье-нибудь сердце тронет, моё сердце, любя всем сердцем, сердце в нём, в вашем сердце.*

6) Числительное: *сердца трёх, в обоих сердцах, второе сердце, два сердца*.

В словаре эпитетов предложено немало примеров.

1. О душевных качествах, характере человека; о человеке как носителе каких-либо свойств, черт характера. О способности сильно, горячо чувствовать, любить; о добром, мужественном, прямодушном характере человека.

Ангельское, бескорыстное,беспокойное, бесстрашное, благое (устар.), благородное, большое, бурное (устар. поэт.), великодушное, великое, верное, вещее, впечатлительное, высокое, глубокое, горячее, гуманное, девственное, доброе, доверчивое, емкое, жадное, жалостное (устар.), жаркое, женское, живое, знойное, золотое, кроткое, ласковое, львиное, любвеобильное, любящее, маетное (разг.), многолюбивое, молодецкое (нар.-поэт. и разг.), молодое, мудрое, мужественное, мягкое, мятежное (устар. поэт.), надежное, невинное, нежное, неистовое, ненасытное, неподкупное, непорочное, неугомонное, обширное, огневое (устар. поэт.), огненное, огромное, орлиное, отважное, отзывчивое, открытое, памятливое, пламенное, податливое, порывистое, правдивое, праведное, преданное, простое, прямое, пылкое, ретивое (нар.-поэт.), свежее, своевольное, святое, смелое, страстное, теплое, томное, трепетное, удалое, хорошее, храброе, целомудренное, чадолюбивое (устар.), человеколюбивое (устар.), человеческое, честное, чистое, чувствительное, чудное, чуткое, шелковое (разг.), щедрое, юное.

О неспособности сильно, горячо чувствовать, любить; о равнодушном, жестком характере.

Бездушное, бестрепетное, бесчувственное, глухое, гордое, деревянное, железное, жесткое, жестокое, завистливое, зачерствелое, заячье, звериное (разг.), злое, змеиное, каменное, косматое, ледяное, лживое, мертвое, надменное, непреклонное, окаменевшее, окаменелое, омертвелое, пустое, равнодушное, скупое, сонное, суровое, твердое, трусливое, тщеславное, увядшее, хладное (устар. поэт.), холодное, черное, черствое, эгоистическое, эгоистичное. Великанское, вымороженное, женоненавистническое, заскорузлое, мглистое, могучее, мозолистое, молчаливое, непутевое, обожженное, ожиревшее, окоченелое, рабье, седое, стоическое, сумасшедшее.

2. О состоянии, настроении, переживаниях.

Бедное, безотрадное, беспечное, бессонное, взволнованное, веселое, воскресшее, встревоженное, гневное, горемычное, замирающее, замученное, изнеможенное, истерзанное, истомленное, легкое, многострадальное, наболевшее, надорванное, неспокойное, несчастное, ноющее, обездоленное, ожившее, озлобленное, опустошенное, очарованное, победное (нар.-поэт.), покойное, покойно-счастливое, радостное, разбитое, сокрушенное, спокойное, стесненное, страждущее, счастливое, тяжелое, убитое, угнетенное, унылое, усталое[1.с.396-398].

Исследуя слово с морфологической точки зрения, отметим необычность грамматической категории одушевлённости-неодушевлённости этого слова. В большинстве случаев слово употребляется как неодушевлённое существительное (человек без сердца, операция на сердце). Но в ряде примеров эта грамматическая категория меняется. Так, в выражениях «сердце готово выскочить из груди; сердце в пятки ушло; ёкнуло сердце…….», в обращении «Сердце, тебе не хочется покоя…..» оно воспринимается как живое существо, способное чувствовать, переживать. На основе этого явления (олицетворение), вероятно, построены художественные произведения многих поэтов и писателей, обратившихся к образу «сердца».

В русском фольклоре и верованиях на Сердце насылают тоску, сухоту, огонь, его рассекают топором, пронзают огненной или обычной стрелой, вырывают из тела, оковывают обручами, студят, запирают на ключ.

Слово «сердце» встречается:

В прозаических произведениях: «Сердце Бонивура» (роман Дмитрия Нагишкина), «Легенда о Данко» (из рассказа М. Горького «Старуха Изергиль»), «Сердца трёх» (роман Джека Лондона), «Собачье сердце» (М. Булгаков), «Сердце матери» (З. Воскресенская).

В фильмах: «Сердца трёх», «Собачье сердце», «Сердце матери», «Сердце Марии», «Храброе сердце», «Сердце дракона», «Горячие сердца», «Сердцеедки», «Сердце врага», « Прямо в сердце», «Сердце ангела», «Укради моё сердце», «Сердце моё», «Я живу в твоём сердце», «Мамино сердце», «Моё сердце – для тебя», «Сердце не камень», «Сердца четырёх».

В произведениях живописи: Индиков Е.Г. Цикл: "Шрамы моего сердца.", А.Острицкий картина «Дама сердца»,

При обозначении географического понятия: Москва – сердце России.

Новосибирск – сердце Сибири. Уфа находится в самом сердце Башкирии.

Умбрия – зелёное сердце Италии.

Эти примеры подтверждают функционирование слова «сердце» в разных областях искусства.

Таким образом, слово «сердце» получило имя по своему местоположению в теле. Оно восходит к той же основе, что и середина: изначально – «То, что находится в центре». Важной стороной является его переносное значение, связанное с чувствами. Именно эти ассоциации в нашей речи, в обиходе выдвигаются на первый план. Такова лингвокультурологическая картина слова «сердце».

Литература

1. Горбачевич К.С. Хабло Е.П. Словарь эпитетов русского литературного языка. – Ленинград «Наука» 1979. – С. 396-398.
2. Круглов Ю.Г. Русские народные загадки, пословицы, поговорки. – М.1990. – С. 142, 146.
3. Ожегов С.И. «Словарь русского языка». – М. «Русский язык». 1990г. – С. 711.
4. Шанский Н.М. «В мире слов». – М. «Просвещение» 1985. – С. 15, 227-228.
5. Шанский Н.М., Иванов В.В., Шанская Т.В. Краткий этимологический словарь русского языка. – М. «Просвещение» 1975. – С. 407.

S.K. Abdramanova, teacher, OshSU

Word "heart" in linguistical culture

Word "heart" is considered in article in culturologos aspect, is defined his (its) role in life's society and apart taken person.

Key words: *heart, etymologies, symbol, stable combination words.*

УДК: 81.324.822

Э.А. Абдубалиева, мугалим, ОшМСУ

К.К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүнүн" түзүлүш принциптери

К.К. Юдахиндин аталган сөздүгүнүн түзүлүш принциптерине жана практикалык маанисине басым жасалат.

Ачкыч сөздөр: *түркология, лексикография, лингвистикалык сөздүк, энциклопедиялык сөздүк, лексика, котормо сөздүк, кош тилдүү сөздүк, кыргыз тил илими ж.б.*

В статье рассматривается практическое значение и принципы построения данного словаря К.К. Юдахина.

Ключевые слова: *туркология, лексикография, лингвистический словарь, энциклопедический словарь, лексика, переводческий словарь, двуязычный словарь, научный кыргызский язык.*

Константин Кузьмич Юдахиндин түркологияга, анын ичинен кыргыз лексикографиясына салым кошкондугу тууралуу сөз кылууда, анын өмүр таржымалына кыскача кайрылуу абзел.

Советтик окумуштуу К.К. Юдахин 1890-жылдын 31-майында Оренбург губерниясына караштуу Орск шаарында почта кызматкеринин үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энеси Казахстандын Ауле-Ата шаарына көчүп келгендиктен, анын балачагы ошол жерде өткөн. Ошол мезгилдерден баштап казах, өзбек жана кыргыз тилдерин өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.1906-1910-жылдары Ташкенттеги мугалимдер семинариясын бүтүрүп, мурунку Чимкент уездине караштуу Манкент жана Карабулак деген өзбек кыштактарында мугалим болуп иштеген. 1915-1920-жылдары Түркстан чыгыш институтун, Орто Азия мамлекеттик университетинин чыгыш факультети (түрк жана иран факультетин) бүтүргөн. Андан кийин Ленинград чыгыш институтунда (1932), Ленинград мамлекеттик университетинде, Москва чыгыш таануу институтунда жана жаңы түрк алфавитинин борбордук комитетинде (1944) иштеген.

1944-жылы Кыргыз ССРинин чакыруусу боюнча Фрунзеге келип, СССР ИАсынын Кыргыз филиалында Тил, адабият жана тарых институтунун кыргыз тил жана сөздүк түзүү секторунун башчысы (1944-52), М.В. Фрунзе атындагы КМПИнин (1946-51), В.В.Маяковский атындагы Кыз-келиндер пединститутунун, ошол эле учурда Фергана институтунун профессору (1951-54), 1955-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КМУнун профессору болуп иштеген. К.К. Юдахин түрк тилдеринин көпчүлүгүндө, казах, өзбек, уйгур, кыргыз ж.б. тилддерде эркин жана сабаттуу сүйлөй да, жаза да алган кең арымдуу түрколог катары белгилүү. Ал 1975-жылдын 22-мартында дүйнөдөн кайткан.

Константин Кузьмич белгилүү окумуштуулардан чыгыш таануучулар В.В. Бартольд, Е.Д. Поливанов, түркологдор А.Н. Самойлович, П.А. Фалев, С.Г. Маловдордон таалим алган. Ошондой эле ал, учурунда илимий кадрларды даярдоого да салым кошкон. Константин Кузьмичтин тике жетекчилиги менен Х. Карасаев, Д. Шукуров, Ю. Яншансин, Г. Бакинова, Б. Орузбаева, Д. Мукамбаев, А. Джапаровдор кандидаттык диссертацияларын коргогон. Ал эми бүгүнкү күндө бул окумуштуулардын жетекчилиги менен бир топ илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыргыз тил илиминин багыттары боюнча проблемалар чечилди [4; 2].

К.К. Юдахин – советтик түрк лексикографиясын негиздеген окумуштуу. Аны түрк тилдери боюнча жарык көргөн төмөнкү эмгектери аркылуу далилдөөгө болот:

1. Өзбекче-орусча сөздүк (1927);
2. Уйгурча-орусча словаря (1928);
3. Кыргызча-орусча сөздүк (1940);
4. Кыргызсча-орусча сөздүк (1965);
5. Орусча-кыргызча сөздүк (1944);
6. Орусча-кыргызча сөздүк (1957).

Лексикография – сөздүктөрдү түзүүнүн теориясын жана практикасын үйрөтөрү белгилүү. Сөздүктөрдүн элдин маданий турмушундагы орду чоң жана алар туура сүйлөөгө, туура жазууга, сөздөрдүн маанисин толук түшүнүп колдонууга, эне тилибиздин маңыз-мазмунун жоготпоого, аны урпактарга өткөрүп берүүгө жол ачат эмеспи. Ошондой эле, адабий тилдин нормаларын сактоодо угут, ал эми сөздүктө колдонулган тилдик материалдар баба тилибиздин учурдагы абалын, тарыхын изилдөөдө табылгыс каражат болуп эсептелет. Окумуштууларыбыздын илимий тактоолорунун негизинде сөздүктөр милдетине, лексиканын кайсы катмарын өз кучагына камтыгандыгына ылайык энциклопедиялык сөздүк жана лингвистикалык сөздүк болуп 2ге бөлүнөт. Энциклопедиялык сөздүктөрдө буюмдар, заттар, окуялар ж.б. аныкталып, сөздүктүн башка типтеринде чечмелөөгө мүмкүн болбогон жер, суу, шаар, адам аттары, алардын тарыхы ж.б. сүрөттөр менен берилет. Мисалы, аларга “Большая Советская Энциклопедия”, “Малая Советская Энциклопедия”, “Медицинская энциклопедия” ж.б. сөздүктөр кирет. Ал эми лингвистикалык сөздүктө сөздөрдүн грамматикалык табияты көрсөтүлүп, алар өз ара бир нече топко бөлүнөт. Мисалы: түшүндүрмө сөздүк, этимологиялык сөздүк, тарыхый сөздүк, орфографиялык сөздүк, терминологиялык сөздүк, котормо сөздүк, фразеологиялык сөздүк, синонимдер сөздүгү ж.б. [1].

Биз кайрылуучу сөздүк лингвистикалык сөздүктүн “котормо сөздүк” бөлүгүнө кирет. Белгилүү бир тилдеги сөздөрдү, фразеологизмдерди экинчи бир тилге так которуу, котормо сөздүк болуп эсептелет. Мындай сөздүктөрдү **эки тилдүү** же **кош тилдүү** сөздүк деп атайт. Ошондой эле, котормо сөздүктөр экиден ашык көп тилдерде да болушу мүмкүн, аны **көп тилдүү** сөздүк деп атоого болот.

К.К. Юдахиндин түзгөн сөздүктөрүнө кайрыла турган болсок, 1928-жылы жарык көргөн “Уйгурча-орусча сөздүккө” Константин Кузьмич авторлош жана редактор болгон. Ал эми 1944-жылы жарык көргөн “Орусча-кыргызча сөздүктү” академик К.К. Юдахин, проф. Х. Карасаев жана Ж. Шүкүровдор менен биргеликте иштеп чыккан. Бул сөздүк да Константин Кузьмич Юдахиндин редакторлугу менен жарык көргөн. Мындан башка да өзбек жана кыргыз тилинин диалектологиясы боюнча бир топ эмгектери бар.

Биз жогорудагы эмгектердин ичинен “Кыргызча-орусча сөздүккө” токтолобуз. Бул сөздүк 3 жолу (1940, 1965, 1985) жарык көргөн:

1. 1940-жылы 25 миң сөздү камтып, алгачкы жолу жарыкка чыккан;
2. Андан кийин толукталып, оңдолуп 40 миң сөздөн туруп, 1965-жылы жарык көргөн;
3. 1985-жылы 2 том болуп, 3-басылышы жарык көргөн.

К.К. Юдахин сөздүктөр менен иштөө практикасында, биринчи кезекте, алардын сөз тизмегин (словнигин) түзүүгө маани берген. Сөздүктө биринчи кыргызча сөздөр, андан кийин ал сөздүн орусча котормосу берилген. Сөздөр кыргыз алфавитинин тартиби боюнча түзүлгөн. Алынган сөздүн ар бир мааниси мисалдар менен түшүндүрүлгөн. Ал эми мисалдар көркөм чыгармалардан, фразеологиялык сөз тизмектеринен, макал-ылакаптардан, кесиптик, терминдик сөздөрдөн жана фольклордук чыгармалардан пайдаланылган. Мисалы:

Көркөм чыгармалардан:*Сүйүмкан энеси Ажардын көңүлүн жайгагансыды - Сюмкан успокаивала свою мать Аджар.* [6: 214-бет] ж.б.

Фразеологизмдерден:*Сен эки кишинин арасына от жакпай жүр – Ты не ссорь людей между собой* [7: 83-бет].

Макалдардан:*Булуттан чыккан күн ачуу, Жамандан чыккан сөз ачуу – Жгуче солнце, вышедшее из тучи, едко слово, сказанное дурным* [6: 82-бет].

Ылакаптардан:*Отко келген катындын, отуз ооз сөзү бар – У женщины, пришедшей за огнем, слов на тридцать ртов.* [7: 83-бет].

Кесиптик сөздөрдөн:*Жороп – домотканые шерстяные орнаментированные чулки* [6: 262-бет].

Терминдик сөздөрдөн:*Жөндөмө – падеж* [6: 264-бет].

Фольклордук чыгармалардан:*Эчки сүйөт баласын "тентегим" деп, кой сүйөт баласын "жөнтөгүм" деп – коза ласкает своего детеныша, говоря "мой озорной", овца ласкает своего детеныша, говоря "мой смирненький"* [6: 265-бет].

Ошондой эле, сөздүккө турмуштук оозеки лексикасы, диалектикалык жана көөнөргөн (эскирген) сөздөрдүн кээ бир катмарлары да киргизилген. Мисалы:

Турмуштук оозеки лексика:*Чырагым – Светик мой* [7: 391-бет].

Диалектилик сөз:*Оромол* (иранча, түшт.диал.) – *жоолук* (адаб.тил) – *женский головной платок* [7: 81-бет].

Көөнөргөн (эскирген) сөздөр: *Ороочу (*тарыхый сөз*) – бедняк, нанимавшийся караулить яму с зерном*[7: 81-бет].

Сөздүктө, негизинен, азыркы кыргыз адабий тилинин лексикасы толугу менен камтылгандыгын, келтирилген мисалдардан байкоого болот.

Ошентип «Кыргызча-орусча сөздүктөгү» К.К. Юдахиндин кош тилдүү сөздүгүнүн түзүлүш принциптери, негизинен, жогоруда белгиленген структураны сактоо менен аткарылгандыгын белгилейбиз.

Константин Кузьмич Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» чыкканда, 1940-жылы Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери наамын алган. Бул эмгек толукталып, оңдолуп 1965-жылы жарык көргөндөн кийин, бул залкар эмгеги үчүн 1967-жылы СССРдин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Ошондой эле, Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, "Ардак белгиси" ордендери менен сыйланган.

Аталган сөздүккө карата айтылган биздин өлкөнүн жана чет өлкөлүк окумуштуулардын пикирине да кайрылып кетүүгө болот. Алсак, Польшадан А. Зайончковский, Германиядан Г. Габен, Финляндиядан М. Рясянен, Турциядан Саодат Чагатай ж.б. жогорку баа беришкен. Ал эми Н.А. Баскаков: "Словарь оценен известными специалистами как и крупнейшее достижение тюркской лексикографии", Б.М. Юнусалиев: "Фундаментальным двуязычным словарем совершенно нового типа", З. Бектенов: "Гордостью не только киргизской филологии, но и всей тюркологической науки", из Алма-Ате А. Махмутов: "К.К. Юдахин, собрав все лексические богатства киргизского языка, изалек оттуда самые драгоценные его зерна" [2: 329-б.]. Жогоруда берилген баанын далили катары, К.К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүнүн" бүгүнкү күндө да жогорку кызматтагы интеллигенттен тартып, мектеп окуучусуна чейин пайдаланып жаткандыгын белгилөөгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, Константин Кузьмич Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» кыргыз лексикографиясында гана эмес, жалпы эле түркологияда теңдеши жок сөздүк катары бааланганды гын баса белгилөөгө болот. Анткени мезгилинде бул сөздүк башка түрк тилдеринде да ушул типтеги улуттук сөздүктөрдүн түзүлүшүндө үлгү катары кызмат өтөгөн.

Адабияттар

1. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили.1-бөлүк. – Б.: Кыргызстан, 1996. 213-222-б.
2. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз тил илиминин маанилүү маселелери. – Бишкек: Илим.1995.323-329-б.

3. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикографиясы жана фразеологиясы. – Б.:“Кыргызстан-Сорос”фонду,1997. 227-б.
4. Сартбаев К.К. Түркологияга киришүү. – Ф.: Мектеп,1980. 43-44-б.
5. Тил илимине киришүү / Түзг.: Ахматов Т., Давлетов С. ж.б. – Ф.: Мектеп, 1980. 32-б.
6. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. 1-том. – Ф.: 1985.
7. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. 2-том. – Ф.: 1985.

E.A. Abduvalieva, teacher, OshSSU

Principles of formation of K.K. Yudahin’s “Kyrgyz-Russian dictionary”

The article discusses the practical significance and principles of construction of K.K. Yudahin’s dictionary.

Keywords: *Turkish Studies, lexicography, linguistic dictionary, encyclopedia, vocabulary, translation dictionary, bilingual dictionary, scientific Kyrgyz language.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Ж.К.Айтибаева, окутуучу, ОшМУ

Лингвистикалык концептологиянын негизги категориялары

Бул макалада «концепт» жана «баш» түшүнүктөрү жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр*: түшүнүк, концепт, объект, субъект, форма, баш, ой жүгүртүү, концептосфера.*

В этой статье рассматриваются понятия «концепт» и «баш».

Ключевые слова*: понятие, концепт, объект, субъект, форма, голова, мышления, концептосфера.*

Илимдин бардык тармактарында эле кандайдыр бир түшүнүккө бир жактуу аныктама берүүгө болбой тургандыгы, же берилген аныктамага кайчы пикирлердин жашашы – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Учурда тил илими кескин өнүгүп жатат. Анда ондогон жаны тармактар пайда болду. Булардын ичинде лингвистикалык концептология өзгөчө орунду ээлеп турат. Лингвистикалык концептологизмдин өзгөчө түзүлүшү, категориялары жана бирдиктери бар. Лингвистикалык концептология – тил менен аң-сезимдин, менталдык дүйнөнүн жана ой казынасынын байланышын, биримдигин изилдөөчү тармак. Анын негизги категориялары катары концепт, концептосфера, менталитет, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, дүйнөнүн этностук сүрөтү ж.б. кызмат кылат. Бул категориялардын түзүлүшү, чечмелөөчү жана түшүндүрүүчү потенциалы ар түрдүү. Мисалы, концепт түшүнүгүн эле алсак, ал өз ичине элес, схема, сценарий, фрейм ж.б. кичи түшүнүктөрдү камтып турат. Булардын өз обөектиси, ички жана сырткы бөтөнчөлүктөрү, дүйнөнү чагылдыруу жана түшүндүрүү айырмачылыктары бар. Бул макалада концепт категориясына кененирээк токтолобуз.

Концепт – ой жүгүртүүнүн элементи. Ал менталдык бирдик. Концепт эс тутумдун түйүндүү компоненти болуп, аң-сезимде гана жашайт. Концепт тилдик каражаттарда материалдашат. Тилге өтүп гана ал тыбыштык турпатка ээ болот. Концепт категориясы бүгүнкү күндө лингвисттерди, философторду, психологдорду, логиктерди, ал тургай маданият таануучуларды өзүнө тартып, ошону менен бирге ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө камтып калды. Концептти талдоо көп тармактуу анализдин гана негизинде ишке ашат. Бул терминди алгач орус илимпозу С.А. Аскольдов-Алексеев

1928-жылы колдонгон. Бул окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз заттардын, кыймыл-аракеттердин жана кубулуштардын ойго таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүмү катары аныктагандыгы белгиленип келет [7. 22]. Концепт адамдын аң-сезиминин ой жүгүртүү аракетинин глобалдык бирдиги катары тышкы дүйнөдөгү кубулуштарды, сапаттарды, алакаларды чагылдырып, эс тутумдук мазмунун түзөт.

Тил илиминде “концепт” термини чет өлкөлүк изилдөөчүлөр: Р.Р. Джакендофф, Дж. Лакофф, Дж. Лангакер, Ч. Филльмор, А. Вежбицка Ю.Д. Апресян, З.Д. Попова, А.В. Костин, А.П. Бабушкин, В.В. Воробьев, И.А. Стернин, Н.Н. Болдырев, В.И. Карасик ж.б. тарабынан иликтөөлөргө алынган, бирок бүгүнкү күнгө чейин бул түшүнүк так аныктамага ээ боло элек. Алсак, окумуштуу И.А. Федюнин концепт термини боюнча төмөнкүдөй аныктама берет: “Концепт – дүйнөнүн “окуялуу” тилдик сүрөтү (картинасы)” [8. 7]. Окумуштуу Ю.С. Степанов концептке: “Концепт – бул адамдын аң-сезиминде калыптанган жана аны маданияттуу кылган маданий түшүнүктөрдүн уюткусу” [9. 111]; “концепт – нерсенин абстракттуу, конкреттүү-ассоциативдик, эмоционалдык-баалуулук белгисин, о.э., ага байланыштуу көп маалыматты ичине камтыган идея” [9. 41-42], – деген аныктамаларды берген. Бул аныктамаларда, И.А. Федюнин концепт түшүнүгүн чыгармачыл же окуялуу элестетүүгө байланыштырса, Ю.С. Степанов концептке чектелген түрдө мүнөздөмө бергендей туюлат. Анткени Ю.С. Степанов концептти маданият менен гана байланыштуу мазмундук түшүнүк катары караган десек болот. Маселен, “баш” деген өзүнчө түшүнүктү алып көрөлү. Анын аталышында эч кандай маданий маалымат жок. Ар бир инсандын улутуна карабай, өзүнүн түшүнүк алкагына (концептосферасына) ылайык “баш” түшүнүгүн өзүнчө атайт жана ал “дененин бир мүчөсү, денени башкаруу укугуна ээ, мээни коргоп турат, анда көз, кулак, ооз, мурун органдары жайгашкан” деген мазмундук түшүнүктөн турат. Бул мазмундук түшүнүк когнитивдик лингвистикада улуттук маданиятка көз карандысыз түрдө, ал эми лингвомаданият таануу илиминде улуттук маданий түшүнүктөргө таянуу менен чечмелениши ыктымал. Биздин оюбузча, концептти “маданий маалымат камтылган түшүнүк” катары кароого жана маанилик жактан чектөөгө болбойт. Тил – адамдын аң-сезиминен анын концептосферасына ой-жүгүртүүнүн бирдиги катары концепттин мазмунун жана структурасын жеткирүүнүн каражаттарынын бири.

Ал эми В.И. Карасик концептке: “Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу”; “концепт бул – адамдын акыл-эсинде маанилүү маалымат катары баамдалган тажрыйбанын үзүндүсү, эсте сакталган менталдык маалымат”; “адам баласы өз жашоо турмушунда башынан өткөргөн кандайдыр бир маалыматтын фрагменти” [6. 39],– деген аныктамаларды берген. Албетте, В.И. Карасиктин концептке берген аныктамаларын толук кубаттоого болот. Анткени когницияны (аңдап-туюу процессин) изилдегенде кандай гана түшүнүк болбосун, анын аң-сезимде туюлуу, тилде чагылуу өзгөчөлүгүн анализдей берүүгө болот. “Концепт” түшүнүгү – когнитивдик лингвистиканын чегинен алып караганда, маданиятка көз карандысыз түрдө каралган, ал эми лингвомаданият таануу илиминин чегинен алып караганда, мазмунуна маданий маалымат камтылган тилдик бирдик катары саналган түшүнүк. Концепт – концептосферанын бирдиги, маани – тилдин семантикалык мейкиндигинин бирдиги. Концепт жана маани бирдей деңгээлде ой жүгүртүүчү когнитивдик табияттын кубулушу.

Бул багытта А.А. Залевскаянын да оюн колдоого болот. Ал концепт жөнүндө: “Адам акылындагы кадимки түшүнүктөн, мааниден айырмаланып, илимий сыпаттоонун азыгы катары аң-сезимде объективдүү түрдө жашоочу, динамикалык мүнөздө сезилип, туюлуучу когнитивдик түзүлүш”– деген туура аныктаманы берген [5. 39]. А.А. Залевская өзүнүн акыркы бир эмгегинде концепттин мээнин ар башка тарабында жайгашкан нейрондук ансамблин активге келтирүүчү негизин мүнөздөгөн. Сөз же кандайдыр бир белги аркылуу мээнин ар башка тарабындагы аспаптар кыймылга келип, ансамбль бир

мезгилде ойногондой эле, адам акылындагы ой кыймылдаткычтары иштеп, ой бүтүмү жараларын далилдеген. Психолингвистикалык көз караштан алып караганда, А.А.Залевская концепттин табийгый-индивидуалдык өзгөчөлүгүн баса белгилеп: “Концепт бул – адамдын түшүнүк жарата алуу мүмкүнчүлүгү, акылынын мүлкү, адамзаттын жеке өзүнө таандык энчиси”, – деген жыйынтыкка келген [4. 67].

Бул терминди түшүндүрүү боюнча казак окумуштуулары да бир канча изилдөөлөрдү жаратышкан. Концептология багытында С.Е. Исабеков, З.К. Ахметжанова, Э.Д. Сулейменова, К.М. Абишева, Ш.К. Жаркынбекова, Л.В. Екшембеева, Г.Г. Гиздатов, Л.К. Жаналина, З.К. Темиргазина, М.Ш. Мусатаева, А.Р. Бейсембаев, Г.А. Хамитова ж.б. изилдөө иштерин жүргүзүшүп, концепт маселесин кеңири карап чыгышкан. Алардын ичинен Ш.К. Жаркынбекова концепт термини боюнча оюн төмөндөгүдөй билдирет: “Концептти моделдештирүүдө этномаданияттын спецификасын усул катары колдонууга болот” [8. 7]. Чындыгында эле, ар бир түшүнүктү кабыл алууда бизге чейинки көз караштар эске алынары талашсыз.

Ушул ойго жакын көз караш катары дагы бир казак окумуштуусу Г.М. Алимжанованын концептке мүнөздүү лингвокогнитивдик жана лингвомаданий түшүнүктүн чегин аныктап: “Лингвокогнитивный и лингвокультурный подходы к пониманию концепта не являются взаимоисключающими: концепт как ментальное образование в сознании индивида связан с концептосферой социума, т.е. в конечном счете, с культурой, а концепт как единица культуры есть фиксация коллективного опыта, который становится достоянием каждого человека. Другими словами, эти два подхода различаются векторами по отношению к носителю языка: когнитивный подход к концепту предполагает направление от индивидуального сознания к культуре, а культурологический подход – направление от культуры к индивидуальному сознанию” – деген баасын бергендигине күбө болобуз [8. 9].

Ал эми кыргыз окумуштууларынан М.Ж. Тагаев, С. Ибрагимов, А.А. Абдулатов, З.К. Дербишова, К.З. Зулпукаров, С.Б. Эргешова, А.А. Калмурзаева ж.б. бул багытта өздөрүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн. К. Зулпукаровдун белгилөөсүндө: “Концепт – менталдык түшүнүк, ал адамдын ой-туюмунда гана жашайт, аны айтууга болбойт” [4. 53-58].

Биздин оюбузча, концепт – көп маанилүү термин. Концепт латын тилинен которгондо “түшүнүк” дегенди билдирет. Ал мазмундуу ойлорду инновациялык идеяда камтыйт. Концепт – продукт – ой-тутумда активдүү жашаган демонстрациялануучу модель. Лингвистикада жана философияда ал мазмунду, түшүнүктү туюнтуучу, белгилөөчү менталдык бирдик катары каралат.

Концепт ар кандай мүнөздө, көлөмдө, түзүлүштө болот, адамдын дүйнө таанымына жараша, дүйнө карашына, билим тажрыйбасына жараша түзүлүшкө ээ болуп, аң-сезимде сакталат. Ал түзүлүштөр аң-сезимде ар кандай элес, сүрөт түрүндө болсо, кай бир учурда элес же сүрөт менен чагылдырууга болбой, кыймыл-аракеттүү, орус окумуштуусу И.А. Федюнин белгилегендей, “окуялуу” татаал түшүнүк түрүндө кабылданат. Мисалы, “баш” түшүнүгүн биздин кабыл алуубузда карап көрөлү: дененин жогорку бөлүгү, бүтүндөй организмди башкарып турат, бардык сигналдарды кабыл алып, анализдеп, кайра иштеп чыгат ж.б. кыймыл-аракеттин окуялуу жүрүшүн жөндөйт.

Түшүнүк – бул сөздөгү улуттук өзгөчөлүккө көз карандысыз түрдө, логикалык негизде ой жүгүртүү жолу менен алынган маани. Концепт – түшүнүккө караганда көп кырдуу, көлөмдүү менталдык бирдик. Түшүнүк концепттин бир түрү катары кызмат кылат. Концептте элдик билим, тажрыйба, көз караш, баалуулук, салт-санаа ж.б. чагылдырылат. Адам баласынын жашоосу канчалык көп кырдуу болгон сайын, ал ошончолук көп маалыматты өз аң-сезиминде концепт түрүндө жаратууга жетишет. Концепт түшүнүктү, ошондой эле ал түшүнүккө таандык болгон деннотативдик, коннонативдик, ассоциативдик байланыштын жыйындысын өз ичине алат. Концепт

өзүнүн ички мазмуну, функционалдык касиети боюнча түшүнүктөн айырмаланат. Бирок экөө тең тилди, аң-сезимди, маданиятты комплекстүү изилдөөнү талап кылуучу идеяга баш ийет.

Концептке төмөнкүдөй белгилерди атоого болот:

1. Концепт – адамзаттын идеалдуу түрдө элестетүүсүнүн сөз түрүндөгү вербалдуу жана вербалдуу эмес чагылышы.
2. Концепт – маалымат билимин иштеп чыгууда, сактоодо жана аны муундан-муунга өткөрүп берүүдө кызмат кылган негизги бирдик.
3. Концепт – кыймылдуу мүнөзгө ээ болгон конкреттүү функцияны активдүү аткаруучу бирдик.
4. Концепт – маданияттын негизги уячасы [11. 66-67].

Концепттин негизги милдети адамдын ой жүгүртүү процессин камсыз кылып, маалыматты эске тутуу функциясынын милдетин аткаргандыктан когнитивдик лингвистикада, негизинен, ой туюмдун бирдиги катары каралат.

Тилде өзгөчө бир кубулуш бар: бир эле сөз бир жагдайда же контекстте башка маанилерди берип калышы кездешет. Бул татаал катышты көрсөтүү үчүн сөздөрдөгү форма-мазмун эки тараптуулук кубулушуна кайрылабыз. Форма-мазмун биримдиги универсалдуу, ал бардык тилдердин бардык сөздөрүндө кездешет. Анткени тилдеги бардык сөздөрдүн формасы жана мазмуну бар. Мазмун менен форма изилдөө максатында гана өз ара ажыратылат. Аларды айырмалоо иликтөөнүн максатына, тилчинин позициясына, колдонгон ыкмаларынын шартына ылайыкташтырылып жүргүзүлөт. Реалдуу чындыкта форма менен мазмун ажырагыс биримдикте жашайт. Мазмун менен форманын өз ара катышы синонимиянын, омонимиянын жана полисемиянын түпкү негизин сыпаттоого өбөлгө түзөт.

Биздин максат – концептосферадагы “баш” концептинин мазмунун жана формасын иликтөөгө алуу. Адамдын, дээрлик, бардык жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене мүчөсү баш деп аталат. Же болбосо дененин үстүнкү бөлүгү баш болот. “Баш” концепти тууралуу да түшүнүктөр түрдүүчө колдонулуп, түрдүүчө кабыл алынат. Бул концептти ***баш, келде***сөздөрү менен туюнтушат. Буларды аныктоочу экспоненттер да ар түрдүү. **Баш** формасына карап ар кандай сүрөттөлөт: *чоң баш* – башы чоң адам (эл ичинде “базган” баш делет), *кичине баш* – башы кичине адам (эл арасында “чүм” баш делет), сүйрү баш – узунунан келген баш, *жалпак* баш – *жалпайынкы келген баш, төрт бурчтук баш, тукум баш, туура баш, катуу баш, сөлпү баш, курук баш, дөң мандай баш, өткүр баш, жар кабак баш* ж.б. [8. 101].

Кээде чачтын абалына, түсүнө карап да айтылат: *ак баш, такыр баш, тармал баш, кара чачтуу баш, суюк чачтуу баш, түйдөк баш, алтын баш* ж.б. [8. 102]. Ал тургай адамдын өзүн алып жүрүүсү, маанайы, турпатына жараша да баш бөлүнөт: *сергек баш, зээндүү баш, оорулуу баш, чарчаңкы баш, тумандалган баш, айланган баш, жарылган баш* (спирттик ичимдиктерди колдонгондон кийинки баштын абалына карата жана бир нерсе тийип жарылып, канаган учурларда айтылат,) [8. 102]. Тилде “баш” сөзүндөгү мазмун менен форманын өз ара катышы полисемиянын түпкү негизин аныктайт. Бул сөз көп маанилүү. Төмөнкү мисалдарда карап көрсөк, анын түрдүү денотаттарды атай алгандыгын көрүүгө болот:

1. Дене мүчө катары:

Эгемкул унчукпай гана баш ийкеп макулдугун берди (сүйлөшүү кептен). *Ал башын муздак карга тыгып, мына азыр кече күнкү түшүндөгүдөй Жараткан атайы жиберген периштелер келет деп күтүп турду... Жыгылып башын жерге ургулап, оозунан көк түтүнү чыгып, көкүрөгүн тытып жатып калды...(С. Раев).*

Мында ***баш*** – органдын аты катары каралат.

2. Кээде “баш” сөзү адамдын же айбандын өзүн атайт:

Жанжалдан жалын чыкпайбы,Жамандык башты жутпайбы(“Эр Табылды”).

Кош башына бир семиз , Жылкыдан тандап сойгула (“Эр Табылды”)
Ат башы менен эр башы, Абалтан кайда калбаган (Ж.Бөкөнбаев).
Бул жерде ***баш*** – индивид, жеке адам. Сөз “адам” маанисинде колдонулган.

3. Бир нерсенин алгачкы чыккан жери, жогорку жагы, башталышы:
Иштин башы жакшы башталды, Мен суу башына барамын,
Жогортон кечүү чаламын (“Эр Табылды”). Азыр эстесем, ошол рельс үстүндө калган баланын орончусунун баш жагында кудум эле ушундай мукабадагы китеп коюлган эле (С.Раев).
Бул мисалдарда **“баш”** сөзү иштин жана суунун башталышын туюнтуп турат.
4. Дан эгиндеринин жогору жагына жайгашкан дан берүүчү бөлүгү:

Кызык деги ушул тулаң чөп! Өз башына өзү ээ эмес, жел жүргөн жакка жыгылат (Ч. Айтматов). Анан калса үлпүлдөгөн жибек чач баштары желсиз тура албагандай (Ч. Айтматов).

Баш – башталыштын аты. Эгиндин даны – өсүүнү, өнүгүүнү жараткан бөлүгү. Ошондуктан жаратылыштагы жандуу нерселер менен бирге жансыз нерселерде да жогорку бөлүк ***баш*** болушу – салыштырмалуу көрүнүш.

5. “Баш” сөзү чоку, төбө, бир нерсенин жогорку, үстүңкү бөлүгү деген да маанини билгизет: *Каныбек бийик асканын башында атасы Сансыздан үйрөнгөн ырын ырдап олтурат (К. Жантошев). Тоо баштарына караңыз, башыңыз айланбайт, – деди (Т. Сыдыкбеков).*

Бул жерде ***баш*** сөзү аркылуу тоо-асканын үстүн, жогорку бөлүгүн атоого колдонушкан.

6. Башкаруучу, башчы, тескөөчү деген мааниде колдонулат:

Элүү башы, жүз башы, Эл баштаган эрлериң, Бирин калбай, баарын кел (“Сейтек*”). Жол башчысы император, береги алтоонун эң улуусу, көз айнекче-ни – мурдагы актер.Бирок ал булардын арасындагы эң эле түнт, оңою менен кеп-сөзгө тар тылган сөзгө сараң айым, анын аты Клеопатра, бу айымдын атын жиндиканын башчысы койгон дешет, а чыныгы атын өзү да эч кимге айткысы келчү эмес. Көбүнесе буердин баш докторунун бөлмөсүнө чакыртып турушат.*

Баш сөзү башкаруучулук жөндөмдү, ал денени башкарган сымал, бир нече башты да башкаруу мүмкүнчүлүктү белгилеп жатат.

7. Болуп жаткан иштин, окуянын ж.б. дал үстү,өзү, жаны:
Ал эмнегедир эле очок башында күймөлөнүп, кармала берди.
Момун өз башын сыйлоо дегенди билбейт (Ч.Айтматов).
Мында ***баш*** сөзү очоктун дал үстүндө, жанында тургандыгы, субөектин өзүн атоодо колдонулат.

8. Бул сөз мыкты, тандамал, башкалардан жогору, биринчи деген мазмунда колдонулат:
Баш байге, баш козу, баш жылкы ж.б.
Ойдо жаткан таш элең, Орокчунун башы элең (Тоголок Молдо) [1;211].
Бул мисалда ***баш*** сөзү “эң алдыңкы, эң кыйын, чыгаан” деген маанини билдирет.

9. Аяр мамиле кылып, аздектей турган органдын аты:

А кокус жамгыр жаап, же өткүн аралаш мөндүр түшсө, кудай бетин көрсөтпө, баш катар жер таппай далбас урат (Ч.Айтматов).

Мында ***баш*** сөзү табият жараткан оор абалдан, жамгыр-мөндүрдөн сактай турган, этият мамиле кыла турган органдын аты катар колдонулган.

10. Макул болуу, макул болбоо, ынанбоо же моюн сунбоо аракетин баш тартуу фразеологизми аркылуу да туюнтууга болот:

Чынгызхан эми биротоло актыкка башын уруп, керээзин так ушул ноёнуна айтты...(С.Раев). Кээде балдары ачык эле андан баш тартышат(сүйлөшүү кебинен.) Афинскаяга да баш бербей талмасы кармап кумга жыгылды (С.Раев). Мында ***баш*** сөзү өзүн-өзү билгендикти, өзү үчүн өзү чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн туюнтуп турат.

Демек, баш сөзү көп маанилүү сөз катары тиешелүү концепттин түрдүү жагдайларда колдоно ала турган экспоненти катары аныкталат.

Ошентип, концептти лингвистикалык концептологиянын негизги категориясы катары аныктоо менен, анын репрезентативдери полисемиялык мүнөздө болорлугун айтууга болот. Анын мазмунун элес, схема, фрейм ж.б. кичи категориялар түзөт. Когнитивдик лингвистиканын алкагында "баш" концептин изилдөө орчундуу проблема. Анын менталдык түзүлүшүн атайын талдоо көркөм чыгармалардын, мифтердин, паремиялардын материалында кийинки аткарылуучу иштерибизде каралышын максат кылабыз.

Адабияттар

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы IV том – Б.: Улуу тоолор, 2014.
2. Горбачевич К.С., Хабло Е.П. Словарь эпитетов русского литературного языка – Ленинград: Наука, 1979.
3. Залевская А.А. Текст и его понимание. – Тверь: Тверь гос.унив-т, 2001.
4. Залевская А.А. Слово. Текст. – М.: Гнозис, 2005.
5. Карасик В.И. Культурные доминанты в языке. – Волгоград-Архангельск, 1996.
6. Кыргыз тилинин сөздүгү. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында, – Бишкек: "AVRASYA PRESS". 2011.
7. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – М.: АСТ Восток-Запад.: 2010.
8. Прохоров Ю.Е. В поисках концепта. – М.: Флинта "Наука". 2009.
9. Раев С. Жанжаза. – Б.: Турар, 2013.
10. Степанов Ю.С. Константы. Словарь русской культуры. – М., 1997.

J.K.Aitibaeva, teacher, OshSU

Fundamental category linguistic conceptology

This article discusses the ideas «concept» and «bash».
***Keywords**: idea, concept, object, subject, form, head, thinking, concept sphere.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Г.Т. Акишова, окутуучу, ОшМУ

Х. Карасаевдин кыргыз тили илиминин өнүгүшүнө кошкон салымы

Бул макалада профессор Х.Карасаевдин кыргыз тили илимине жана анын этимологиясына кошкон салымы жөнүндө баяндалат.

***Ачкыч сөздөр:** кыргыз этимологиясы, сөздүк, идиома, эквивалент, лексикология, лингвистика, орфография, өздөштүрүлгөн сөздөр.*

В статье освещается вклад профессора Х.Карасаева в кыргызское языкознание и этимологию.

***Ключевые слова:** кыргызская этимология, словарь, идиома, эквивалент, лексикология, лингвистика, орфография, взаимственные слова.*

Отметим некоторые языковые особенности вышеприведенных паремий. Табу, связанные с конями и коневодством, имеют предикаты-отрицания. В кыргызских примерах отрицание занимает интерпозицию или постпозицию в морфемной структуре глагола, а в русских – препозицию. В табу мы обнаружили отрицания: *не садись – минбе, не разрезают – кеспейт, не дают – бербейт*. Глагол в русском языке имеет форму 3-го лица мн.числа или форму повелительного наклонения, ед. числа, в кыргызских примерах – форму 3-го лица ед.числа изъявительного наклонения и форму повелительного наклонения ед.числа. Примеры оформляются по общему типу и строятся по модели «если+действие или поведение лошади+результат», где первая часть содержит условное значение, а вторая – результат. Этой русской модели соответствует кыргызская схема «эгер+жылкынын аракети же жүрүм-туруму +натыйжа».

Союз *эгер/если* является факультативным в обоих языках. Примета может выражаться без него. Например, русский язык допускает *(Если) лошади фыркают в дороге – к радостной встрече*, где употребление союза не является обязательным, его можно спокойно вычесть. Точно так же кыргызская фраза *(Эгер) аттар жолдо бышкырышса, сүйүнүчтүү жолугушуу болот,* в которой употребление союза факультативно.

Русские паремии-приметы имеют одну существенную конструктивную особенность. В них первая часть – полное предложение, вторая – неполное эллиптическое

предложение. Вторая часть формулируется только с помощью дополнения с предлогом *к*. Место эллипсиса восполняется знаком тире. Результат по-кыргызки передается полным предложением, поэтому мы имеем соответствия: А)К счастью – *бактылуу болосуң*, к добру – *жакшылык болот,* к везению – *жол болот* и т.д.; Б) К болезни близкого человека – *жакын адамың ооруп калат,* к землетрясению – *жер титиреп, силкинет,* к беде – *кырсык болот*, к тяготам – *оорчулуктар болот,* к невезению – *жол болбойт* и др.*; В)* К теплу – *жылуу болот,* к снегу – *каар жаайт,* к дождю – *жамгыр жаайт,* к ненастью – *жаан-чачын болот* и т.д.

Правда, встречаются случаи, когда результат прогноза передается в двух языках идентичными двусоставными полными предложениями: (у кобылы произойдет выкидыш – *бээ бала салып коет,* лошадь может заболеть – *ат ооруп калышы мумкүн,* лошадь изопреет – *ат тердеп кетет,* она заболеет или даст мало молока – *ал ооруп калат же сүтү тартылып кетет* и др.); односоставными безличными или бессубъектными предложениями (убитым быть – *тирүү калбайт/өлүп калат,* скоро умрет – *жакында өлөт,* не приживется здесь – *бул жерге көнбөйт* и т.д.).

Таким образом, можно сделать выводы, что «лошадиные» табу и приметы – неотъемлемое звено национальной культуры русского и кыргызского народов, составная часть менталитета нации, особый микрожанр со своей уникальной эстетикой, требующей многоаспектного освещения. Они имеют не только когнитивно-лингвокультурное, но и языковое своеобразие,

Литература

1. Даль В.И. Толковый словарь живого великорусского языка в 4-х томах. Том 2. И-О. – М., 1981. – С.155-156.
2. Жапанов А.А. Кыргыз элинин макал-ылакаптары. Кыргызские народные пословицы и поговорки. – Б.: Турар. 2011. I том, –С.296., II том, – С.278.
3. Т.Г.Никитина и др. Большая книга примет. – М., 2010. – С.184.
4. Орозобекова Ж.К. Культ коня в художественном составе эпоса «Манас» [Текст] / Орозобекова Ж.К. : Автореф. дис…. канд.филол. наук. – Б., 1994. – С. 23.
5. Токтобай А.У. Культ коня у казахов [Текст] / Токтобай А.У. Алматы, 2004. – С. 138.

A.K.Bekmuratova, teacher, JASU
shumanalie2013@mail.ru

Horse" taboos and signs as formulas of the ethnic forecast

Article of a posvyaen to the description of sacral properties of some gippologicheskikh of paremias.

Key words: *gippologiya, gippologichesky lexicon, taboo, signs, paremia, paremiyny sayings, ethnic outlook, mentality, ethnic forecast.*

УДК: 398.22

Г.Т. Жамгырчиева, филол.и.к., доцент, ОшМУ

“Манас” эпосунун архаикалык поэтикасы

Макалада кыргыз эпосундагы салттуу архаикалык поэтика каралды.
Ачкыч сөздөр: *архаика, поэтика, көркөм сөз каражаттары, фольклор, эпос.*

В статье рассматривается традиционно-архаическая поэтика кыргызского эпоса.
Ключевые слова: *архаика, поэтика, художественные средства, фольклор, эпос.*

Алмустактан бери карай келе жаткан элдик көркөм туундуларда эстетикалык багытта эволюциялык өсүп-өнүгүү болуп келгендиги белгилүү. Оозеки жашап, массалык

чыгармачылыктын көрүнүшү болгон фольклордо анын ичинде эпос жанрында башаттык деңгээлде архаикалык поэтика сакталып калган. Көп кылымдык өнүгүү процессинде эпостордун поэтикалык деңгээли элдин көркөм табитинин өсүшү менен, улам жаңы табылгалар менен толукталып да жүрүп олтурган.

Адабият жана миф өз ара таасир этип, бири-бирине өтүп турат. Миф адабиятта пайдаланылат. Ошондой эле мифтерди көркөм өнөр, ритуалдар, элдик жөрөлгөлөр, элдик майрамдар, диний мистерияларда (шамандардын ритуалдарында), акыркы кылымдарда мифологиянын илимий концепциясы, эстетикалык жана мифологиялык окууларжана фольклористика аркылуу таанып-билебиз. Адабият менен мифтердин өз ара таасири айрыкча бул экөөнүн ортосунда өткөөл кызмат аткарган фольклордо ачык көрүнөт. Элдик оозеки чыгармачылык аң-сезимдик деңгээлде мифке жакын, бирок көркөм өнөр катары адабиятка ооп турат. Мындай көрүнүш адабият менен мифтин өз ара алакасына чоң таасирин тийгизет [1. 58].

Д.С. Лихачевдун “Байыркы орус адабиятынын поэтикасы” деген эмгегинде орус адабиятынын көөнө мезгилиндеги поэтикалык чагылдыруунун системасын ачуу көңүл чордонунда тутулуп, адабияттын поэтикасы мында бир бүтүндүктө каралары жана андагы адабий жанрлардын мүнөздөмөсү, алардын өз ара таасирлери, көркөм жалпылоолордун поэтикасы, адабий каражаттардын поэтикасы, көркөм мезгил жана мейкиндиктин поэтикасы каралары белгиленет [2]. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында поэтикалык форма менен бир катарда эле мифтик башаттарды алып жүргөн кара сөз түрүндөгү жанрлардын, жөө жомоктордун эпикалык чыгармачылыкта өз орду бар. Адабиятчы А.Акматалиев белгилегендей: “Манастын” мазмунуна сиңирилип чогултулган чексиз маалыматтардан турган казына, байлыкты – эстелик мурасты кыргыздар өздөрүнүн жашоо шартынын өзгөчө мүнөзүнө ылайыктап кайда жүрсө кошо ала жүргөндөй кылып кыштарын убакыт-мезгилге моюбай турган түбөлүктүү жандуу тилден турган сөз берметтеринен курап, таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн көркөм элестер менен кооздоп, эсте оңой сакталууну камсыз кылуу үчүн ыргакка ээ, уйкаштык менен камсыз кылынган ыр түрүнө келтирип жыйнагандыктан ал байлык кан салыгы түрүндөгү кыймылсыз жата берүүчү өлүү дүйнө болбой, дайыма керекке жарап, пайдасы тийип, улам байып, кеңейип олтуруучу жандуу, активдүү, кыймылдагы кенч болгон” [3, 5]. “Манастын” ыр түзүлүшүндөгү байыркылык ырдын муун өлчөмү, уйкаштыгы, строфалык курулушу ж.б. традициялык формалардан даана байкалат. Буга карап “Манастагы” көркөмдүлүк белгилери байыркы эле калыбында калды дешке болбойт. Турмуш менен коомдун өзгөрүү процессине жараша эпиканын поэтикасы, көркөм ыкмалары өзгөрүүгө дуушар болду.

Эпикалык чыгармалардын көркөм сөз каражаттарынын ичинен троптун жөнөкөй түрлөрү салыштыруу жана эпитет кеңири колдонулаары маалым. Көркөм сөз каражаты катары бөрүнүн аты каармандардын ысымдарынын ордуна колдонулган учурлар эпосто көп кездешет: “баатыр Манас сурасаң, көк жал дөбөт бөрү эле”, “Кырааныңа Манас көкжалга”, “Белгилүү көкжал шеримсиң”, “Көсөө куйрук көкбөрү, көкжал эрдин жөкөрү” деген салыштыруу, эпитеттер Манаска, Алмабетке, Чубакка, Сыргакка, Семетейге карата да кеңири колдонулат” [3. 421].

“Манас” эпосунда сүрөттөлгөн көрүнүштүн, нерселердин окшоштугуна карай колдонулуучу метафоралар кездешет. Каармандардын турдүүчө кулк-мүнөзү, маанайы “алгыр бүркүт өңдөнүп”, “караргандан-түнөрүп”, жалындап күйгөн өрт болуп”, “чечекейи чеч болуп, чеч кап менен бир болуп” ж.б. сыяктанган толгон метафоралар аркылуу көрсөтүлөт. Метафоралык сүрөттөмөлөр канчалык жыш жана маанилүүлүүнө карабастан, эпосто гипербола, эпитет, салыштыруу сыяктуу кеңири орун алган эмес [4. 112].

Адабиятчы Л. Үкүбаева өзүнүн эмгегинде эпостун көркөмдүк системасы тууралуу замандын залкар жазуучусу Ч. Айтматовдун баамдоолорун белгилеп кеткен: “Ч. Айтматовдун “Манас” эпосунун поэтикасы тууралуу да айткан жалаң “Манас” изилдөөчүлөр үчүн гана эмес, дегеле окурмандар үчүн эң баалуу пикирлери, эстетикалык

концепциялары бар. Эпостогу ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, максаты бар экендигин баамдап, жазуучу элдин көркөм фантазиясына таң калат жана баа берет” [5. 111].

Эпостун XIX кылымда Ч.Ч. Валиханов аты белгиленбеген манасчыдан жаздырып алган “Көкөтөйдүн ашы” үзүндүсүндө Манас баатыр:

“Кабагы бийик, өңү саз,
Эңгечер бойлуу эр Манас.
Каны бир кара, бети көк,
Боору чаар, сырты көк,
Мына жалы көк ала, сарыгер эле.
Баатыр Манас сурасаң
Көкжал дөбөт бөрү эле”, – деп сыпатталат[6. 13]. Мындагы “каны кара, бети көк”, “жалы көк ала”, “көкжал бөрү” деген сыпаттоолор өтө көөнө болуп адамзаттын алгачкы көркөм ой жүгүртүүсүнөн кабар берет, байыркы баатырлардын колдоочусу көк бөрү болуп, аны тотем катары тутунганы ачык көрүнүп турат. Адам өзүн жаратылыштан обочолонтуп бөлүп карабаган эзелки доордо анын түсү табияттагы башка нерселердин, өсүмдүктөрдүн, асмандын көлдүн түсүнө окшош болушу кадыресе түшүнүк болгондугу сезилет. Дегеле көк түс кыргыздарда ыйыктыктын, бийиктиктин символу болгондугу анын асман ээси Теңирдин атына да кошулуп Көк Теңир деп айтылганынан, туунун түсүнүн да көк болуусунан ж.б. байкоого мүмкүн.

Ушул сыяктуу эле алсак, манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусунда “кара чаар кабылан капталында чамынып, чолок көк жал арстан жара тартчу немедей бөйрөгүндө камынып” сыяктуу туруктуу архаикалык поэтика дайыма колдонулган. Бул таризде окумуштуулар Р.З.Кыдырбаева, М.Борбугуловдордун эпостун көөнө поэтикасы эзелки дүйнөтаанымдын үлгүлөрүн көрсөтүп турары тууралуу пикирлерине толук кошулуу максатка ылайыктуу [7; 25]. Өзгөчө сүрдүү көрсөтүлүп сүрөттөлгөн жаныбарлардан турган колдоочулар логикалык жактан бөлүнүп калбай, Манастын образы менен кошулуп, өзүнчө бир бүтүндүккө айланды. Бул органикалык бүтүндүк Манастын образын күчөтүп сүрөттөө функциясына ээ болду. Эпостун табияты үчүн мындай сыпаттоо салттуу көрүнүш, бул анын табиятына байланыштуу болуп, поэтикасын байытып турат. Манастын портрети бул контекстте эң бир байыркы ыкмалар менен сүрөттөлгөндүгү ачыктан-ачык көрүнүүдө: боору чыбыр, сырты көк, каны кара, бети көк, көк жал дөбөт бөрү эди… Бул жерде байыркы тотем “көк жал дөбөт” деген түшүнүк кийинки көкө теңирчилик деген диний түшүнүк менен бири-бирине сиңишип кетип, кийин эпостун текстинде көркөм каражатка өтүп кеткенин байкоого болот, бирок Ч.Валиханов жазып алган текстте байыркы тотемдин изи даана байкалып турат [7]. Эпостогу мындай маанилик, мазмундук каражаттар анын көркөм формасы менен шайкеш келип, айкалышкан кооз гармонияны түзгөнү тексттен көрүнөт. Ал эми буудандардын, тулпарлардын, канаттуу аттардын эпикалык сыпатталышы эпосто айрыкча көркөм берилген, ат жандуу кыргыз баласы учун жылкынын сынын сүрөттөө өзгөчө табит менен жүзөгө ашырылат. Мезгилдин өтүшү менен эпостордогу мифтик элементтер акырындап солгундап, тулпарларын сыпатталышында да “реалдашуу” орун ала баштайт:

Кабыргасы как кула,
Каса тулпар Аккула.
Өркөчү бийик өр кула,
Өзү айткандан зор кула [8. 142].
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй [9. 14].
Туягы чапкан чарадай,
Жүрөгү жаткан баладай [10. 16], же Аккуланы сыпаттоодо бардык манасчылардагы салттуу орток айтым:

Чаткаягы Чаткалдай,
Жүрүп кетсе чатына
Жүктүү төө баткандай ж.б.

В.М. Жирмунский: “В героическом эпосе с ослаблением архаических элементов сказочной фантастики, первоначальное отождествление коня и птицы обычно рационализируется превращаясь в поэтическое сравнение”, – деп белгилегендей, эпостун ушул сыяктуу саптарында, көркөм троптун жөнөкөй түрлөрү болгон салыштыруу, гиперболаларда, татаал түрлөру болгон метафоралык айтымдарда байыркы дүйнөнүн мифологиялык таанымын чагылдырган архаикалык сюжеттердин кийинки кыскарган көрүнүштөрү улам “жылт” дей түшкөнү байкалат[11. 237].

Манасчылардын уламалуу муундары эне тилибиздеги негизги көөнө туюмдарды билдирген Ай, Күн, Жер, тоо, таш, суу, тал, терек сыяктуу сөздөрдөн салыштыруулар жасашат. Эпитеттер болсо адам, айбанат, тулпарлар, баатырлардын курал-жарактарына карата байыртан келе жаткан туруктуу айтымдар менен салттуу колдонулат. Көркөм сөз каражаттарынан троптун татаал түрү болгон гипербола эпостун поэтикасындагы байыркы башкы каражат болуп саналат. Гиперболалар каармандардын портреттик мүнөздөмөлөрүндө, тулпар, буудан аттарды сыпаттоодо, кейипкерлердин укмуштуу эрдик иш-аракеттерин баяндоодо, табият көрүнүштөрүн сүрөттөөдө кеңири пайдаланылат. Маселен, “жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар”, “бетинен беш байпактык түк чыгып”, “чаткаягы Чаткалдай, жүрүп кетсе чатына, жүктүү төө баткандай”,“муштай-муштай кара таш, таноосуна кирип-чыгып калды дейт”, “чырпыктары чынардай, чымчыктары улардай” ж.б.

Бул жерде белгилеп кете турган нерсе Кыргыз жергесине XIX кылымда үй-бүлөсү менен келип кеткен атактуу сүрөтчү Н. Рерихтин байкоосу боюнча Алтай жергеси менен Ала-Тоодо кырда турган атчан киши алп болуп көрүнүүчү фокустук чагылуу бар экендиги белгиленет. Буга байланыштуу жерибиздин өзүндө да физикалык өзгөчө кубулуш бар го деген ой келет.

Байыркы индиялыктардын эпосторун изилдеген эмгегинде окумуштуу С.А. Невелова эпостогу эпитеттин ролу туурасында алардын туруктуулугу конкреттүү кейипкерге же предметке карата жыш колдонулуусуна байланыштуу, анын семантикалык өзгөчөлүгү өзү билдирген белгинин туруктуу мүнөзүндө болуп эсептелет, ошентип туруктуу эпитет эки аспектиде, колдонулушу жана мазмуну бонча аныкталарын эскертет. [12. 20] . “Манас” эпосунда Манас баатырдын жеке өзүн сыпаттоого байланыштуу отуз эки туруктуу эпитеттин колдонулгандыгы изилдөөчү А. Сыдыков тарабынан белгиленген [13]. Ал эми баатырдын курал-жарактары, “асмандан түшкөн алты курчтун” сыпатталышында архаикалык поэтизациялоо арбын кездешет:

Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кынай мыктуусу.
Манас алган зулпукор,
Ажыбайдын ач албарс,
Бакай алган ач болот,
Чубак алган жойкума,
Алмамбет алган ак албарс,
Сыргак алган нар кескен
Алты болот курч ошол [14. 231].

Мындагы курч куралдардын асмандан түшкөн деп аталыщында да, алардын аталыштарынын тилибизде архаизмге айланып качан эле колдонуудан чыгып кетишинен да байыркылык мүнөзү көрүнүп турат. Бул куралдардын көктөн түшкөн метеориттердин сыныгынан төкөр уста Бөлөкбай жана анын уулдары тарабынан жасалгандыгы тууралуу кызыктуу илимий гипотезаны окумуштуу Р.Сарыпбеков сунуштаган [15. 120-126]. Мындан, албетте, курч куралдардын таш доорунан тарта келе жаткан, айрыкча,

жоокерчилик замандардагы турмуштук зарылчылыгы өзгөчө. Алардын көктөн түшүүсү мейли металл түрүндө болобу, мейли даяр курал түрүндө болобу байыркы адамдын, бул жерде эпос айтуучунун, баатырга татыктуу курал тууралуу мифтик көз карашын чагылдыруусунда деген ойдобуз.

Кыргыз эпосунун алыскы жана жакынкы тектеш, кандаш элдер менен түбүнөн кеде жаткан поэтикалык жалпылыгы, типологиялык окшоштугу алардын салттуу формулалык стилинен өзгөчө ачык байкалат. Маселен, көөнөлүгү менен белгилүү болгон якут (саха) олонхосу «Нүргүн боотурдагы» портреттик, атрибутивдик, мезгил-маалды билдирүүчү жана башка ушул сыяктуу архаикалык туруктуу айтымдар «Манас» эпосундагы ошол эле маанидеги айтымдар менен толук дал келет. Мында Нүргүн баатыр менен Манас баатырдын ар түрдүү психикалык абалдары, аракеттери, алсак, ачуусу келиши, шамдагайлыгы төмөндөгүдөй калыпта дээрлик бирдей сыпатталат. «Манаста»: «Айта-буйта дегиче, ачып көздү жумгуча» [14. 218] десе, «Нүргүн боотурда» болсо «чыпчылыйах бэтэрээ өттүнэ [16. 76] », башкача айтканда, «көз ирмегенге чейин» деп берилет. Ал эми портреттик мүнөздөмөгө токтолсок, Манастын ачуулангандагы туруктуу сүрөттөлүшү: «Сандыргалуу Манастын сакалы саадак кабындай, Муруту Букар шабындай, Каарданып караса, Көзүндөгү ызгаары, Көөрүктүү оттун жалындай» деп берилсе[8. 179], Нүргүндүн ачууланганы «көзү оттонду, тили сырдуу болду, кирпиги тикчийип, чачы сербейди…», – деп айтылат[16. 195]. Мындай байыркы эпоско мүнөздүү ыкмалардын каралып жаткан элдерде бирдей кездешүүсү алардын ата-бабаларындагы бир өзөктү билдирип турат. Канчалаган кылымдар өтсө да аларды эпос айтуучулар салттуу сактап бизге жеткиришти. Троптун татаал түрлөрүнүн бири болгон метафоралык айтымдар да “Манас” эпосунда орун алган. Аларга маселен “көзүнөн жалын шыркырап”, “тула бою ок болуп”, “жолборс жүрөк, таш билек”, “артымда калган туягым” ж.б. келтирүүгө болот. Алсак, Алмамбет баатыр Көкчөдөн таарынып чыгып Манаска келип кошулганда, анын тегин сурагандарга: “Жолдо калган бир жанмын, чылбырын үзгөн тулпармын”, – дейт. Мындагы “чылбырын үзгөн тулпар” деген айтым мекенден айрылуу деген чоң кайгылуу маанини камтып турат. Ушул саптардын өзүндө эле Алмамбеттин оор тагдырына байланышкан чон окуя, мазмун, ностальгия сыйдырылган.

Жыйынтыктап айтканда, “Манас” эпосунун жаралышы, калыптанышы жана өнүгүшү көптөгөн кылымдарды, доорлорду камтыганы тал шсыз, каралып жаткан кыргыз эпосторунун, анын ири алдында “Манас” эпосунун поэтикасы өнүгүүнүн узак жолдорун басып өтүп биздин күндөргө жетип келди. Анын алгачкы мифтик түспөлүндөгү архаикалык белгилер эпостун калыптануу, өнүгүү эволюциясынын кийинки этаптарында өтмө маанидеги көркөм сөз каражаттары менен толукталып жүрүп олтурган, бирок, ошол эле мезгилде эпос өз тулкусундагы көөнө катмарларда баштапкы мифтик дүйнөтаанымдын белгилерин сактап калган. Эпостордогу архаикалык поэтиканын бүтүндүгү, образдуулугу, даанышман тереңдиги азыркы адамды таң калтырат, андагы символдордун табышмактуу тили болуп, аны мифтик ой-жүгүртүү мейкиндигинде чыгармачыл изденген адам пайдалангандыгы бабалардан бизге мурасталган калган кунсуз кымбат элдик оозеки чыгармаларыбыздан, “Манас” баштаган эпосторубуздан көрүнөт. Негизинен биз карап жаткан архаикалык эпостордун тили жалпы элдик тилден түзүлгөн, азыркы күнүмдүк колдонулуучу тилге да, диалектилерге да, жазма адабий тилге да окшобогон эпостордун өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Бул өзгөчөлүк аталган эпостордун элдин улут болуп калыптанганга чейинки алгачкы уруулук доордо калыптануусуна байланыштуу деген пикирдебиз. Андагы эпос айтуучулар тарабынан калыпка түшүрүлгөн даяр айтымдардын арбын учурашы эпостордун көп кылымдык көркөм сөз өнөрканасында электен өткөндүгүнөн кабар берип турат. “Манас” эпосунун архаикалык поэтикасындагы көркөм сөз каражаттары, стилистикалык каражаттар эпостун тутумунда арбын кездешет жана эпостун көркөмдүгүн арттырууда өз салымын кошуп турат. Эпостун поэтикасы анын узак доорлордо мифтен башат алып классикалык

эпопеянын деңгээлине чейинки өнүгүүсүндөгү көркөм формасы спецификалуу салттуулукта калыптанган, андагы архаикалуу бедгилер туруктуу сакталып калган.

Адабияттар

1. Ибраимов К.Б. Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы Адам – Табият концепциясы. – Ф.; Илим, 1991.
2. Лихачев Д.С. Поэтикадревнерусской литературы. – Л., 1971.
3. Акматалиев А.А. Тандалган чыгармалаынын жыйнагы, т.2. – Б.:Шам, 1998.
4. Жайнакова А. “Сейтек” – “Манас” трилогиясынын корутунду бөлүгү. – Ф.: Илим, 1984.
5. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. – Б.: Турар, 2012.
6. Манас. Көкөтөйдүн ашы. Тыныбек. “Семетей баатырдан” бир бөлүм. Эпос. (түзгөн Р. Сарыпбеков). – Б.: “Ала-Тоо” басмасы, 1994.
7. Кыдырбаева Р.З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр. – Б.: Бийиктик, 2009.
8. Манас. Эпос. С. Орозбак уулунун варианты: IIIкитеп. – Ф.: Кыргызстан, 1981.
9. Манас. М. Акбаевдин айтуусунда. КРУИАнын кол жаз. фонду, инв.№387 – 176.
10. Манас.Ч. Садыковдун айтуусунда.КРУИАнын кол жаз. фонду, инв.№380 – 169.
11. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. – Л.:Наука, 1974.
12. Невелова С.А . Вопросы поэтики древнеиндийского эпоса – М.: Наука, 1979.
13. Сыдыков А. Героические мотивы в эпосе “Манас”. – Ф.: 1982.
14. Манас. Эпос. С. Каралаевдин варианты, II китеп. – Ф.: Кыргызстан 1989.
15. Сарыпбеков Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. – Ф.: Илим, 1987.
16. Нюргун Боотур Стремительный. – Якутск, 1947.

G.T. Zhamgyrchieva, docent, OshSU
gulina65@inbox.ru

The poetic poetry of the epos “Manas”

The article touches upon the poetic poetry of the epos “Manas”
Key words: *archaic, poetic, artistic facilities, folklore, epos.*

УДК: 398.22

Г.Т. Жамгырчиева, филол.и.к., доцент, ОшМУ

Кыргыз эпосторундагы эненин архаикалык образынын берилиши

Макалада кыргыз эпосторундагы эненин архаикалык образы дүйнөлүк фольклордун материалдарынын планында салыштырмалуу каралды.
Ачкыч сөзөр: *архаика, эне культу, дүйнөлүк фольклор, эпос.*

В статье рассматривается архаический образ матери в кыпгызском эпосе в сравнительном плане с материалами мирового фольклора.
Ключевые слова: *архаика, мировой фольклор, образ матери, эпос.*

Кыргыз эпосторунда эненин культтук образы байыркы доорлордо эле калыптангандыгы белгилүү. Элге кереги тийүүчү баатырдын жарык дүйнөгө келишинде, өсүп-жетилишинде, аны ар кандай кырсыктардан коргоп калууда энесинин орду

теңдешсиз. Кыргыз фольклорунда эне-кудай Умай эненин образы теткеш түрк-моңгол элдеранини элдик оозеки чыгармаларындагыдай эле жаш балдарды колдоочу эне сыпатында учурайт.

“Манас” эпосунда баатыр баланы энеси Чыйырды төрөп жаткандагы Умай эненин жардам берүүсү, анын кош бойлуу аялдардын, жаш балдардын колдоочусу экендиги жөнүндөгү аңыз да эпосто өз ордун тапкан:

Толготконмындай ким болгон,
Тарткандардынбаарысы
Талыкшып колу тимболгон.
Умайэнебериште
Урду келипбаланы,
Урганыначыдабай
Үжүттүкөздөйбарганы [1. 47].

«Манас» эпосунун өтө байыркы катмарларын өзүндө сактап калгандыгы менен айырмаланган түштүк варианттарында баатыр болуучу баланын энесинин курсагында сүйлөшү да орун алган. Ташов Акундун жана Акбаев Матисактын варианттарында Манас энесинин курсагында жатып сүйлөйт:

Өлөңдүү жерге туубагын
Өлөңсүз эрлер болбоюн.
Коктулуу жерге туубагын,
Кожоңсуз эрлер болбоюн.
Жылга ылдый жылдыргын,
Жылуу шамал жүргүзгүн.
Табылгы кармап туба көр,
Табылгыдай нурлуу эрлер болоюн.
Ыргай кармап туба көр,
Ыргайдай катык эрлер болоюн.
Жер түбүндө жекенде,
Жекенде кармап туба көр.
Чапса кылыч, ок өтпөс,
Катык эрлер болоюн! [2. 12].

Ушул эле мотив фольклорист В.Я. Пропптун Африка урууларынын жомокторун изилдөөсүндө да кездешкендиги кызыктуу көрүнүш:Случилось женщина забеременала. Случилось, однажды, заговорил ребенок в утробе. Сказал он: «Скорей рожай меня, скот моего отца уничтожают люди...» ребенок вышел из утробы, выйдя он встал. Сказала его мать: «Поди,сюда, дай я перережу (пуповину)». Сказал ребенок: Нет, не надо, не перерезай у меня, я сам взрослый – муж совета» [3. 239].

Биринчикелтирилгенмисалдагы Манастынтөрөлөөлекжатыпэнесинекайрылыпкурса ктансүйлөшүанынкайсыжердетуулуп, кандайадамболупчыгарынанкабатырлануусумаанисиндеболсо, экинчимисалдагыбаланынкурсактансүйлөшүатасынынмалынынбөлүнүпжаткандыгынанка батырлануу, аннысактапкалуугашашылуумаанисиндеболуп, баланынадаттантыш тез өсүүсүмененбиргеберилипжатат. Көрүнүптургандайбаланынкурсактансүйлөшүдүйнөлүкфольклордокездешүүчү, эзелкиэлдиктүшүнүктөргөнегизделгенмотивдерденболупсаналууменен, болочокбаатырдынкелечектегиаткаруучуфункциясынан, төрөлүшмаксатынан, тагдырынанкабарбериптурат.

Архаикалык-мифологиялыккыргызэпосторундагысюжеттикбашталышындаборбордуккаармандынукмуштуутөрөлүшүбашкыролдуойнойт. Каармандын укмуштуу төрөлүшү сыйкырдуу жомоктордун, уламыштардын айрым типтерине мүнөздүү. Каарман энесинин сыйкырдуу

алманы жегендигинен, сууну ичкендигинен ж.б. себептерден төрөлөт. Бул мотив эң байыркы тотемисттик ишенимдер жана партеногенез жөнүндөгү элестөөлөргө (түшүнүктөргө) байланышкан [4]. Ошолэлеучурдаата-энесининбири пери же нурболгондугубелгиленет.

“Манас” эпосунун түштүк варианттарынын ичинен Акбаев Матисакта Манас менен Калдыргач атүгүл эгиз болуп, бир мезгилде төрөлөт. Жусуп Мамайда бул башкачараак планда берилет. Чыйырды мында биринчи Калдыргач аттуу кыз төрөйт, экинчи жолу кош бойлуу болуп Манас төрөлөт. Баатырдын кыз бир туугандуу болушу «Манастан» башка да кыргыздын кенже эпосторунда кездешет, «Эр Табылдыдагы» башкы каармандын карындашынын аты да Карлыгач, ал агасынын сырдаш-муңдашы, жакын жардамчысы, жан күйөр адамы болуп берилет. Казак элинин «Алпамыс» эпосундагы Алпамыс карындашы Карлыгаш менен эгиз төрөлөт, анын баатыр катары калыптанышында Карлыгаш маанилүү роль ойнойт. Якут олонхолорундагы башкы каармандын, «жердеги биринчи адамдын» да кыз бир тууганы болушу, анын баатырдын колукту издеп үйлөнүүсүндөгү, душман менен күрөштө жеңишке жетишүүсүндөгү же уурдалып кетип, аны издөө менен башкы баатырдын ар түрдүү окуяларга туш болушундагы ролун эске салсак, ошондой эле бурят улигерлеринде, шор, алтай эпосторунда да бул сюжеттик элементтин өтө туруктуу жолугушу менен салыштырып көрсөк «Манас» эпосунун түштүк варианттарынын жана Жусуп Мамайдын вариантынын каралып жаткан фольклордук архаикалык катмарды сактап калгандыгын далилдеп турат.

Мындан мурунку айтылган ойлордо да көрүнүп тургандай, өзүнүн көп кылымдык өмүрүнө жараша баатырдык-архаикалык да, тарыхый эпикалык да сапаттарды өзүндө ала жүргөн “Манас” эпосу баатырын өлүп кайра тирилиши деген байыркы сюжеттик мотивден куру эмес. Анын түштүк варианттарында Манас баатыр үч жолу өлүп тирилет. Баатырдын төрөлүшү, ага ат коюу, баатырдык үйлөнүү, үч жолу өлүп кайра тирилүүсү – булардын баары эпостун түштүк варианттарын башка элдердин эпикалык мурастарында кеңири кездешкен мотивдер менен жакындаштырып турат.Айтуучу Султанов Бөрүбайдын вариантында Манас “көзүндө көөрү, тилинде мөөрү бар” аял Накылайдын тилин албай, натыйжада анын каргышы боюнча Дөштүктүн (Төштүк – Ж.Г.) огунан өлөт, Манасты энеси Куурсун Таластагы Ак-Мазарга алып барып тирилтет. Бул якут олонхолорундагы баатыр душмандан мерт тапканда анын сөөгүн энеси жыйнап, темир бешикке салып терметип жатып кайра тирилтип алган мотивге өтө үндөшөт. Ал эми Досу Ташматовдун вариантында Манас жогоруда эскертилгендей үч жолу өлүп кайра тирилет, биринчисинде Көкчөдөн өлөт, экинчисинде Ороздун баласы Токтобай мергенчи атып өлтүрөт, үчүнчүсүндө болсо Кара дөөдөн өлөт. Бирок ар бир жолу кайрадан тирилет. Баатырды энесинин тирилтиши якут олонхолорундагы эненин душман тарабынан мерт тапкан баласын тирилтүүсүнө окшош. Якут олонхосунда эне баатырдын сөөгүн терип чогултуп темир бешикке салып, бешик ырын ырдап терметип олтуруп тирилтип алат. Ал эми “Семетей” бөлүмүндөгү кайып болуп кетип эсин жоготкон Семетейди элге кайтарууда, эсине келтирүүдө энеси Каныкейдин ак сүтү даба болгондугу айтылат.

Эпикалык поэзияда каармандын төрөлүшү кыргыз элинде жана башка түрк-монгол элдеринде окшош мотивдерде берилет. Фольклорист Р.З. Кыдырбаева белгилегендей: “Эпостун оозеки жашоосу анын вариативдүүлүгүн аныктайт, андагы байыркы катмарлануулар мифологиялык башаттарга барып такалат. Кыргыз эпосунун калыптануусунун алгачкы этабы табуисттик дүйнө кабылдоо менен тыгыз байланышта. Сыйкырдуу касиеттер ыйгарылган буюмдарга табынуу – жаныбарлардын сөөгүнө, асманга, отко, ак түскө, айрым алганда ак сүткө, - фетишизмдин ачык көрүнүшү” [5,73]. Эпостордо адамзаттык энелерден тышкарызооморфтук эненин образдары да кездешет. Маселен, “Кожожаш” эпосундагы кайберендердин энеси Суречки өз тукумунун сакталышына, аманчылыкта болушуна кам көрөт. Ал эми өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алатурган болсок, “Манастагы” Байтерек, “Эр Төштүктөгү” Чуктерек образ эне дарактын

кейипкери катары чыгат. Алар кадимки эне сыяктуу боорунда, бутактарында түрдүү жан-жаныбарларды түнөтүп, уя салдырып багат. Мындай ыйык дарактын образы алтай, хакас, якут ж.б. элдердин эпосторунда бирдей учурайт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эпосундагы эненин культтук образы эне кудай Умайдан тартып адам кейипкерлерге чейинки, атап айтканда, Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк энелер сыяктуу типтүү образдардын деңгээлинде салттуу калыптанган десек болот.

Адабияттар

1. Манас. С. Орозбак уулунун варианты. I китеп. – Ф.: Кызгызстан, 1978.
2. Манас. М. Акбаевдин айтуусунда.. Инв. №387. – С. 176.
3. Пропп В.Я. Поэтика фольклора. – М., 1978.
4. Ибраимов К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө. – Ф., 1992.
5. Кыдырбаева Р.З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр. – Б.: Бийиктик, 2009.

G.T. Zhamgyrchieva, docent, OshSU
gulina65@inbox.ru

Mothers archaic character in the Kyrgyz epos “Manas”

The article touches upon Mothers archaic character in the Kyrgyz epos“Manas”.
Key words:*archaic, world, folklore, image of mother, epos.*

УДК: 415.411:43:482:494.3

Жээнбекова Г.Т., доцент, ОшГУ

Роль суффиксов с уменьшительно-ласкательным значением в кыргызском речевом этикете

Бул макала кыргыз тилиндеги сөз этикетинде суффикстер менен колдонулган сөздөрдүн эмоционалдык жана психологиялык түшүнүктөрүнүнактуалдуулугу жана өзгөчөлүктөрү айырмаланып эффективдүү мисалдар менен берилген.

Ачкыч сөздөр: *эркелеткенди жана урматтаганды көрсөтүүчү суффикстер, эмоционалдык жана психологиялык өздөштүрүү, тилдин экспрессивдүү элементтери, тилдин эмоционалдык функциясы, улуттук сүйлөшүү этикети, кыргызча эмоционалдык колдонуучу сөздөр, евфемизм.*

В данной статье анализированы слова с уменьшительно-ласкательными суффиксами, эмоционально-окрашенными выражениями в кыргызском речевом этикете. Особенности речевого эффекта, их выразительное представление и эмоционально-психологическое восприятие.

Ключевые слова: *уменьшительно-ласкательные суффиксы, эмоционально-психологическое восприятие, национальный речевой этикет, эмоциональная функция языка, экспрессивные элементы языка, эмоциональная лексика кыргызского языка, эвфемизм.*

Еще в начале XIX в. В. Гумбольдт отметил, что язык как деятельность человека пронизан чувствами. В настоящее время лингвистика вновь обратилась к учению, призывающему изучать язык в тесной связи с человеком. При таком подходе к языку явления, служащие выражению и вызыванию личностно обусловленных реакций и отношений, а также речевые эффекты, создаваемые с этой целью, приобретают особую актуальность. Проблема речевого этикета в языкознании имеет непосредственное

отношение к таким антропометрическим явлениям как чувства-переживания, образно-ассоциативное воображение, эмоционально-психическое восприятие. Задачей данной статьи является выявление и классификация наиболее употребляемых уменьшительно-ласкательных и хвалебных суффиксов в речевом этикете. В своей классификации С. Влахов и С. Флорин выделяют еще одну группу обращений, которую они называют эмоционально – окрашенные обращения. В эту группу они включают уменьшительные и увеличительные формы существительных нарицательных в одном языке. В качестве примера приводятся русские существительные бабушка, бабуся, бабусенька, бабуля, бабуленька, баба, бабка, которые используются для обращения. Как отмечают авторы, эти слова особенно трудны для передачи с одного языка на другой «из-за тонкости нюансировки, которую не всегда можно уловить и, кроме того, бедности, а в иной раз соответствующих средств выражения в языке перевода» [1, 311].

Считается, что без основных навыков этикета не может быть культуры поведения человека. Поэтому умение владеть этикетом имеет первостепенное значение, и осваивать его нужно в живом непрерывном общении, совершаемом вокруг нас и с нашим участием. Для человека очень важна эмоциональная функция языка, так как она помогает ему выразить свои чувства, внутренний мир, свои ощущения, впечатления и т.п.» Эмоционально-экспрессивные элементы языка передают эмоциональное состояние говорящего или его отношение к предмету речи (собственно экспрессивные средства языка), либо характеризуют самого говорящего с языковой точки зрения», – пишет Н.А. Ипполитова [2,87].

Отличительной особенностью кыргызского языка является его своеобразная лексика. Кроме того, в кыргызском языке употребляются эвфемизмы, что тождественно речевому этикету. Эвфемизм (греч. eu – хорошо, phemi – говорю) – слово или выражение, употребляемое взамен другого, которое по каким-либо причинам неудобно или нежелательно произносить по причине его грубости, оскорбительности, невежливости и т.д. Например, «оор бойлуу» – ждет ребенка вместо «жуктуу» – беременна.

Кыргызский язык богат эмоционально и экспрессивно окрашенными словами. Они очень выразительны и выражают определенное оценочное значение. Эти слова придают различные уменьшительно-ласкательные или увеличительно-уничижительные значения. Живая реальная обстановка определяет наш выбор слов-обращений.

Эмоциональная окраска слов «айтып коюңузчу» – скажите, пожалуйста, «айта аласызбы» – не скажете ли вы, «сураныч» или «райым этиниз» – будьте любезны – ясна каждому из нас. В нашем языке имеются много слов-обращений, которые часто мы употребляем при общении и беседе на улице, в общественных местах, и круг этих слов-обращений очень широк. Народной речью передаются через них чувства ласки, душевности, подчеркнутой вежливости, доброжелательности, добросердечия. С помощью словесных формул этикета мы выражаем свое отношение при встрече или расставании, когда кого-либо благодарим или приносим свои извинения в различных жизненных ситуациях. «Жакшы сөз – дилдин рахаты» («Слова, что хороши – услада для души») – гласит народная мудрость.

Эмоциональная лексика кыргызского языка, связанная с речевым этикетом, весьма разнообразна в семантическом и структурном плане. Выявление языковой природы эмоциональных единиц, установление и описание общих и отличительных признаков эмотивных и экспрессивных слов имеют немаловажное практическое значение.

Форма вежливого обращения является частью речевого этикета. Общественная значимость подобных обращений общеизвестна. Поэтому мы уделяем особое внимание форме вежливого обращения. Она говорит не только о культуре поведения, но и о воспитании языкового сознания. Как дорого любому из нас, независимо от возраста и положения, простое пожелание, доброе слово. Как важна улыбка вдобавок к обычному «амансызбы! эсенсизби!». Мы ежедневно пользуемся словами «саламатсызбы»

(здравствуйте), «рахмат» (спасибо), «арзыбайт» (пожалуйста), «кечиресиз» (извините), чтобы делать общение вежливым и доброжелательным.

Для нас должно быть важным, чтобы мы имели привычку вежливо, учтиво здороваться, добавлять к обычным словам такие необходимые слова: «сураныч», «кош келиниз», «рахмат», «райым этиниз», «садаган кетейин», «айланайын» и другие, которые звучат всегда ласково, тепло, и на душе станет радостно, весело; чтобы каждый из нас возвел подобную элементарную доброжелательность в норму ежедневного поведения. Ведь когда на душе радостно, празднично, то любая самая трудная работа не в тягость.

У каждого народа формулы обращения имеют свои специфические особенности. Англичане употребляют слова: мистер, сэр, мастер, мисс, миссис; французы – мсье, мосье, мадам, мадемуазель; чехи – пан, пани; немцы – герр, фрау, фрейлейн. А имя и отчество человека в русском языке употребляются как форма вежливого обращения. В современном кыргызском языке форма вежливого обращения сложна и разнообразна. Формулы обращения связаны с характером отношений между людьми, определением взаимного положения говорящих – полового, возрастного, социального.

Одна из форм вежливого обращения связана с термином родства. Неповторимые особенности родственных названий обусловлены не только специфическим отличием лексики кыргызского языка, но особенностью традиции народа, основанной на почитании старших по возрасту людей.

Термины родства	Форма вежливого обращения
баба (прадед)	бабай
чон ата (дедушка)	атаке
чон эне (бабушка)	энеке
ата (отец)	атаке
эне (мать)	апаке
ага (брат)	байке
эже (сестра)	эжеке
ини (младший брат)	иним, иничек
келин (сноха)	келинчек
жене (сноха)	жеңеке
синди(сестра)	синдим
қарындаш (сестра)	карындашым
бала (ребенок)	балам, балакай
кыз (дочь)	кызым, кызыке
уул (сын)	уулум

Традиционные вежливые обращения старших по возрасту к младшим тоже часто строились на ласковом указании возраста и потенциального родства. Употребляются в частности следующие номинации родства с суффиксами -м, (-ым, -им), -ум, -чек, -кай: синди – синди+м – форма вежливого обращения женщины к девушке или женщине; ини – ини+м или ини+чек – форма вежливого обращения к младшему брату; бала – бала+м – дитя мое, бала+кай – малыш – к маленькому ребенку; карындаш или карындаш+ым – форма вежливого обращения мужчины к девушке, младшей по возрасту; кыз – кызым – дочь моя (доченька), уулум, атын ким? – сынок, как тебя зовут?

Слова «балам», «айланайын», «чырагым» тоже являются формой такого же обращения. Суффикс – чек, присоединяясь только к двум словам, также придает им вежливо-ласкательный оттенок: ини+чек; келин – жена младшего брата; келин+чек – форма вежливого обращения.

Своеобразием также является и то, что к знакомым и близким обращаются по имени с родовым термином: Канат ага, Айгул эже, Нурлан иничек, Райхан апа, Жамиля эже и т. д.

В речи взрослых людей встречаются и другие формы вежливого обращения, кроме терминов родства. Взрослые люди в быту, обращаясь не только к старшим, но и иногда к своим сверстникам и молодым по возрасту, пользуются еще другой формой вежливого обращения. Она образуется прибавлением к первому слогу аффикса -ке (-ыке): Абыл – Абыке, Сара – Саке, Бакыт – Баке, Есен – Есеке, Абдулла – Абыке, Майдан – Маке. Сайдулла – Саке.

В древности слово «аксакал» означало предводителя рода, самого авторитетного человека. Испокон веков у кыргызов это слово символизировало мудрость. В современном языке слово «аксакал» многозначно. Оно означает не только мужчину преклонного возраста, умудренного большим жизненным опытом. «Аксакал» – еще форма вежливого обращения к пожилым мужчинам, а также к руководящему человеку мужского пола. «Бийкеч» – форма вежливого обращения к девушке; «бийке» – форма вежливого обращения к молодой женщине. «Байбиче» – форма вежливого обращения мужчин пожилого возраста к пожилой женщине.

Старшие по возрасту при обращении к младшим употребляют следующие формы ласкательно-вежливых обращений: «чырак», «бала», которые чаще в притяжательной форме: чыраг-ым, бала-м. Но наиболее часто употребительной формой ласкательного обращения является слово «айланайын». Это часто употребительная форма вежливого, почтительного, учтивого, ласкового, нежного обращения старшего по возрасту к младшим. Вот некоторые примеры в употреблении слова «айланайын»: «рахмат, айланайын» – вежливая, ласковая, учтивая форма благодарности, «отурагой, айланайын» – вежливое, учтивое приглашение сесть, «саат канча болду, айланайын?» – учтивое обращение с вопросом о времени, «алыпбере салчы, айланайын» – подай, пожалуйста – вежливая просьба, «макул, айланайын» – вежливая выражение согласия, «кечир, айланайын» – вежливое извинение, «козунон айланайын» – ах, моя ненаглядная (мой родненький), «атын ким, айланайын?» – в ласковой форме спрашивают как его зовут, «сак бол, айланайын» – ласковая форма прощания, «койчу, айналайын» – перестаньте, (да ну) пожалуйста, «керек емес, айланайын» – пожалуйста, не надо – вежливое выражение изумления, недовольства.

Ласковое обращение «садаган кетейин» идентично слову «айланайын». Но оно чаще употребляется, когда благодарят, просят, умоляют: «рахмат, садаган кетейин», «садаган кетейин, жардам берип койчу» – помоги, пожалуйста (родненький).

Следующие обращения в отличии от русского в английском языке как и в кыргызском языке употребляются только по отношению к родственникам:

Бабушка! Чон эне! Эне!	Grandmother, gramdma!
Дедушка! Чон ата! Ата!	Grandfather, grandpa!

Обращение (в русском, английском и кыргызском языках) пожилых людей к незнакомым молодым людям (просторечные, ласковые):[3,7]

Дочка! Кызым!	Dear! Dearie! Luv (love)!Ducky Miss!
Сынок! Балам!	Son! Sonny! Boy!

Форма вежливого обращения к публике: «калайык» – народ, публика (от слова калк – народ): урматтуу калайык – форма вежливого обращения к собравшимся, большой группе людей; урматтуу коноктор (меймандар) – уважаемые гости; аярлуу азаматтар – дорогие граждане; кадырлуу кесиптештер – уважаемые коллеги. Жолдоштор – товарищи, кымбаттуу досторубуз – дорогие наши друзья, жигитим – молодой человек. Некоторые термины родства тоже употребляются как форма вежливого обращения к публике: агайын туугандар – родственники; сородич, родня; кайынжурт – родственники по мужу или жене.

Эти обращения чаще употребляются в сочетании со словами кымбаттуу или урматтуу: урматтуу агайын туугандар, урматтуу кайынжурт. Для выражения международной вежливости в дипломатических документах используется так называемая этикетная, комплиментарная лексика: таксыр, мертебелуу (ваше превосходительство), мырза (господин).

Обращение женщины к родственникам мужа характеризовалось тем, что ей нельзя было вслух произносить их имена: оно табуировалось (тергөө). Вместо имени говорили ырчы бала (парень-певец), арабакеч ата (дедушка-извозчик), жакшы ага (хороший старший брат), еркем (голубка моя) и т. д. В настоящее время все большее распространение получает обращение в форме Назира айым, Бактыгуль айым, Урмат мырза, Асан мырза, Гулсун бийкеч (барышня), Асият биби(барыня).

Кыргызы выработали целую систему обращений к близким людям, отличающихся доброжелательностью, эмоциональностью: жаным (душа моя), боорум (брат мой), кымбатым (дорогой мой), алтыным (золотце мое), көгүчкөнүм (голубка моя). Форма ласкательных обращений в кыргызском языке неотделима от вежливых обращений, а также многообразна. Эти формы дополняют друг друга. Традиционные народные обращения строились всегда на ласковом указании потенциального родственника, а также согласно возрасту.

Одна из форм ласкательного обращения в кыргызском языке образуется присоединением к основе слов со значением родственных отношений аффиксов -еке, -тай. При этом она чаще употребляется в притяжательной форме: ата – отец (атаке, атакем, атакебай, атакебайым – мой дорогой отец) – ласкательного обращения к отцу или дедушке. Это слово имеет несколько синонимических рядов.

атаке-атакебай –атакем-атакебайым

Примечательно, что каждая из этих слов форм имеет свои неповторимые оттенки. Такая форма образуется также и от других номинаций родства.

Термины родства Форма ласкательных обращений с (-тай -еке+м -бай+ым)

Ата – атам, атакебайым, атаке, атакем

Эже – эжетай, эжетайым, эжекем, эжеке

Аке – акетай, акетайым,акем

Эне – энекем, энекебай, энеке

Апа – апатайым,апам, апаке, апакебай

Келин – келинтай, келинтайым, келинчек, келинчегим

Жезде – жездетай, жездекем, жездеке

Балдыз – балдызым, балдызжан, балдыке

Литература: Такую форму ласкательных обращений, как жаным (душа моя), жарыгым (светик мой), көгүчкөнүм (голубушка) можно толковать по-русски тем или иным способом. В кыргызском языке бытуют также некоторые специфические формы ласкательных обращений к младшим по возрасту. Взрослые в семье по отношению к своим детям и другим близким, более молодым родственникам, употребляют ласкательную форму, связанную с названиями детенышей некоторых домашних животных, птиц, а также других названий. При этом к этим словом прибавляется аффикс -м, (-им, -ум, -м); козу+м, бото+м, ботогөз+үм, кулун+ум, балапан+ым, күн+үм, ай+ым, карегим, чырак (чырагым), жарыгым, жаркыным, бопом, бопожаным, бопотайым, наристем, жаным.

А в русской традиции нечасто обращаются к близким по возрасту родственникам, именами собственными с уменьшительно-ласкательными суффиксами. Как-то: братик, сестренка, братишка, сестричка и т.д. Такие формы, как правило, употребляются в косвенной речи. В разговорной речи используются уменьшительно – ласкательные суффиксы с именами собственными: Кирюшка, Машенька, Пашенька. В отличии, например, от обращений к старшим родственникам. Здесь все наоборот. Такие слова как

мамочка, дедуля, сынок, употребляются, как правило, в прямой речи, а не в косвенной. Обращение по именам не принято к старшим по возрасту родственникам. Существует несколько точек зрения о том, стоит ли переводить или же транскрибировать просторечия, диалекты, жаргоны и ломаную речь. Например, А.В. Федоров отмечает, что «...Непереводимые особенности действительно есть. Это не специфические для одного языка элементы, которым нет прямого формального соответствия в другом и которые, тем не менее, могут быть переданы, компенсированы, с помощью определенных грамматических или лексических средств, способных воспроизвести их роль в системе контекста. Действительно, непереводимыми являются лишь те отдельные элементы языка подлинника, которые представляют отклонения от общей нормы языка, ощутимые по отношению именно к этому языку, т.е. в основном диалектизмы и те слова социальных жаргонов, которые имеют ярко выраженную окраску» [4, с. 123]. Я.И. Рецкер считает, что к нарушениям литературной нормы следует относить просторечия, диалекты и жаргоны. [5, с.92]. С.П. Флорин и С.И Влахов полагают, что действительно, диалект, просторечия, жаргон подчиняются своим нормам; с другой стороны, определенная последовательность, если не норма, обнаруживается в ломаной речи иностранца и детском языке, и в других явлениях. Поэтому если исходить из понятия о нормах литературного языка, то наиболее удобным можно все же считать термин «отклонения от литературной нормы, объединяющий все случаи искажения литературного языка и речи...» Замечания Я.И. Рецкера об отличии между «периферийными словами языка» и «намеренным и ненамеренным коверканием разговорной речи»... наводит на мысль о двух типах отклонений, которые условно назвали коллективными и индивидуальными» [5, с.209].

Практически любое слово оценочно». Вся оценочная лексика в самом общем виде подразделяется на эмоционально-оценочную, в которой оценочный компонент отражает эмоциональные и родственные им характеристики, внутренне присущие человеку как индивидууму биологическому, социальному, и зафиксированные в его сознании на основе деятельного опыта и идеологически оценочную лексику, оценочный компонент которой отражает идеологическое, мировоззренческое, морально-нравственные, социальные, культурные и т.п. отношения между людьми (индивидуумами, групповыми коллективами) и количественно значительными общностями» – утверждает А.Л. Голованевский [6, 79-80].

Литература

1. Влахов С.И, Флорин С.П. Непереводимое в переводе. – М.: Высшая школа, 1986. –С. 416.
2. Ипполитова Н.А. Русский язык и культура речи в вопросах и ответах.Учебник для вузов. – М.:Проспект,2006. – С. 344.
3. Н.И. Формановской и С.В. Шевцова "Речевой этикет. Русско-английские соответствия: Справочник". – М.: Высш. шк., 1990. – С.7.
4. Федоров А.В. Основы общей теории перевода. Изд. 4-е, переработанное и дополненное. – М.: Высшая школа, 1983. – С. 303.
5. Рецкер Я.И. Теория перевода и переводческая практика: Очерки лингвистической теории перевода. – М.: Международные отношения, 1974. – С. 216.
6. Голованевский А.Л. Оценочность и ее отражение в политическом и лексикографическом дискурсах (на материале русского языка).// Филологические науки. 2002, №3. – С. 79-80.

G.T. Zheenbekova., docent,OshSU
g_jeenbekova@mail.ru

Word analysis with diminutive suffixes in Kyrgyz speech etiquette

The given article analyses the words with diminutive suffixes of emotionally colored expressions in Kyrgyz speech etiquette. The peculiarity of speech effects and their vividly-associative imagination and emotionally-psychological perception.

Key words: *diminutive suffixes, emotionally-psychological perception, national speech etiquette, emotional function of the language, language expressive elements, Kyrgyz emotional lexis, euphemism.*

УДК: 2:412.8=482

Ибрагимова Р.Н., преподаватель, ОшГУ,
Жалалова Д.Т., преподаватель, ОшГЮИ

Функционирование послелогов в составе синтетических единиц языка

Кызматчы сөздөргө көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн изилдөөлөрүндө кайрылышкан. Бирок кызматчы сөздөр маселеси азыркы тил илиминде дагы деле актуалдуу жана талаш маселелердин бири болуп калууда.

Ачкыч сөздөр: *бөлүкчө, жандооч, байламта, лингвистика,туркология.*

К проблеме служебных слов обращались в своих исследованиях многие ученые. Несмотря на наличие многочисленных работ, проблема служебных частей речи остается одной из актуальных и даже спорных в современном языкознании.

Ключевые слова: *частица, предлоги, союз, лингвистика, языкознание, туркология.*

Проблема служебных частей речи в языках различной типологии привлекала и продолжает привлекать внимание лингвистов. Как известно, служебные слова могут быть выделены в особый класс, которые условно могут быть названы морфологизованными. Однако степень их морфологизованности различна, то есть в каждом отдельном типе языка можно выделить неодинаковые классы слов, обладающих определенными грамматическими свойствами. Так, если в отношении русского языка и некоторых других можно с уверенностью говорить, что они обладают развитой и вполне сложившейся грамматической системой морфологических форм, то по отношению к агглютинативным языкам, к которым относится киргизский, такой ясности, на наш взгляд, пока еще нет. Что говорит о несомненной актуальности данной проблемы как для тюркологии, так и лингвистики в целом. И речь здесь должна идти не только о служебных частях речи, но и обо всей грамматической системе киргизского языка.

Служебные части речи обычно не входят в сферу пристального внимания языковедов, поскольку основное внимание обращается преимущественно на знаменательные части речи. Они рассматриваются как необходимые, но все, же скорее как факультативные средства языка, что отразилось и в самом их наименовании – служебные или вспомогательные. При этом остается целый ряд вопросов, связанный не только с проблемой функционирования служебных частей речи в языке, но и самим их происхождением, особенностями проявления их морфологических и синтаксических функций в языках различного типологического строя.

И уже к середине XX века недостаточная определенность терминов “часть речи”, “служебная часть речи” привела к пониманию того, что научно-исследовательская парадигма, сложившаяся в европейской науке, отнюдь не универсальна. Не универсальна в том смысле, что не в состоянии охватить все многообразие языковых явлений, хотя при этом может выявить наиболее существенные стороны изучаемого явления.

Многие лингвисты считают, что при анализе служебных частей речи ведущую роль играет синтаксический критерий, который дает возможность выявить не только их категориальные или функциональные свойства в составе предложения, но и коммуникативные свойства в составе целостного высказывания – текста. Здесь, в частности, можно отметить, что для организации текста как целостной структуры служебные части речи играют очень важную роль. Они структурируют не только фрагменты действительности, описываемые теми или иными знаменательными частями речи, но и обеспечивают связь частей текста между собой.

И здесь необходимо остановиться на вопросе о происхождении частей речи, в том числе служебных частей речи.

Происхождение частей речи вообще и служебных частей речи, в частности, представляет собой сложную и интересную проблему для лингвистики, которая продолжает привлекать внимание языковедов и в настоящее время. Хотя следует признать, что исследования лингвистов в этом направлении ограничивались преимущественно знаменательными классами слов. И поскольку сама лингвистика зародилась в первую очередь как историческая наука, то принцип развития, эволюции всегда играл в ней одну из ведущих ролей. Несмотря на то что в XX столетии преобладал синхронический подход к описанию явлений и свойств языка, контенсивно-типологические и сравнительно-исторические исследования эволюции языка всегда занимали одно из важнейших мест в лингвистических исследованиях.

Можно утверждать, что служебные части речи в тюркских языках явление относительно позднее, и процесс этот с разной степенью интенсивности продолжается и в настоящее время. Этапы их появления и вхождения в грамматический строй тюркских языков, естественно, различны.

Например, послелоги характерны именно для грамматического строя. И само их появление в тюркских языках следует относить к периоду перехода тюркских языков от древнего изолирующего состояния к агглютинативному. Когда, наряду со становлением именного и глагольного словоизменения (склонения и спряжения), появился и особый класс слов для выражения смысловых и грамматических отношений между компонентами высказывания: пространственных, временных, причинных, целевых и т.п.

К проблеме служебных слов обращались в своих исследованиях многие ученые, пытаясь определить их отличительные признаки, отношение к знаменательным частям речи и разных разрядов служебных слов между собой. Несмотря на наличие многочисленных работ, проблема служебных частей речи остается одной из актуальных и даже спорных в современном языкознании. В русской лингвистической науке огромный вклад в развитие теории частей речи внес академик В.В. Виноградов. Развивая идеи А.А. Шахматова и Л.В. Щербы, он создал свою оригинальную концепцию частей речи, в наиболее полной мере отразившуюся в его трудах по грамматике.

В последние годы в исследованиях тюркологов все отчетливее проявляется тенденция отнесения к служебным частям речи послелогов, союзов и частиц. Образование послелогов происходило в течение достаточно длительного периода времени. Известный ученый – тюрколог А.М. Щербак пишет, что «Образование послелогов происходит и в настоящее время и, очевидно, будет происходить и дальше, но пик его интенсивности относится к недавнему прошлому»[5. с. 61].

По своей семантике и синтаксическим характеристикам служебные слова чрезвычайно разнообразны и в силу этого принимают участие в формировании разных аспектов предложения.Одни служебные слова как бы «отвечают» только за синтаксис. К ним относятся так называемые «связочные» слова, а именно послелоги и союзы, первые из которых выражают грамматические функции сплочения знаменательных слов в единое предложение, выражения межфразовой связи. Однако не следует полагать, что, обладая только служебными функциями, эти словоформы не имеют какого-либо содержания. Они

не просто связывают члены предложения или целые предложения, но и тем самым обозначают характер отношений между ними. Послелоги, в отличие от союзов, выражают (вместе с падежными формами существительных) отношения между неоднородными членами в предложении или между частями сложного предложения. В то время как частицы выражают, как и вводные конструкции, отношение говорящего к содержанию высказывания.

В русской грамматике, а также в исследованиях по тюркским языкам, существуют различные мнения о составе частей речи в целом и служебных частей речи, в частности, и используются различные подходы к их выделению: лексико-семантический, морфологический и синтаксический. Тем не менее, в отдельных языках при классификации преобладает один из них. Так, например, в тюркском языкознании, в том числе и в киргизском, преимущество отдавалось семантическому принципу, а остальным отводилась роль второстепенных.

Между тем части речи в тюркских языках содержат одновременно лексико-семантические и грамматические значения, а потому и должны рассматриваться как лексико-грамматические категории.

Лексико-семантический, морфологический и синтаксический подходы позволяют выделить в системе служебных частей речи киргизского языка послелоги, союзы и частицы.

Впервые послелоги стали объектом изучения в исследованиях А.Троянского, А.Казем-Бека, М. Иванова, в которых заложены основы современных взглядов на проблему послелогов в тюркологии. Дальнейшее развитие она получила в основных работах современных исследователей-тюркологов В.А. Гордлевского, Н.К. Дмитриева, А.Н. Кононова, Н.А. Баскакова, Ф.Р. Зейналова, Г. Алпарова. В.Н. Хангильдина, М.З. Закиева, а также А.А. Юлдашева, Б.С. Саяргалиева, Г.Г. Саитбатталова, М.В. Зайнуллина, Н.Х. Максютовой, Н.Х. Ишбулатова, З.Б. Мулюковой и других.

Большинство исследователей ставят знак равенства между предлогами и послелогами, указывая лишь на то, что предлог находится в препозиции по отношению к имени, а послелог – в постпозиции.

Число глаголов, употребляющихся в служебной роли по сравнению с именами и наречиями, незначительно.

Первоначальное значение глагола при этом меняется, хотя лексическое значение глагола играет решающую роль при переходе его в послелоги. Это связано с тем, что не все глаголы способны стать послелогами, а только такие, которые по своему лексическому значению более подходят для выражения отношения между словами. По утверждению Е.Т. Черкасовой, в послелоги «могут перейти только деепричастные и причастные формы, которые характеризуются меньшей степенью глагольных признаков и обозначают второстепенное, добавочное действие, сопровождающее главное»[4].

Кроме собственно послелогов, выделяется и другие группы послелогов и послеложных слов – отыменных, от наречных, отглагольных (в зависимости от принадлежности той части речи, от которой они образованы). Эти слова, более поздние по своему возникновению, появились в результате необходимости удовлетворить все растущие потребности языка в более точных средствах выражения отношений и объединяются под общим названием производных послелогов.

Академик В.В. Виноградов в известной книге «Русский язык. Грамматическое учение о слове» приводит мнение профессора А.Белича о том, что «нет идеальной системы с однообразными, резкими и глубокими гранями между разными типами слов. Грамматические факты двигаются и переходят в другую, нередко разными сторонами своими примыкая к разным категориям» [3].

В частях речи происходят глубокие процессы постепенного отмирания старого качества и накопления нового, в результате чего становится возможным переход слова из

одной части речи в другую. Многие послелоги представляют собой застывшие отглагольные и именные формы, возникшие в результате грамматикализации знаменательных слов, изоляции и функционального переосмысления их отдельных словоформ.

Выражая предметность, являясь средством опредмечивания разнообразных понятий, имя существительное находится в сложном взаимодействии со всеми другими классами слов. Именно поэтому самую многочисленную группу производных послелогов и послеложных слов составляют новообразования, генетически восходящие к этим знаменательным словам.

Процесс перехода имен существительных в разряд послелогов в настоящее время очень активен и протекает, по мнению лингвистов, следующим образом. По мере развития в слове новых отвлеченных значений имя существительное приобретает возможность сочетаться все с большим количеством имен абстрактного характера. В одном из своих отвлеченных значений слово в определенной грамматической форме застывает и начинает выполнять в речи другие синтаксические функции – связывать между собой слова и выражать отношения между ними. Процесс этот сопровождается изменением лексического значения имени и грамматическими изменениями в слове. Имена существительные в косвенных падежах «утрачивают свое конкретное лексическое значение» и начинают выполнять функции служебных слов. «Служебная роль таких существительных в языке усиливается пропорционально утере ими предметного значения»

Как считает Ю.Д. Апресян, «Нынешняя эпоха развития лингвистики – это, бесспорно, эпоха семантики, центральное положение которой в кругу лингвистических дисциплин непосредственно вытекает из того факта, что человеческий язык своей основной функции есть средство общения, средство кодирования и декодирования определенной информации», а «развитая семантика», полагает автор, «складывается из описания не только грамматических, но и лексических значений» [1].

Литература

1. Апресян Ю.Д. Лексическая семантика. – М.: Наука, 1974. – С. 3.
2. Бондаренко В.С. Предлоги в современном русском языке. – М.: Учпедгиз, 1961. – С. 57.
3. Виноградов В. В. Русский язык (Грамматическое учение о слове). – М.: Высшая школа, 1972. – С. 43.
4. Черкасова Е.Т. Переход полнозначных слов в предлоги. – М.: Наука, 1967. – С. 214-217.
5. Щербак А.М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (наречие, служебные части речи, изобразительные слова). – Ленинград: Наука, 1987. – С. 61.

D.T.Jalalova, teacher, R.N.Ibragimova, teacher, OshSU
d.zhalalova@mail.ru

Functioning of postposition in the structure of synthetical unity of language

The article deals with the particles as one of the actual and contrustive issues of the parts of speech.

Key words: *particle, prepositions, conjunctions.*

УДК: 003.332.5=943.41 (516)

С. Идирисов, изденүүчү,
УИАнын Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту

Кызыл-Суу кыргыздарынын жазуу тилинин графикасы

Макалада азыркы учурдагы Кытайда жашаган кыргыздардын араб арибинин негизиндеги кыргыз тилинин графикасы иликтөөгө алынып, чагатай жазуусунан өзгөчөлөнгөн жактары көрсөтүлгөн.

Ачкыч сөздөр: *графика, чагатай тили, алфавит, араб, кирилл, тил, тарых, адабият, илим, токтом, транскрипция.*

В статье исследуется графика письменного языка кыргызов, проживающих на территории Китая, основанная на арабской письменности, выявляются его отличия от чагатайской письменности.

Ключевые слова: *графика, чагатайский язык, алфавит, арабский язык, кириллица, история, литература, наука, постановление, транскрипция.*

Кызыл-Суулук кыргыздардын жазуу графикасынын тарыхы

Тыбыштык жазууда, тагыраак айтканда, тилдеги фонемаларды жазууда алфавит, графика жана орфография түшүнүктөрүн аныктоо зарыл. Анткени булардын ар биринин мазмунун так түшүнбөй туруп, тигил же бул тилдин жазуу системасын изилдөө мүмкүн эмес.

Тил илиминде алфавитке – жазуу системасында колдонулган жана белгилүү бир тартип боюнча жайгаштырылган тамгалардын топтому деген аныктама берилген. Ал эми графика – тигил же бул тилдеги тамгалар менен алардын айкалыштарынын ошол тилдеги тыбыштар менен алардын айкалыштарына болгон катышын жөнгө салуучу эрежелердин топтому. Башкача айтканда, графикадан алфавиттеги кайсы тамга аркылуу тилдеги кайсы тыбыш (фонема) белгилене тургандыгын аныктоочу эрежелердин жыйындысын түшүнүүгө болот. Графиканын эрежелери тилдин тыбыштык системасынын тарыхый жактан өнүгүшүнө карай өзгөрүп турат. Ошондуктан бул эрежелерди эки башка өңүттөн кароого болот. Биринчиден, бул эрежелерди тилдеги тыбыштардын жазууда кайсы тамгалар менен белгилениши жагынан каралышы мүмкүн. Экинчиден, графиканын эрежелери жазуудагы тамгалардын же алардын айкалыштарынын окулушу жактан каралышы мүмкүн. Анткени жазуудагы бир тамга окулганда бир эмес, бир нече тыбышты билдириши да ыктымал [1].

1954-жылы Кызыл-Суу кыргыз автономиялык областы түзүлүп, ошол эле жылы кыргыз жазуусунун долбоору даярдалган. Араб арибинин негизиндеги кыргыз жазуусунун орфографиялык өзгөчөлүктөрүн бекитүү үчүн “Кызыл-Суу областтык кыргыз тил жазуусун изилдөө комитети” түзүлгөн. Ошол эле жылдын 15-июль күнү область башчысы Мамбетасан Токталы жана орунбасары Шужи Амантурлар атайын жыйналыш өткөрүшүп, жаңыдан түзүлгөн кыргыз жазуу долбоорун талкууга алышкан. Жыйналышта Хужин Хуа, Абдыкадыр Токторов сыяктуу тилчи илимпоздор тарабынан бир тамга бир тыбышты туюндурушу керек деген пикирди ортого салуу менен, чагатай тилинен өзгөчөлөнгөн, жөнөкөй кыргыз жазуусун түзүүнү сунушташкан. Анткени ага чейин тектеш түрк элдери менен катар кыргыздар да колдонуп келген араб алфавитинин негизинде түзүлгөн чагатай жазуусунда бир эле тамга бир канча тыбышты билдире берген. Бул жагдай чагатай тилин окууну өтө кыйындаткан. Автономиялык область 1955-жылы араб тамгасы негизинде түзүлгөн бул долбоорду бекитишкенде айрым окумуштуулардын жогоруда белгиленген пикирин эске алынган. Бул жазуу жумуштарына көптөгөн ыңгайлуу шарттарды түзүү жагы каралган. Натыйжада 1955-жылы кызыл-суулук кыргыздардын улуттук адабий

тилинин 30 тамгадан турган араб графикасынын негизиндеги жазуусу жана жазуу эрежеси түзүлөт [2].

1956-жылы “Алиппе” түзүлүп, Шинжаң эл басмасынан жарык көргөн [3]. 1957-жылы Кызыл-Суу автономиялык областтык эл өкмөтү кыргыз жазуусун кирилл альфавитинин негизиндеги жазууга өзгөртүү жөнүндө атайын токтом кабыл алган. Аталган жазуу 1958-жылга чейин колдонулуп, араб алфавитинин негизинде түзүлгөн жазуу 1959-жылдан баштап, басма беттеринде, окуу-агартуу иштеринде кайрадан колдонулбай калган. Арадан жыйырма жыл өткөн соң, 1979-жылы араб графикасындагы кыргыз жазуусу Шинжаң уйгур автономиялык райондук комитетинин №203 токтому менен кайрадан калыбына келтирилген. 1980-жылдан баштап, кыргыз жазуусу кыргыздар көбүрөөк отурукташкан жерлерде негизинен колдонула баштайт да, кыргыз тилинин жазуусу изилдөө жандана баштайт. Дал ушул жылы кыргыз жазуусунун эрежеси оңдолуп, толукталган [4]. Бул эреже 1983-жылы [5] жана 1988-жылдары [6] кайрадан толукталып түзүлгөн. Кыргыз тил грамматикасына жана тил адабиятына байланыштуу окуу куралдары кыргыз окумуштуулары тарабынан түзүлөт.

Кызыл-суулук кыргыздардын араб арибиндеги алфавити

№	Жеке формасы	Сөз аягында	Сөз ортосунда	Сөз башында	Окулушу	Танскрипциясы	Кириллче танскрипциясы
1.	ا	ـا	ـا	ا	а	a	а
2.	ب	ـب	ـبـ	بـ	бы	b	б
3.	گ	ـگ	ـگـ	گـ	гы	g	г
4.	د	ـد	—	—	ды	d	д
5.	ج	ـج	ـجـ	جـ	жы	c	ж
6.	ز	ـز	ـز	ز	зы	z	з
7.	ئ	ـئ	ـئـ	ئـ	и	i	и
8.	ي	ـي	ـيـ	يـ	йы	y	й
9.	ك	ـك	ـكـ	كـ	кы	k	к
10.	ل	ـل	ـلـ	لـ	лы	l	л
11.	م	ـم	ـمـ	مـ	мы	m	м
12.	ن	ـن	ـنـ	نـ	ны	n	н
13.	ڭ	ـڭ	ـڭـ	ڭـ	ңы	ñ	ң
14.	و	ـو	ـو	و	о	o	о
15.	و	ـو	ـو	و	ө	ö	ө
16.	پ	ـپ	ـپـ	پـ	пы	p	п
17.	ر	ـر	ـر	ر	ры	r	р
18.	س	ـس	ـسـ	سـ	сы	s	с
19.	ت	ـت	ـتـ	تـ	ты	t	т
20.	ۇ	ـۇ	ـۇ	ۇ	у	u, û	у
21.	ۈ	ـۈ	ـۈ	ۈ	ү	ü, û	ү

22.	چ	چ	چ	چ	чы	ç	ч
23.	ش	ش	شـ	شـ	шы	ş	ш
24.	ى	ى	ـر	ر	ы	ı	ы
25.	ه	ه	ھ	ھ	э	e	э, е
26.	ق	ق	قـ	قـ	кы	ḳ	к
27.	ع	ع	عـ	عـ	гы	ġ	г
28.	ۋ	ۋ	ۋ	ۋ	вы	v, w	в
29.	ف	ف	فـ	فـ	фы	f	ф
30.	ح	ح	حـ	حـ	хы	ḥ	х

Кызыл-суулук кыргыздардын жазуусунун негизги өзгөчөлүктөрү

1. Кызыл-Суу кыргыздарынын алфавити 36 тыбыш жана 30 тамга менен белгиленет.
2. Ал эми жазуу тилиндеги 14 үндүү тыбыш жазууда 8 тамга менен белгиленет.
3. Жазуу тилиндеги 6 созулма үндүү өз алдынча фонемалык касиетке ээ, бирок жазууда өзү менен окшош мүнөздөгү кыска үндүүнүн тамгасын жанаша жазуу аркылуу белгиленет.
4. Кызыл-Суу кыргыздарынын жазуу тилиндеги тамгалар үндүүлөр айтылышы менен аталат, үнсүздөрдүн аягына “ы” кошулуп окулат.
5. Араб алфавитиндеги кыргыз графикасынын эң негизги өзгөчөлүгү ар бир тамганын сөз башында, ортосунда, аягында өзгөрүлүп жазылышы болуп эсептелет. (Мисалы: *Кызыл-суулук кыргыздардын жазуусунун араб арибиндеги алфавитине караңыз*).
6. Араб алфавитинде баш тамга болбогондуктан сүйлөм башындагы жана энчилүү аттар кичине тамга менен жазыла берет.
7. Кирилл алфавитинин негизинде түзүлгөн графикадагы бир тыбышты билдирген, бирок, жазууда эки түрдүү тамга менен белгиленген сөз башындагы э жана сөз ортосундагы *е* тамгалары кытайлык кыргыздардын графикасында бир эле тамга менен белгиленген. Мисалы: جھ – *эже*.
8. Кирилл алфавитинин негизинде түзүлгөн кыргыз жазуусунда эки тыбыш бир эле тамга менен белгиленет. Булардын негизгилери йоттошкон *ё, ю, я* тамгалар. Булар кытайлык кыргыздардын жазуусунда жок. Йоттошкон тамгалардын курамындагы тыбыштар өз-өзүнчө тамгалар менен белгиленет. Мисалы: сал. к.к.ж.т. سياقتۇۋ (*сыйақтуу*), قويون (*қойон*), ۋيۇم (*уйум*) – а.к.ад.т. *сыяктуу, коён, уюм* ж. б.
9. Кирилл алфавитиндеги *щ, ц* үнсүз тыбыштары жана ъ ажыратуу, *ь* ичкертүү белгилери жок. Кызыл-суулук кыргыздардын тилине орус тилинен кабыл алынган сөздөр формасы, айтылышы өзгөрүүгө учураган. Мисалы: сал. к.к.ж.т. سوبه كتيپ (*собектип*) – а.к.ад.т. *субъектив*, к.к.ж.т. وقتابىر (*октабыр*) – а.к.ад.т. *октябрь*, к.к.ж.т. ره داكسيا (*редаксийа*) – а.к.ад.т. *редакция* ж. б.
10. Кыргыз тилинде негизинен каткалаң *қ, ғ* жана жумшак *к, г* тыбыштары бар. Булар кирилл алфавитиндеги кыргыз жазуусунда бир эле тамга менен белгиленип келет. Бирок, кытайлык кыргыздардын графикасында каткалаң *қ, ғ* тыбыштары ع ,ق тамгалары менен, жумшак *к* жана *г* тыбыштары گ ,ك тамгалары менен белгиленген. Булар өзүнөн кийинки келген үндүү тыбыштарга карай өзгөрөт. Башкача айтканда, жоон үндүүлөр келгенде каткалаң *қ, ғ* тыбыштары келет. Мисалы: к.к.ж.т. قىرعىز (*қырғыз*) – а.к.ад.т. ***кыргыз***. Ал эми ичке үндүүлөрдүн алдында жумшак *к, г* тыбыштары колдонулат. Мисалы: к.к.ж.т. كيىز (***кийиз***) – а.к.ад.т. ***кийиз***, к.к.ж.т. گۇل (гүл) – а.к.ад.т. гүл. Бирок, кытайлык кыргыздардын адабий тилинде бул эреже кыргызча сөздөр үчүн гана колдонулат. Башка тилдерден кирген сөздөрдө бул эреже кабылданбайт. Көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдө бул абалды

кеңири жолуктурууга болот. Мисалы, сал. к.к.ж.т., كومونيستيك (***комунистик***) – а.к.ад.т. *коммунисттик*, к.к.ж.т. ره داكسيۋا (*реда**к**сийа*) – а.к.ад.т. *редакция*, к.к.ж.т. گراممماتيكا (*ғыраммати**к**а*) – а.к.ад.т. *грамматика*.

11. Жазууда А). “ئ” (и) тыбышы үндүү ە (э), ۆ (ө), ۇ (ү) тыбыштары жана үнсүз ك (к), گ (г) тыбыштары менен сөз ичинде бирге келсе, ئ (и) тыбышынын кыбачы түшүрүлүп жазылат. Мисалы: ەكئنچىنى (*эк**и**нч**и**н**и***), بئلگى (*б**и**лг**и***). Б.) “ئ” (и) тамгасы сөз ичинде бир нече жолу келип муун түзсө, биринчи муундагы “ئ” (и) тамгасынын кыбачы сакталып, кийинки муундардагы “ئ” (и) тыбыштарынын кыбачысы коюлбайт. Мисалы: ئىمىرىلىپ چىمىرىلىپ (***и**м**и**рил**и**п-ч**и**м**и**рил**и**п***), ئىلىمىي (***и**л**и**м**и**й***). Кытайлык кыргыздар бул өзгөчөлүктү “ئ” (и) тамгасынын кыбачысын үнөмдөп колдонуу эрежеси деп аташат.

12. “ح” (х) тамгасы башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдө колдонулат. Ошол эле кезде *“ха-ха, ах, түх, бах”* деген сырдык сөздөрдө да колдонулат.

13. “ۋ” (в) тамгасы башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдө колдонулат. Ошол эле кезде кээ бир тууранды сөздөрдө келет. Мисалы: *“Ав-ав” деген иттин үнү угулду. Сайра, ов-ов, – деп музоосун чакырды.*

14. “ف” (ф) тамгасы башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдө колдонулат.

15. “ع” (ғ) тыбышы кыргыз тилинин төл сөздөрүндө “гана, гой, го” деген үкчөлөрдш сөз башында келет, ал эми башка сөздөрдүн сөз башында колдонулбайт. Айтылышы “ع” (ғ) менен башталган сөздөрдүн бардыгы жазууда “ق” (қ) менен жазылат. Мисалы: *гол* эмес *кол*, *газ* эмес *каз*, *гой* эмес *кой*. Ал эми башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөрдө сөз башында “ع” (ғ) келе берет.

16. “پ” (п), “ر” (р) тыбыштары төл сөздөрдүн сөз башында келбейт. Мисалы: *пышты* эмес *бышты*, *палта* эмес *балта*, *рас* эмес *ырас*.

Адабияттар

1. Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., Акматалиев А., Мусаев С., Сыдыков Т. Азыркы кыргыз адабий тили. – Бишкек, 2010. 81-82 б.
2. Кызыл тилинин жазуу имлалары жөнүндө.Шинжаң уйгур автономиялык райондук Улуттар тил-жазуу кызматы комитети. – Үрүмчү. 1955.
3. Алиппе. Шинжаң эл басмасы. – Үрүмчү, 1956.
4. Кыргыз жазуу эрежеси. Шинжаң уйгур автономиялык райондук Улуттар тил-жазуу кызматы комитети. – Үрүмчү. 1980.
5. Кыргыз жазуусунун алиппеси жана кыргыз адабий тилинин жазуу эрежеси. Шинжаң уйгур автономиялык райондук Улуттар тил-жазуу кызматы комитети. – Үрүмчү. 1983.
6. Макелек Өмүрбай.Кыргыз жазуусунун эмла эрежеси жана эмла сөздүгү. – Артыш, 1989.

S. Idirisov, researcher, Institute of language and literature of the National Academy of Sciences of the KR

Written language graphics of Kyzyl-Suu kyrgyz people

The paper investigates the schedule of written language of Kyrgyz people living in China which based on the Arabic script and identifies its differences from Chaghatay writing.

Keywords:*graphics, Chagatai language, alphabet, Arabic, Cyrillic, history, literature, science, regulation, transcription.*

УДК: 81.367.4:512.154

Т.Ж. Исакова, окутуучу, ОшМУ

Сөз менен сөз айкаштарындагы көп жана өтмө маанилүүлүк жөнүндө

Макалада сөз жана сөз айкаштарындагы көп жана өтмө маанилүүлүктүн кыргыз тили илиминдеги изилдениши жалпылаштырылып, айтылбай калган айрым маселелери боюнча автордун пикирлери берилди.

Ачкычсөздөр: *маани, полисемия, омоним, өтмөмаани, номинативдикмаани, кошмаани, стилдикыкмасөз, тилилимиж.б.*

В статье дается мнении автора о некоторых вопросов в словах и словосочетаниях о многозначности слов и слов с переносными значениями в исследовании кыргызского языка.

Ключевые слова: *значение, полисемия, омоним, переносное значение, номинативное значение, многозчность,стилистический метод,слово,языковая наука и.т.д.*

Сөздөрдөгү жана сөз айкаштарындагы көп маанилүүлүк, же алардагы жаңы түшүнүктөрдүн туюнтулушу түбөлүк жүрүп туруучу, лексикалык курамдын өсүшүн шарттоочу процесстерден болуп саналат. Мындай тилдик көрүнүшкө далил катары кийинки учурларда эле туюнтуу маанилерин, колдонулуу алкагын кеңейткен “мүчө”, “уңгу”, “ийрим”, “борбор”, “көшөгө” деген өңдүү сөздөрдү көрсөтүүгө болот. Сөздөрдүн бул жол менен жасалган көп маанилүүлүгү тил илиминде “полисемия” деп аталат. “Полисемантизм-бир эле сөздүн өз ара байланышы бар бир канча маанилерди туюндурушу, ар кайсыл маанилердин негизги мааниден улам пайда болушу дегендикти түшүндүрөт” [2]. Мындай негизде келип чыккан көп маанилүү сөздөрдү тыбыштык курулушу жагынан гана бирдей болгон омоним сөздөр менен чаташтырууга болбойт. Көп маанилүүлүк, же полисемия маанилик жалпылыктын негизинде пайда болот. Бул жагынан караганда, туунду жана өтмө маанилер полисемиянын пайда болушунун негизги шарты болсо, омонимдердин пайда болушунда булар эч кандай рол ойнобойт. “Омонимдер жалпысынан генетикалык жактан ар түркүн болсо, көп маанилүү сөздөр тарыхый-генетикалык жактан бир түркүн болот” [1]. Жаңы маниге ээ болгон сөздөр алгачкы маанилерин кошо сактоо менен көп маанилүүлүктү пайда кылат. Андай сөздөрдүн жаңы жана алгачкы маанилеринин бирге жашашы ошол сөздөрдүн номинативинин туруктуулугуна жараша болот. Айрым учурда номинатив шартка жараша архаикалык мүнөзгө ээ болуп, пассивдүү лексиканын катарына өтсө, кийинки мааниси, тескерисинче, активдешип, семантикалык өзөк катары кызмат өтөйт. Маселен, “ай”, “күн” деген сөздөрдүн планеталардын аталышын туюнткан алгачкы маанилери менен убакытты, мезгилдик түшүнүктү билдирген кийинки маанилери катар колдонулуп келе жатса, “кыйыр” деген сөз алгачкы “чети”, “акыры”деген маанисинен алыстап,”кыйыр тууган”, “кыйыр толуктооч” деген кийинки маанилеринде кеңири колдонулат. Ошондой эле алгачкы маанилеринен четтеп, жаңы түшүнүктө колдонулуп кеткен сөздөрдүн өзүнчө түрү катары чакчыл этиштердин редукцияланышынан (маанисин өзгөртүүсүнөн) пайда болгон “көздөй”, “карай”, “жана”, “сала”, “баса” деген өңдүү кызматчы жана сырдык сөздөрдү да кароого болот.

Академик Б.Ө. Орузбаева “Словообразование в киргизском языке” деген эмгегинде айрым түрк тилдериндеги изилдөөчүлөрдүн бир сөздүн экинчи сөз түркүмүнө өтүп колдонулушун да сөз жасоонун лексика-семантикалык ыкмасында пайда болгон сөздөр катары карай тургандыгын эскертет жана бир сөздүн экинчи сөз түркүмүнө эки башка өзгөчөлүктө өтө тургандыгын белгилеп, бул пикирди кубаттайт. Ал айрым сөздөрдүн экинчи сөз түркүмүнө өтүшүнүн 1-өзгөчөлүгүнө экинчи сөз түркүмү катарында биротоло калыпташып кеткен, алгачкы абалы ал сөздүн этимологиясы аркылуу гана белгилүү болгон, Маселен, 1) “көк”.-сын атооч, 2) “асман”-зат атооч деген өңдүү

сөздөрдү, кээ бир тактооч (башта) жана кызматчы сөздөрдү (жана, карай) киргизет. Ал эми 2-өзгөчөлүгү катары сөздөрдүн сүйлөм тутумундагы убактылуу өзгөрүүлөрүн (субстантивация, адективация кубулуштарын) белгилейт. Бул өзгөчөлүктөрдүн биринчиси боюнча жаңы маениге же башка сөз түркүмдөрүнө өткөн сөздөрдү сөз жасоонун лексика-семантикалык ыгы аркылуу жасалган, же көп маанилүү сөздөр деп кароого болот.

Сөздөрдөгү көп маанилүүлүк төмөнкүдөй жолдор аркылуу: метафоралык (гүл:1) кооз, жыттуу өсүмдүк, 2) сапат-жигиттин гүлү); метонимиялык (күн:1) планета, 2) мезгил, убакыт); синекдохалык 1) көз: жандуулардын көрүү органы, 2) адам-көзү жокто сөз кылба) пайда болот.

Көп маанилүүлүк жана омонимия маселелеринин окшош, айырмалуу жактарын төмөнкү мисалдар аркылуу да көрүүгө болот: Ач": 1) "ачка" маанисинде-сын атооч, 2) "Эшикти ач" маанисиндеги этиш. Бул берген маанилеринде аталган сөздөр-тыбыштык курулушу боюнча гана окшошуп калган омоним сөздөр. Бирок 1-сын атоочтук маанисинен (Ач бала ток бала менен ойнобойт) "Ач бел, ач талаа", "ач көз", "ач күсөн", "ач албарс" деген маанилери келип чыккан. Ал эми экинчи, же этиштик маанисинен (Айша терезени ачты) "Американы ачуу", "чогулушту ачуу", "сыр ачуу", "көңүл ачуу", "көзүн ачуу" деген маанилери жасалган. Анткен менен "ач" сөзүнүн сын атоочтук мааниси (М: Ач карышкыр) этиш сөз түркүмүнө өтүп да колдонулат (М: Каныбектин карды ачты). Мындай учурду тыбыштык жактан гана окшошуп калган омоним сөздөр катары кароого болбойт.

Муун: Алгачкы мааниси-адамдардын жана жаныбарлардын дене мүчөлөрүнүн бүгүлүүгө ыңгайлашып, бириккен жерлери. Бул маанинин жалпы жакындыгына ылайык улам жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу менен төмөнкү маанилери келип чыккан:

Айрым өсүмдүктөрдүн сөңгөгүнүн өз ара туташкан жерлери: **Мууну** болот жалбыздын,

Муңу болот жалгыздын. (Токтогул)

"Каруу", "күч кубат" деген мааниде колдонулат. М: Кароосу да жакшы болбогондуктан Каныбекке оңой менен **муун** кирбей койду.(К.Ж.).

Жаш өзгөчөлүк боюнча жакындыкты туюнтат. М: Мындай иште жаш **муундар** менен орто **муундар** күч берет. (Оозеки кептен).

Тилдик термин. М: Речтеги бир же бир нече тыбыштык комплексттен турган мындай бөлүкчөсү **муун** деп аталат. (Э.А.)

"Көңүл", "маанай" деген мааниде колдонулат. М: Аны көргөн энесинин **мууну** бошоп кетти. (А.Ж.)

Бул өңдүү бир сөздүн бир нече маанини туюнтуп, өз ара катыштагы ар башка түшүнүктөрдү, нерселерди билдирип колдонулушу сүйлөмдүн жалпы мазмунуна ылайык айкындалат да, баштапкы же кийинки маанисинде колдонулгандыгы өз алдынча айтылганда эмес, сүйлөм ичинде келгенде айкын болот. Мындай бир сөздөгү көп маанилүүлүк адам аң-сезиминин, ойду, маалыматты бере билүү, же кабылдай алуу жөндөмүнүн өркүндөөсүнүн натыйжасында келип чыккандыгы байкалат. Анткени сөз жана сөз айкаштарындагы көп маанилүүлүк менен өтмө маанилүүлүктү жаратуу, аны кабылдоо адам аң-сезиминин жетиштүү деңгээлдеги кенендигин талап кылат. Ошондо гана тилчи илипоздор атайын ажыратып көрсөткөн метофоралык, метонимиялык, синекдохалык ыктар аркылуу тийиштүү сөздөрдө камтылган көп жана өтмө маанилер келип чыгат. Маселен, жогорку мисалдардын биринчисиндеги маанилик өзгөчөлүктөр метонимиялык ык менен келип чыкса, экинчисинин кийинки маанилери, негизинен, метафоралык жол аркылуу жасалган. Анткен менен көп маанилүүлүктүн пайда болуу ыктарын салыштырмалуу, шарттуу түрдө гана кароого туура келет. Маселен, жогорку 2-мисалдагы түпкү номинативдик мааниден кийинки пайда болгон 1-маанисинин гана метафоралык ык аркылуу жасалгандыгы айкын сезилип турса, 2-3-4-5-маанилери жалпы логикалык ички катыштын, же метонимиялык ыкманын белгилерин камтыйт.

Кептеги айрым сөз жана сөз айкаштарынын, фразеологизмдердин өтмө маанилерди туюнтуп колдонулушунда адамдар ортосундагы пикир алышуунун жеткиликтүү деңгээлде ишке ашышы үчүн адамдагы көңүл буруу, кабылдоо, ой жоруу тыянак чыгаруу мүмкүнчүлүктөрүнүн талап кылгандыгы көрүнөт. Ушул негизден келип кыргыз элинде “Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы”, “Түркөйдү түртмөйүнчө билбейт”, “Кылыч этти кесет, сөз сөөккө жетет” деген өндүү учкул сөздөр келип чыккандыр. Бул өндүү көрүнүштөрдүн тил илиминин психология, логика, философия, педагогика илимдери менен болгон ажырагыс байланышын да ачык байкоого болот.

Кыргыз тилиндеги түз жана өтмө маанилүү сөздөрдүн илимий аныктамаларын тилдик бул проблемага кайрылып жүргөн окмуштуулардын бири профессор Эсенкул Абдылдаев төмөнкүдөй негизде түшүндүрөт: “Сыңар маанилүү сөздөр тике (түз) мааниде гана колдонулат. Мисалы, *Жамгыр, кар, кыштак, курулуш, торгой, тиричилик* сыяктуу сөздөрдү алып көрсөк, булардын ар биринин өз өзүнө таандык бирден гана мааниси бар. Ал эми көп маанилүү сөздөр, адатта, тике мааниге да, өтмө мааниге да ээ болушу мүмкүн. Сөздүн өтмө мааниси анын тике мааниси менен тыгыз байланыштуу, анткени ал андан тышкары өз алдынча жарала албайт. Сөздүн тике мааниге же өтмө мааниге ээ болуп колдонулушу анын эмне жөнүндө, эмнеге карата айтылып жаткандыгына жараша болот. Башкача айтканда, бул контекст аркылуу гана даана билинет [1].

Ал эми бул айтылган түшүндүрмөлөр менен жалпысынан шайкеш келип, бирок айрым жактарынан дал келбеген көз карашты С. Өмүралиеванын жогруда белгиленген эмгегиндеги төмөнкү пикирлеринен кезиктиребиз: “Сөздүн өтмө мааниси көркөм чыгармаларда атайын стилдик ыкма катары пайда болуп, бир жагынан чыгарманын образдуулугун, көркөмдүүлүгүн камсыз кылса, экинчи жагынан кандайдыр бир деңгээлде сөздүк составдын маанилик жылышына таасир этет. Образдуу маани номинативдин кайсыл бир көзгө урунттуу жагына (символикалык, же элестүү, же функционалдык) шайкеш келүү менен айтуучу же жазуучу каалаган көркөм каражатты пайда кылат: Надя мекен үчүн, адилеттик үчүн кылычтын мизин да басат. (А. Стамов)...

Сагынтып түшүмдөсүң, өңүмдөсүң,
Жакамда, топчумдасың, жеңимдесиң,
Жүлүндө, жүрөгүмдүн теңиндесиң. (Т. Кожомбердиев).

Ошентип, сөздү өтмө мааниде колдонуу менен адам сезимин козгогон образдуулук, экспрессивдүүлүк пайда болот, алардын семантикалык алкагы кеңейип, стилдик ар түрдүү фигуралар келип чыгат [2]. Мындай пикирлердин жана келтирилген мисалдардын негизинде “өтмө маани” деген тилдик терминдин өтө кеңири түшүнүк экендигин аңдоого болот. Маселен, жогоруда С. Өмүралиева тарабынан алынган мисалдардагы “өтмө маанилүү” деп каралган сөз жана сөз айкалыштарында өтмө маанилүүлүк түшүнүгү да камтылган менен, аларда күчөтүү маанилери басымдуулук кылып турат. Мындан, жана башка фактылык материалдардын (алар жогорку жактарда айтылды) негизинде “өтмө маани” деген тилдик түшүнүк (экинчи кезекте адабияттык) өз ичине кош маани, көмүскө маани, каймана (тамсилдик) маани, күчөтүү мааниси, салыштыруу мааниси сыяктуу маанилик өзгөчөлүктөрдү да камтып турары көрүнөт. Алардын чегин ажыратуу, карым-катыштарын көрсөтүп, классификациялоо иштери тилчи илимпоздордун алдында турган милдеттерден болуп калууда.

Ошентип, кыргыз тилиндеги айрым сөз жана сөз айкаштарында, фразеологизмдердин бардык түрлөрүндө (фразеологиялык айкалыш, ширешме, биримдик) көп жана өтмө маанилүүлүктүн камтылышы жөнүндөгү, алардын курамындагы башка маанилердин да чектеринин ажыратылышы жөнүндөгү маселелердин толук айкындала электиги байкалат.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 1998.
2. Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили. – Фрунзе, 1990.

3. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 1996.
4. Мамытов Ж.Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 1999.
5. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана Фразеология. – Бишкек, 1998.
6. Орузбаева Б.Ө. Словообразование в киргизском языке. – Фрунзе, 1964.

T.J. Isakova, teacher, OshSU
Jumabaeva.taalaykan83@bk.ru

Researching the meanings of the words in Kyrgyz linguistics

This article deals with the opinions of the author about some questionsof words, expressions, polysemantic words and words with figurative meaning in researching of Kyrgyz language

Key words: *meaning, polysemy, figurative meaning, nominative meaning, stylistic method, omonyms, word, linguistice.t.c*

УДК:81.367:512.154

Т.Ж. Исакова, окутуучу, ОшМУ

Сөз маанилеринин кыргыз тили илиминде изилдениши

Макалада көп жана өтмө маанилүү сөздөрдүн кыргыз тили илиминде изилдениш абалы жалпылаштырылып, айрым жеке пикирлер айтылат.

Ачкыч сөздөр: *маани, полисемия, омоним, өтмө маани, номинативдик маани, кош маани, стилдик ыкма ж.б.*

В статье рассматривается некоторые вопросы исследования в кыргызском языкознании многозначных слов и слов с переносным значением.

Ключевые слова: *значение, полисемия, омоним, переносное значение, номинативное значение, многозчность,стилистический метод.*

Лингвистика илим катары калыптана баштаган мезгилдерден тартып эле анын лексикология, семасиология бөлүмдөрүндө сөздүн карым-катнаш жасоодогу ролу, маанилик типтери, колдонулуу бөтөнчөлүктөрү жөнүндө түрдүүчө илимий пикирлер айтылып келе жатат. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн маанилик түрлөрүн, кепте колдонулуу өзгөчөлүктөрүн Ж. Мамытов, Э. Абдулдаев, С. Өмүралиева, А. Жалилов өңдүү окумуштуулар далилдүү материалдардын негизинде изилдешип, аныктамаларды беришкен. Аталган илимпоздордун ичинен сөз маанилерин Ж. Мамытов бир топ кеңири планда карап, сөздүн номинативдик мааниси, конкреттүү жана абстрактуу маанилер, грамматикалык маани жөнүндө да маалымат берген [4]. Ал эми С. Өмүралиева фразеологиялык тутумдаш маани, сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси тууралу өзүнчө сөз кылган [2]. Сөзгө жана башка тилдик каражаттарга мүнөздүү болгон мындай маанилик бөтөнчөлүктөрдү толук жана ар тараптуу салыштырып кароо бул тилдик татаал түшүнүктүн чектерин ажыратууну, мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүн тактоону жеңилдетет жана жеткиликтүү деңгээлде өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Тилдеги маанилик өзгөчөлүктөрдүн өтө татаал түшүнүк экендиги талашсыз. Бул маселе боюнча белгилүү тилчи илимпоз Э. Абдулдаев төмөнкү пикирин билдирет: “Сөздүн эмне экендигине так аныктама берүү лексикологиянын алиге чейин толук чечилип бүтө элек татаал маселелеринин бири десек болот. Мындайча алып караганда, жөнөкөй сыяктанып сезилгени менен, “Сөз деп эмнени айтабыз?” деген суроого азырынча толук жыйынтыкталып бүткөн так жооп табыла элек. Бул маселеге кайрылган авторлордун ар биринин ою ар башка чыгып, бир пикирге келише албай жаткандыгы

көптөгөн илимий эмгектерде, окуу китептеринде ж.б. такай айтылып жүргөндүгү белгилүү. Бирок сөздүн аныктамасына катышы болгон авторлордун ар бири сөздү тилдин эң негизги (башкы) бирдиги деп эсептешет. Демек, сөздүн талаш туудурбаган жана толук колдоого ээ болгон негизги белгилеринин бири деп мына ушуну эсеп кылсак болот" [1].

Биз бул макалабызда жогоруда аттары аталган окумуштуулардын сөз маанилерине карата айтылган пикирлерин жалпылаштырып, Ж. Мамытовдун аталган эмгегине таянуу аркылуу сөз маанилеринин түрлөрүнө кыскача түшүндүрмө берүү менен сөздөрдөгү көп маанилүүлүк маселесине кененирээк токтолобуз.

Кыргыз тилинин башка көпчүлүк тилдерден болгон бир бөтөнчөлүгү катары сөз жана сөз айкаштарынын кеп тутумунда көп жана өтмө маанилерде арбын колдонулгандыгын белгилөөгө болот. Сөз менен сөз айкаштарынын мындай маанилик өзгөчөлүктөрдө байыртадан эле жыш колдонулуп келгендиги элдик оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүнөн, макал, ылакаптардан, учкул сөздөрдөн айкын көрүнөт. Андай маанилердин татаалдыгы жана функциялык алкагынын кенендиги кыргыз тилинде сүйлөй алган ар кайсыл эле адамга түшүнүктүү боло бербей, сөзгө баа берүүнү, аны аздектөөнү, улуттук психологияны кабылдоону, тилдик сезимталдыкты талап кылгындыгы менен түшүндүрүлөт. Тил илимин изилдөөнүн жана үйрөтүүнүн башкы талабы болуп, сөз жана сөз айкаштарынын маанилик өзгөчөлүктөрүнүн типтерин түшүнө, аңдай билүүгө жетиштүү эсептелинет. Ал эми бир жана түз мааниде колдонулган сөздөрдүн туюнтмаларын, кызматын үйрөнүү жана изилдөө тил илиминин алгачкы баскычы катары гана каралат. Андыктан "мааниге" маани берүү, басым жасоо тил илимин үйрөнүүдө, толук кандуу пикир алышууга жетишүүдө башкы маселе болуп кала берет. Сөз жана сөз айкаштарындагы, кээде сүйлөмдүк структурадагы түрдүүчө маанилик бөтөнчөлүктөрдүн камтылышын, же аталган тилдик бирдиктердин кеп тутумунда ар кыл маанилик өзгөчөлүктөрдө колдонуларын кыргыз тилин бөтөн улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүүдө да эстен чыгарууга болбойт.

Сөздөрдөгү көп маанилүүлүк менен өтмө маанилүүлүк түшүнүктөрдү азыркы учурда бири-биринен айырмаланган маанилер катары каралса да, жалпы алганда, өтмө маанилүүлүк да көп маанилүүлүктүн жалпы курамына кирет, же андан бөлүнүп чыккан. Алар өз ара жакындыкты түзүп, кайсыл бир өзгөчөлүктөрү боюнча өз ара катышып турушат. Ошондой эле сөздүн өтмө мааниси анын тике мааниси менен да катышта. Бул боюнча профессор Э. Абдулдаев "... көп маанилүү сөздөр адатта тике мааниге да, өтмө мааниге да ээ болушу мүмкүн. Сөздүн өтмө мааниси анын тике мааниси менен тыгыз байланыштуу, анткени ал андан тышкары өз алдынча жарала албайт" деп белгилейт [1].

Ошентип, көп маанилүү сөздөрдүн айрымдары түз маанисинде да, өтмө маанисинде да колдонулса, айрымда түз маанисинде гана колдонулат. Башкача айтканда, көп маанилүү сөздөрдүн бардыгы сөзсүз түрдө өтмө мааниде колдонулат деп түшүнүүгө болбойт. Ал эми өтмө мааниде берилген сөздөр көп маанилүү сөздөрдөн да, бир маанилүү сөздөрдөн да болушу мүмкүн. Маселен, "Тумшук" деген көп маанилүү сөздүн: 1) "Малдын тумшугу", 2) "Челюскин тумушугу" деген эки мааниси тең түз мааниде колдонулса, "суук" деген көп маанилүү сөздүн: 1) "суук шамал жүрдү", "суук түшүп калды", 2) "суук кабар", "суук сөз", деген учурлардагы 1-маанилери түз, 2-маанилери-өтмө маанилер. Эгерде бул сөздөрдүн өз ара айкашкан "суук тумшук" деп берилишин алсак, мындагы эки сөз алдыларынча да, биргеликте да өтмө маанилерди туюнтушат. Ал эми "арстан", "жолборс", "бүркүт", "аюу", "түлкү" деген өңдүү бир маанилүү сөздөр оозеки жана көркөм кепте эркелетүү, какшыктоо, кемсинтүү, мактоо сыяктуу кошумча маанилердин кайсыл бирин камтуу менен өтмө мааниде кеңири колдонула берет.

Тил илиминде "маани" терминининин негизги орунда турары, башкача айтканда, тил, бул – маани экендиги сөз жана сөз айкаштарынын кеп тутумунда колдонулушундагы бөтөнчөлүктөрдөн айкын көрүнөт.

Сөздүн маанилик өзгөчөлүктөрүнүн түрлөрү жөнүндө маалымат берүүдөн мурда кыргыз тилиндеги (элиндеги) “сөз” деген түшүнүктүн (тилдик терминдин) кеңири алкакта, башкача айтканда, “сүйлөм”, “кеп”, “пикир” деген маанилерде да колдонуларын эске алгандыгыбыз артыкбаштык кылбайт. Бул өзгөчөлүктөн караганда, “сөз маанилери” деген түшүнүктү кеңири планда карап, С. Өмүралиева белгилегендей, “фразеологиялык тутумдаш маани”, “сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси” деген тилдик түшүнүктөрдү да эске алууга туура келет. Ошондой эле көп маанилүүлүк жана омонимия маселелеринин таасиринде келип чыккан “кош маанилүүлүк” түшүнүгүн ажыратып кароо зарылдыгы бар. Маселен, “жүздөшүү” деген сөз-көп маанилүү эмес, кош маанилүү сөз, анткени аны “учурашуу”, “көрүшүү” деген мааниде да, “жүз граммдан арак ичүү” деген мааниде да түшүнүүгө болот. Мындай сөздөрдүн кайсыл маанисинде айтылып жаткандыгы сүйлөмгө же контекстке ылайык аныкталгандыктан, мындай кош маанилүү сөздөрдү контексттик маанидеги сөздөрдүн бир түрү катары кароого туура келет. Бирок С. Өмүралиева “сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси” деп караган тилдик маселе бул айтылган түшүнүккө толук дал келбейт. Анда келтирилген мисалдар катары өтмө маанилүү сөздөр менен фразеологизмдер алынган [2]. Биздин оюбузча, сөздөрдөгү “көп маанилүүлүк”, “өтмө маанилүүлүк”, “кош маанилүүлүк” түшүнүктөрүнүн баары – контекстке ылайык аныкталуучу маселелер. Балким, “сөздүн синтаксистик-контексттик мааниси, деген түшүнүктү өтмө жана көп маанилүүлүктөн, фразеологиялык бирдиктердин айрым учурларынан ажыратып карай турган сөздүк маанилер кепте кезигиши мүмкүн, бирок С. Өмүралиеванын келтирилген мисалдары өтмө маанилүү сөздөр менен фразеологизмдер болуп калган [2]. Маселен, “арстан”, “аюу”, “карышкыр”, “түлкү” деген сөздөр-айрым бир авторлор тарабынан гана эмес, бүт кыргыз эли, ал эле эмес, башка элдер тарабынан да түз мааниде да, өтмө мааниде да кеңири колдонулуп жүргөн сөздөр. Ал эми “Көңүлүм кирдеп, чөгүп жүрөм” – контексттке байланышса да, байланышпаса да, “маанайы бузулуу” деген маанини туюнткан фразеологизмдерден уюшулган сүйлөм. Ошондой эле “Жүзүң аппак пилланын жибегиндей Паризат”, “Албууттанат кызыл кайрат,жаштар жанган чагылган” деген ыр саптарындагы “пилланын жибегиндей”, “жанган чагылган” деген салыштыруу маанилерин контексттик маани деп кароо максатка ылайык келбейт.

Сөздөрдүн маанилик түрлөрү кыргыз тил илиминде жалпысынан төмөнкүдөй негизде классификацияланып жүрөт:

1. Сөздүн лексикалык мааниси сөзгө тийиштүү болгон маанилик өзгөчөлүктөрдүн негизгиси катары келип, башка маанилердин баары анын негизинде, же ага байланыштуу келип чыгат. Башкача айтканда, сөздөрдүн номинативдик мааниси, грамматикалык маани (жалпы категориялык мааниси), конкреттүү жана абстрактуу маани деген түшүнүктөр лексикалык мааниден кийин, анын негизинде келип чыккан маанилик түшүнүктөр болуп саналат. Лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр морфологиялык жактан каралганда, маани берүүчү сөз түркүмдөрү болуп саналат. Мына ушундан эле лексикалык маанинин сөздөгү негизги маани экендигин көрүүгө болот. Бул маанинин орчундуу өзгөчөлүктөрүнүн бири катары андай маанидеги сөздөрдүн кайсыл бир суроого жооп болуп түшө алышы, заттык, кыймыл-аракеттик, түшүнүктөрдүн кайсыл бирин туюнта алышы эсептелинет.
2. Конкреттүү жана абстрактуу маанилер да лексикалык мааниге байланыштуу, же анын негизинде келип чыгат. Сөз маанисинин бул түрүнө филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытов “Азыркы кыргыз тили Фонетика жана лексикология” деген китебинде төмөнкүдөй негиздеги жеткиликтүү аныктамаларды берет: “Сезүү органдары (угуу, көрүү, даам билүү, жыт билүү жана туюу органдары) аркылуу кабыл алууга мүмкүн боло турган конкреттүү нерселерди, түшүнүктөрдү атаган сөздөр конкреттүү маанилүү сөздөр дейбиз. Мисалы: жыгач, айнек, жылдыз, кант, сүт, суук, ысык, таттуу, ачуу, катуу, жумшак ж.б. Бирок бардык эле көрүнүштөрдү, белгилерди көз менен көрүп, тери менен туюуга мүмкүн эмес. Алар адамдардын акылында

жалпыланып гана түшүнүлөт. Мындай түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр абстрактуу маанилүү сөздөр деп аталат. Мисалы: ой, кыял,билим, ниет, тилек, жакшылык, жамандык, акылдуулук, наадандык, адамгерчилик, жөндөмдүүлүк ж.б.” [4].

3. Сөздүн грамматикалык мааниси “жалпы категориялык маани жана жеке грамматикалык маани” делип эки түргө ажыратылып каралып жүрөт. Мындагы “жалпы категориялык маани” деген түрү лексикалык маани менен байланышта каралып, маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн тубаса, туунду негиздик абалдарында камтылат да, сырдык жана тууранды сөздөр категорияларын да өз ичине камтыйт. Жөнөкөйлөштүрүп, башкача багыттан айтканда, сөздө лексикалык маниге ээ болгон канча уңгу жана канча сөз жасоочу мүчө катышса, ал сөз ошончо жалпы категориялык маанини камтыган сөз катары каралат, же уңгудан тышкары сөздөгү ар бир сөз жасоочу мүчө лексикалык маанини өзгөртүү менен бирге эле жалпы категориялык маанинин да санын арттырат. Ал эми жеке грамматикалык маани катары сөзгө лексикалык же жалпы категориялык маанилерге кошумча маани киргизүүчүлүк, же синтаксистик байланыштарды ишке ашыруучулук функцияларды аткарган кызматчы сөз түркүмдөрү менен көмөкчү морфемалар же форма жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр туюнткан маанилер каралат. Алар өз алдынча ич ара “синтаксистик маани” жана “синтаксистик эмес маани” делип ажыратылат.

4. Сөздүн номинативдик маанисин Ж. Мамытов жогоруда аталган эмгегинде төмөнкүдөй негизде: “Сөздүн чындыктагы затка, көрүнүшкө, кыймыл-аракетке, белгиге, сапатка тике багытталган негизги, тике мааниси номинативдик маани деп аталат. Маселен, “бет” деген сөздүн адамдын башынын алдыңкы жагы, “ак” деген сөздүн “кардын, сүттүн өңүндөй түс” деген маанилери номинативдик маани болот. “Бет”, “ак” деген сөздөрдү контексттен тышкары жеке өзүн айтсак, ири алдыда эле жогоруда биз келтирген маанилерди түшүнөбүз. Ошондуктан бул маанилер адепки уютку маанилер болуп эсептелет” деп көрсөтөт [4].

Номинативдик маани лексикалык маанинин курамына кирип, сөздүн баштапкы, түпкү мааниси катары келет. Сөздөгү атоочулук, туюнтуучулук бул алгачкы маани экинчи бир сөз же сөз айкашы менен болгон семантика-грамматикалык катыштарына, өзү катышып келген сүйлөмдүн жалпы мазмунуна ылайык кийинки маанилеринин биринде (көп маанилүү сөз болсо), же өтмө маанисинде колдонулушу мүмкүн. Ал эми сөздөрдүн туунду же көп маанилүүлүгү, түз жана өтмө маанилүүлүгү жөнүндө өзүнчө сөз кылууга туура келет.

Ошентип, сөз жана сөз айкаштарында камтылган мындай маанилик өзгөчөлүктөр өз алдыларынча семантикалык функция аткаруу менен бирге, алар өз ара гармониялуу карым-катышта болуп, ойду, же маалыматты жеткиликтүү берүүдө негизги тилдик бирдиктер катары кызмат өтөшөт.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 1998.
2. Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили. – Фрунзе, 1990.
3. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек,1996.
4. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. – Бишкек, 1999.
5. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана Фразеология. – Бишкек, 1998.
6. Орузбаева Б.Ө. Словообразование в киргизском языке. – Фрунзе, 1964.

T.J. Isakova, OshSU
Jumabaeva.taalaykan83@bk.ru

About polysemantic and figurative meaning of words and expressions

This article deals with some questions of discovery in Kyrgyz linguistics, polysemantic words and words with figurative meanings.

Key words: *meaning, polysemy, figurative meaning, nominative meaning, stylistic method, omonymse t.c.*

УДК: 415.617. 21 = 20

Калыгулова С.Ш.,доцент,
Сагындыкова Р.Ж., старший преподаватель, ОшГУ

Функционально-грамматическое разбиение английских придаточных обстоятельственных предложений и их кыргызских соответствий в разрезе семантики

Бул макалада багыныңкы сүйлөмдүн классификациясын анализдөөгө аракет кылынды.

Ачкыч сөздөр*: багыныңкы сүйлөм, өлчөм орун, багыт багыныңкы сүйлөмдөр, тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр, функционалдык-грамматикалык талаа, функционалдык-семантикалык талаа.*

В данной статье сделана попытка классифицировать придаточные предложения, которые представляют собой самую многочисленную группу среди сложноподчиненных предложений, подразделяясь на многие разновидности.

Ключевые слова*: обстоятельственные придаточные предложения, сложносочиненные и сложноподчиненные предложения, функционально-грамматическое поле, функционально-семантическое поле, обстоятельственные придаточные предложения меры, места и направления, лексико-семантические средства выражения.*

Английские сложные предложения (Compoundand Complex Sentences) подразделяются на два больших типа: сложносочиненное предложение (The Compound Sentence), непосредственные составные части которого соединяются посредством сочинения (Coordination), и сложноподчиненное предложение (The Complex Sentence), непосредственные составные части которого соединяются посредством подчинения (Subordination).

В свою очередь, сложноподчиненные предложения английского языка, в зависимости от соотнесенности придаточного с каким-либо членом главного предложения, могут быть подразделены на сложноподчиненные предложения: с придаточным подлежащего (Subject Clauses), с придаточным сказуемого (Predicative Clauses), с придаточным дополнительным (Object Clauses), с придаточным определительным (Attributive Clauses), и с придаточным обстоятельственным (Adverbial Clauses).

Анализируемые нами английские сложноподчиненные предложения с придаточным обстоятельственным представляют собой самую многочисленную группу среди сложноподчиненных предложений, подразделяясь на многие свои разновидности. В научной литературе по теоретической грамматике английского языка, посвященной сложным предложениям, осуществлена классификация сложноподчиненных с придаточным обстоятельственным, исходя из предпосылок, условий и характера обстоятельственного соотнесения с главным предложением. При этом амплитуда такой классификации представляется небольшой: от 7 до 9-10 видов сложноподчиненных предложений с придаточным обстоятельственным: времени, места, цели, причины,условия и другие [3.с.278-279], [4.с.14-16], [6. с. 350].

В данном исследовании выбираем в качестве основополагающей ту классификацию английских придаточных обстоятельственных, которая относится к “золотой середине” и насчитывает восемь их разновидностей:

1) Английские придаточные обстоятельственные места (Adverbial Clausesof Place), например:
(1) *Tom made his way towards the public square of the village,* ***where*** *two "military" companies of boys had met for battle* [17.34].
– Том направился к главной площади городка, ***где*** *две "армии" мальчишек встречались для сражений.*
2) Английские придаточные обстоятельственные предложения времени (Adverbial Clausesof Time), например:
(2) ***When*** *Keave came to himself, he was aware it was the night when the band played at the hotel* [16.150**]**.
Азербайжан тилиндени Табыш жөндөмөсүнүн формалдык көрсөткүчү төмөнкүчө: – *ı, -i, -u, -ü*. Огуз түрк тилдери тобуна кирген тилдер сыяктуу эле создүн акыркы муунунун ачык же жабык болгондугунан көз каранды болуп, үнсүз тыбыштар менен аяктаган заттык маанидеги сөздөрдөн кийин *ı, -i, -u, -ü,* үндүүлөрдөн кийин-*(n)ı, -(n)i, -(n)u, -(n)ü* мүчөлөрү уланат.Муну менен катар табыш жөндөмөсүн Г. Казымов эки түргө бөлүп карайт: материалдык жактан туюндурулган табыш жөндөмөсү (müəyyənlik) жанаматериалдык жактан туюндурулбаган (нөлдүк форма) табыш жөндөмөсү (Qeyri müəyyenlik); [10, 85-86 б.]. Бул формалар затка ı, -i, -u, -ü, мүчөлөрүнүн уланылып айтылышы, жазылышы же тескерисинче түшүп калуусу менен байланыштуу: *Ay çoban Kərəm, nə dondurursan o **qonağ-ı** soyuğun-ayazın altında, gətir içəri, bir **çay** içək (Эй чабан Керем, эмне тоңдуруп турасың тиги конок**ту** сууктун-аяздын астында, алып кел ичкери, **чай** ичели).* Бул мисалда табыш жөндөмөсүнүн эки түрүнө тең мисал орун алган: ***qonağ-ı, çay.***Негизинен, азербайжан тилинде табыш жөндөмөсү төмөнкү грамматикалык маанилерди билдирет: 1). Ээнин таасири астында калган сөз катары; *Ana **uşağı** gucağına aldı.(Эне бала**ны** кучагына алды. 2)*Кыймыл аракет кандайдыр бир заттын бөлүгүнө багытталат: *Aksakal bığlarını tumarladı.(*карыя сакалын сылады*) 3).* Табыш жөндөмөсү орун билдирген сөздөргө да уланат: *Yarım saat var ki Gubanı keçdik.(Куба**ны** өткөнүбүзгө жарым саат болду/ Кубадан өткөнүбүзгө жарым саат болду),* бул мисалдан Огуз жана де кыпчак тилдеринде Илик жана Табыш жөндөмөлөрү Чыгыш жөндөмөсү менен туюндурулганын же тескерисинче болгонун белгилөөгө болот. 4). Мезгилдик маанидеги зат болушу ыктымал: *Kışı Bakıda keçirdik (Кышты Бакуда өткөрдүк). 5)*Сан-өлчөм маанисинде:*Böyük bir torbanı daşimaqda çetinlik çekdi.(Чоң баштык**ты** көтөргөндө абдан кыйналды.*Жалпысынан алганда, азербайжан тилинде III. жак таандык мүчөлөрдөн кийин: *Gəlin-**i-n–i** çağırdı*мисалында көрүлгөндөй –n тыбышы бириктирүүчү катары колдонулат да, табыш жндөмөсү мүчөсү уланат, оозеки айтылышта да жазууда да тушүп калуусу байкалбайт. Кыргыз тилинде бул маанинин түзулүшү төмөнкүчө берилет: *Келин-**и-н*** чакырды

Маанини күчөтүү иретиндеги грамматикалык түзүлүштөрдө биринчи компонентте табыш жөндөмөсүнүн түшүп айтылышы кыргыз жана азербайжан тилине мүнөздүү экени байкалат: кырг.: *Үй жайды таштоо, Бала чаканы ойлонуу;* азер.:*Ev –eşiğimi qoydum,*

*Yorgan- döşeğ-**i** almak.* Аталган көрүнүш түрк тилинде байкалбайт: ***Evi barkı** düşünmek, **Tası tarağı** toplamak;* мисалдары сыяктуу.

Азербайжан тили илиминде мейкиндик жөндөмөлөрү боюнча иликтөөлөргө назар салып караганда, алардын формалык жактары теориялык жана практикалык жактан негизделгенине күбө болобуз, муну менен катар Огуз тилдери группасынын ичинде салыштырма өнүттө изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүн белгилөөгө болот. Анткен менен, аталган типтеги жөндөмөлөрдөгү -n тыбышынын орду фонетикалык, жөндөмөлөрдүн грамматикалык маанилери синтаксистик алкакта б.а. алардын сүйлөм мүчөлөрү катары көбүрөөк изилденгендигин академиялык басылмалардан, т.а. фонетика жана морфология боюнча эмгектерден байкоого болот.

Адабияттар

1. Дмитриев Н.К. Строй тюркских языков. – М., 1969, – С.607.
2. Türkçə sərf hərv.: Baqь, 1924. – S. 14-17.
3. Çobanzada B., Agazada F. Turq Grameri. Baqь,:Azərneşr, 1929.– S. 87-88.
4. Qrammatika. Birinci hissə. Baqь, 1936. – 46-50 б.
5. Dəmirçizadə Ə., Quliyev D. Azerbaycan dilinin qrammatikası. Birinci hissə. Bakı, 1938.– 49-57 б.
6. Cəferov S., Abbasov Ə., Quliyev D. Azerbaycan dilinin qrammatikası. Birinci hissə. Bakı, 1939. – Б. 50-51.
7. Cəferov S., Abbasov Ə., Quliyev D. Azerbaycan dilinin qrammatikası. Birinci hissə. Bakı, 1939. – 50-51 б.
8. Şərqli. Sərf, nehv və ıer meseleleri//Maarif işçisi. – Baqь, 1925. № 12.18
9. Нариманов Н. Самоучитель татарского языка для русских.– Баку,1899. – S.29.
10. Kazımov Q. Müasır Azerbaycan dili. Morfologiya. Bakı, 2014. – 72-96 б.
11. Seyidov Y. Azerbaycan dilinin qrammatikası. Morfologiya. Bakı. 2006, – S.229.
12. Грамматика русского языка. Т.1. – М., 1960. – С.118.
13. Меммедали Кыпчак. Категория падежа в тюркских языках. – Баку, 1994. – С.50.
14. Щербак А.М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских яхыков. Имя. – Л., 1977. – С.177.
15. Şərif A. Qrammatika. Baqь, 1936. – S.46.
16. Благова Г.Ф. Тюркское склонение в ареально-историческом освещении: Юго-Восточный регион. – Москва, Наука, 1982. – С. 300.

F.N. Kuramaeva, Caucasus university, Turkey
fnkuramaeva@gmail.com

Thepecularities of case and their usage and place in Azerbaijan language

The category of case is the category that enables names (nouns, adjectives, pronouns, substantivised words) change with the help of case suffixes adding to the stem that provides grammatical connection of words within the sentence. There are 6 case suffixes which are used in the category of case in Azerbaijan language. In the Azerbaijani linguistics the case of nouns are divided into two types according to its grammatical and spatial forms. Genitive case shows that the object belongs to the object, but the accusative case shows the object bounded by the action.

Key words: *azerbaijan language, case, category, pronoun.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Ж.Ж. Максутова, окутуучу, ОшМУ

“Ата-эне” концептинин паремияларда берилиши

Макалада концепт терминине түшүндүрмө берилип, паремиялардагы “ата-эне” концептинин когнитема түрүндө берилиши каралат.

Ачкыч сөздөр: *ата, эне, концепт, концептосфера, когнитивдик лингвистика, паремия, лингвомаданият, когнитема.*

В статье раскрывается понятие когнитема и рассматриваются когнитемы концепта «родители» в паремиях.

Ключевые слова: *отец, мать(родительница), концепт, когнитивная лингвистика, паремия, лингвокультура, когнитема.*

Лингвистика дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда өтө тез өнүгүп бара жаткан илимдердин катарына кирет. Ушунун өзү бул илимдин максат-милдеттерин, изилдөө ыкмасынын өзгөчөлүгүн ж.б. тактап алууну шарттайт.

Когнитивдик лингвистиканын негизги категориясы – концепт. Бул илимдин изилдөө ыкмасы ар түрдүү болгондуктан, концепт ар түрдүү жол менен каралат. Алсак, орус окумуштуусу Е.Ю. Балашованын пикири боюнча, когнитивдик лингвистикада концептти изилдөөнүн лингвокогнитивдик жана лингвомаданий ыкмасы колдонулат [1: 10]. Лингвомаданий ыкманын негизинде улуттук түшүнүк алкагы (концептосфера) маданияттан аң-сезимди карай изилденет, б.а., маданият аркылуу улуттук аң-сезимдин өзгөчөлүгү аныкталат. Ал эми лингвокогнитивдик ыкмадачындыкка байланыштуу маалымат билиминин негизин менталдык маалымат түзүп, концепт жалпы коомчулуктун түшүнүк алкагынын өзгөчөлүгүн аныктаган бирдик катары каралат.

Концепт – ой жүгүртүүчү, байкоо жүгүртүүчү мүнөзгө ээ болгон категория жана анын бул өзгөчөлүгүн изилдөө ишинде кеңири мейкиндикти жаратты. Концепт категориясы бүгүнкү күндө философторду, психологдорду, логиктерди, маданият таануучуларды өзүнө тартып, ошону менен ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө сиңирип алды.

Россияда концепт термини алгач С.А. Аскольдов-Алексеев тарабынан 1928-жылы колдонулган. Окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз нерсенин, кыймыл-аракеттин ойго таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүлүшү катары аныктаган [8: 22]. Бүгүнкү күндө көптөгөн окумуштуулар «концепт» терминин изилдөөгө алышса да, так аныктамага ээ боло элек. Алсак, окумуштуу В.И. Карасик концептке: «Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу» [4: 39]; «концепт – бул адамдын акыл-эсинде манилүү маалымат катары баамдалган тажрыйбанын үзүндүсү, эсте сакталган менталдык маалымат»; «адамдын баласы өз жашоо турмушунда башынан өткөргөн кандайдыр бир маалыматтын фрагменти» [4: 3], – деген аныктамаларды берген. Аталган окумуштуунун оюн кубаттоого болот, анткени аңдап-туюу процессин (когницияны) изилдөөгө алганда, кандай гана түшүнүк болбосун, аны аң-сезимде туюлуу, тилде чагылуу өзгөчөлүгүн анализдей берүүгө болот.

Окумуштуу А. Соломоник: «Коцепт – бул күндөлүк турмуштун базасында иштелип чыккан абстракттуу илимий түшүнүк» [8: 78] – деген. Биз бул окумуштуунун да пикирине кошула албайбыз, себеби концепт «абстрактуу илимий түшүнүк» эмес, ал кандайдыр бир турмуштук фрагментти чагылдырган идея болушу ыктымал.

Окумуштуу В.В. Колесов концептке: «сөздүн мазмундук формасындагы образ, түшүнүк, символ түрүндөгү маанинин маңызы» [9: 19-20] – деген так аныктаманы берген.

Мындан сырткары казак окумуштуулары да концептология багытында (С.Е. Исабеков, З.К. Ахмеджанова, Э.Д. Сулейманова, К.М. Абишева ж.б.) бир топ окумуштуулар изилдөө иштерин жүргүзүп, концепт маселесин кеңири карап чыгышкан.

Биздин оюбузча, концепт, биринчиден, мазмунуна бизди курчап турган дүйнөгө байланыштуу жалпы маалыматты камтыган бирдик болсо, экинчиден, улуттук маданиятта сакталуучу, топтолуучу, муундан-муунга өтүүчү, өздөштүрүлүүчү касиетке ээ болгон менталдык бирдик.

Ал эми “ата-эне” концептин түзгөн эки түшүнүктү айрым-айрым изилдөөгө алууга болот. Булар бир тутумдагы кош түшүнүктөр.

“Ата” концепти менен “эне” концепти биригип бир сфераны түзө алат. Көпчүлүк накыл сөздөрдө бул концептер бири-бирине байланышсыз берилет. М.Ибрагимов түзгөн «Кыргыз макал-ылакап, учкул сөздөрү 10551» аттуу жыйнакта бул сөздөр катышкан 167 паремия бар. Булардын 37-синде “эне” концепти өзүнчө, 125-инде “ата” концепти, 56-сында “ата-эне” жана “ата” менен “эне” контрасттык концептери учурайт [10: 125].

Ата жана *эне* сөздөрү макалдарда негизинен денотативдик же баштапкы маанилерде кездешет. Алар жалпы «үй-бүлө» семантикалык алкагына кирет да, муну *ата, эне, чоң ата, чоң эне, таята, тайэне, небере, чебере, кыбыра, байке, таяке, аке, ага, тага, жеңе, тайэже, жезде, кайын ата, кайын эне, кайни, кайын сиңди, кайнага, кайнеже, балдыз, жээн, бөлө, келин, күйөө бала, өгөй эне, өгөй ата, өгөй бала, өгөй кыз, өгөй келин, уул, кыз, ага, ини, эже сиңди. карындаш* ж.б. ушул сыяктуу компоненттер түзөт.

Биз талдоого алган “ата-эне” концептосфера – үчилтик. Ал теңдешсиз үч концепттен турат. Бул үчилтикти төмөндөгүдөй схема менен туюнтууга болот [10: 126]:



Түрк тилдеринин көбүндө бул үч бурчтук ушундай катышта келет. Ал эми индоевропа тилдеринин дээрлик баарында түрк тилдериндегидей уңгулаштык байкалбайт. Орус тилин ала турган болсок, буга үч сөз өзүнчө катышат.

Кыргыз тилиндеги *ата, эне, ата-эне* деген үч сөздүн маани-маңызын пайда кылган концепттер көптөгөн накыл сөздөрдүн темасын да, мазмунун да түзөт. *«Ата болуш – ардак, эне болуш - сыймык»* макалында жалпылоочу «балалуу» концепти кошо туюнтулат. Бул паремияда баалоо бар. Адамдын тукум улантуу касиетинин ардактуулугу, сыймыктуулугу басым менен аталат. Кайсы бир макалдарда ата, эненин кадыр-баркынын балдарына тийгизген таасири, алардын келечегине, турмуштагы ордуна өбөк-жөлөк болушу катталат. Ата даңкы, эне баркы – балага дем. Баланын чыйрак, намыскөй, активдүү болушуна атанын аброю, эненин наркы чоң мааниге ээ. Ушул когнитема макалдын ички мазмунун жаратып турат.

Ал эми *Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы* учкул сөзүндө уул атанын үлгүсү менен, кыз эне үлгүсү менен өсөрү, калыптанышы белгиленет. Бул когнитеманын экинчи бөлүгүн башка формадагы элдик тажрыйба да ырастайт: *Энесин көрүп кызын ал.* Бул императив концепти мурунку макалдагы экинчи пикирдин негиздүүлүгүн тастыктап турат

Кээ бир паремияларда атаны уул, энени кыз жолдоору айтылат. Атанын кесиби уулга, эненин иши кызга өтөрү белгиленет: *Ата көргөн ок бычат, эне көргөн тон бычат; Ата көргөн ок жонор, эне көргөн тон бычар.*Булар бир макалдын эле эки трансформасы. Бул жерде “ата”, “эне” концепттеринин мазмуну алардын контексттиндеги концепттер менен айгиненет. *Көргөн* сөзүнүн мааниси – биринчи сүйлөмдө «уул», экинчи сүйлөмдө «кыз» маанисин туюнтат. *Уул ата өнөрүн улантат* когнитемасында «уучулук кылат, мергенчиликти тандайт, устачылык кылат…» концепттер кызмат кылат. Ошондой эле бул жерде *«эне өнөрүн кыз улантат»* деген когнитеманын варианттары катары «басмачылык кылат, тигүүчүлүктү тандайт, жууркан тигет, төшөк кабыйт…» концепттер бар.

Мындай адистешүү көргөн-билгенден, кызыгуудан, ыклас коюдан, үйрөнгөндөн пайда болот. Ата кесиби уулга, аял иши кызга өтөт. Бул үй-бүлөлүк традиция, кызматтын мурас катары атадан уулга, энеден кызга өтүшү.

Ата-эне менен балдардын мамилеси ар түрдүү болот. Алардын ортосунда өз араурмат-сый, өз ара түшүнүүчүлүк, бирин-бири колдоочулук болушу да, болбошу да мүмкүн. Буга бир мисал келтирсек: *Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун*[5: 71]. Бул жерде таандык *–м* мүчөсү сүйлөмдү сүйлөөчүгө ыйгарбайт. Макалдын менталдык семантикасындагы *ата-эне, бар-жок, ооз-мурун* концептосфералары өз ара жалгашып, *атам бар болсун, энем бар болсун, оозу жок болсун, мурду жок болсун* сыяктуу конкреттүү пропозицияларды жаратып турат. Макалдык мазмундун орчундуу жүгү *ооз-мурду* татаал сөзүнө түшүп турат. Экөө тең баштын бет бөлүгүндөгү эки органдын аты: *ооз* – «азык кабыл алчу, сүйлөөнү уюштуруучу көңдөй», *мурун* – «дем алууну жана чыгарууну аткарчу кош тешиктүү орган». Макалда бул көңдөй органдардын болуш-болбостугу тууралуу айтылбайт. Алардын кызматы, функциясына байланыштуу сөз кетип жатат, бул функциялардын адресат-адресантка пайда-зыяны жөнүндө кеп болуп жатат. Муну далилдеш үчүн макал-императивди колдонууга мүмкүн типтүү кырдаалдарга көңүл бөлөлү:

1. Энеси кызын тымызын көзөмөлдөйт. Кыз бойго жеткен. Бойдок балдар чакырып, кечкурун ышкырып белги берет. Энеси наалыйт, бала-чаканы да кубалайт. Кызына кайта-кайта кеп-насаат айта берет. Көп учурда ачуу сөздөр чыгып кетет. Кейиген коңшу кемпир ушул макалды келтирет.
2. Кемпирдин жалгыз уулу бар. Ал эч жерде иштебейт. Бойго жеткен. Үйлөнүүгө шарты жок. Тели-теңтуштары менен тапканын ичип алат. Анысы аз келгенсип апасынын пенсиясынан алып чылым чегетүйдө күндө жаңжал. Ал гана эмес, кемпир баласын каргап-шиледи, ак сүтүнө да койду, бирок бала оңолбоду. Аксакалдарга да кайрылды. Тыянак жок. Бир досунун көзүнчө баласына айланып-үйрүлүп да көрдү, каргап-шилеп да көрдү. Натыйжа жок. Баласы ошол досу менен жалгыз калганда ушул макалды айтты. Досу далысын куушуруп койду.
3. Ата-энеси пенсия алат, оокатка тың, мал-жаны дурус эле. Бирок алар балдарына учуру-учуру менен салык салып турушат. Азык-оокат, кийим-кече алып беришин талап кылат. Үй ишине, тиричилигине алардан жардам күтүшөт. Кээде балдары ачык эле андан баш тартышат. Шылтоолору көп. Абышка бир күнү ачуусу келип макалды атайт.

Мындай кырдаалдардын тизмесин дагы көбөйтсө болот. Ушул эле жерде көрүнүп турат. Макалдын концептуалдык маниге эң бай бөлүгү катары *оозу-мурду* сөзүн алууга болот. Анын мазмунун «кеп-кеңеш, талап, мажбурлоо, зекүү, каргыш, сөгүш; тамак-аш, азык-оокат, кийим-кече, акча…» сыяктуу концепттер түзөт. *Ооз, мурун* сөздөрү кошулуп бир сөздү түзүп, макалда колдонуп, көп «түстүү» коннотацияны жарата алат. Макалдын жалпы маанисин «Ата-эне болсун, талап-суранычы болбосун» когнитемасын белгилөөгө болот.

Эми *ата-эне* кош сөзүнө кайрылалы. Бул, албетте, туунду сөз. Ал *ата* жана *эне* сөздөрүнүн туташып ширелишинен пайда болгон. Бирок бул сөздө баштапкы эки уңгу даана көрүнүп, жиктелип, алардын маанилери толук бойдон бир жумуру семантикага өтүп

кетпеген. Кош сөздүн лексикалык маанисинде мотив-жүйөө ачык эле байкалып турат. Бирок *ата, эне* лексемаларына караганда кош сөздө туташ мазмун берилет.

Ата-энеңди сыйласаң, өз баландан жакшылык көрөсүң; Ата-энеңди сыйласаң өз баландан оопа көрөсүң; Ата-энесине акаарат кылганды эл таш бараң кылат; Ата-энесине акаарат кылганды шарият көтөрбөйт ж.б. когнитемалар учурайт.

Изилдөөгө алгын маселеге ылайык бир нече жыйынтыктоочу пикирлерди айтууга болот.

1. Концепт – ойдогу жана тексттеги эң кичинекей, минималдуу көлөмдөгү мазмун. Мындай мазмун ойтуюмдун түйүндөрүн, кичине элестерин, маани-маңыздарын, ойдун баштапкы түйүлдүктөрүн чагылдырат. Концептердин биригүүсү, топтолушу ар кыл даражадагы концептосфераларды уюштурат.
2. Паремиялар элдин дүйнө сүрөтүндө ири концептосфераларды жаратышат. Мындай концептосфералар тематикалык, семантикалык, менталдык-ойтуюмдук, жүрүм-турумдук ж.б. убакыт, мейкиндиктин чегинде уюшулат.
3. Паремиялардын түзүмүндө бир эле концепт ар түрдүү концептосфералардын алкагына кирип кетет. Мисалы, “үй-бүлө” концептосферасындагы биз сөз кылган “ата-эне” концептинен сырткары “жеңе”концептин алып көрөлү. *Бакылдаган текени суу кечкенде көрөбүз, шакылдаган жеңени үй чечкенде көрөбүз* паремиясында ал теке-жеңе биримдигин түзүп башка концепттин символу катары кызмат кылып турат. Макалдын когнитемасы – «кыйынсыган кишини жооптуу иш кылдырып текшерүүгө болот». Демек, мында “жеңе” концептине “мактанган жигит”, “койкойгон кыз”, “кыйынсынган келин”, ”шуулдаган шофер, “көп сүйлөгөн аял”, “менменсинген эркек” ж.б. ой башаттары биригип өз жагдайына ылайык мазмунга ээ болушат. Бул ой башаттары, пикир түйүлдүктөрү макалдын курамында инварианттык «кыйынсынган киши» когнитемасына баш кошушат.

Когнитема макалдын бир бөлүгүндө же бүт турпатында берилиши мүмкүн. Аны түзгөн концепттер эки, үч же андан көп концептосфералардын курамына кире алат.

Адабияттар

1. Балашова Е.Ю. Концепты «любовь» и «ненавесть» в русском и американском языковых сознаних: Автореферат дис. –Саратов, 2004.
2. Закиров С. Кыргыз элинин макал, лакаптары. –Ф., 1962.
3. Зулпукаров К.З. Кыргыз паремияларынын түрлөрү, түзүлүшү жана педагогикалык максатта колдонулушу // Эл агартуу. 2002.
4. Карасик В.И. Культурные доминанты в языке // Языковая личность: культурные концепты. – Волгоград-Архангельск, 1996.
5. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү. Түзгөн М.Ибрагимов. –Карабалта, 2005.
6. Ибрагимов С. Лингвокультрология – тилдик маданият таануу. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы. – Б., 2004.
7. Попова З.Д. Когнитивная лингвистика//Попова З.Д., Стернин И.А. – М.: АСТ: Восток-Запад, 2010.
8. Саломоник А. Семиотика и лингвистика. – М.: «Молодая гвардия», 1995.
9. Колесов В.В. Концепт культуры: образ – понятие – символ // Вестник СПБГУ. 1992.
10. Эргешова С.Б. Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну. –Б., 2002.

J.J. Maksutova, teacher, OshSU
zhazgulu@list.ru

The concept of "parents" in proverbs

The article deals with the concept and discusses kognitema kognitemy concept "parents" in proverbs.

Key words: *father, mother (parent), concept, cognitive linguistics, proverbs, lingvokulturah, kognitema.*

УДК: 494.3:894.341:371.302

Максутова Ж.Ж., окутуучу, ОшМУ

Паремияларда “ата-эне” концептин уюштурган когнитемалар

Макалада “ата-эне” концептин камтыган паремиялардагы когнитемалар талданат.

Ачкыч сөздөр: *концепт, когнитивдик лингвистика, когнитема, адресант, адресат, паремия, инварианттык маани, менталдык.*

В статье рассматриваются пословичные когнитемы, включающие в себя концепт “родители”.

Ключевые слова: *концепт, когнитивная лингвистика, когнитемы, адресант, адресат, паремия, инвариантные значение, ментальность.*

Концепт категориясын изилдөөгө заманбап лингвистикада орчундуу көңүл бөлүнүп жатат.

“Концепт” терминине бир тараптуу, бир жактуу так аныктама берүү кыйын. Концепт – ой туюмдун бөлүгү, элементи. Ал адамдын аң-сезиминде, ой туюмунда жашап, түшүнүктөрдү атап көрсөтөт.

Маселен, айрым диалектилик өзгөчөлүктөрдөн улам Баткен говорунда айтылган “ава” сөзүнөн “ата” концептин түшүнүүгө болот. Дагы бир мисал катары, “чоң ата” жана “чоң эне” балдарынын балдарын (неберелерин) багып, өз уулу, кызы катары тарбиялашат, аларды “ата”, “эне” (апа) деп атаганы менен, “чоң ата”, “чоң эне” концепттери ой-сезиминде жашайт. Ошол эле балдар, өз ата-энесин “жеңе, аке” деп атаган учурлар кездешет, бирок алардын ой-туюмунда “ата”, “апа” концепттери чагылат.

“Когнитивдик лингвистика жана когнитивдик психология боюнча адистер адамдын эстутумунда жана аң-сезиминде ар кыл байланыштагы, көлөмдөгү сөз айкаштары, фразеологизмдер, афоризмдер, макалдар, аяндар, каргыштар, цитаталар ж.б. колдонууга даяр турганын, булар өзүнчө коммуникативдик үзүндүлөрдү, фрагменттерди түзөрүн, алар кептешүү, жандашуу, кошулуу принциптеринин негизинде жашаарын белгилешет. Алардын өз ара тутумдашышы, жалганышы кеп аракетинин жана пикир алышуунун негизин түзөт” – деп белгилейт окумуштуу Б.М. Гаспаров [2: 248].

Айтылган ой мындай концепттердин, маанилердин, когнитемалардын, үзүндүлөрдүн, даяр цитаталардын өз ара жалганышынан пайда болот. Демек, когнитема жалпылоочу маани катары ар бир адамдын эстутумунда жашайт, өз ара тутумдашып, айкашып пикирди жаратат. Когнитема түшүнүгү паремиянын жалпы маанисине же маанинин бир бөлүгүнө, инварианттык мазмунга, же анын бөлүгүнө дал келет.

Биз изилдөөгө алып, мүнөздөп жаткан “ата”, “эне” концепттерин түзгөн паремиялардын катарына кирген каргыштардагы когнитемаларды талдоого алсак, каргыштарда пикир берилбейт. Анда кеп жүрүп жаткан субъектте тигил же бул сапаттын бардыгы же жоктугу билинбейт. Эгерде, *Ата каргышы – атылган ок* десек, мында логикалык субъект менен предикат бар. Субъект – *ата каргышы*, предикат – *атылган ок*. Предикат субъекттин сапатын билгизип турат. Ал эми *Атаңын (атаңдын) оозун урайын* деп сөксөк, фразада субъект, предикат берилбеген. Мында адресат менен адресанттын өз ара мамилелерин туюнтуп, колдонулушуна ылайык шартта пайдаланылган. Бул паремиянын когнитемасы колдонулган сөздөрдүн маанисине өтө алыстан байланышат. Мында *ата,* анын *оозу, оозду уруу* жөнүндө айтылбайт. Фразанын мазмуну өз мотивациясынан оолактап кеткен. Адресант адресатты ыза кылуу, анын эмоциясында негативдүү жагдай пайда кылуу максатын койгон. Мына ушул эле сөгүү паремиясы ар жагдайда пайдаланылышы да мүмкүн. Аны айтуу интонациясы да ар кыл болууга тийиш.

Эгер, *Атаңын оозун урайы-ы-ын! Канча жыл, канча кылым! Кайда жүрөсүң адамды сагынтып?* деген контекстте биз карап жаткан фраза күтүлбөгөн жолугушууну, узак убакыттан бери көрүшпөгөн эки теңтуштун сезимталы озунуп билгизген сүйүнүч эмоциясын берип жатат. Ал эми *Атаңдын оозун урайындын эчкиси! Дагы теректерди кажыдыңбы? Мына сага, мына!* деген контекстте эмотив (эмоционалдуу мамиле, сезим) бар. Эчки адресанттыкы эле, ал өзүн-өзү сөгүп жатат. Ошол эле учурда адресанттын эстутумунда *теректи тосуп коюш керек эле* деген сыяктуу концепттер жатат.

Бул паремиянын колдонулуу жагдайлары өтө көп. Бардык учурда ал типтүү формула катары кепке кирет, бардык учурда мазмунунда зекүү, мокотуу, басынтуу, эркелетүү, тийишүү ж.б. сезимдин түрлөрү берилет. Жогорудагы паремияга окшош эле, *Атаңдын башы, Атаңдын чокусу* сыяктуу фразаларды да мисал келтирүүгө болот. Бул паремиянын когнитемасынын колдонулган сөздүн мазмунуна байланышы бир топ алыс. Кептин мазмуну *ата, анын башы* же *анын чокусу* когнитемасы жөнүндө эмес, жогоруда белгилеп өткөн ар түрдүү жагдай, эмоциялык абалды туюнтууга болот. Айрым учурда *Атаңдын башы, Атаңдын чокусу* паремиясын адресант (ата) да колдонушу мүмкүн.

Накыл сөздөрдө да “ата”, “эне” кызматына байланыштуу сөздөр бар. *Атаң карыса - кул кылба, энең карыса – күң кылба.* Бул паремияда кескин буйруу когнитемасы берилген. Кызматты атоочу кул жана күң концепттери азыркы мезгилде актуалдуу эмес, учурда *“кул урунуу”, “күң жумшоо”* концепттери этностук ойтуюмда жок. Өткөн мезгилдерде кул кызматы эркектерге, күң кызматы аялдарга мүнөздүү болсо, бүгүнкү жашоодо бул чектөө даана байкалбайт. Ошондуктан накыл сөздүн инварианттык мааниси катары *“улгайган ата-энени кызматкер кылып алба”*, дагы бир инварианттык мааниси *“улгайган ата-энеңе кызмат (жумуш) кылдырба”* деген тыюуну атоого болот. Муну когнитема деп атоого мүмкүн. Бул маани эки вариантка ажыратылат: биринчиси – *“улгайган атаңды кызматкер (кул) кылып алба”*; экинчиси – *“улгайган энеңди кызматкер (күң) кылып алба”.*

Ал эми кийинки макалда кездешкен когнитемалар аркылуу бир топ концепт түшүнүгүн чагылдырууга болот. Алсак, ата-эне баланы тарбиялайт, чектен чыгарбайт, элдик эрежелерди сактоого, эл менен болууга мажбурлайт. Баланын аракети ата-эненин сөзү, айбаты, кадыры менен багытталат. Ата-эненин көзү өтүп кеткен болсо, баланын жүрүш-турушу, тагдыры өзгөрүлүп кетиши ыктымал. Ошондуктан макалдарда *“ата-эне өлсө, бала көбөт”* деген когнитема учурайт. Бул жалпы маани конкреттүү концепттерге ажыратылып, макал “*атасы өлгөн уул көбөт, энеси өлгөн кыз көбөт”* болуп жүрөт. Бул макалдын артында көптөгөн концепттер жатат: *“уулду ата көзөмөлдөөчү”, “уулга ата баш-көз болчу”, “кызды эне тескөөчү”, “кызды энеси тарбиялоочу”* ж.б. Мында айрыкча *көбөт* этишинин мааниси макалдагы мазмунду уюштуруучу касиетке ээ. Муну *“бой көтөрүп кетти”, “дердейип калды”, “чалкалап калды”* ж.б.у.с. маанилеш концепттер кырдаалга ылайык билдирет.

Паремиялардын кичи жанрларынын катарына кирген табышмактардын спецификасы макалдардан кескин айырмалангандыгы алардын семантика-структурасынын бөтөнчөлүгүнө байланыштуу, андыктан андагы каймана ойдун туюндурулушуна таптакыр башкача өңүттөн мамиле жасоого туура келет. “Табышмак” деген терминдин өзү эле айтып тургандай, коюлган маселени чечүү проблемасы биринчи планга чыгарылып, аны дароо табуу тапшырмасы коюлуп, жооп күтүлөт.Табышмак суроо мүнөзүндө айтылып, адресанттын (жандырмак айтуучунун) акылында анын жообу концепт түрүндө чагылып турат.

Табышмактардын семантикалык структурасы жандырмакка байланыштуу аныкталууга тийиш, себеби табышмак менен жандырмактын ажырагыс бүтүн биримдиги когнитеманы шарттайт. Когнитеманын түзүлүшү эки бөлүктөн турат да, биринчи бөлүгү ачыкка чыгарылган каймана ойго ээ, бирок ачыкка чыгарылганы менен, ошол эле учурда чүмбөттөлүп жаап-жашырылып турат. Ал эми экинчи бөлүгү биринчи бөлүктүн реалдуу

жүзү, ачыкка чыгарылбаган белгисиздик, ачыкка чыгарууга тийиш болгон белгилүүлүк. Маселен, *Атасы – бүкүрү кожо, Энеси – шапелек айым* (чайнек, пияла) [1: 179] табышмагын түзгөн *атасы бүкүрү, бүкүрү кожо* когнитемасы аркылуу каймана ой берилип, мында *атасы бүкүрү, бүкүрү,* демек, *ийилип турат* жана ошол эле мезгилде ал *кожо* (негизги фигура) концепттери чагылуу менен, табышмактын экинчи бөлүгү (*Энеси шапелек айым)* адресаттын жандырмагына, ал чагылдырган концепттерди ачыкка чыгарууга багыт берет. *Энеси, ал шапелек, шапелек айым* когнитемалары аркылуу, ошол эле мезгилде адресанттын *ата* (үй-бүлө башкаруучу), *эне* (үй-бүлөнүн куту, кызматын аткаруучу) сөздөрүнө салыштыруусу аркылуу бир бүтүндүк экендиги айгиненет. Ал эми *Желини сүттүү куу инген* [1:114] табышмагынын *желини сүттүү, сүттүү куу инген* когнитемалары өтө алыстан байланышат. Жогорудагы табышмакта “ата”, “эне” концепттери түздөн-түз катышуу аркылуу табышмактын жообу аныкталса, биз сөз кылган табышмактын мазмунунан жандырмагын (эне) табууга болот. Табышмактын мазмунунда жандуу зат жөнүндө сөз болуп жаткандыктан, кандай гана болбосун, табуучуну аргасыздан жандык тууралуу ойго түртүшү да ыктымал. Бир катар жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшулган табышмактын мазмунунда адам тууралуу купуя сыр жатат.

Үй-бүлө концептосферасын түзгөн “ата”, “эне”, “бала” концепттерин да табышмактардан кездештирүүгө болот. *Атасынын кулагын баласы чукулайт* (кулпу, ачкыч), *Энеси үйдө калат, Баласы айыл кыдырат* (кулпу, ачкыч) [1:152] сыяктуу табышмактарда *атасы, анын кулагы, баласы, баласы анын кулагын чукулайт, энеси үйдө калып, баласы айылдайт* когнитемалары аркылуу табышмактын жандырмагын табуу менен бирге, адамдын эстутумунда чагылган концепттер бир бүтүндүккө келип, когнитема аркылуу табышмактын жообун табууга багыт берет.

Жыйынтыктап айтканда, паремиялардын негизги өзөгүн түзгөн когнитемалар аркылуу адамдын аң-сезиминде концепттер чагылуу менен бирге тематикалык, семантикалык, менталдык-ойтуюмдук, жүрүм-турумдук ж.б. талаалардын чегинде уюшулат.

Паремиялардын инварианттык мааниси анын ар бир бөлүгүндө да, эки бөлүгүндө да жайгашкан. Паремиялардын ар бир бөлүгү жалпы когнитеманы камтып турат. Аны түзгөн концепттер эки, үч же андан көп концептосфералардын курамына кире алат.

Адабияттар

1. “Эл адабияты” сериясы. Табышмактар. – Б., 2002. – 318 б.
2. Гаспаров Б.М. Язык, память, образ. Лингвистика языкового существования. – М., 1996. – С. 352.
3. Закиров С. Кыргыз элинин макал жана лакаптары. – Ф: Мектеп, 1972. – 126 б.
4. Зулпукаров К. Кыргыз паремияларынын түрлөрү, түзүлүшү жана педагогикалык максатта колдонулушу// Эл агартуу. 2002. №3-4. – С. 53-58 б.
5. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү. Түзгөн: М.Ибрагимов. – Кара-Балта, 2005. – 500 б.
6. Прохоров Ю.Е. В поисках концепта. – М.: Флинта: Наука, 2009. – С. 176.
7. Эргешова С. Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну. – Б., 2002. – 152б.

J.J. Maksutova, teacher, OshSU
zhazgulu@list.ru

In paremy consists of “parents” cognitemies of concept

This article deals with preverbalcognitemy, which includes the concept of "parents".

Key words:*concept, cognitive linguistics, cognitems, addresant, addresat, paremy, invariant meaning, mental.*

УДК: 82/821.0

Машиева Р.К., магистр, ОшГУ

Формула приветствия в русском и кыргызском языках

Макалада саламдашуу, куттуктоо түшүнүгүнүн мазмуну аныкталат жана кыргыз, орус тилдериндеги саламдашуунун түрлөрү сыпатталат.

Ачкыч сөздөр: *саламдашуу,жолугушуу, этикет, адресат, адеп-ахлах, мамиле, урматтоо.*

В статье раскрывается сущность приветствия, анализируются и сравниваются различные формы приветствия в русском и кыргызском языках.

Ключевые слова: *приветствие, встреча, этикет, адресат, нравственность, отношение, уважение.*

Приветствие – один из самых важных знаков речевого этикета. С его помощью устанавливается контакт общающихся, определяются отношения между людьми. Поэтому не владеть формулами приветствия – это значит быть всем чужим, не уметь общаться.

С приветствия начинается общение, поэтому приветственные формулы – обязательный раздел двуязычных разговорников, которые издаются для туристов, спортсменов и всех, кто отправляется в чужие страны. Именно с формул приветствия нередко начинают изучение и описание языка. В 1696г. в Оксфорде вышла русская грамматика, составленная побывавшим в России Генрихом Вильгельмом Лудольфом [1]. Она должна была познакомить Западную Европу с языком Московской Руси. Грамматика была очень краткой, но в ней прилагались образцы текстов, и первый, же приведённый в грамматике диалог был диалогом приветствия, а в специальном приложении можно было познакомиться с утренними, дневными и вечерними приветствиями.

Замечательный знаток русской речи Владимир Иванович Даль привёл в своём сборнике много пословиц и поговорок, немало приветственных формул, которые были приняты в России в прошлом [2]. Здороваясь с заканчивающими жатву, говорили: «*С двумя полями сжатыми, с третьим засеянным!*». Молотильщикам так желали успешной работы: «*По сто на день, по тысяче на неделю!*». «*Свеженько тебе!*» – здоровались с девушкой, черпающей воду. «*Хлеб да соль!*» или «*Чай да сахар!*» – говорили едящим или пьющим.

Вежливый человек должен был не просто ответить на приветствие, но использовать в ответе специальную для каждого случая этикетную формулу. Когда женщине, занятой дойкой, говорили «*Море под коровой*!», у неё наготове уже был ответ: «*Река молока*!» Рыболова приветствовали: «*Улов на рыбу!*» «*Наварка на ушицу*!» – отвечал он. Женщине, которая месит хлеб, желали: «*Спорынья в квашню*!» (Спорынья – это удача.) «*Сто рублей в мошну!*» – был её ответ.

До сих пор в отдельных русских деревнях на «*Здравствуйте!*» отвечают «*Спасибо!*», а в ответ на приветствие «*Добрый день*!» также желают хорошей погоды, вёдра.

Со временем приветствия, конечно, меняются. Ещё в XVIII в. формулы «*Здравия тебе желаю*!», «*Желаю здравия*!» мог произносить любой человек, входя в дом или встречая знакомого [3]. Лишь позже они закрепились в военной среде, сделались уставной формой. Когда-то «*Здравствуй!»* говорили не только при свидании с другим, но и если кто-нибудь чихал, то есть в тех случаях, в которых сейчас говорят «*Будь здоров*!» или «*Будьте здоровы*!». Читая в былинах такие выражения, как «*Ай ты гой еси, Илья Муромец*!» или «*Исполать тебе, добрый молодец*!», мы понимаем, что «*гой*», «*исполать*» – это старинные приветствия, но сами давно уже их не употребляем.

Кыргызская формула приветствия также имеет свою историю и ему уделяется большое воспитательное значение. Приветствие на сегодняшний день считается наследием, который через века сохранил в себе нравственную чистоту.

В кыргызском, как и в русском языке, существуют разнообразные формулы приветствия, употребление которых зависит от: 1) возраста адресата и говорящего; 2) дистанции между партнерами: чужой, знакомый, друг, родственник; 3) социальной иерархии партнеров; 4) ситуации общения (бытовая либо официальная); 5) пола адресата иговорящего[4].

Для кыргызской общности характерно уважительное, почтительное отношение к старшим. Детей с раннего возраста приучают не перечить, уступать место, быть услужливыми по отношению к родителям и посторонним людям преклонного возраста. Такое отношение не могло не найти отражение в языке: так, формула приветствия «*Саламатсыңбы*» («Здравствуй!»), употребляемая по отношению к младшим либо родственникам, имеет следующие варианты: «*Саламатсыңарбы!*» (по отношению к нескольким представителям той же возрастной группы), «*Саламатсызбы*!» (по отношению к людям старшего возраста) и «*Саламатсыздарбы!*» (по отношению к нескольким представителям старшего возраста). Анализируя данные формулы речевого этикета, можно заметить, что языковым элементом вежливости в них является суффикс «Сиз», присутствующий во всех вежливых обращениях ко второму лицу, соответствующих русскому «Вы» [5].

Выбор формулы приветствия зависит и от того, знакомы или нет участники коммуникативной ситуации. Если они незнакомы, то выбор приветствия зависит, в основном, от возраста адресата: к ровеснику или старшему обращаются с приветствием «Ассалому валейкум!» (к мужчине), либо «Саламатсызбы!», а к младшему либо «Саламатсыңбы!» либо «Салам!». Если же участники коммуникативной ситуации знакомы, то все зависит от степени знакомства: друзья часто приветствуют друг друга словами «Салам!», «Саламатсыңбы!», «Саламатсыңарбы!», также приветствуют и близких по возрасту родственников и знакомых.

Использование формул приветствия зависит также и от ситуации, в которой они употребляются: бытовой или официальной. Официальные приветствия, как правило, лишены эмоциональной окраски и являются чисто ритуальным элементом общения. Говорят «Саламатсыздарбы*, айымдар менен мырзалар*!» («Здравствуйте, дамы и господа!»). Эти формы приветствия, как правило, не применяются в бытовой обстановке, а если и используются, то лишь в шутливой форме [6].

Выбор формулы приветствия зависит еще и от пола приветствующих друг друга людей. В кыргызском языке существуют формулы приветствия, употребляемые только мужчинами: «*Ассаламу алейкум*!», на что приветствуемый мужчина отвечает: «*Увалейкумассалам*!».Интересно в кыргызских формулах приветствия и то, что многие из них являются в то же время и вопросом о здоровье адресата. Так, приветствия «*Амансызбы*?» («Здравствуйте! Вы здоровы?»), «*Аман-эсенсиңби*?» («Здравствуй! Ты здоров?»), «*Эсенсиздерби*?» («Здравствуйте! Как дела?»), «*Сак-саламатсыздарбы*?» («Здравствуйте! Как поживаете?») имеют в своей основе такие слова, как *аман* (здоровый, благополучный, невредимый), *эсен* (благополучный), *сак* (здоровый) [7]. Кроме здоровья самого адресата в кыргызской лингвокультурной общности принято справляться также и о здоровье его родственников, близких ему людей, при этом вежливым ответом на такое приветствие будет неизменное «*Жакшы, рахмат*.» («Хорошо, спасибо»).

В кыргызском языке существуют также такие формулы приветствия, как «*Кайырлуу таң»* (Доброе утро), «*Кайырлуу күн*» (Добрый день) и «*Кайырлуу кеч*» (Добрый вечер). Их употребление подчеркивает уважительное отношение к адресату, такие приветствия можно услышать на работе между коллегами, так может поздороваться начальник с подчиненным, причем подчиненный ответит так же.

В ситуации обращения подчеркивание статусной и возрастной дистанции между партнерами является необходимым. Для кыргызской лингвокультуры очень характерны формы обращения типа *жердеш, агайын, қарындаш, апа, энеке* (земляк, браток, сестренка, мамаша, бабушка и т.д.), причем употребляются они как по отношению к знакомому адресату, так и по отношению к незнакомому. В целом для формул обращения к незнакомому адресату в кыргызском языке характерна собирательность, объединение адресатов в группу (*Айымдар менен мырзалар*! Дамы и господа!, *Урматтуу жолоочулар!* Уважаемые пассажиры!, *Кымбаттуу достор!* Дорогие друзья! и.др.), что отражает коллективный, семейственный уклад жизни [8].

Литература

1. Гольдин В.Е. Речь и этикет. – М., 1983. – С. 114.
2. Даль В.И. Толковый словарь живого великорусского языка. Том IV. – М., 1994. – С. 755.
3. Формановская Н.И. Вы сказали: "Здравствуйте!" (Речевой этикет в нашем общении). – М., 1982. – С. 104.
4. Жаманкулова А., «Фабула» («Кыргыз гезиттер айылы»), 07. 09.2012-ж.
5. А.П. Садохин. Введение в межкультурную коммуникацию. – Москва, Изд-во Омега-Л, 2009. – С. 87.
6. О.А. Леонтович. Введение в межкультурную коммуникацию. Учебное пособие для вузов. М.: Академия, 2007. – С. 265.
7. Вежбицкая А. Язык. Культура. Познание. – М.: Русские словари, 1996. – С. 302.
8. Кадырбекова П.К. Лингвокультурологические и лингвокогнитивные аспекты межкультурной коммуникации. Монография. Бишкек, 2012. – С. 323.

R.K. Mashieva, Magistr of faculty of russian philology, OshSU
shumanalie2013@mail.ru

A formula of greeting is in russian and kyrgiz languages

Essence of greeting opens up in the article, the different forms of greeting are analyzed and compared in russian and kyrgiz languages

Keywords: *greeting, meeting, etiquette, addressee, morality, relation, respect.*

УДК: 413:494.3

Мурадымова Е.Н., к.филол.н.,
Н.М. Мурадымов, к.филол.н., доцент, ОшГУ

Академик К.К. Юдахин – хранитель духовногонаследия народа (к 125-летию выдающегося лексиколога, тюрколога, академика, 50-летию издания КРС)

Макалада атактуу тилчи, академик К.К. Юдахиндин мурасын ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн түрдүү жолдору сунушталат.

Ачкыч сөздөр: *жыйночу, изилдөө, басып чыгаруу, мурас, сөздүк, лексикология, сактоочу.*

В статье предлагаются различные пути изучения в ВУЗе наследия выдающегося лингвиста, академика К.К.Юдахина.

Ключевые слова: *собиратель, изучение, издание, наследие, словарь, лексикология, хранитель.*

Учащаяся молодежь проявляют большой интерес к изучению жизни и наследия известных людей Кыргызстана. В первых рядах мы традиционно называем имя выдающегося лексиколога, тюрколога, академика Константина Константиновича Юдахина (1890-1975), уникальное наследие которого стало частью национальной культуры. Кыргызско-русский словарь К.К. Юдахина, по утверждению авторов энциклопедии – это «фундаментальный труд», свидетельство «большого успеха лексикографической науки» [8, с. 375]. Учащаяся молодежь наслышана об авторе уникального словаря, но желает знать больше о сложном пути работы над ним.

Как показывает опыт, **беседы, дни памяти** о выдающемся русском ученом-филологе с интересом воспринимаются в учащейся среде. В связи с приближающейся памятной датой 125-летия автора попялрного Русско-кыргызского словаря (РКС), Кыргызско-русского словаря (КРС), 50-летия издания в Москве КРС (1965) в вузах и школах республики, без сомнения, пройдут юбилейные вечера, научные чтения о великом ученом-подвижнике. В своей практической работе мы стремимся напомнить студентам важные вехи его биографии, главные черты, присущие К.К. Юдахину – преданность любимому делу, научную одержимость, страсть к сохранению духовной культуры народа.

После окончания восточного факультета САГУ по специальности «турецкая и иранская филология» Юдахин К.К. преподавал в вузах Ленинграда, Москвы. Еще в пору работы в различных школах он стал изучать тюркские языки. В 1944 году К.К.Юдахин был приглашен правительством Киргизской ССР для решения важных научных и образовательных проектов.Начиная с этого времени, языковед все силы отдает собиранию и изучению языка кыргызского народа. Он участвовал в работе по созданию алфавитов и письменности для народов Центральноазиатского региона. Еще до приезда им в Киргизию лексикологом был собран значительный материал для будущего словаря. 1940, 1944, 1959, 1965 – вот вехи кропотливой работы ученого-лексиколога. Это месяцы, годы утомительного и радостного труда: встречи с носителями языка, записи, обработка материала, редактирование, подготовка словарей к изданию. Рассказы об этом вызывают живой интерес молодежи.

В 30-50-е годы в Кыргызстане шел процесс формирования науки, образовательной системы. Ученому оказывалась поддержка в его трудной работе, но было немало и всевозможных препятствий, трудноразрешимых вопросов. Затрудняли работу лексиколога жесткий контроль со стороны органов, исчезновение многих коллег в результате репрессий (Е. Поливанов, К.Тыныстанов, Б. Солтоноев и др.). Юдахин с ними был связан крепкими научными узами, решая многочисленные проблемы просвещения народов Востока, вопросы сбора лексического материала. Один только пример. Сейчас опубликованы письма К.К. Юдахина к Аалы Токомбаеву, в которых лингвист говорит о трудностях работы собирателя, убедительно просит оказать содействие в получении средств для командировок, бумаги для издания словаря. Ученому пошли навстречу. Как известно, книга КРС вышла в 1940, а РКС – в 1944 году. К автору словарей пришло признание, лингвиста радовали письма от простых носителей языка, учителей, писателей. «Сокровищница киргизского языка», – так называлась статья И.А.Батманова о КРС на страницах «Советской Киргизии» (1940, 25 окт.). И.А.Батманов одобрительно писал и о русско-киргизском словаре лексиколога (Советская Киргизия, 1945, 19 января).

К.К.Юдахин был избран член-корреспондентом АН Узбекской ССР (1952), академиком АН Киргизской ССР (1954), почетным членом Международного общества Урало-алтаистики. Высокие звания «Заслуженного деятеля науки Киргизской ССР» (1940), лауреата Государственной премии СССР (1965) только стимулировали желание ученого «вернуть народу его языковое богатство» [5, 206].

В *рассказе* об ученом подчеркиваем, что знания опытного языковеда были нужны в разных сферах. К.К.Юдахин работает заведующим сектором киргизского языка в ИЯЛИ

КирФАНа СССР, возглавляет работу по созданию словарей в Академии наук республики. Свою основную задачу – работу над Словарем ученый-лексиколог не забывал и в пору, когда работал профессором кафедры узбекского языка Ферганского пединститута (1952-54), старшим научным сотрудником сектора словарей и терминологии Института языка и литературы АН Киргизской ССР (1955-56), профессором киргизского языка Киргизского государственного университета (1957-75).

По заданию студенты собирают материалы об основных вехах жизни и деятельности ученого-тюрколога. Из книги воспоминаний З.Бектенова они узнают и о биографии *брата* ученого – Петра Константиновича Юдахина (1883-1929), многие годы работавшего директором Киргизского педтехникума (Киринпроса). И П.К. Юдахин очень много сделал для подготовки научно-педагогических кадров республики. З. Бектенов отмечает необычайную доброжелательность, отзывчивость своего педагога, поражавшего слушателей и учителей техникума необычным тактом, вниманием к нуждам студентов. Многим фрунзенцам запомнился день похорон известного русского учителя. Все были охвачены искренним горем. По словам З.Бектенова, более шестидесяти выдающихся ученых, творческих работников, педагогов республики называют себя питомцами П.К. Юдахина.

Материалы из КЛЭ (Краткая литературная энциклопедия, 1978, т. 9), КСЭ (Кыргыз Совет Энциклопедиясы, 1980, т.6), энциклопедии «Кыргызстан» (2001), статей известных ученых с интересом изучаются студентами. Их внимание обращаем на библиографические указатели Бейшекеева Н.Н. «Кыргыз тили» (1961, 1985), «Советские тюркологи» (М.: 1970), памятку «К.К. Юдахин» (Фрунзе, 1967). Работа с этими указателями особенно полезна будущим специалистам. Студенты участвуют в сборе сведений о научно-исследовательской деятельности ученого, о его публикациях по популяризации русского языка, по изучению лексикологии, диалектологии кыргызского языка.

В «Антологии педагогической мысли Киргизской ССР» (М.: 1988) имя и труды К.К. Юдахина нашли достойное отражение. Обращаем внимание молодых на работы ученого «О новом киргизском алфавите» (1940), «Из ляйлякских материалов» (1948), «О киргизском термине «акын» (1953), «Классификация киргизских диалектов» (1955), «Итоги и задачи изучения киргизских диалектов» (1956), «Пусть живут книги» /о развитии лексикологии в Киргизской ССР/ Ала-Тоо, 1966, №5) и др. Подчеркиваем значение работы Юдахина «Развитие лингвистики в Кыргызстане» (1946), в которой подводились итоги деятельности ученых, намечались перспективы новых исследований. Проявляя в своей работе огромные усилия по завершению плана издания словаря, К.К.Юдахин умел подметить и поддержать научные успехи коллег: это видно по рецензиям на их труды. Например, интересен отзыв «Ценная книга» в Трудах ИЯЛиИ КирФАН АН СССР о работе «Памятники древнетюркской письменности» тюрколога С.Е. Малова (1952).

Студенты выявляют редкие материалы по истории собирания, создания и публикации словарей К.К. Юдахина. В народе ходили легенды о необычном «орусе Жудакине», который любой выход в аил, в народ использовал для записей понравившихся выражений, слов, пословиц, поговорок. Эта была тяжелейшая кропотливая работа, когда по замечанию лингвиста Ж. Р. Тойчуевой, можно было угодить под маховик репрессивной машины 30-50-х годов [4, с. 37-38]. Известно, что и К.К. Юдахина назвали «кыргызским националистом», обвиняли в связях с К.Тыныстановым, с «врагами народа». Об этом в республике написано мало. По архивным материалам исследователь Ж.Р. Тойчуева приводит ряд примеров гонений на ученого-лексиколога [4]. Немало легенд, рассказов существует и об этой стороне биографии Юдахина.

Поучительна история выхода словарей Юдахина, озвученная в докладах студентов. КРС (М.: 1940) содержал 25 тысяч слов. В 1944 году был издан РКС, в котором было 40 тысяч слов. В составлении РКС (1940) помимо видных ученых К.К. Юдахина, Х. Карасаева, Дж. Шукурова, участвовали Б. Орузбаева, Р. Шамурзина, З.Эшмамбетов, С. Кангельдиев, Ю. Яншансин, Г.Бакинова, Б. Байсеркеев, С.Чолоков. Юные поисковики убеждаются, что такой труд создается общими усилиями. Всю огромную работу по контролю за качеством словников, комментариев, образцов текстов осуществлял К.К. Юдахин.

Выход КРС (1965) стал значительным событием в жизни кыргызского общества. Проф. Салахитдинова Н.К. пишет, что Словарь был признан одним из лучших лексикографических работ по языку народов содружества, став «ценным вкладом не только в киргизское, но и в тюркское языкознание»[3, с. 291]. В советской печати, периодике Кыргызстана появились десятки публикаций о труде ученых республики (И.А. Батманов, Л.В. Батманова, А.К. Боровков, С.Е. Малов, С.И. Ожегов, С.Л. Свердлин, А.М. Щербак и др.). А.А. Юлдашев в статье «Новые академические полные тюркско-русские словари» (Вопросы языкознания, 1967, № 5) особо отмечал труд К.К. Юдахина и его помощников. Академик Б.М. Юнусалиев в статьях «Незабываемый труд» (Советтик Кыргызстан, 16-У1- 1965), «Труд всей жизни» (Советская Киргизия, 15-У1-1965) давал высокую оценку работе лингвиста-тюрколога. «Энциклопедия киргизской народной жизни» – так называлась статья М.Юсуповой, опубликованная в «Советской Киргизии» [7].

В статье «Его труд вспоминает народ» (Ала-Тоо, 1978, № 10) известного языковеда Дж. Мукамбаева (он себя причислял к *ученикам* русского ученого) отмечен титанический труд лексикографа по выпуску словаря. Интересны отзывы профессоров В.В. Решетова (1964), К.К. Сартбаева (1970) и других ученых, представленные в сборнике «Тюркологические исследования» (Фрунзе, 1970).

Поучительна беседа о сложностях подобного лексикологического труда, в котором имелись спорные моменты, недостатки. Автор и издательство неизменно обращались к читателям с просьбой высказывать замечания. Студент КГСХИ Ч.Айтматов в рецензиях «О русско-кыргызском словаре» в газете «Ленинчил жаш» за 1951 год [1], «О терминологии киргизского языка» в «Советской Киргизии» в 1952 годуприводил примеры неудачных переводов ряда слов, терминов в школьных учебниках, словарях, в том числе и в РКС (1944)[1].

Особый акцент делаем на фактах живой памяти о выдающемся научном подвиге ученого. Многое для сохранения памяти о нем сделали последователи и коллеги ученого – И.А. Батманов, Б.М. Юнусалиев, Х. Карасаев, Х.Б. Бугазов, А.И. Васильев, А. Джапаров, Т.К. Акматов, Г.С. Зенков, Ф.А. Краснов, Б.О. Орузбаева, К.К. Сартбаев, А.О. Осмонкулов, Дж. Мукамбаев, В.Д. Скирдов, А. Орусбаев, Л. Шейман и др. Например, в юбилейной статье ученых лингвистов К.К. Сартбаева, А.О. Осмонкулова, В.Д. Скирдова «Памяти К.К. Юдахина» (РЯЛКШ, 1975, №2) отмечается огромный вклад тюрколога-лексиколога в развитие кыргызской науки, образования, в разработку глоссариев.

Стимулировали интерес к наследию ученого издание КРС в двух книгах (Фрунзе, Главная редакция КСЭ, 1985), проведение Научных чтений памяти академиков И.А. Батманова, К.К. Юдахина, Б.М. Юнусалиева. Чтения прошли в Ошском государственном пединституте (19-20 сентября 1985 года). А.О. Орусбаев, Н.К. Салахитдинова в информации «Посвящается памяти выдающихся лингвистов» (РЯЛКШ, 1986, №3) отмечали актуальность, теоретическую и практическую значимость многих докладов о наследии И.А. Батманова, К.К. Юдахина, Б.М. Юнусалиева.

1952-жылы «Манаска» арналган конференциянын алдында эпостун тегерегинде «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарында кеңири талкуу жүргүзүлөт. Натыйжада эпостун тегерегинде эки тенденция, карама-каршылыктуу көз караштар ачыкка чыккан,улуттун байыркы руху катарычындыкты жан күйгүзө айткандар, тескерисинче, жокко чыгаргандар болду. «Манас» эпосу – буржуазиялык-клерикалдык чыгарма, С. Орозбаков менен С. Каралаев динди даңазалаган реакциячылжомокчулар деген саясий жарлык тагылып, репрессиянын толкуну кайрадан күчтөнгөн. Мындай «Манаска» байланыштуу оор кырдаалдын түзүлүшү саясий идеологиянын коркунучтуу абалына, репрессиялык аң-сезимге дуушар болуп турган мезгилдин катаал бир учуруна байланыштуу болгон. Ошентип, басма сөз беттериндеги талкуу эч кандай роль ойногон эмес, маселе конференцияда чечилген. 1952-жылы 6-10-июндагы «Манас» эпосунун элдүүлүгүнө арналган эл аралык илимий конференцияда негизги баяндаманы профессор А.К. Боровков, профессор Л.И. Климович, жазуучу Ө. Жакишевдер жасаган. Калган окумуштуулар М.И. Богданова, А.А. Валитова, Б. Керимжанова, К. Давлеткелдиев, акын-жазуучулар А. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков кошумча баяндамалар менен чыгышкан. Окумуштуу А.К. Боровков баяндамасында: «Кыргыздын «Манас» эпосунда эки линия, бири-бирине карама-каршы эки тенденция, эки группадан турган элдик жана феодалдык-клерикалдык редакциясы бар», «элдик вариантты элден издөө керек» деген илимий жактан негизделбеген жыйынтыкка келет. (Албетте, А.К. Боровков «Манас» эпосу менен үстүртөн гана таанышкан, болгону орусча таржымалданган «Великий поход» аттуу китепти окуса керек). Анткени алардын түпкү максатында борбордун буйрутмасы болгон эпосту жокко чыгаруу милдетин ийкемдүү аткаруу зарылдыгы турган. А.К. Боровковдун баяндамасынын терс мүнөзүн айкын баамдаган чыгаан илимпооз М. Ауэзов кыргыз эли үчүн эпос кандай маанаге ээ экендигин, көөнөрбөс улуу мурасты кандай жолдор менен болбосун сактап калууну терең түшүнүп, бүт күчүн жумшап мындайча айбаттуу сөзүн сүйлөп жатат: «Докладчынын ой жүгүртүүсүндө өңчөй терс жактар гана камтылып, элдик негизге жат материалдарга негизделген, эпостогу чыныгы элдик элементтер каралбай калган. Натыйжада ал «Манасты» изилдебей эле, жалаң эле ага жабыштырылган, чапталышкан нерселерди изилдеп калган» [2. 47].

Манастаануучу М. Ауэзов конференцияда катардагы адамдардай эле жарыш сөзгө чыкканы менен, илимий мазмундуу сөзү, бийик натурасы менен А.К. Боровков экөө эки жээкте турган. Конференцияда атайын саясий буйрутма менен жасаган илимий түспөлдөгү жасалма баяндамасында эпосту «элдик эмес» деген жыйынтыкка келген А.К. Боровковдун каршысында турган профессор М. Ауэзов конкреттүү түрдө эпосту кыскартылып бириктирилген вариантын сунуштап, аны максаттуу чечкенге жан үрөп аракеттенген.

Аалым М. Ауэзов конкреттүү түрдө коюлган концепциясын илимий аргументтер менен коргоп, чечүүнүн жолдорун көрсөтүп, акырында «Манас» эпосунун «бириктирилген вариантын» иштеп чыгуу идеясы аркылуу татаал саясий туңгуюктан алып чыкса, экинчи жактан эпостун келечегине да түздөн-түз тиешелүү проблеманы

койгон. Чындыгында, эрудициясы күчтүү окумуштуу М. Ауэзовдун «Манас» эпосунун тагдырынын оң чечилишине анын терең илимий мазмунга ширетилген сөзү чечүүчү мааниге ээ болуп, саясий оор кырдаалга карабай адабий мурасыбыз үчүн билимин, духун жумшаганы турмуш чындыгы, бул өз мезгили үчүн да келечек үчүн да чоң тарыхий эрдик жасаган. Жарыш сөзгө чыккан профессорлор М. Ауэзов, Б. Бернштам, Б. Юнусалиев жана «үч тамга» П. Балтин, Ж. Самаганов, Г. Нуров ж.б. сүйлөгөн сөздөрүнөн идеологиялык каршылашуу күчөп, «Манастын» тагдыры кыл учунда тургандыгын байкоого болот. Мына ушундай саясий курч кырдаалда эпосту жокко чыгарууга, элдүүлүгүнө шек келтирүүгө аракеттенген оппоненттерине каршы профессорлор Б. Юнусалиев, М. Ауэзов тарабынан татыктуу жооптор берилген. Дегеле «Манас» эпосуна «элдикпи же элдик эмеспи» деген маселенин коюлушу өзгөчө фольклористика илими үчүн туура эмес. Анткени эпос кылымдар бою калк арасында жаралары, калыптанары, ошол элдик генийлер тарабынан кийинки муунга жандуу түрдө өтүп, улам өркүндөп жүрүп олтурары шексиз. Бүтүн улуттук маданияттын, болгондо да оозеки формада жаралган эпосту экиге «элдик же элдик эмес» деп тең ортосунан жарып бөлүп көрсөтүп турушу-албетте, коркунучтуу көрүнүш. Пролетариаттын улуу жол башчысы В.И. Ленин: «Азыркы ар бир улутта эки улут бар… Ар бир улуттук маданиятта эки улуттук маданият бар. Пуришкевичтердин, Гучковдордун жана Струвелердин улуу орус маданияты бар, ошондой эле Чернышевский менен Плехановдун ысымдары менен мүнөздөлгөн улуу орус маданияты бар», – дейт [1. 47].

Советтик идеология жогоруда айтылган ар бир улуттагы эки маданият жөнүндөгү теориялык- методологиялык жобону саясий курал катары ийкемдүү колдонгон. Натыйжада башка казак, азербейжан, калмак элдеринин эпостору да “элдик эмес” деген саясий жарлыктан улам жокко чыгарылган. Өлкөдөн «улутчулдарды», «космополиттерди» таап, репрессиянын экинчи толкуну улантылып жаткан. Мына ушундай катаал бир учур советтик идеологиянын «Манас» эпосуна арналган конференцияга койгон өктөм талабы, саясий үстөмдүгү, башкы максаты катары кабылдоого туура келет. Кыл чайнашкан илимий талаш-тартыш, бири-бирине каршылашуу улам күчөп, «Манас» көкбөрүгө айланганы, тагдыры кылыч мизинде кылтылдап турганы айкын көрүнөт. Чындыгында эпостун элдүүлүгүн коргоп калууда Манас духтуу М. Ауэзов менен Б. Юнусалиевдердин атуулдук да, аалымдык да чоң эмгеги бар. Натыйжада А.К. Боровков, Л.И. Климович, П. Балтин, Нуров, Ж. Самагановдордун эпосту «элдик эмес» деген жыйынтыктарынан улам, залкар мансчылар С. Орозбаков, С. Каралаевдердин варианттарынан «буржуазиялык-клерикалдык», «панисламисттик», «пантүркисттик» керексиз идеалардан тазалоо, оңдоп чыгаруу шарты коюлат. Ал түгүл жарыкка чыккан китептерде манасчылардын варианттары жаңыланып, жасалма варианттар жаралган. Маселен, эпостогу кытай сөзү калмак сөзү менен алмаштырылып, ислам динине байланыштуу көп сөздөр алынып ташталган, манасчылар С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттары саясий идеологиянын катуу кысымчылыгына кабылган, көп жылдар бою унутта калган, арийне изилдөөчүлөрдү катаал тагдыр күтүп турган.

Мындай мезгилдин саясий каары туурасында даркан жазуучу Т. Сыдыкбеков: «Эпоско эч тиешелери жок Балтин, Боровков, Климович, Самагановдор бири жарыя, бири жабык түрдө, «феодалдык клерикалдык» эпос деп «Манаска» чабуул коюшту. Эпостун пайдасына ак сөздөрүн айтышкан М. Жирмунский, М. Богдановаларга анча даашпаса да, казактын улуу жазуучусу М. Ауэзовго, бир катар кыргыз акын, жазуучуларга «улутчулдуктун» көлөкөсү түштү. Ал эми тил-адабият жана тарых институтунун алдындагы «Манас» секторун тейлеген Ташым Байжиев менен Зияш Бектеновдорго улутчулдуктун кара тону көз көрүнө бүркөлдү» [3.90].

Кыргызстанда өткөн 1952-жылдагы «Манас» эпосуна арналган эл аралык илимий конференция СССРди сактап калу, анын кармагындагы көп улуттуу элди кыңк этирбей, баш көтөртпөй башкаруу, мезгилинен оозуп, башкача ойлонгон аттуулдар болсо

репрессиялап жазалоо менен идеология өз саясатын мыкаачылык менен ишке ашырып турганы белгилүү. Бул кандуу идеяны жүзөгө ашырууга улуттун тарыхынан, «Манас» эпосу баштаган көөнө мурастардан табылган «улутчулдук», «пантуркисттик», «панисламисттик», «космополиттик» сыяктуу каталардын табылышы, улуттун тамырын кыркууга жардамдашып, шылтоо болгонун, саясий куралга айланганы талашсыз чындык.

Кантсе да, кылым карыткан элибиздин улуу рухуна, кан-жанына, көөнө тагдырына айланган, жандуу өмүр сүргөн «Манас» эпосу сакталып, кийинчерээк М. Ауэзовдун көсөм идеясы ишке ашты. Академик Б.М. Юнусалиев жетектеген кыргыздын чыгаан маданий ишмерлери катышкан К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, А. Токомбаев, К. Жантөшев, Ө. Жакишев, К. Асаналиев. А. Салиевдер «Манас» үчилтигинин кыскартылып бириктирилген вариантынын төрт томдугу 1958-1960-жылдары жарык көргөн. Эпостун кыскартылып, бириктирилген варианты болсо да жарыкка чыгышы кыргыз маданиятындагы тарыхий окуя болгон. Мындай катаал мезгил аралыгында залкар манасчылар С. Орозбаков менен С. Каралаевдин варианттары өздөрүнөн жаздырып алынып, китеп формасында жашап калды.Манастаануу илими калыптанып, “Манас” үчилтиги ар тараптан окумуштуулар тараптан иликтөөлөр жүргүзүлүп келе жатат. Баса белгилөөчү жагдай, арадан элүү жыл өткөн соң, кайрадан аталган «бириктирилген вариант» 2014-жылы жарык көрдү. Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосу кыргыз эли менен тагдырлаш, мезгилдин саясий каардуу оош-кыйыш күндөрүн бирге кечирип, канчалаган чыгаан инсандардын башы баталгага коюлган саясий катаал бир учурду башынан өткөрүп, майтарылбастан тарыхый, рухий улуу көчүн улантып келе жатат.

Адабияттар

1. В.И.Ленин. О литературе и искусстве. – М:. 1986.
2. Мухтар Ауэзов жана Кыргызстан. (Түз.М.Тентимишев). – Б:. Турар, 2010.
3. Сыдыкбеков Т. Табылга. – Б:. Адабият, 1991.

B.T. Temirova, docent, OshSU
Baktygul.6565@mail.ru

The historical meaning of conference, dedicated to the epic "Manas" in 1952 in Kyrgyzstan

The article examines the historical meaning of the conference, dedicated to the epic "Manas" in 1952 in Kyrgyztan.

Key words: *epic Manas, variant, people, political idea, historical.*

УДК: 894.341-8-131

Б.Т. Темирова, ф.и.к., доцент, ОшМУ

Акын Ж. Садыковдун «Саякбай» поэмасындагы мүнөз түзүү чеберчилиги

Макалада акын Ж. Садыковдун «Саякбай» поэмасында манасчы С. Каралаевдин образын жаратуудагы чеберчилик маселеси изилденди.

Ачкыч сөздөр: *“Манас”, манасчылык өнөр, поэма, көркөм сөз каражаттары, көркөм тил.*

В статье исследуется проблема мастерства в создании образа манасчы С. Каралаева в поэме Ж. Садыкова «Саякбай».

Ключевые слова: *“Манас” манасчи, феномен, поэма, художественные средство, художественный язык.*

Көрүнүктүү акын, драматург, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси Ж. Садыков «Манастын уулу Семетей», «Сейтек», «Айкөл Манас» классикалык чыгармалары аркылуу кыргыз сахнасында элдик эпостун жандуу жашап калышына опол тоодой эмгек сиңирди. Акын улуттук кенчти жаратуучу залкарлардын бири С. Каралаевдин адамдык, манасчылык тагдырына, мүнүшкердик өнөрүнө арнап «Саякбай» поэмасын жазган. Профессор Р. Кыдырбаева да ал жөнүндө: «Саякбай Каралаевдин ысымы менен ар бирибиздин эсибизге «Манас» эпосу түшөт. Саякбай менен «Манас» бүгүнкү күндө Кыргызстандын фольклордук искусствосунун көркөмдүк бийиктигинин өз алдынча өлчөмү болуп калды- деп белгилеген [2.45].

Поэманын жазылыш тарыхын акын мындайча эскерет: «1965-жылдары С. Эралиев, Б. Сарногоев, С. Жусуев, А. Токтомушев ж.б. акындар, Саякбай манасчы болуп Ысык-Көлдүн Сары-Камышынан баштап көлдү айланып, нараагы Тянь-Шань, Ат-Башыга чейин 15 күндөй жүрүп калдык, көлдүн тегерегиндеги айылдардын биринде элек. Элге акындар ыр окудук, адаттагыдай аяктантып Сакеме кезек берилди. Саякбай күпүлдөтүп «Манасын» айтып жатты, аңгыча нөшөрлөгөн жамгыр жаап жиберди. Манасчы жомогун токтоткон жок, былк этпей бардыгы «Манасты» жамгыр алдында угуп жатышты. Келгендин баары бүт бойдон манасчыга жан дили менен берилип калган эле» [1.156].

Ушул окуяга үндөш Ч. Айтматов да С. Каралаев тууралуу эскермесин жазган. Мындай эки доордун жүгүн аркалаган классиктердин болгондо да эки түрдүү көркөм дүйнөнүн бир чекитинен кездешүүсү, чындыгында, сейрек кездешүүчү тарыхый окуя, символикалык терең маниге ээ. Ж. Садыковдун чеберчилиги чейрек кылым мурда өткөн мезгилдин караанын жылдырып келип, талант таптаган уюткулуу калкыбыздын улуу мураска болгон аяр, зор сүймөнчүктүү мамилесин, турпаты кудум сөздөн жаралган манасчынын касиеттүү элесин көз алдыга жандуу кылып тартып койду.

Акындын поэмасы чакан төрт бөлүмдөн туруп, манасчы менен аралашып жүргөн күндөрдүн изин суутпастан С. Каралаев жөнүндөгү ойлорун, айтуучулук кереметин, таң каларлык эс-тутумун, адамзат маданиятындагы ордун чагылдыра алган. Поэмада манасчынынын татаал тагдыры, 1916-жылдагы улуттук трагедиянын капшабы, советтик армияга кызмат өтөгөн коогалуу жылдар, айтор, турмуштун далай сыноосунан өткөн узак жол баскан кудум Манас духтуу адамдын образы акын тарабынан логикалык ырааттуулукта психологиялык деталдар аркылуу жандуу сүрөттөлөт. Манасчынын өзгөчө кулк-мүнөзүнө, адамда сейрек кездешүүчү акылына, зор адамгерчилигине, карапайымдыгына сыймыктанган акын толкунануу менен оюн өрүп ырга салган. Чыгармачылык иш сапарында жүргөн сегиз акын көл аймагын түрө кыдырып жүргөндө, кайсы жерге барса, жыйналган эл клубга батпай, иш чара ачык асман алдында, табияттын койнунда өткөнү, адегенде акындар ырларын окуп, акырында манасчыга кезек келгенде, жамгыр нөшөрдөй сабалата төгүп, өзүнө чейинкилердин кемтигин толтуруп, мыктысын ашырып, «балкытып бүткөн бойду коргошундай, баарысын жыйынтыктап таштаган» залкар талант ээсинин «Манас» айтканына күбө болобуз:

Айтылды алп Манастын өлгөн чагы,
Айтылды атпай журттун көмгөн чагы,
Айтылды алты арамдын качып-бозуп,
Каныкей кандай күндү көргөн чагы [3.137].

С. Каралаев «Манастагы» эң трагедиялуу окуяны камтыган «Чоң казатты» жана «Семетейдеги», «Каныкейдин Тайторуну чапканын» кемелине келтирип айтчу экен. Эпостогу ушул трагедияны Саякбай айтып жатканда, угуучулардын назарын бүт бойдон окуяга оодарып, мазмунга жараша өзү кошо таасирленип, эпикалык каармандар менен тагдырлаш коюн-колтук алышып, бүтүндөй адамдын акыл-эсин, көңүл маанайын бийлеп алган күчү жалаң эле анын көркөмдүүлүгүндө, өчпөс идеясында эле эмес, жомокчунун көрөсөн психолог, оргуган эпик ырчылыгына байланыштуу экендиги көрүнөт.

Ж. Садыков поэмасында жандуу турмуштук кыймыл-аракеттер, психологиялык деталдар, чебер колдонгон сөз каражаттары аркылуу чоң манасчынын чыгармачылык тагдырын батырган. Саякбай Каралаевди «Семетейдеги» драмага толгон «Каныкейдин Тайторуну чапкан» окуяны өнөрдүн бийиктигине чыгып айтканын замандаштары эскерет. Бул өзгөчөлүк өзүнөн жазылып алынган эпостун тексттинен, документалдуу тасмада калган айтуучулук чеберчилигинен да көрүнүп турат.

Угалбай Каныкейдин муңдуу датын,
Далайлар көтөрө албайт жерден башын…
Мен көрдүм ошол чакта Саякбайдын
Көзүнөн салаа-салаа тамган жашын [3. 138].

Семетей мекенине кайтарда Каныкей баласынын келечегине төлгө тартып, Тайторуну чаптырат. Бул тим эле күлүктүн чабылышы эмес, эң ириде кыргыздын келечеги, түбөлүккө эңсеген өлбөс-өчпөс идеясы, үмүт-тилеги. Саякбай “Манас” айтканда, угуп олтурган эл каттуу таасирленет, бирде буркурап ыйласа, бирде кубанып, эмоциялык чыңалуу менен жандуу кабыл алышканы белгилүү.
Чыдабай Каныкейдин азабына,
Карылар жаш куюлтат сакалына,
Кемпирлер аккан жашын аарчый албай,
Балдарын корголотот чапанына… [3.138].

С. Каралаевдин угуучуларды магниттей өзүнө тартып, психологиялык өзгөчө абалга алып келиши, ириде алп манасчынын чыгармачылык аурасынын кандайдыр бир рухий күчкө ээ экендигин айгинелейт. Манасчы каармандын кыймыл-аракетин, кулк-мүнөзүн, ички психологиялык сезимин табият көрүнүштөрүнө жууруп, өткүр сөздүү ырлар менен сүрөттөөнүн өзү аны көркөм сөздүн улуу устаты даражасына көтөрөт.

Ал эми Саякбайдын окуянын мазмунуна жараша кыймыл-аракети, ар түрдүү жаңсоолору, үнүнүн музыкалык ыргактуулугу, симфониялык оркестр сыяктуу миң кубулуп, угуучуларды өзүнө багынта алган. Демек манасчы көп кырдуу өнөр ээси: төкмө акын, артист, композитор, режиссер, ушулардын баары Саякбай талантка таандык.

Поэмада Ж.Садыков болуп өткөн чыныгы турмуштун көз ирмемин жаза кетирбей кармай калып, Саякбай карыянын өнөрүнүн дагы бири кыры бүркүт таптаган мүнүшкерлигин көрсөткөн. Акын үч айдан бери көрбөгөн бүркүтү манасчыны таанып, башын ээсине жөлөгөнү, ал болсо кадимкидей кара чечекей баласын эркелеткендей көздөрүнөн өөп, буркурап ыйлаган психологиялык абалын чеберчиликте элестүү сүрөттөгөн:

Сакеме башын жөлөп..
Сакем болсо, кучактап
Сүйөп турду бир жак жаагын.
Салаалап жаш куюлуп ыйлап жатып,
Бүркүттү көздөн өбөт чопулдатып… [3.141-142].

Атактуу манасчы, мүнүшкер өмүрүнүн соңуна чейин көл кылаасында бүркүт багып, калаанын чөйрөсүнөн бук болгон черин улуу тоолордун койнунда кыраанына «Манасын» айтып жазчу экен. Манасчылардын көбү кыргыздын кылдат, улуу өнөрү саяпкерликти, мүнүшкерликти мыкты өздөштүргөнү белгилүү. С. Каралаев да жан-жаныбардын, түркүн куштардын тилин билген, табигат менен жуурулушуп жашаган дили таза, бүркүтчө тагдыр, мүнөз күткөн адам катары «Манаста» баатырдын Акшумкарын укмуштуудай сүрөттөп, мүнөздөмө берген. Ал канаттуу куштар дүйнөсү тууралуу «Бүркүттүн жомогу», «Бүркүтчүлөр жөнүндө аңгеме» (1952), «Канаттуу куштар» (1959) аттуу чыгармаларын да жазган. Окумуштуу А. Салиев: «Манастан» кийин Сакени өзгөчө толкуткан, өзгөчө бийлеген ошол бүркүт керемет жаныбар болгон. Бүркүттөрдүн түрлөрү,

жашаган жайлары, кулк-мүнөздөрү (баатырлыгы, эркелиги, туруктуулугу, мырзалыгы ж.б.) жөнүндө сүйлөгөндө тээ байыртан бери келаткан бүркүтчүлүк өнөрдүн насилин сезип тураар элек», – дейт[2.54].

Ж. Садыков поэмасынын соңку бөлүмүндө атактуу манасчынын өмүрү өр таяп калган кезин, улуу муун менен кичүү муун байланышын, манасчылык өнөрдүн келечеги жөнүндө терең сөзү окурманды ойлонтпой койбойт:

Карылык бутту тушап байлап алды,
Каякта ошол күндөр кайда калды?
Жасмышты өзгөртүүгө болбойт тура,
Өкүндүң, өкүнбөдүң айла барбы?.. [3. 142].

Кыргызда: «Колдо бар алтындын баркы жок» деген накыл сөз бар. Бүтүндөй бир улуттун тарыхы болгон «дүйнө жүзүндө бир гана Адам Саякбай» кереметөлбөс өнөрдүн ээси. Ал кудум «Манастай» ооматтуу да, татаал да тагдыр күтүп, бүт өмүрүн манасчылыкка арнады. Залкар инсандын «Манас» үчилтигинен башка дагы көкүрөгүндө канчалаган элдик кенчтеринин чети оюлбай кеткени өкүндүрөт.

Билсе да Сакем тоого баргандыгын,
Жан билбейт жүрөктөгү арман- муңун…
Мен гана ичтен жоруп койгон элем,
Мертинен бир аз тайып калгандыгын [3.143].

Совет доорунда саясий идеологиянын кандуу чеңгели муунтуп турганда, С. Каралаевге бир жагынан “Манас”үчилтигин жаздырып алууга, китеп түрүндө чыгарууга кам көрүлсө, экинчи жагынан, эркин талантын чектеп, ооздуруктап “Манас баатырды коммунист кыл, орустун баатыры менен достоштур” деген талап коюп кысмакка алышкан, айтор, мезгилдин оош-кыйыш кырдаалдары сөзсүз сезимтал инсанга терс таасирин тийгизген. Бирок ал кандай гана кылыч мизинде оодарылган заман болбосун кыргыздын улуу руху болгон, өзүнө тагдырлаш «Манаска» эч качан калп айта албаган, чейрек кылым ыйык өнөрдү аркалап, кесипке айландырып, эл үчүн ак кызмат өтөдү.

Тоо турат булуттарды бөктөрүп,
Күн турат мурдагыдай көктө күлүп.
Бир гана кең Ысык-Көл Сакем жоктоп
Калыптыр калыбынан бөксөрүлүп… [3.143].

Чындыгында, Манас, Сагымбай, Саякбай, Алыкул, Чынгыз булардын баары Ысык-Көл менен тагдырлаш, бири-бирин толуктап, кыргыз рухунун деңизине куюп турат. Саякбай манасчынын балалык чагы, өспүрүм кези, жигиттик курагы, кийин аксакалдык доору «аалам кареги» болгон көл жээгинде өтүптүр. Режиссер Болот Шамшиев тарткан документалдуу тасмада да Саякбай Каралаев касиеттүү көл жээгинде эргип “Манас” айтат. Манас духтуу алп адамдын бүгүн көзү жок. Доор алмашты, мезгил өзгөрдү, көл бөксөрүп бараткандай элибиздин руханий көрөңгөсү да тартылып баратканы чындык. Кыргызстан эгемен мамлекетке, демократиялык коомго ээ болгону менен, урпактар Манас, Сагымбай, Саякбай, Алыкул, Чынгызды ажыратып тааный албай, рух дөөлөтүбүз жакырланып, атуулдук сезимибиз мокоп, маңкуртчулуктун ширисин кийип тайыздап калганыбыз айгине.

Ж. Садыков поэмасын Саякбайдын улуу өнөрү аркылуу ушундай адамдар гана улуттун уюткусу катары дүйнөнүн түркүгүн кармап турат деген эстетикалык-философиялык жалпылоолор, метофоралык туюнтмалар, орошон идеялар менен жыйынтыктайт.

Адабияттар

1. Иманалиев К. Саякбай: Гений жөнүндө баллада (очерк-эссе), – Б:. Бийиктик плюс, 2014.

2. Муратова С. Саякбай. – Б:. Мукай, 2013.
3. Садыков Ж. Тандалмалар: Ырлар жана поэмалар. – Б:. Адабият, 1992.

B.T. Temirova, docent, OshSU
Baktygul.6565@mail.ru

Poet J.Sadykov's artistic character description of the Manaschy Saiakbai Karalaev

The article examines the problem of skill in creating the image manaschy S. Karalaev poem J. Sadykov "Sayakbai".

Key words: *Manaschy phenomen, singer, character, joke, artistic words.*

УДК: 894.341-8-131

Б.Т. Темирова, ф.и.к., доцент, ОшМУ

К. Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» ыры жөнүндө

К. Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» ыры манас темасындагы көркөм туунду катары иликтөөгө алынды.

Ачкыч сөздөр: *Манас, поэзия, акын, психология, көркөмдүүлүк, тарых.*

В статье тема манаса исследуется как художественная находка стихотвереницхК. Тыныстанов «Күмбөз Манаса».

Ключовые слова: *Манас,поэзии, поэт,психология,художественность, история.*

Таланттуу акын, драматург, котормочу, илимпоз, коомдук ишмер К. Тыныстанов кыргыз адабиятынын көч башында туруп, чыгармачылыгында да манас темасына биринчилерден болуп кайрылган. Аны 1925-жылы Москвада жарык көргөн тунгуч «Касым ырлар жыйнагына» кирген «Манастын күмбөзү» аттуу ыры далилдеп турат. Ырдын жазылыш тарыхына кандай мотивдер түрткү болгон деген собол туулат. Элдик адабияттын каймагы калпыла элек айыл жеринде өсүп жетилген, табиятынан зирек К. Тыныстанов көктөйүнөн «Манасты» көкүрөгүнө түйүп, жан-дүйнөсүнө сиңирген, мезгил өткөн сайын улам аң-сезиминде өнүккөн түрдө жандуу жашап келген. Замандаштары анын кадимкидей "Манас" айтканын, төкмөчүлүк чоң таланты бар экендигин эскерип жазышкан. Ошондуктан акын «Манастын күмбөзү»аттуу ырын жазып жатканда, эпостогу калк энеси Каныкейдин баатырдын көзү өткөндө күмбөз салганы тууралуу күчтүү окуядан да таасир алган чыгар. Кылымдардан бери Таластагы «Манастын күмбөзү» элибиздин зыярат кылган жерине айланып калгандыктан, ал ыйык күмбөздү өз көзү менен көрүп жазганы ырдын мазмунунан ачык байкалат.

К. Тыныстанов 20-жылдардын башында казак-кыргыз агартуу институтунда билим алуу менен бирге Түркстан АССРинин илим комиссиясынын кыргыз бөлүмүндө катчы болуп эмгектенген. Ошол мезгилде ал Бартольддун «Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1893-1894» аттуу илимий эмгеги 1903-жылы «Туркестанские ведомости» журналынын 98-санына жарыяланган. Алибий деген псевдоним менен жарык көргөн автордун Манастын күмбөзүн сүрөттөгөн «Таластын бийигинде» жана П. Фалевдин «Кара кыргыз жомогу кандайча курулат» аттуу «Наука и жизнь» журналынын 1922-жылдын №1 санына жарыяланган макалалары менен да таанышты болсо керек. Мына ушундай турмуштук, адабий, илимий таасирлер акындын терең тарыхый мазмунга бай, акылга жугумдуу, көркөм-эстетикалык жагынан күчтүү ырынын жаралышына түрткү болгон .

Орто кылымга (14-к.) таандык «Манастын күмбөзү» архитектуралык эстелик жөнүндө алгачкы малымат 1897-жылы В.В. Бартольддун илимий отчетунда кездешип, М.А. Беленицкий толук окуса, айрым өзгөртүүлөрдү М.Е.Массон киргизген. Натыйжада Дуба кан эмири Абуке кызы Кенизек-Хатундун урматына тургузулгандыгы маалымдалган.

Аталган архитектуралык кооз курулушту тээ байыртадан эле элибиз «Манастын күмбөзү» деп атап келген. «Манас» темасына кайрылганда, автордун эң оболу баатырдын күмбөзүн ырга салышы да тарыхый көп маанини туюнтуп турат. Акын Манаска арналган күмбөздү мындайча жандуу, таасирдүү сүрөттөйт:

Манастын эл бакканын, эл чапканын,
Кимдигин, кандайлыгын чын аныктап.
Мурун да окуучуга сүйлөп берген
Айлана дубалына жазылган кат [4.46].

Табиятынан таланттуу акын кылымдар бою кыргыз эли мекендеп келген Ала-Тоонун керемет жерлерин даңазалап келет да, окурмандын көңүлүн «Таластын так боюндагы чоң күмбөзгө» буруп, «коюлган өткөн күндө баатыр Манас» деп оор күрсүнүү менен эскерет. Эпикалык каарман Манаска арналып, жүздөгөн жылдар мурун тургузулган күмбөз Ата журт, мекен түшүнүгүнүн символикасына айланган. Улуттук баатыр, жол башчынын тагдыры, ак ниет кызматы, калк тарыхынын ачылбаган көп сырлары көрөсөндүү курулуштун дубалындагы сырдуу жазууларда экендигин чеберчилик менен сүрөттөп берген. Элдик ишенимде «Манас» эпосундагы каармандарды урматтоо ал түгүл ыйык тутуу салттык көрүнүшкө айланып калган. Ошондуктан улуттук сыймыкка бөлөнгөн кейипкерлер, минген тулпарлары, жүргөн жерлери уламыш-аңызга айланып, кыргыздын кооз жерлерине, тоо-таштарына, кашка сууларына, мазар, күмбөз жайларына алардын ысымдары ардакталып ыйгарылган. Муну менен эпостогу Манас баштаган башкы каармандар аттары өчпөй түбөлүккө жашаса деген элдик идеал жатат.

«Семетей» эпосунун, дээрлик көпчүлүк варианттарында Каныкейдин Манастын күмбөзүн салдырганы жөнүндө баяндалат.

Белгилүү болгондой, эпосто Манастын күмбөзү Таластын оюнда, Кең-Колдун боюндагы «Чоң-Ак-Чийдин» четинде кара жолдун үстүндө курулган делсе, айрым варианттарда Талас суусунун жээгиндеги Төрткүлдүн төмөн жагында Кайнардын дал өзүндө деп айтылат. Эпосто Каныкей күмбөздүн тарыхын, кандай курулуш материалдарды колдонгону, дубал бетиндеги сүрөттөрдүн ар биринин тарыхын чечмелеп бергени кызыктуу баяндалат. Эстеликтин Манастын күмбөзү деп аталышы тегин жерден чыккан эмес, эпосто кеңири чагылышынын да байланышкан түпкү себептери бар.

Эбаккы өткөн күндүн изин чалып,
Ырчысы ырга кошуп атын жаттайт,
Комузчу күңгүрөнүп, күүгө салып [4. 47].

Акын ырында Манастын күмбөзүн өз көзү менен көрүп, таасирленип жазгандыгына шек жок. Анткени Таластын кайсы жеринде салынганын даана көрсөтүп, ошол кездеги оор абалын, дубалдары тешилип, жазуулары өчүп калганын кейиштүү айтат. Көрөсөндүү архитектуралык тарыхый эстеликтин калкыбыз үчүн баа жеткис кымбаттыгын, миңдеген жылдардын тарыхый күбөсү экенин, аны көздүн карегиндей сактоону ошол кездерде эле акын эскерткен экен. Акын эпос жөнүндө түздөн-түз сөз кылбаса да баатыр жөнүндөгү улуу сөздү «ырчысы ырга кошуп жаттайт, комузчу күңгүрөнүп күүгө салат», – деп эл оозунда кылымдап жашап келаткан ырларда, күүлөрдө баатырдын эрдиктери эле даңаза болбостон, элдин көргөн азап-тозогу, кайгы-муңу датаамай чагыла тургандыгын эске салат. Акындын ырында «чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улаган» Манас баатырдын образы күмбөз – деталь аркылуу тарыхый контекстте берилген. Ал тарыхый мазмундуу ырын жаңы формалык түзүлүштө ишке ашырган.

К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынан жана «Манастын күмбөзү» ырларынан таасын көрүнгөндөй, эпостун байлыгына, улуттук рухтун калыптанышын жазма поэзияда жандандырууда терең маданиятты, турмушту таанып билүү өзгөчөлүгү, тарыхый-социалдык курч туюму адабий мураска аң-сезимдүү мамиле жасоонун үлгүлүү көркөм сабактарын көргөзө алган. Анын ырынын ар бир сабы терең эстетикалык-философиялык мазмунга, эмоционалдык күч-кубатка ээ.

Бул күндө ырайымсыз жат колунан,
Мурунку жазуу-сызуу түшкөн урап.
Али да турат күмбөз таңыркатып,
Көргөндү ойлондурат көңүлүн тартып [4. 48].

Акын улуттун тарыхын, маданий баалуулугун кастарлаган мекенчил атуул катары Манас баатырдын күмбөзүн даңазалап жатып, «Бул күндө ырайымсыз жат колунан, мурунку жазуу-сызуу түшкөн урап» деген түрмөктөн улам Совет доорунда улуттун байыркы маданиятына каршы жүргүзүлгөн саясий идеологиянын кесепеттеринен ата бабалар курган архитектуралык кооз курулуштар, медресе, мечит, күмбөздөр эскинин калдыгы, саркындысы катары талкаланып жок болгону, нэ бир адабий мурастар өрттөлгөнү, анын ичинде «Манастын» «көкбөрүгө» айланган катаал тагдыры эске түшөт. К. Тыныстанов ырында мындай тарыхый чындыкты урпактарга ачык туюнтуп жатканы маанилүү. Ал жаштайынан мекенинен сыртта жүрүп, башка коомдук шарттарга, чөйрөгө аралашып, ар тараптуу билими, терең интеллекти өсүп калганы, партиялык кызматтарда иштеп, келечекке социалдык көрөгөчтүгү, мезгилге сезимтал мамилеси даана байкалат. Ошондуктан ал калемдештериндей адабият менен саясатты бир түшүнүк катары кабылдабай, тескерисинче искусствонун чыныгы касиетин, элге кызматын сын көз менен карап, эртерээк туюнган. Ошондуктан замандаштары тарабынан ырлары адилетсиз сынга тушугуп жокко чыгарылган, идеясы бузук «улутчул», «контрреволюционер», «Алаш-ордочул» деген саясий жарлыктар тагылган. К. Тыныстанов социалисттик түзүлүштүн калыбына түшпөгөн, адамдык натурасы өзгөчө, коомго, турмушка, адабиятка болгон эркин ой жүгүртүүсү бар, өз мезгилинен алда канча озуп жашаган адам болон. Өзү менен замандаш акындар Октябрь төңкөрүшүнө чейинки кыргыз тарыхын жокко чыгарып жатса, К. Тыныстанов казак менен кыргыз эркин жашаган эл болгондугун ачык текст менен жазганын профессор О. Ибраимов: «Өткөн доорлорду жалаң «караңгы тор», «шум заман», «тар заман», «зар заман» деп бир беткей эпитеттер менен өз коллегалары бир ооздон шөкөттөп жаткан кезде Касым кайра минтип жазып отурса. Албетте, ага жумурткадан кыр издеп турган замандаштары эч качан «бали» деп айтмак эмес», – дейт [2.144].

20-30-жылдагы кыргыз жазма адабиятын изилдөөгө бороз салган С. Жигитовдун таамай айтылган сөзү К. Тыныстановдун поэтикалык дүйнөсүнүн ички сырына басым койгон: «Биздин акын башка элдердин поэзиялык үлгүлөрүнөн күчтүү дем-шык үрөп алган, ошону менен өз калкынын ырдык речин кыйла эле жаңыча, өзгөчө, сулуу, жаңырыктуу сүйлөтүүгө жетишкен… К. Тыныстановдун поэзиясы ырдык техника, тилдик курулуш жагынан өз учурунан алдыга озуп турган көрүнүш эле» [1. 95].

Таланттуу сүрөткер түркий жана орус адабиятын мыкты билген, «Манас» баштаган элдик фольклордун бай казынасын терең өздөштүргөн, оозеки поэзия менен жазма маданияттын табийгы байланышын жана өткөөл чегин эң жакшы түшүнгөн, ошол эстетикалык-философиялык түйүндү чечүүгө өзүндө болгон чыгармачылык дараметин жумшаган. Сөз өнөрүнө болгон мамиле ар кимдин жеке өзүнөн, шык-жөндөмүнөн башталат, андыктан К. Тыныстанов өз мезгилиндеги калемдештерине караганда сөз менен иштөө, образдуу ойлонуу маданияты, ыр токуу чеберчилиги, мазмун менен форманын айкалышы боюнча бир топ алдыда жүргөн болчу. Дээрлик манас темасын иштөөдө жыйырманчы жылдары эле нукура поэзиянын туундуларын жараткан Касым

Тыныстановдун чыгармалары замандаш калемгерлерден тематикалык-идеялык, жанрдык-стилдик, көркөмдүк жактан да кескин айырмаланып турган.

К. Тыныстанов «Жаңыл Мырза» поэмасында, «Манастын күмбөзү» ж.б. ырларында түптүү кыргыз эли революцияга чейин эле улут катары көчмөн турмушта жашап, өзүнө таандык тарыхы, маданияты,«Манас»баштаган бай фольклору, эл чыгармачылыгынын көөнөрбөс мурастары, каада-салты, үрп-адаты, көрүнүктүү инсандары болгондугун көтөрүп чыгат. Тарыхый тагдырыбызга балта чаап, баарын жерип жокко чыгарбастан, кайра өткөндүн сабактары менен бүгүнкү күндүн жетишкен ийгиликтерин айкалыштырып турсак, келечекке карай кадам таштасак деген маселени кабыргасынан коет. Ошентип, кыргыз жазма адабияты телчигүү мезгилинен баштап саясий тап күрөшүнүн куралына айланган, социалисттик идеология репрессиялык аң-сезимге алып келген, баш көтөргөн таланттуу сүрөткерлер курмандыкка чалынган каардуу заманда элдин тарыхы, көөнө мурастары, «Манас» эпосу «адабияттын актай барактарына» айланып келгени белгилүү.

Адабияттар

1. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. – Б:. Адабият, 1991.
2. Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор. Кыргыз маданияты, 1991, 10-октябрь, №41.
3. Семетей. 3-том. – Б:. Кыргыз китеп борбору, 2014.
4. Тыныстанов К. Капастан чыккан ырлар. – Б:. Бийиктик, 2006.

B.T. Temirova, docent, OshSU
Baktygul.6565@mail.ru

The description of Manas's tomb in the songs of K. Tynystanov

The song "Manas monumement" by K. Tynystanov is the first version in the topple Manas.
Key word: *Manas, poet, poem, psychology artistic history.*

УДК: 370.371.036

Эшманова С.К. - окутуучу, Зулпукаров К.З. - филол.и.д., профессор, ОшМУ

Текстти сыпаттоонун принциптери жана прагматикасы кайталоо конфигурациясынын өңүтүндө

Бул макалада текст теориясынын баштапкы жоболору мүнөздөөгө алынат.
Ачкыч сөздөр: *дискурс, синтагматика, прагматика, концепция, интенция, предикативдүүлүк, темпоралдуулук, тексттин касиеттери, тексттин категориялары.*

В статье характеризуются ключевые принципы теории текста.
Ключевые слова: *дискурс, синтагматика, прагматика, концепция, интенция, предикативность, темпоральность, признаки текста, категории текста.*

"Текст" терминин психология менен логикада, информатика менен семиотикада, поэтика менен фольклористикада, этнография менен журналистикада, тил билими менен адабият таануу сыяктуу тармактарда кенен жолуктурууга болот [7, I. 67-б.; 5, 47-б.]. Психолингвистикада текст деп өзүнчө изилдене турган, маалыматтарды берүү жана алуу үчүн уюшулган кептик чыгарманы айрышат.

Тил билиминде бул түшүнүк көп синонимдерге ээ. Текст аркылуу илимий кепти да, өзүнчө чыгарманы да, чыгарманын үзүндүсүн да туюнта алышат. Ошол эле мазмунда

“период” (риторикада, Аристотель, М.В. Ломоносов, А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаев ж.б.), “фразадан жогорку биримдик” (Л.А. Булаховский, Н.Д. Зарубина-Бурвикова, П.Я. Гальперин, Е.А. Реферовская ж.б.), “татаал синтаксистик бүтүндүк” (Н.С. Поспелов, Н.И. Жинкин, С.Г. Ильенко, Л.И. Величко, Л.М. Лосева ж.б.), абзац (Т.С. Сильман), кептик чыгарма/кеп чыгармасы (К. Гаузенблаз, В.И. Кодухов), текстгик пикир (Л.П. Доблаев), прозалык/прозадагы строфа (З.Я. Солганик), кептин функциялык-маанилик түрү(О.А. Нечаева, В.В. Одинцов ж.б.), “өз алдынча сүйлөмдөрдүн комплекси” (В.И. Запорожцев, Л.С. Бархударов ж.б.), баяндоо ыкмасы (Е.И. Мотина) деген сыяктуу концепттер пайдаланылат [5, 45б.], [7, I. 68-69,86,90-б.б.].

Текст кээде тигил же бул цитатаны же ойду ала турган булак катары колдонулат. Цитатанын өзү да, булагы да – текст. Мында биринчи планга окумуштуунун же коомдук ишмердин ой-пикири сунушталат. Бул учурда баяндоо стили же ыкмасы эмес, пикир, ой талданып же бааланып берилет.

Текст – тил-кептин татаал уюшулган бирдиги. Ал өтө ар кыл өңүттө жана планда анализдениши мүмкүн. Текстти окуу/үйрөнүү максатында, сындоо/баалоо максатында, кыскартуу/кеңейтүү үчүн, маалымат берүү/алуу, өзгөртүү же өзгөртпөй көчүрүп алуу үчүн ж.б. толуп жаткан максаттарда пайдаланышат. Текстгин ичиндеги маалымат, билим, тажрыйба, анын семантикасы өзүнчө изилдөө объекти боло алат. Ал тургай текст ичинде камтылган тыбыштар, муундар, морфемалар, сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр да айрым учурда грамматикалык талдоонун предмети катары кызмат кылат.

Текстгин мазмунун иликтөө стилдик жана стилистикалык, менталдык-когнитивдик, семиотикалык, лингвоэтномаданият таануу өңүттөрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн. Текстке мүнөздүү адресант менен адресаттын өз ара мамилеси, текстгин белгилүү гана адресатка арналышы (жаш балага, бир гана тилди билген адамга ж.б.), окуучу менен жазуучунун алакасы (түздөн-түз же орун/убакыттагы дистанциясы) ж.б. маселелер лингвопрагматиканын чегинде иликтениши керек.

Текстти иликтөө макросинтаксистик деңгээлде жүрөт. Анын деңгээли сүйлөмдөн жогору жана кенен, сүйлөм текстгин ичине кирет да, андан тышкары жашай албайт. Ошондуктан текстгик лингвистика өзүнчө тармак катары татаал синтаксистик бүтүндүк идеясынын негизинде пайда болгон.

Текстти структура-грамматикалык өңүттө изилдөө анын бөлүктөрүнүн конструктивдик биримдикте, байланыштуулукта жана бүтүндүктө иликтөөнү талап кылат.

Кийинки учурда психолингвистика, кеп аракетинин теориясы жана тил инсаны концепциясы тил билиминин тармактары катары өнүгүп, текстке өзгөчө багыт жана нук бергендиги байкалат. Азыр текстти изилдөөчүлөр анын мазмунундагы менталдык семантикага, кеп актыларынын субъект/объектине жана түрлөрүнө, сүйлөөчү/угуучунун жекече сапаттарына (жашы, билими, улуту, күлк мүнөзү, социалдык статусу, кызыгуу/кызыкпоосу, активдүү/пассивдүүлүгү ж.б.у.с.) өзгөчө көңүл бөлө башташты. Текст система-структуралык гана эмес, жекече-индивидуалдык психика-физиологиялык чыгарма экендиги ырасталып жатат.

Ю.Н. Карауловдун ою боюнча, “За каждым текстом стоит система языка” деген афоризм менен жандаш эле “За каждым текстом стоит языковая личность, владеющая системой языка” деген учкул сөз коюлушу мүмкүн [6, 27-б.]. Бул жерде текстгин артында тил системасы гана эмес, тил системасын өздөштүргөн жана пайдаланчу тил инсаны турарлыгы өзгөчө белгиленет. Кийинирээк бул маселени окумуштуу мындан да кескин коет: ар бир текстгин артында тил ситемасы турарлыгын жетекчиликке алуу текстгин артында турган инсанды кысып, басынтып жиберет деген ой айтат.

Ушуга байланыштуу айтып кетүү зарыл: текстти система-структуралык түзүлүш катары С.Ж. Мусаевдин эмгектеринде ишке ашкан. Бул окумуштуунун ушул темага байланыштуу бир пикирин келтирип кетели: “Текстгик лингвистиканын азыркы тапта өнүгүшү текстгин семантика-информативдик жана структура-синтаксистик проблемалары

менен катар, анын коммуникативдик-функционалдык аспектиден кароонун, текстти кептик бүтүн бир айтым катары таануунун зарылдыгын шарттап турат, б.а. текст комуникативдик-функционалдык бүтүндүк катары кептин бирдиги болуп саналат жана ушул багытта анализге алынуусу... приоритеттик багыт катары сунушталат. Бул, баарыдан мурда, тексттин прагматикалык аспектиси менен байланышта каралат" [1, 865-б.]. Бул пикирде тексттин система-структуралык өңүттө талданышы бир жактуулукка алып келсе, аны коммуникативдик-функционалдык жана прагматикалык планда каралышы биринчи көз карашты толуктоосу жана кеңейтүүсү даана жана ишенимдүү аргументтелген.

Ошентип, тексттик лингвистика дайыма конструктивдик алкактан каралып, эми жүрө-жүрө жеке аракеттин чыгармасы катары, прагматиканын объектиси катары да иликтене баштагандыгын көрүүгө болот. Демек, текст лингвистикасы бир гана система-структуралык түзүлүшкө ээ, ички элементтери жана бөлүктөрү тизмектешип байланышкан, бир темага баш ийген кептик чыгарманы, тилдик материалды гана изилдебестен, анда берилген маалыматтын, билимдин, тажрыйбанын биримдигин, жазуучу/окуучу менен сүйлөөчү/угуучунун жекече бөтөнчүлүктөрүн (максатын, мүдөөсүн, статусун, билимин ж.б.) чагылдырган субъективдүү коммуникативдик-когнитивдик актылардын жыйындысын да иликтейт. Мында кеп аракети жалпы аракет теориясынын алкагына кирип, конкреттүү кептик актылардын тизмеги катары аныкталып калат. Бул өңүттө биз тексттик аракет тууралуу да айта алабыз. Текст (кеп) аракети, текст (кеп) менен болгон аракет коммуникативдик аракеттин бир түрү катары кызмат кылат.

Биз эмнени кеп аракети же тексттик аракет деп атап жатабыз? Кеп аракети деп тексттик информацияны билдирүүгө, түшүнүүгө, өздөштүрүүгө же таркатууга багытталган жеке адамдын (инсандын) аракеттеринин жана актыларынын жыйындысын айтабыз. Тексттик актынын аткаруучусу (айтуучусу-жазуучусу) – анын автору, адресанты болот, актынын түшүнүүчүсү (угуучусу-жазуучусу) – тексттин адресаты, текст арналган тарап. Пикир алмашууга түздөн-түз катышпаган тарап текстте имплициттик түрдө, кээде 3-жак түрүндө, кээде кептин предмети түрүндө орун алат. Ал эми тексттин объектиси – бул ой-пикир алмашуунун темасы.

Пикир билгизүүдө айтуучу-жазуучу кептин темасына, предметине, жагдайына карап, өз эстутумуна кайрылып, максатка ылайык сөздөрдү сөз түрмөктөрүн тизмектештирип жайгаштырып оюн билгизет. Мында эстутумда ассоциативдик түрдө жайгашкан ар бир парадигмадан бирдик тандалып, экинчи парадигманын керектүү бирдиги менен комбинацияланып ойлом уюштурулат. Пикир билгизүү бир нече баскычтардан турат: 1) маалымат берүүнүн жагдайы, максаты, себеби; 2) адресанттын оюндагы пикир билгизүүнүн планы; 3) сүйлөө (парадигматика-синтагматикалык мүнөздө уюшулат, сөздөр тандалат, өз ара жалгашат, тууралыгы көзөмөлгө алынат); 4) пикирдин натыйжасын күтүү, адресаттын реакциясын билүү, ага баа берүү. Бул баскычтар коммуникативдик лингвистиканын өкүлдөрү тарабынан таасын негизделген. Бул ойлорду мисалдар менен тастыктайбыз. Айтып кетүү керек: тексттеги кайталануу-кайталанбоо дихотомиясы дайым эле даана иштей бербейт. Макротексттерде (мисалы, романда) кайталоолорду алып таштоо анча-мынча гана "бөксөлүктөргө", жетишсиздиктерге алып келет. Бирок "Аккан суу" (Жеңижок), "Кербезим", "Замана" (Токтогул) сыяктуу чыгармаларды кайталоо фигурасысыз элестетүүгө болбойт. **Кайталануу/кайталанбоо дихотомиясы кичи тексттерде туташ, ажырагыс, бирин экинчиси талап кылган биримдикти түзөт.**

Макалдарга кайрылалы: *Адам адам менен адам.* Логикалык жактан бул паремия тавтологиялык сүйлөмдү түзөт. Андагы ээ менен баяндооч бири-бирине барабар (*Аристотель – философ* десек, мында барабардык жок, ээ баяндооч атаган топтун конкреттүү өкүлүн атап жатат). Бул макалда бир эле сөз үч жолу кайталанып колдонулган. 'Адам' концепти үч функция аткарып турат: субъект + комитатив + предикат. Булар лингвистикалык алкакта барабар эмес. Тилдик мейкиндикте булар параллелдүү боло

албайт, анткени сүйлөмдүн мазмунунда үч түрдүү позиция, үч башка кызмат аткарып турат. Аларды параллелдүү эмес үч чекит менен белгилесек, чекиттерди сызыкча аркылуу туташтырсак, анда үч бурчтук фигурага ээ болобуз:



Вариант №1



Вариант №2

Аң-сезимдеги ассоциативдик алкакта деле бул үч сөз үч бурчтукту түзүп туруусу болжолдонот.

Паремия-сүйлөмдүн түзүүчүлөрүнүн схемасы төмөндөгүдөй:



Адам – адам тавтологиялык предикаттык айкашты түзүп турат. Субъект – ээ, предикат – баяндооч. Логикалык жана синтаксистик бирдиктер өз ара шайкеш. Ээге субъект, баяндоочко предикат дал келип жатат. Мындай шайкештик кээде гана жолугат. *Адам менен* – биргеликти туюнтуучу комитатив же толуктооч.

Паремия – текст. Анда кайталоо үч илтигин алып койсок, кайталанбаган бир гана сөз калат. Бул – *менен* сөзү. Ал бир эле учурда жандооч да, байламта да. Эки кызматты бир учурда аткарып жатат (*Менен* сөзү *Мени мененсен адамсың* деген сүйлөмдө башкаруу милдетин аткарып жандооч катары кызмат кылып жатат.). *Менен* сөзүнүн мазмундук жүгү ушунда эле эмес. Ал жандоочтук да, байламталык да милдет аткаруу менен катар, макалда ири мазмунду көтөрүп турат. Анын маанисин бир нече концепттер түзөт.

1) бирге/кошо болуу/жашоо/өмүр сүрүү/иштөө/кызмат кылуу...;
2) пикир алмашуу, ой бөлүшүү; эскеришүү, эрмек болуу, көңүл ачышуу, мелдешүү...;
3) көтөрмөлөшүү, колдошуу, көмөктөшүү, жардамдашуу;
4) талашуу, тартышуу, чырдашуу, жоолашуу, көрө алышпоо, аңдышуу...;
5) таарынышуу, ызалануу, ачууланyу, каарлануу...;
6) жарышуу, мелдешүү, эрегишүү, өчүгүшүү...;
7) сүйүшүү, түшүнүшүү, ызатташуу, сый урмат көрсөтүшүү, меймандашуу...;
8) ыкташуу, тарапташуу, топ (партия) түзүшүү, биригүү, кошулуу...;
9) кеңешүү, макулдашуу, консенсуска келүү, элдешүү...ж.б.

Демек, макалдагы негизги концептуалдык жүктү кайталанбоо элементи көтөрүп турат. Ал жагдайга ылайык конкреттүү концептке ээ болот. Анда позитивдүү (оң) да, негативдүү (терс) да маңыз бар. Бул макалдын колдонуу жагдайы өтө эле кең. Бир мусапырды болбогон нерсе үчүн ыза кылуу кырдаалынан тартып, бир өрөөн элдин колдоосун унутуп, бир чоң этностун “кемчилдигин” жар салуу жагдайына чейин бул макал колдонула алат. Жалпылоочу мааниде *адам* сөзү 'этнос', 'улут', 'эл' сыяктуу концепттердин формасы катары кызмат кылып калат.

Ошентип, тексттин кайталанбоочу бөлүгү анын концептуалдык негизин түзүп турат. Эми ушул сөздү алып койсок, анда *адам адам... адам* эле үч сөзү калат. Текст минус кайталанбоо кайталанган гана сөздөрдү калтырып коет. Мында эч кандай маалымат жок. Кайталанган үч номинатив турат. Маалымат бербеген сүйлөм болбойт. Ал сүйлөм эмес. Бул ситуативдик деле кайталоо эмес.

Тексттен кайталануучу бөлүгүн алып таштасак, кайталанбаган бөлүгү калат. Андан кайталанбоочу бөлүгүн алып койсок, кайталанган бөлүгү калып жатат. Бул эки операция

тең – эксперимент. Мындай жасалма эксперимент изилдөөдө гана болот. Ал эми жандуу кепте, реалдуу дискурста “минус”, “плюс” амалдары иштебейт.

Талданган макалдын логикалык-семантикалык антиподу бар. Эгер аталган паремияда тавтологиялык пикир предикаттын негизин түзсө, төмөндөгү мисалда предикаттын ичинде өзүн-өзү тануу бар. Бул – *Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу*. Мында да *сулуу* сөзү үч жолу колдонулат. Биринчиси – субстантивдешкен атрибуттук *сулуу* сөзү, субъект-ээ милдетин аткарып турат. Экинчи *сулуу* – атрибут-предикат, б.а. баяндоочтун ичине кирген сын атооч. Мында ал *эмес* менен кошо баяндоочту уюштурду. Үчүнчү *сулуу* – өзүнчө, жекече баяндоочту уюштурган сын атооч. Эки баяндооч өз ара контрасттык катышта.

Макал беш сөздөн турат. Булардын үчөө – *сулуу*. Ал үч жолу кайталанып колдонулган. Тексттен бул сөздү алып койсок, *эмес* жана *сүйгөн* сөздөрү калып калат. *Сүйгөн* – субстантивдешкен, ээлик милдеттеги атоочтук. Бул сөз – макалдын өзөгү. Анын темасын чагылдырат. *Эмес, сүйгөн* сөздөрүн алып койсок, үч ирет кайталанган *сулуу* сөзү калып калат. Алар эч кандай маалымат бербейт. Мында да кайталанбаган элементтер макалдын семантикалык жүгүн көтөрүп турат, кайталануу-кайталанбоо биримдиги даана көрүнөт.

Бул эки макал кайталанган сөздөрдүн саны боюнча гана эмес, бир кыйла эле жалпы тексттик сапаттарга ээ.

1. Экөөндө тең тема бар. Биринчисиники – “Адамгерчилик”, экинчисиники – “Сүйүү”.
2. Макалдар максатка баш иет. Биринчиси адамгерчиликке, экинчиси чыныгы махабатка үндөйт.
3. Экөөндө тең идея бар: биринчиси карым-катышты, экинчиси жактырууну баалайт. Идеянын автору – этнос, пайдалануучу да – этностун өкүлдөрү.
4. Ар бири – өзүнчө элдик чыгарма, өз кырдаалында, өз ордунда, өз ыгы менен колдонулат.
5. Буларды түзгөн сөздөр кынапталып, бирин-бири талап кылып, толуктап турат. Алар “камыр-жумур жуурулушуп”, “органикалык тутумду” түзүшөт .
6. Ар бирине бүтүндүк мүнөздүү, баш-аягы бар, чеги даана ажыратылган.
7. Алардын түзүлүшү туруктуу, ички мүчөлөрүн эркин орун алмаштырууга, бирин алып таштоого же бири-биринен ажыратууга болбойт.
8. Ар биринин сценарийи (колдонуу кырдаалы, максаты, себеби, оозеки же жазуу түрүндө аталышы, жагдайга шайкештигин баалоо, канааттануу же канааттанбоо ж.б.) бар.
9. Маалымат, билим, тажрыйба ныкталык, көркөм үндөштүктө берилет (тавтология, тануу да – көркөм ыкмалар).
10. Экөөнө тең убакыт-мейкиндиктеги универсалдуулук, жалпылоочулук мүнөздүү.
11. Колдонгондо адресат-адресантсыз айтылбайт же жазылбайт.
12. Экөөндө тең бөлүктөр жана алардын байланыштары бар.
13. Буларда кайталануу кайталанбоо биригип ажырагыс биримдикте, бири-бирисиз маалымат бере албайт.

Демек, жогоруда талданган ар бир макал тексттин ченемдерге ылайык келет деген бүтүмдүн негиздүүлүгүнөн күмөн саноого болбойт жана бул пикирге толук кошулууга негиз бар.

Адабияттар

1. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Б., 2000.
2. Тураева З.Я. Лингвистика текста. – М., 1986.
3. Зулпукаров К.З., Кожоева Г.Ж., Эшманова С.К. Тексттин негизги касиеттери жана алардын тутумундагы кайталануу-кайталанбоо конфигурациялары. – Ош, 2014.

4. Дридзе Т.М. Текстовая деятельность в структуре социальной памяти.– М., 1986. – 153с.
5. Суркеева В.Б. Психолингвистические проблемы понимания иноязычного текста в сознании насителя билингвизма – Ош, 2008.
6. Караулов Ю.Н. Русский язык и.яз.личность. – М., 1984.
7. Маразыков Т.С. Текст таануу жана анын айрым маселелери. – Б.: “Бийиктик”, 2005. I, II, III т.т.

S.K. Eshmanova, teacher, K.Z. Zulpukarov, professor, OshSU
shumanalie2013@mail.ru

Pragmatics and principles of analysis of text in configuration of reiteration

The key principals of the texts theory are characterized in this article.
Keywords: *discourse, syntagmatics, pragmatics, concept, intention, predicativity, temporality, signs text, text category.*

УДК: 37.02.

Ж.А. Аванова, п.и.к., доцент, ЖАМУ

Окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана болочок математиктерди даярдоо маселелери

Бул макала математикалык маданият же математикалык жөндөмдүүлүк түшүнүктөрүнүн компоненттерин, окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн жолдорун аныктоого жана анын негизинде болочок математика мугалимдерин даярдоодо эске алынуучу проблемаларга жана аларды чечүүнүн багыттарын белгилөөгө арналган.
Ачкыч сөздөр: *математикалык жөндөм, математикалык маданият.*

В статье определены основные компоненты математической культуры как математической способности учащихся формирующим готовность к самообразованию. Даны основные напровления по разрешению данной проблемы при подготовке будущих учителей – математиков.
Ключевые слова: *математической способности, математической культуры.*

Азыркы учурда дүйнөнүн маалыматтык коомго айлануусу билим берүү чөйрөсүндө да олуттуу өзгөрүүлөрдү жаратты. Окумуштуулардын пикири боюнча, маалымат доорунда билим куралга, окуп-үйрөнүү биринчи зарылдыкка айланат. Адамдын билгичтик жөндөмдөрү биринчи планга чыгат да, адамдар билимин, квалификациясын тынымсыз өзгөртүп өнүктүрүп турууга муктаж болушат (Ханс Конинг. Заметки о XXI веке//-Иностранная литература 1999, №2). Мына ушундай бир топ жаңы көз караштарга ылайык акыркы мезгилде окутуунун жаңы парадигмалары пайда болду. Алар: «Инсанга багыттап окутуу» жана «Компетенттүүлүккө негизделген окутуу». Бул концепциялардын максаты билимге негизделген окутуунун баркын төмөндөтүү деп бир жактуу түшүнүүгө болбойт. Анын түпкү максаты маалыматтарды окуучулар же студенттер тарабынан бекем сактап калууга умтулуу эмес, аларды түрдүү кырдаалдарда пайда болгон турмуштук, кесиптик маселелерди чечүүдө колдоно билүү билгичтиктерин өнүктүрүүгө жетишүү. Бул проблемаларды ишке ашырууга азыркы мугалимдердин даярдыгы толук жетищтүү эместиги белгиленип келүүдө, ошого карата компетенттүү мугалимдерди ЖОЖдордо даярдоо маселелери колго алынууга тийиш.

И. Бекбоев белгилегендей, «Студенттин же окуучунун компетенциясы бул анын эртеңки сандык образы» [1]. Мындай шартта мугалимдин башкы милдети окуучуну же студентти үйрөнүүгө үйрөтүү болуп саналат. Азыркы учурда билим берүү системаларына өз алдынча билим алууга, өз билимин өркүндөтүүгө жана коомдун ар кандай өзгөрүштөрүнө даяр өнүккөн инсанды калыптоо милдети коюлган. Мындай шартта мектеп бүтүрүүчүлөрү толук кандуу калыптанган математикалык маданиятка ээ болбосо, анда алар коомдо өз ордун табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусун элестетүүгө мүмкүн эмес. Бул макала математикалык маданият же математикалык жөндөмдүүлүк түшүнүктөрүнүн компоненттерин ачыктоого жана окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн маанисин тактоого, бул маселеде болочок математика мугалимдерин даярдоодо эске алынуучу проблемаларга арналган.

Математикалык жөндөм түшүнүгүн эки аспектте кароого болот. Биринчи учурда, бул математик-адистерге тиешелүү: алардын математика илиминин теориясын жана практикалык, прикладдык колдонулуштарын терең, жакшы өздөштүргөндүгүнүн белгиси. Экинчи учурда өлкөнүн бардык жарандары үчүн зарыл болгон математикалык билимдер жана аларды турмушта колдонуу билгичтик, көндүмдөрү – деп кароого болот. Ушул шартта математика мугалимдери бир жагынан кесипкөй – математик, экинчи жагынан жаштар чөйрөсүндө массалык түрдө математикалык маданиятты жайылтуучу болууга милдеттүү. Ал эми математикалык маданият бир топ математикалык жөндөмдөрдөн түзүлөт. Ошондуктан, математика мугалимдерин даярдоо маселесинде жогорудагы эки шартты эске алуу менен анын проблемаларын иликтөө жана чечүүнүн жолдорун аныктоо зарыл.

Бул жаатта педагог – окумуштуулардын жакшы мугалим жөнүндө берген мүнөздөмөлөрүнө көңүл буралы. Б.В. Гнеденко мындай деп белгилейт: “Жакшы мугалим эрксизден окуучулардын көңүлүн өзүнө бурат, аларды толук, логикалуу ой жүгүртүүгө көнүктүрөт, так жана таза, жагымдуу жана мазмундуу сүйлөөгө үйрөтөт, окуучулары аны менен баарлашуу канчалык кызыктуу экендигин билишет, себеби ал окуучуларды стандарттуу эмес ой жүгүртүүгө үйрөтөт, алардын көңүлүн обьектин же кубулуштун кызыктуу өзгөчөлүктөрүнө бура алат, өз предмети менен башка илимдердин байланышын түзүп, канчалаган ачылыштарды жасоого болооруна окуучуларын ишендирип, алардын жөндөмүн жана талантын ачууга көмөктөшөт” [3]. “Жөндөм” түшүнүгүнө ар башка окумуштуулар ар түрдүү аныктамаларды белгилешет, окумуштуу, педагог-психологдордун берген аныктамаларына көңүл буралы:

“Способность – это такая деятельность, которая ориентировано на то существенное, что лежит в основе большого числа частных явлений. В силу этого тот, кто овладел такого рода деятельностью, в дальнейшем без всякого обучения успешно справляется с любым частным явлением данного класса” – Н.Талызина [5].

“**Специальные способности** есть общие способности, приобретшие черты оперативности под влиянием требований деятельности” – В.Д. Шадриков [7].

Атайын жөндөмдөрдүн ичинен математикалык жөндөм түшүнүгүнүн негизги компоненттерин аныктоого аракет жасайлы.

Психолог В.А. Крутецкий боюнча: “Математические способности – это индивидуально психологические особенности (прежде всего особенности умственной деятельности), отвечающие требованиям учебной математической деятельности и обуславливающие при прочих равных условиях успещность творческого овладения математикой как учебным предметом, в частности относительно быстрее, легкое и глубокое овладение знаниями, умениями и навыками в области математики” [4]

Математикалык жөндөмдүүлүктүн маңызын ачып берүү үчүн В.А. Крутецкий төмөнкү эки топту белгилейт: 1) инсандын жалпы касиеттери; 2) “математикалык акылдын” касиеттери [4].

Биринчи топко: максатка умтулуучулук касиети, математикага ынтаа коюу жана багыттуулугу; математикалык символдорго болгон мамилеси кирет.

Экинчи топко: “ар түрдүү кубулуштардын жалпылыгын көрө билүүсү; ойду жалпылоо жөндөмү; “ар түрдүү кубулуштардын байланышын таба билүүсү; ой-жүгүртүүнүн логикалуулугу; натыйжа, корутундуларды келтирип чыгара билүүсү; “маселенин эң башкысын, маңызын көрө билүү; “жекеден жалпыга жана жалпыдан жекеге келүү жөндөмү”, маселени чыгаруунун бир топ кооз-ыңгайлуу жолун көрө билүүсү киргизилген.

Математикалык жөндөмдүүлүктүн экинчи тобун дагы төмөндөгүлөр менен толуктоого болор эле: 1) татаал тамгалуу туюнтмаларды өзгөртүп түзүү чеберчилиги; 2) стандарттуу эмес жол менен чыгарылуучу теңдемелердин чечимдерин табуунун жолун табуу жөндөмү; 3) жалпылоо жөндөмү; ой-жүгүртүүнүн тактыгы; 4) геометриялык интуициясы; 5) удаалаш, бөлүктөлгөн логикалуу талкуулоо чеберчилиги.

Жогоруда белгиленген математикалык жөндөмдүүлүккө карата көз караштарды салыштырып, математикалык жөндөмдүүлүктүн негизги белгилери катары төмөнкүлөрдү белгилейбиз: жалпылоо жана жалпыдан жекече учурларды көрө билүү жөндөмү; ой-жүгүртүүнүн логикалуулугу, ийкемдүүлүгү, тереңдиги, тездиги жана тактыгы; талкуулардын аргументтүүлүгү; күчтүү эс тутум.

Жогоруда белгиленген окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып базалык математикалык жөндөм түшүнүгүнүн негизги компаненттери катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот.

Курчап турган дүйнөдөгү математикалык мыйзам ченемдүүлүктөрүн көрө билүү жөндөмү. “Математика, бул чыныгы – дүйнөнүн мейкиндик формалары жана сандык катыштары жөнүндөгү илим” – деп Ф. Энгельс белгилесе, “Жаратылыш математиканын тили менен сүйлөйт: бул тилдин тамгалары – тегеректер, үч бурчтуктар, көп бурчтуктар жана башка математикалык фигуралар болушат” – деп Г. Галилей айтса, ал эми К. Маркс: “Ар кандай илим математиканын закондорун, ийгиликтерин пайдаланганда гана өзүнүн баралына жете алат” – деп көрсөткөндөй окуучулардын дүйнө таанымын математикасыз элестетүү кыйын. Математикалык түшүнүктөр – бул обьектердин, предметтердин адамдын аң – сезиминде чагылышы же абстрактуу түшүнүктөр, ошондуктан аларды окуп-үйрөнүү процесси түшүнүктүн ички байланыштарын жана башка түшүнүктөр менен өз ара байланыштарын ачып көрсөтүү аркылуу жүргөн учурда гана ийгиликтүү болот. Мында математика мугалимдеринин негизги милдети окуучуларга баштапкы жалпы байланыштардын негизинде математикалык түшүнүктүн курчап турган ааламдагы ар түрдүү көрүнүштөрүн байкоого көнүктүрүү жана булардын канчалык маанилүү экендигин көрсөтүү болуп саналат.

Математика предметинин башка предметтер менен байланышын конкреттүү темаларды окутууда ачып көрсөтүү аркылуу да математиканын турмуш жана илимдеги ордун далилдей алсак, ошол эле учурда математика башка илимдердин негизинде да өнүгүп жаткандыгын унутпоо зарыл.

Математикалык жөндөмдөрдүн дагы бир маанилүү компоненти болуп математикалык ой жүгүртүү саналат. Окуучулардын ой жүгүртүүлөрүн калыптандыруу милдети бардык эле мектептерде окутулуучу предметтерге жүктөлгөн. Окутуу процессинде окуучулардын ойлоосун өстүрүүдө өзгөчө роль математикага таандык. Бул тыянак окумуштуулар Б.В. Гнеденко, Ю.М. Колягиндин, А.А. Столярдын, А.Я. Хинчиндин, Л.М. Фридмандын, И.Б. Бекбоевдин ж.б. окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүндө далилденген. Л.М. Фридмандын аныктамасы боюнча: “Математикалык ой жүгүртүү, бул-абстрактуу, таза теориялык ой жүгүртүү, анын обьектери заттык эмес, обьектеринин арасындагы катыштарды сактап аларды каалагандай образда интерпритациялоо” [6]. Математикалык ой жүгүртүүнүн сапаты жөнүндө И.Б. Бекбоев төмөнкүлөрдү белгилейт: максаттуулук, активдүүлүк, ийкемдүүлүк, өздөштүргөндөрдү

кайталап айтып берүүгө эс тутумдун даярдыгы, ой-жүгүртүүнүн кеңдиги жана тереңдиги, сындоо жана өзүн-өзү сындоо даремети, ачыктык жана тактык, оргиналдуулук жана далилдүүлүк [1].

Л.М. Фридман математикалык ой-жүгүртүүнүн биринчи кезектеги белгилери катары:аң-сезимдүүлүктү, логикалуулукту, тартиптүүлүктү белгилейт [6]. Аң-сезимдүүлүк, бул – түшүнүктөр менен операцияларды жүргүзүү жана ал түшүнүктөрдүн түпкү маңызын изилдөө, ал эми тартиптүүлүк, бул – ой жүгүртүү обьектисин ***талдоо***, мунун негизинде өзүнүн ой-жүгүртүү ишмердүүлүгүн ***пландоо же кадамдарды аныктоо***, аткарылган ишмердүүлүктүн кадамдары боюнча өзүн-өзү ***текшерүү*** жана өзүнө-өзү **баа берүү.** Бул текшерүүнүн мааниси белгиленген планга аткарылган иш аракет дал келээрин аныктоо жана эгерде зарылчылык болсо аны оңдоп түзөтүү болууга тийиш.

Математикалык методдорду колдоно билүү жөндөмү. Илим жана техниканын көптөгөн тармактары математикалык методдорду колдонуунун негизинде чоң жетишкендиктерге ээ болгондугу талашсыз. Мунун баары үйрөнүлүүчү обьекттин математикалык моделин түзүү аркылуу жетишилет. Ошондуктан математикалык методдордун негизгиси-кубулуштун математикалык моделин түзүү. Математикалык модел, бул – дүйнөнүн кубулуштарынын кайсы бир классын же алардын касиеттерин, катыштарын же байланыштарын математикалык символдордун жардамында туюнтуу.

Математикалык тилди эркин колдоно билүү жөндөмү. Математика сабактарында окуучулар так, кыска жана логикалуу сүйлөөгө көнүгүү менен бирге кыска, так жазууга да көнүгүүлөрү зарыл. Себеби турмушта, практикада жана өдүрүштө бул сапат инсан үчүн өтө керектүү. Ошондуктан мугалимдер өздөрү да бул сапатка ээ болуп, анын ар бир сөзү, ар бир аракети каралып жаткан маселени окуучулар жакшы түшүнүүсүнө жардам бергендей болгону маанилүү.

Математикалык тилдин күчү анын кайсы иш аракетти жасоо керектигин көрсөтүп турган белгилөөлөрү, символикасы эсептелет. Математикалык символдор маалыматты кыскача жазуу жана аны андан ары иштеп чыгууга ыңгайлуу болгондой түргө келтирүү милдетин аткарат, Ошондуктан анын символдорунун маанисин так түшүнүп, пайдалана билүүгө жетишүү окуучунун математикалык терең билим алуусун шарттайт. Математика сабактарында математикалык тил жана символдор бири-бирин толуктап турат. Булардын экинчиси логикалык натыйжаларды алууга жардам берет. Алар аркылуу кубулуштардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоо мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт.

Математиканын эстетикалык кооздугун кабыл алуу жөндөмү. Ар бир предмет өзүнүн эстетикалык жагын эске алуусу зарыл. Анткени өсүп келе жаткан жаш муундарды курчап турган дүйнөнүн кооздугун, сулуулугун байкоо, аны сезүү сезимдерин өстүрүү маанилүү милдеттердин бири. Математиканын сулуулугу анын эсептөөлөрүнүн далилдүүлүгүндө, маселелерди чыгаруунун оргиналдуу жолдору, анын тилинде, деги эле математиканын абстрактуулугунда. Математика сабагында эстетикалык тарбия берүү мугалимдин билиминен жана билгичтигинен көз каранды болот. Мында мугалимдин иш аракети төмөнкүлөргө багытталууга тийиш:

- маселе чыгаруунун көркөмдүгүнө: туура чыгарылган, жообу текшерилген, оргиналдуу жол менен чыгарылгандыгын белгилөө жана буга тескерисинче болгон учурларга окуучулардын көңүлүн буруу;
- жакшы чыгарылган маселенин маңызын ачып көрсөтүү;
- математикалык формулалардын кооздугун көрө билүү (симметриялуулугу, жөнөкөйлүүлүгү);
- математикалык туюнтмалардын реалдуу образдары, заттык формалары аркылуу элестүү окутуу;

– математикалык фигуралардын кооздугуна көңүл буруу;
– математикалык ой-жүгүртүү процессинде канааттануу сезимдерин пайда кылууга багытталган иш-аракеттерди жүргүзүү.

Окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө болочок математиктерди даярдоо маселелерин чечүүдө кайсыларды эске алуу керек? – деген суроо жаралат.

Негизги милдет студенттердин математикалык маданиятын же жөндөмүн өстүрүү талабы менен байланыштуу. Экинчиден, студенттер өнүктүрүүчү сабактарды пландоону, уюштуруу формаларын, өткөрүүнүн технологиясын өздөштүрүүсү зарыл. Демек, студенттер "өнүктүрүүчү окутуу" түшүнүгүнүн негизги компоненттерин ачык билмейинче **окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү** натыйжалуу өздөштүрө алышпайт.

Өнүктүрүүчү окутуу идеясы Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, В.В. Давыдов, Л.В. Занков ж.б. окумуштуулар тарабынан киргизилген [2]. **Өнүктүрүүчү** окутуунун негизги принциби окуучуларды өз алдынча билим алууга даярдыгын калыптандыруу максатындагы ишмердүүлүк методу болуп саналат. Бул идеяларга ылайык жалпылап, **өнүктүрүүчү** окутуунун негизги талаптарын төмөндөгүдөй белгилөөгө болот:

– таанып билүү процесси окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүнүн негизинде уюштурулат;
– мугалим – таанып билүү процессин уюштуруучусу;
– окуучунун таанып билүү ишмердүүлүгү баскычтуу программа түрүндө болуп, баалоо критерийлери ачык болушу зарыл;
– таанып билүү ишмердүүлүгүндө жөндөмдүүлүктөр баарлашуунун жүрүшүндө коммутативдүү өз-ара аракеттерде калыптанат.

Өнүктүрүүчү окутуу түшүнүгүн жогоруда белгиленген авторлордун пикирлерин эске алып, төмөндөгүдөй мүнөздөйбүз:

– **өнүктүрүүчү** окутуу көрсөтмөлүү-түшүндүрүү окутуу методун активдүү-ишмердүү окутуу методу менен алмаштырган окутуунун жолу;
– **өнүктүрүүчү** окутууда индивиддин өзгөчөлүгү жана деңгээли, өнүгүү мыйзамченемдүүлүгү эске алынат;
– Педагогикалык таасирлер инсандын тубаса берилгендеринин өнүгүшүн стимулдаштырат, багыттайт жана тездетет;
– **өнүктүрүүчү** окутууда бала ишмердүүлүктүн толук кандуу субьектиси болуп эсептелет;
– **өнүктүрүүчү** окутуу баланын бардык инсандык сапаттарын **өнүктүрүүгө багытталат:** ӨО=ББК+ӨБМ+АИЖ+ЭНЖ+ ПКЖ, мында ББК – билим, билгичтик, көндүм; ӨБМ – инсандын өзүн-өзү башкаруу механизми; АИЖ – акыл ишмердүүлүгүнүн ыкмалары; ЭНЖ – эмоционалдык-нравалык өнүгүү; ПКЖ – практикалык колдонуу жөндөмү;

1) **өнүктүрүүчү** окутуу баланын жакынкы **өнүгүү зонасында өтөт;**
2) **өнүктүрүүчү** окутуунун мазмуну дидактикалык жактан теориялык ой-жүгүртүүнүн логикасына ылайык т**үзүлөт;**
3) **өнүктүрүүчү** окутуу максатка ылыйык окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө ишке ашырылат;
4) **өнүктүрүүчү** окутуу окуу маселелерин чечүү жолу аркылуу ишке ашырылат;
5) **окутуунун технологиясы** инсандын өзүн-өзү өнүктүрүү мотивдерин пайдаланууга негизделет.

Мында окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгү "билим алууга үйрөнүү" деген мааниде каралат. Бул китепти тек кана окуу эмес, деги эле кайсы окуу предмети болбосун кеп аны өздөштүрө билүү, үйрөнө билүү жөнүндө болуп жатат. Окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүнүн

түзүлүшү түрдүү клацификациялар менен берилип жүрөт. Аларды жалпылап, төмөндөгүдөй окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүнүн түзүлүшүнүн негизги үч компонентин белгилөөгө болот:

- ыкластуулук менен багыт алуу компоненти (мотивационно-ориентировочный компонет);
- иш-аракеттердин ыкмалары компоненти (операционный компонент);
- өзүн-өзү текшерүү жана баалоо компоненти.

Биринчи компонент ишмердүүлүктүн башталышы. Анда окуучу тапшырманын максатын түшүнүп, аны ишке ашыруунун шарттарын аныктап, план түзүп алат. Бул иштин натыйжасына жетүүнү камсыз кылат. Баланын ишке болгон кызыгуусу ушунда жатат.

Адатта бул компонентке маани берилбей, окуучуларды аны аттап кетүүгө мажбур кылышат. Анын функциясын мугалимдер өз мойнуна алышат. Башкача айтканда тапшырманын маңызын, максатын мугалим өзү түшүндүрүп, пландаштырып берет. Натыйжада ишмердүүлүктүн биринчи компоненти окуучуларда калыптанбай кала берет да, алар экинчи компонентке – ар кандай иш-аракеттерди, ыкмаларды аткарууга өтүп кетет. Ошондуктан окуучулар аткарып жаткан иш-аракеттердин маңызына түшүнбөй иштешет да, мугалимдин жетектеп, кубаттап туруусун күтүп иштин аягына чыга албай да калышат. Ишмердүүлүктүн экинчи компонентинде окуу материалынын мазмуну чагылдырылып, иш-аракеттин ыкмалары калыптанат. Иш аракеттин ыкмалары боюмдар, предметтер менен менен болгон иш аракеттер жана ой-жүгүртүү иш-аракеттери деп эки топко бөлүнөт.

Нерселер менен болгон иш-аракеттер иштин башталышында киргизилген реалдуу боюм же анын модели, же сүрөттөр, схемалардын жардамы менен жүргүзүлүп, окуу материалдарындагы математикалык түшүнүктөрдүн байланыштарын аныктоого керектелет. Бул иш-аракеттер ой-жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн биринчи этабын түзөт.

Ой-жүгүртүү иш-аракетинин түрлөрүнө логикалык операциялар деп аталган: анализ, синтез, салыштыруу, аналогия түзүү, жалпылоо жана конкреттештирүү, татаал интеллектуалдык билгичтиктерди: моделдештирүү, визуалдуу элестөөлөр, өзгөртүп түзүү ж.б. атоого болот. Мында белгилеп кете турган нерсе – материалдуу жана ой-жүгүртүү иш-аракеттерин бири-биринен абсолюттук түрдө бөлүүгө болбойт. Окуучу тапшырмага киришүүдөн баштап ой-жүгүртүү механизми кыймылга келет. Ишмердүүлүктүн үчүнчү компонентин да биринчилерден бөлүп кароого мүмкүн эмес, анткени өзүн-өзү текшерүү жана баалоо механизми ишмердүүлүктүн бардык этаптарында орун алат. Эгерде мындай болбосо, анда аң-сезимдүү өздөштүрүү процесси болмок эмес. Ошондуктан бул үчүнчү компонентти атайын калыптандыруу талабы келип чыгат.

Окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгү адамдын турмуштук иш-аракетинин негизи, ал тургай аспабы болуп каралат. Андыктан окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүнүн калыптандыруу алардын өз алдынча таанып билүүчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн негизги шарты болуп эсептелет.

Сабакта окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн максаттуу математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап уюштуруу мугалимдин чыгармачыл эмгегинин натыйжасы. Мында окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгү төмөндөгү негизги принциптерге таянат:

1. **Өз алдынчалуулук;**
2. **Маалыматтарды аңдап түшүнүү;**
3. **Суроолорду коё билүү, проблеманы аныктоо;**
4. **Өз оюн, позициясын аргументтештирүү;**
5. **Командада иштей билүү.**
6. **Баалоо жана өзүн-өзү баалоо.**

Жыйынтыктап айтканда болочок математик мугалимдери:

1) математикалык жөндөмдүүлүк түшүнүгү жана анын компоненттерин билүүсү керек;
2) окуучулардын математикалык жөндөмдүүлүктөрүн түрдүү шарттардын негизинде калыптандыруунун зарылдыгын билүүсү керек;
3) өнүктүрүүчүокутуу түшүнүгүнүн компонеттерин билүүсү жана аны уюштуруп өткөрүүнүн жолдорун өздөштүрүүсү керек;
4) окутуу жана окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн айрымачылыктарын билүүсү зарыл;
5) окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун негизги принциптерин билүүсү керек;
6) сабактагы окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн максаттуу математикалык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багыттап уюштуруу билгичтигине ээ болуусу зарыл;
7) баалоо жана өзүн-өзү баалоо билгичтигине ээ болуусу зарыл.

Адабияттар

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 384 б.
2. Выгодский Л.С. Педагогическая психология. –М.: Педагогика-Пресс, 1999. – С. 216.
3. Гнеденко Б.В. Развитие мышления и речи при изучении математики. //Математика в школе. 1991. №4. –С. 3-9.
4. Крутецкий В.А. Психология обучения и воспитания учащихся. –М.: Просвещение; 1976. –С. 245.
5. Талызина Н.Ф. Педагогическая психология –М.: Изд.центр “Академия”; 1998. –С. 228.
6. Фридман Л.М. Психолого-педагогические основы обучение математике. –М., 1983. –С. 160.
7. Шадриков В.Д. Психология деятельности и способности человека. –М., 1996.–С.159.

J.F. Avanova, docent, JASU

Themaincomponents of mathematical culture as mathematical ability of students forming readiness for self-education

The paper identifies the main components of mathematical culture as mathematical abilities of students forming willingness to self-education. Basic directions to resolve this problem in the preparation of future teachers – mathematicians were given in this article.

Key words:mathematical ability, mathematical culture.

УДК:371.3:51

Д.Ч. Култаева, улук окутуучу, ОшТУ

Математика боюнча тапшырмалардын циклин түзүү жана аларды колдонуу менен студенттердин математикалык жөндөмүн диагностикалоо жана өнүктүрүү

Макалада математика боюнча тапшырмалардын циклин түзүү методикасы көрсөтүлгөн.

Ачкыч сөздөр: *математикалык жөндөм жана анын компоненттери, тапшырмалардын цикли.*

В статье показаны методы создание циклы задании по математике.

Ключевые слова: *математическая способность и её компоненты, цикл задании.*

Студенттин математикалык жөндөмүн диагностикалоо бир топ татаал психологиялык-педагогикалык проблема, бул факт ушул мезгилге чейин орто кесиптик окуу жайларда математикалык жөндөмдү баалоонун диагностикалык методунун массалык практикада жоктугу менен бекемделет жана бул багыттагы иш олимпиадаларды өткөрүү менен гана чектелүүдө. Жөндөмдү өлчөөнүн, ага баа берүүнүн аракеттери XX кылымдын башында башталган Л. Терстоундун, Э. Торндайктын эмгектери тесттердин жардамы менен математикалык жөндөмдү диагностикалоого чыйыр сала баштаган. Психологдор жөндөмдүн структурасын изилдөө үчүн тапшырмалардын топторун түзүшкөн, ал эми окумуштуу-математиктер өз алдынча анализ менен иштешкен. Математикалык жөндөмдүн диагностикалык апараты орто кесиптик окуу жайлар үчүн жетишерлик деңгээлде иштелбеген жана диагностика окуу процессинде системалык түрдө колдонуу максатында эмес, математикалык жөндөмдү аныктоо жана изилдөө үчүн гана багытталып калган. Студенттердин математикалык жөндөмүнүн компоненттерин диагностикалоо (же өнүктүрүү) үчүн, ал компоненттердин түзүлүшүн, мазмунун аныктап алдык жана ал 1-таблицада берилди.

1-таблица

Студенттердин математикалык жөндөмдүүлүктөрүнүн түзүлүшү

	Шифр	Компонент	Компоненттин мазмуну
Жалпы	S^1	маселенин формалдык түзүлүшүн кабыл алуу жөндөмдүүлүгү	маселенин шарты боюнча аны чечүү үчүн маалыматты пайдалана ала билүү жөндөмдүүлүгү
	S^2	математикалык ой жүгүртүүнүн логикалуулугу	математикалык ой жүгүртүүнү ырааттуу, туура жүргүзө билүү жөндөмдүүлүгү
	S^3	математикалык ой жүгүртүүнүн кайтарым байланыштуулугу	ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда, маселе чечүүнүн методдорун жалпылай билүү жөндөмдүүлүгү
	S^4	математикалык ой жүгүртүүнүн кайра артка кайтуучулугу	түз ой жүгүртүүнү, кайра артка кайтуучу ой жүгүртүүнү уюштура билүү жөндөмдүүлүгү
	S^5	математикалык ой жүгүртүүнү өзгөртүүгө жана кыскартууга болгон жөндөмдүүлүк	маселени чечүү процессинде катачылыктарга жол бербөө жана аны текшере билүү жөндөмдүүлүгү
	S^6	математикалык ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү	маселенин шарты өзгөргөндө студенттин аракетти максатка ылайыктуу өзгөртө билүүсү жана маселе чечүүнүн белгилүү бир башка жолун тандап алуу жөндөмдүүлүктөрү
	S^7	математикалык ой жүгүртүүнүн рационалдуулугу	студенттин тапшырманы аткарууда туура чечимге алып баруучу ыкманы тандай алуу жөндөмдөмдүүлүгү
	S^8	математикалык символикалар жана математикалык тил менен иштөө жөндөмдүүлүгү	математикалык символдорду түшүнө билүү, пайдалануу, математикалык тилди туура айта билүү. Кабыл алган тиешелүү чечимди формага салуу (символдун тилине которуу) жана математикалык терминдер менен сабаттуу иштей билүү жөндөмдүүлүктөрү
Адис	S^9	когнитивдүү эске тутуу	кабыл алынган чечимдин идеясын актуалдаштыруу жана чечимдин алгоритмин түзө билүү

			жөндөмдүүлүгү
	S^{10}	мейкиндик жөнүндө ой жүгүртүү	мейкиндик жөнүндө ой жүгүртүү менен иштей билүү жөндөмдүүлүгү
	S^{11}	эсептей билүү жөндөмдүүлүгү	эсептөө, чечимди сандык натыйжага чейин жеткире билүү жөндөмдүүлүктөрү
	S^{12}	инженердик-математикалык интуиция	натыйжанын чындыгын баалай билүү жана аны алдын ала көрө билүү, моделдештирүү жөндөмдүүлүктөрү
	S^{13}	математикалык ой жүгүртүүнүн креативдүүлүгү	математикалык чыгармачылыкка, оригиналдуу чечимдерди жана идеяларды кабыл алууга болгон жөндөмдүүлүктөр

Математикалык жөндөмдү өнүктүрүүнүн методикасын окуу практикасына киргизүүдө бир топ кыйынчылыктар жараларын белгилей кетели. Бул багыттагы азыркы методикалар көбүнчө студенттерди стандарттуу эмес тапшырмаларды аткарууга багытталган, мына ошондуктан изилдөөчүлөр бул тапшырмаларды тандоону жана аларды аткаруунун жолдорун издөөнү, үйрөтүүнү артык көрүшөт. Стандарттуу эмес тапшырмаларды аткарууга мыкты студенттер жөндөмдүү жана аны окутуу үчүн бардык студенттерди камтыбаган атайын курстарды өткөрүү жетиштүү. Эгер студенттердин математикалык жөндөмү стандарттык эмес же олимпиадалык тапшырмаларды аткаруусуна негизделип диагностикаланса, анда окуу процессинде жөндөмдүн өнүгүү динамикасын кантип эсепке алабыз? Бул үчүн окуу процессине диагностиканын үзгүлтүксүз системасын киргизүү зарыл. Студенттердин математикалык жөндөмүн диагностикалоо жана өнүктүрүүдө тапшырмалардын циклин түзүү үчүн В.А. Крутецкий тарабынан жүргүзүлгөн эксперименттин (мектеп окуучулары үчүн) жыйынтыгын негиз кылып алдык [1]. Математикалык жөндөмдүн структурасын изилдөө үчүн В.А.Крутецкийдин тапшырмаларынын 26 сериясы түзүлгөн. Тапшырмалардын ар бир сериясы математикалык жөндөмдүн бир же бир нече компонентин диагностикалоо максатында колдонулат. Тапшырмалардын айрым сериялары бир нече компоненттерди диагностикалайт. Демек, булардын баары математикалык жөндөмдүн кээ бир компоненттеринин бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин бекемдейт.Бул жыйынтык тапшырмалардын циклин түзүүгө мүмкүндүк берет.

Тапшырмалардын цикли деп, математиканын программалык материалдарында студенттин математикалык жөндөмүнүн компоненттерин диагностикалоо (же өнүктүрүү) үчүн багытталган тапшырмалардын топтомун кабыл алдык. Математиканы окутууда студенттин бул предмет боюнча жөндөмүн эсепке алууга багытталган дифференцирлештирип окутууну ишке ашырууда материалдын татаалдык деңгээли, студенттин аны өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү, математикалык ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүгү сыяктуу белгилерди эске алуу менен тапшырманы тандоонун принциптери эске алынууга тийиш.

Биринчи принцип боюнча сабакта сунуш кылынган тапшырмалардын системасы татаалдык деңгээли боюнча бөлүштүрүлүүсү керек. Мында окутуучу тапшырмаларды татаалдыгы боюнча жеңилден оорго карата жана студенттердин математикалык даярдыгын эске алуу менен бөлүктөр боюнча жайгаштырат. Тапшырманын татаалдыгынын деңгээли болсо чечимди издөөнүн структурасы менен аныкталат. Тапшырманы алгоритмдик түрдө аткаруу үчүн Г.А. Баллдын ыкмасы ылайыктуу, бул боюнча тапшырманын татаалдыгы аны чечүүдөгү алгортимдик ыкмадагы операциялардын санын эсептөө менен бааланат [2]. А.М. Борисова болсо тапшырманын татаалдыгын төмөндөгүдөй позициялар боюнча аныктоону сунуш кылат [3]:

- тапшырманы ийгиликтүү аткаруу үчүн зарыл болгон сапаттар жана түзүлгөн шарт;

- туура чечимди табуу жолундагы орто аралык ойломдордун, логикалык звенолордун саны;
- чечимдин курамы башкача айтканда, тапшырманы аткаруунун натыйжасында жасоого мүмкүн жана зарыл болгон корутундулардын саны.

Экинчи принцип боюнча тапшырмалар математикалык ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрүнө карап тандалып алынат. Бул принципти ишке ашыруу окуу процессине техникалык орто кесиптик окуу жайдын студентине зарыл болгон математикалык жөндөмдүн тиешелүү компоненттерин өнүктүрүүгө багытталган тапшырмалардын циклин киргизүү менен камсыз болот.

Математикалык жөндөмдүн компоненттерин диагностикалоо (же өнүктүрүү) үчүн тапшырмалардын циклин кандайча куруу керек? Бул үчүн бир катар критерийлерди эске алуу зарыл. Математикалык жөндөмдүн компоненттерин диагностикалоо (же өнүктүрүү) үчүн тапшырмалардын циклин тандоодо төмөнкүдөй критерийлердин аткарылышын эске алабыз:

1) тапшырмаларды берүүдө кайсыл компоненттердин колдонулушу, кайсыл жөндөмдөргө багытталгандыгы тигил же бул жол менен (талап кылуу менен же кыйыр түрдө) көрсөтүлөт;
2) тапшырманы чечүүнүн жолу математикалык жөндөмдүн кайсы бир анык жолун колдонууга таянат;
3) тапшырманы чечүүнүн жолу математика боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стантартындагы компоненттерине дал келүүгө тийиш.

Башка учурларда тапшырмалар баяндалышынын талабына ылайык классификацияланат. Мисалы, тапшырманын талабында “далилдөө” талабы болсо-математикалык ой жүгүртүүнүн логикалуулугуна басым жасалат, “сызуу чийүү” талабы болсо – мейкиндик ой жүгүртүүгө таянылат, “гипотеза чыгаруу” керек болсо–математикалык интуиция аракетке келет, “жакындаштырып эсептөөдө” – эсептөө иш-аракеттери колдонулат, “бир нече жолдор менен чечүү” – математикалык ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүсүз ишке ашпайт. В.А. Крутецкийдин методикасын анализге алуунун жүрүшүндө тапшырмалардын серияларын түзүүдө аталган критерийлердин активдүү катышышы (ал бул критерийлерге шилтеме жасабаса да) ачык көрүнөт; критерийлер математикалык жөндөмдөрдөн, алардын өзгөчө касиеттеринен келип чыгат. Ыңгайлуулук үчүн ар бир циклге шифр беребиз, жогорку индекс математикалык жөндөмдүүлүктүн тиешелүү компонентине дал келет (1-таблица).

Тапшырманын формага салынган структурасын түшүнүү жөндөмдүүлүгүн диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^1).

Бул циклдин милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- тапшырмага карата суроону так коюу;
- тапшырманы аткаруу үчүн жетишпеген же ашыкча болгон белги, маалыматтарды аныктоо;
- аныктаманын колдонулуу чөйрөсүн аныктоо, тапшырманы аткаруу; обьект менен анын тибинин ортосундагы катышты табуу;
- тапшырманын математикалык моделин түзүү.

Мисалы: 1-тапшырма. Маселеге суроо түзгүлө

а) эки вектор, үч вектор берилген. б) түз сызык жана тегиздик берилген.

в) $A = \begin{pmatrix} 1 & 3 & 4 \\ 1 & 1 & 3 \end{pmatrix}$ жана $B = \begin{pmatrix} -1 & 4 \\ -3 & 2 \\ -2 & 7 \end{pmatrix}$ матрицалары берилген.

г) О чекитинен $\vec{a}, \vec{b}$ векторлору чыгат ж.б.

Математикалык ой жүгүртүүнүн логикалуулугун диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^2).

Төмөнкүчө формулировкаланган тапшырмаларды циклге киргизүү максатка ылайыктуу:

- аныктамалардын эквиваленттүүлүгүн далилдөө;
- теңдештикти далилдөө;
- теореманы далилдөө; теоремадан логикалык изилдөөнү алып чыгуу;
- канааттандыруучу же канааттандырбоочу шарттагы обьектилердин мисалын келтирүү;
- коюлган шартты канааттандыруучу обьектинин касиетин табуу;
- обьектинин шартты канааттандыргандыгын текшерүү;
- ой жүгүртүүдөгү катаны табуу;
- бир канча изилдөөлөрдү жалпылоо;
- ой жүгүртүүдөгү калып кеткен звенолорду калыбына келтирүү.

Жөндөмдү диагностикалоо, өнүктүрүү, математикалык материалды жалпылоо үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^3).

Формулаларды, теоремаларды, алдын ала аткарылган тапшырмалардын натыйжасын пайдалануу сыяктуу мүнөздөгү маселелер сунушталат:

- ой жүгүртүүнүн чынжырын аяктоо;
- ой жүгүртүүдөгү калып кеткен звенолорду калыбына келтирүү;
- аталган изилдөөлөрдү жалпылоо;
- обьектилерди салыштыруу;
- аталган типтеги тапшырмалардын чечилишинин алгоритмин түзүү;
- аталган типтеги майда тапшырмаларды ичине камтыган тапшырмалардын классын табуу;
- обьектилердин жалпы касиетин табуу;
- жекече изилдөөлөрдү жүргүзүү менен жалпы түрдөгү тапшырмаларды аткаруу;
- аталган типтеги тапшырмаларды түзүү;
- тапшырмалардын системасынан чечимдин математикалык структурасы боюнча окшош маселелерди аныктоо.

Математикалык ой жүгүртүүнүн кайра артка кайтуучулугун диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли(Ц^4).

Тапшырмалардын төмөнкүчө коюлушу сунуш кылынат:

- түз жана тескери тапшырмаларды аткаруу;
- жогоруда аталган тапшырмаларга тескери келген баяндамаларды бекемдөө жана далилдөө (четке кагуу);
- каршы мисалдарды келтирүү;
- “солдон оңго” жана “оңдон солго”формулаларын колдонуу;
- “ошондо жана ошондо гана “ конструкциясын ичине камтыган логикалык структуралуу теореманы далилдөө;
- чыгаруунун кадамдарын тескери тартипте эсептөө.

Математикалык ой жүгүртүүнү кыскартууга, тактоого болгон жөндөмдү диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^5).

Талаптардын төмөнкүчө формулировкасын пайдалануу максатка ылайыктуу:

- белгилүү типтеги тапшырмаларды аткаруу;
- бир нече бирдей типтеги тапшырмаларды аткаруу;
- чечимдин же далилдин схемасын жазуу;
- тапшырманы оозеки түрдө үн чыгарып аткаруу.

Математикалык ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүн диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^6).

Бул максатта кандай тапшырмаларды кантип аткаруу керек?

- белгилүү болгон бир нече ыкмалар менен аткаруу;
- бир типтеги тапшырмалар системасын аткаруу;
- ар түрдүү типтеги тапшырмалар системасын аткаруу, көрсөтүлгөн шарттар боюнча тапшырмаларды түзүү;
- көрсөтүлгөн бөлүктөр боюнча далилдерди жыйноо.

Математикалык ой жүгүртүүнүн рационалдуулугун диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^{7}).

Бул циклге төмөнкүчө талаптарды киргизүү максатка ылайыктуу:

- тапшырманы бир топ рационалдуу ыкмалар менен аткаруу;
- идеянын натыйжалуулугу, практикалык рационалдуулук, теориялык маанилүүлүк сыяктуу параметрлерди колдонуу менен тапшырманы аткаруунун сунуш кылынган ыкмасынын рационалдуулугунун даражасын баалоо.

Математикалык символдор жана тил менен иштей билүүнүн жөндөмүн диагностикалоо, өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^{8}).

Бул циклде студенттерге төмөнкүдөй талаптар коюлган тапшырмалар сунуш кылынат:

- аныктамалардын, аксиомалардын, теоремалардын баяндалышын математикалык тил менен жазуу;
- обьектинин (операциялардын, касиеттердин) аныктамасы менен анын символикалык жазылышынын ортосундагы дал келүүчүлүктөрдү табуу;
- теореманын далилденишинин схемасын, тапшырманын аткарылышын математиканын тилинде берүү;
- символикалык түрдө жазылган ойду окуу;
- символикалык түрдө жазылган сүйлөмдүн маанисин ачуу;
- бекемдөөнүн математикалык жазылышынын тууралыгын баалоо;
- математикалык материалдын фрагменттерин окуу китеби боюнча бөлүштүрүү.

Когнитивдүү эске тутууну диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^{9}).

Мында төмөнкүдөй тапшырмалар сунуш кылынат:

- ой жүгүртүүнүн жүрүшүн оозеки айтуу;
- эске тутуу менен чыгарылыштын, далилдин схемасын түзүү;
- ой жүгүртүүнүн (далилдин, чыгарылыштын) жүрүшүн жазуу;
- сүрөттөлүштү кайра калыбына келтирүү.

Мейкиндик ой жүгүртүүнү диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^{10}).

Бул циклде төмөнкүчө талаптар баяндалууга тийиш:

- чиймени окуй билүү;
- фондон чийменин элементтерин бөлүп кароо, майдалап чийүү;
- мейкиндик обьектини элестете билүү;
- обьектини кайра түзүү;
- үч өлчөмдүк образды эки өлчөмдүк образга кайра түзүү;
- сүрөттөлүштү кайра калыбына келтирүү.

Эсептөө жөндөмүн диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц^{11}).

Бул циклге төмөнкүчө талаптар коюлган тапшырмалар киргизилет:

- так маанини эсептөө, ойду тактоо;
- жакындаштырылган эсептөөнү жүргүзүү;
- натыйжаны баалоо;
- ойдун маанисин, мүмкүн болгон жоопту божомолдоо.

Инженердик- математикалык интуицияны диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли(Ц[12]).

Бул циклде төмөнкүчө талаптар коюлган тапшырмаларды сунуш кылуу максатка ылайыктуу:

- натыйжанын чындыгын баалоо;
- окшоштукту табуу;
- гипотеза чыгаруу жана аны текшерүү;
- “чындыкка жакын” ой жүгүртүүнү колдонуу менен чечимди табуу;
- колдонмо тапшырманы аткаруу же аны чечүүнүн жолун формулировкалоо.

Математикалык ой жүгүртүүнүн креативдүүлүгүн диагностикалоо жана өнүктүрүү үчүн тапшырмалардын цикли (Ц[13]).

Креативдүүлүктү калыптандыруу үчүн база болуп жогоруда аталган тапшырмалардын бардык цикли кызмат кылат. Айрыкча эвристикалык суроолор жана тапшырмаларга, олимпиадалык жана чыгармачыл тапшырмаларга, студенттердин өз алдынча иштөөсүнө өзгөчө маани берилет. Мындай тапшырмалардын башкы мүнөздөмөсү болуп, аны аткаруунун стандарттуу эмес методу эсептелет. Мындан тышкары, мындай тапшырмаларга турмуштук практикадан алынган же математикалык эмес билимдин чөйрөсүндөгү тапшырмаларды киргизүүгө болот. Жогоруда келтирилген циклдердин көпчүлүк баяндамалары диагностика үчүн көбүрөөк туура келет, ал эми аны өнүктүрүү үчүн мындай тапшырмаларды коюу гана эмес, аларды аткарууну үйрөтүү, студенттерди логикалык ой жүгүртүүгө кызыктыруу жана ошондой эле, математикалык жөндөмдүн компоненттерин калыптандыруу үчүн атайын адистик ыкмаларды колдонуу талап кылынат [4]. Экинчи критерийди колдонуу тапшырманын аткарылышына методикалык анализ жүргүзүү аркылуу ишке ашат. Бул үчүн тапшырманы бир нече жолдор менен аткаруу, андан кийин бул процессте математикалык жөндөмдүүлүктүн кандай компоненттери колдонулгандыгына анализ жасоо зарыл. Тапшырманын аткарылышын анализге алууда кайсыл бир циклде тапшырманы пайдалануу жана аткаруу үчүн негиз болгон параметрлердин топтому эске алынат. Тапшырманы баяндоонун жана анын аткарылышынын методикалык анализи тапшырманы кайсыл бир анык циклге киргизүүдө негиз болуп саналат.

Адабияттар

1. Крутецкий В.А. Психология математических способностей школьников [Текст] / В.А. Крутецкий. – М.: Просвещение, 1968. – С. 432.
2. Балл Г.А. В мире задач [Текст] / Г.А. Балл. – Киев «Знание» УССР, 1986. – С. 44.
3. Борисова А.М.Дифференцированное обучение и оценивание знаний учащихся по математике[Текст]/ автореф. дис. ... канд.пед.наук: 13.00.02 / А.М. Борисова. – Новосибирск, 2002. – С. 20.
4. Пойа Д. Математика и правдоподобные рассуждения [Текст] / Д. Пойа; пер. с англ.И.А. Ванштейна; под ред.С.А. Яновской. – М.: Наука, 1975. – С. 463.

D.CH. Kultaeva, senior teacher, OshTU
kultaeva@mail.ru

To create tasks for mathematics and use them with students to diagnostic and to deplore

In this article shows the methods creation of tasks in mathematics.

Key words: *mathematical ability and components, cycle settings.*

УДК: 378. 147

Б.Ж. Амиракулова, окутуучу, ОшМУ

“Сабырдын түбү – сары алтын” темасын куратордук-тарбиялык саатта өтүүнүн ыкмалары

Берилген макалада жаштарыбызды сабырдуу, чыдамдуу болууга тарбиялоонун ыкмалары берилди.

Ачкыч сөздөр: *сабырдуулук, туруктуулук, кичи пейилдүүлүк, акылдуулук, өзүн башкара билүүчүлүк.*

В этой статье даны методы воспитания молодёжи к терпеливостии выносливости.

Ключевые слова: *выносливость, настойчивость, вежливость, интеллигентность, самостоятельность.*

“Сабырдуу болгула, Кудай тааламдын
эң жакшы көргөн пендеси, бул – сабырдуусу ”
(Мухаммед пайгамбар)

Азыркы мезгилде жаштарыбыздын негедир ачуусу аябай тез келет, мүнөздөрү чукул, бир сөз айтсаң жетпейт, эки ооз сөз айтсаң ашыкча болуп оор келет. Себеби эмнеде? Эмне үчүн? Эмнеге? деген суроолорду берип, туура жооп таба албай келебиз. Заманыбыз оңолуп, өнүгүп-өсүп, жетишкендигибиз үчүнбү? Каалаган заманбап кийимдерин кийишип, жактырган тамактарын жегендиги үчүнбү? Кааласа компьютер, кааласа кымбат баалуу телефондор, интернет, ноутбуктар, планшеттер бардык шарттар бар үчүнбү? Дегеле койчу, жүздөгөн суроолорду берип, миң толгонуп бир да жооп таба албай бушайман болосуң. Көрсө, биз жаштарыбызды, уул-кыздарыбызды даяр оокатка үйрөтүп, эмгек кылууга, мээнет менен оокат табууга, жок болсо чыдамдуу, сабырдуу болууга үйрөтө албаганыбыз жан кейитет.

Кайгы-капа, кээ бир иштерге туталануу, кейип-кепчүүнүн акыры ачууга алдырууга, өзүн токтото албай кетүүчүлүккө алып келет. Арийне, “Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен бас” – дегендей көпчүлүк адамдар кайрадан өзүн колго алып, сезимдерин башкара алууга жөндөмдүү. Ал эми айрым адамдар “Мен төрөлгөндөн эле ушундаймын”, “Мени ушундай жаратып койсо эмне кылайын” – дегендей пикирлерде жүрүшөт.

Мухаммед пайгамбарыбыз үмөттөрүнө калтырган осуяттарынын биринде “Сабырдуу болгула, Кудай тааламдын эң жакшы көргөн пендеси, бул – сабырдуусу” – деп сабакка чакырып кеткен. Анын сыңарындай сабырдуу болсоң, көп нерсени жеңесиң. Натыйжада, ийгиликке жетишип, кашыгың да, чөмүчүң да майга толуп, бактылуу болосуң. “Ашыккан калар уятка, сабырдуу жетет муратка”. “Шашкан шайтандын иши” – деп, шашылып бүтүргөн иш орундуу болбой, чала болуп калат. Ошондуктан ар бир ишти баштаганда ашыкпоо керек. Анткени уят болуп калышың эч кеп эмес. Ошондой эле кандай иш болбосун сабыр кылып, жети өлчөп, бир кессең, ой-максатың орундалат [4;157].

Сулайман пайгамбар да минтип айткан экен: “Ачуусу чукулдук – акылсыздыктын белгиси”, же “Сабырдуу болуу – ачууну басат, кечиримдүү болуу – адамдын кадырына кадыр кошот”. Демек, адамдын өзүн-өзү кармай билүүсү, айланадагыларга астейдил мамиле жасоо, бул – башкы талаптардын бири.

Ачууну акыл жеңет, акылга салып иш кылсаң, ачууну да жеңесиң. Ачууга алдыруу, чорт кыял, бетке чапма мүнөз бул адамдын кулк мүнөзүндөгү терс сапат эле эмес, дегеле мындай адамдын акыл-эси да тайкы болорун тастыктап турат. Бул жагдайга байланыштуу кыргыз элинде: “Ачуу – душман, акыл – дос, акылыңа акыл кош” – деген таамай сөз айтылат. Себеби эч бир ишти ач кыйкырык, куу сүрөөн менен майнаптуу, үзүрлүү бүтүрүү мүмкүн

эмес. Тескерисинче, токтоолук менен, акылга салып иш кылуу, өзүн-өзү кармана билүү гана ар бир иштин ийгилигине дайыма өбөлгө экендиги талашсыз [2; 39].

“Эки адам урушса, алардын акылдуусу жеңилет” дешет, ошол сыңары ачуулуу, урушчаак адамдарды көпчүлүк жактыра бербейт, тескерисинче, жек көрүшөт. Силер да мына ушундай сапаттан алыс болгула. Сабырдуулук мындай сапаттарды жок кылууга өз таасирин тийгизет. Элибиз “Сабырдын түбү – сары алтын” деп бекеринен айткан эмес.

Адам канчалык ачуусу келбесин, өзүн токтото билүү керек. Ошондо ал өзүнүн мыкты адам экендигин айгинелейт. Бул ойду төмөндөгү “Мыктар” деген текстти талдоо менен бекемдөөгө болот.

Сабактын жүрүшү:

Муз жаргыч: Сабакта муз жаргыч катары слайд пайдаланылат.

Чакыруу этабы*: Слайд аркылуу “Мыктар” деген текстеги каармандар, сүрөттөр, жерлер көрсөтүлөт. Студенттер чыгарма жөнүндө маалымат алышат жана ошондой эле студенттерге текст таратылып, тыным менен окушат.*

Колдонулган ыкма: кабарлашып, башкарып окуу

Адегенде, жекеден студенттерге тынымга бөлүп окуу үчүн текст таркатылат. Студент тексттин 1-бөлүгүн окуп, ал жөнүндө ой жүгүртөт. Таркатылган текст 3 тыным менен окутулат, студенттер жеке, жуп жана топторго бөлүнүп иштешет.

Түшүнүү этабы:

Биринчи тынымды окууга көрсөтмө берилет. Текстеги түшүнбөгөн сөздөрдү доскадагы ватманга жазышат. Ал сөздөр боюнча сабактын аягында тапшырма берилет.

I тыным

Коркунучтуу мүнөздүү бир бала жашаптыр. Ага атасы бир кап мык берип: “Качан сабырдуулугуң жоголуп, бирөө менен урушкуң келген сайын, бактын тосмосуна барып бирден мыкты кагасың” – деди. Биринчи күнү бала отуз жети мык какты. Кийинки жума ичинде ал өзүн кармоого аракеттенди жана кагылган мыктардын саны күнөткөн сайын азая баштады. Көрсө, мык какканга караганда өзүн кармаган жеңилирээк экен…

Коркунучтуу мүнөздүү *– мүнөзү орой, копол, тез ачуулу адам.*

сабырдуулугуң жоготуп *– чыдамы жок, жини тез келген адам.*

бактын тосмосуна *– бакта айланта кагылган жыгачтар.*

өзүн кармоого аракеттенди *– сабырдуу, чыдамкай болууга аракеттенген адам*

өзүн кармаган жеңилирээк экен… – *өзүн башкара алуу оңой экен…*

Ой жүгүртүү этабы:

Тапшырма: *Текстти окугандан кийин эмне жөнүндө ойлондуң? Өз оюңду оозеки же жазуу түрүндө айтып бер.*

Тапшырма: *Төмөнкү суроолорго жооп бер:*

1. *Мүнөзү коркунучтуу адамдар кандай болот, алар жөнүндө билсең айтып бер?*
2. *Балага “короонун тосмосуна мыкты кагасың” – деген тапшырманы эмне үчүн берди деп ойлойсуң?*
3. *Эмне үчүн бала мык какканга караганда өзүн кармаган жеңилирээк деген тыянакка келди?*
4. *Тексттин уландысы кандай болушу мүмкүн?*

Окуяны ар бир студент өзү улантып жазат.

- Өз алдынча дептерлерине жазышат;
- Жупта талкуулашат;
- Топто талкуулашат.

(Тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү доскадагы ватманга жазып турушат.)

Түшүнүү этабы:

II тынымды окууга көрсөтмө берилет. Текст окулуп бүткөндөн кийин, кимдин ою дал келгендиги жөнүндө талкуу болот.

IIтыным

Акыры бала бактын тосмосуна бир да мык какпаган күн да келди. Ошондо бала атасына барып, бул жөнүндө айтты. А атасы болсо, «эми сабырдуулугуңду жоготкон күндөрү барып, ошол мыктарды бирден сууруп чыккын» деди.

Күн артынан күндөр өтүп, бала атасына «баарын сууруп бүттүм» деген да күн келди. Атасы баласын тосмого алып келип мындай деди:

Сабырдуулугуңду жоготкон күндөрү *– ачууланган, чыдамы кеткен күндөрү*

Күн артынан күндөр өтүп *– бир топ убакыт, мезгил өткөндүгү*

Ой жүгүртүү этабы:

Суроолор берилет.

1. *Тапшырманы аткаруу менен баланын мүнөзүндө өзгөрүү болобу, эмне үчүн?*
2. *Атасы баласына эмне деди?*
3. *Эмне үчүн кагылган мыктарды бала сабырдуу болгон учурда сууруу тапшырбады?*
4. *Тексттин уландысы кандай болушу мүмкүн?*

Окуяны андан ары уланат.

а) Өз алдынча дептерлерине жазышат;

б) Жупта талкуулашат;

в) Топто талкуулашат.

(Тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү доскадагы ватманга жазышат)

Түшүнүү этабы:

III тынымды окууга көрсөтмө берилет. Текст окулуп бүткөндөн кийин, кимдин ою дал келгендиги жөнүндө талкуу болот. Түшүнүксүз сөздөр кезиксе, аларды доскадагы ватманга жазышат.

III тыным

«Балам, сен өзүңдү жакшы алып жүрдүң, бирок бул тосмолордогу тешикчелерди көрдүңбү? Эми алар эч качан мурдагыдай болбойт. Сен кимдир бирөө менен чырдашып, анын көңүлүн оороткан сөз айтканыңда, сен ага ушундай жаракат алып келесиң. Сен адамга бычак сайып, сууруп алсаң, бары бир анда жараат калат…. Сен канча ирет кечирим сураганың менен, жараат баарыбир калат. Дене жарасы канча оору алып келсе, көңүл жарасы да ошончо болот. Достук, бул – чанда кездешүүчү кымбат нерсе, ал сага жылмаюу менен кубанычты алып келет» *(Ольга Безмирной)*[1;22].

Тосмолордогу тешикчелер – *жыгачтарга кагылган мыктардын орду*

Кимдир бирөө менен чырдашып *– кимдир бирөө менен урушуп кетүү*

Жаракат алып келесиң *– көңүлүн оорутасың, капа кыласың деген мааниде*

Жараат баарыбир калат *– айыгат, бирок орду калат, кечирилет бирок унутулбайт деген мааниде.*

Көңүл жарасы *– өмүр бою эсте калат*

Чанда кездешүүчү *– сейрек, кээде, анда-санда кездешүүчү*

Ой жүгүртүү этабы:

Суроолор берилет.

1. *Эмне үчүн кагылган мыктарды бала сабырдуу болгон учурда сууруу тапшырбады?*
2. *Аңгеменин жыйынтыгы тура деп ойлойсуңбу, эмне үчүн? Жообуңу фактылар менен бекемдөөгө аракеттен.*
3. *Аңгеме бул окуя менен бизге эмнени үйрөтө алды?*
4. *Автор бул окуя менен бизге эмне дегиси келип турат?*
5. *Ушуга мисал, ушуга окшош кандай окуяларды билесиңер?*

Тапшырма:

а) доскага жазылган сөздөрдүн маанисин таап келүү.

б) чыгарманы окуп келүү жана сөз берметтерин табуу

в) коркунучтуу мүнөздүү баланын сүрөтүн тартып келүү

Окугандарын бирден ырааты менен бири-бирине айтып түшүндүрүшөт. Ар бир тыным боюнча өздөрүнүн ой пикирлерин айтышат, талкуулашат жана окуянын уландысын табууга аракет жасашат. Натыйжада студенттердин арасында чыгармачылык күчөйт, активдүүлүк дагы да көтөрүлөт. Студенттердин ошол предметке болгон кызыгуусу артат. Коллективдин (тайпанын) ынтымагы дагы да ширелет. Бири-бирин сыйлашуу, урматташуу жогорулайт. Лидерлик жоюлат. Натыйжанын сапаты артат. Сынчыл ойлоосу өнүгөт. Башкалардын пикирин угуп, өз оюнан жыйынтык чыгарганга үйрөнөт. Студенттердин мүнөзү гумандуулук жагына өзгөрөт. Тартип маселесиндеги кыйынчылыктар чечилет. Алган билимдерине канааттануу пайда болуп, толкундануу сезимдери күчөйт. Аз убакыттын ичинде көп көлөмдөгү жана терең билим алууга жетишет [5;110].

Жыйынтыгында, **с**абыр бакыт таалайдын эшигин ачат демекчи, сабыр жөнүндө көптөгөн тарбияга үндөгөн сөздөр, макалдар жана ырлар көп. Сабырдуу болуш үчүн ачуусун жеңип, оор басырыктуу, чыдамдуу болуш керек. “Ачуу – душман, акыл – дос” демекчи, айрым адамдар жини келгенде акылы качып, ачуусун көтөрө албай, өзүн да карма албай, эмне сөз сүйлөп жатканын да билишпей калышат. Жаалдуу адамдын душманы көбөйүп, сүйлөшүүдөн качып турушат. Ошондуктан ачууну сабырдуулук менен кетирүү керек. Ыксыз ачуулануу адамга жакшылык алып келбейт.

Адабияттар

1. Абдувалиева Б., Жороев Т., Кыргыз тили 9-класс., – Бишкек., 2012.
2. Акматов К. “Класс жетекчинин тарбиялык иштери” Усулдук колдонмо. – Ош: 2009. 96-б.
3. Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. Сынчыл ойломду өстүрө турган андан аркы стратегиялар. Колдонмо 4. – Бишкек: 1999.
4. Исаков Б. Санат сөз 1-бөлүк. – Бишкек: 2002.
5. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. – Ош., 2012.

B.J. Amirakulova, teacher, OshSU., FJC

“Endurance is a superior virtue” teaching methods of education of youths at the curator lesson”

In this article methods of education of youths to patient and endurance are given.
Key words: *Endurance, persistence, politeness, intelligent, independence.*

УДК: 37.012

А. Батыралиев, п.и.к., доцент, ОшМУ

Педагогикалык процесстин максатын аныктоо-мезгилдин актуалдуу проблемасы

Макала азыркы мезгилдеги педагогикалык процесстин максатын аныктоо проблемасына багытталган жана автор бул маселедеги өз көз карашын ачып көрсөтөт.
Ачкыч сөздөр: *педагогикалык процесс, максат, коммунистик тарбия, прагматизм, билим берүү, турмушка даярдоо.*

Статья посвящена проблеме определения цели педагогического процесса в современных условиях и автор раскрывает сущность данной проблемы со своей точки зрения.
Ключевые слова: *педагогический процесс, цель, коммунистическое воспитание, прагматизм, образование, подготовка к жизни.*

Тарбия коомдун негизги функциясы катары адамзат топтогон социалдык, руханий, материалдык тажрыйбалардын системасын улуу муундун кийинки муунга өткөрүп берүүсү аркылуу жаштарды турмушка даярдоо вазийпасын аткарып келет. Тарбия процессинин маңыз-мазмунун аныктоо боюнча окумуштуулар арасында түрдүү көз караштар бар. Кээ бири баладагы адамдык сапаттардын, жүрүш-туруш маданиятынын, мамилелердин системасын коомдук моралдын негизинде калыптандыруу багытында максаттуу уюштурулган иш-аракет десе, кээ бири баланын табият берген күчтөрүн, шыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү деп аныктап келишет. Кандай гана аныктамаларды карап көрбөйлү, тарбия бул максаттуу процесс экендиги талашсыз болуп турат. Ошондуктан азыркы мезгилде тарбиянын, билим берүүнүн заманбап максатын аныктап алуу эң негизги маселелерден экендигин өзгөчө белгилеп кетебиз.

Учурда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча мамлекет тарабынан да, жергиликтүү бийлик тарабынан да, ошондой эле, жогорку жана атайын кесиптик окуу жайлардын, мектептердин жетекчилиги тарабынан ар тараптуу камкордуктар көрүлүп, ар кандай долбоорлор, программалар, сынактар өткөрүлүп, мыкты делген иштер жалпы журтка сунушталууда. Ошентсе да, мамлекеттик тилди өз деңгээлинде окутуп, үйрөтүүдө

түздөн-түз көмөк көрсөтүп жаткан окутуучулар жана мугалимдер болуп саналат. Анткени, «А» арибин тааныгандан мектепти бүткөнгө чейин, андан ары жогорку окуу жайларында сабаттуулукка үйрөтүүчү сабак – бул кыргыз тили сабагы.

Бүгүнкү ааламдашуу мезгилинде окутуунун ар кандай формалары колдонулуп, салттык ыкмалардан четтеп, негизинен майнап бере турган интерактивдүү, инновациялык ыкмаларды колдоно баштадык. Билим берүү системасында педагогдордун арасында кандайдыр ажырымдын пайда болгондугун да тана албайбыз. Алсак, совет мезгилиндеги педагогдор сабакты өтүүдө салттык жана этнопедагогикалык ыкмаларга басым жасаса, андан кийинки жаштар батыш өлкөлөрүнүн сынчыл ойломду өстүрүү боюнча ыкмаларына басым жасашты. Албетте, биз мугалимдердин же окутуучулардын билим берүүдөгү ыкмасына сын-пикир бергенибиз жок, жөн гана сабактарды интеграциялап (предмет аралык байланыштырып) окутуу, анын ичинде мамлекеттик тилди ЖОЖдордо окутуу маселесине токтолгубуз келди.

Жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди баштоочу жана улантуучу тайпаларда окутуу тарых, адеп, табигый илимдер менен байланышта окутулат. «Предмет аралык байланыш окутуунун илимийлүүлүгүн тереңдетет жана окуучулардын ар тараптуу ой жүгүртүүсүн өстүрөт» [3: 244], – дейт окумуштуу М.А. Зальдинер.

«Предмет аралык байланыш» деген термин советтик педагогикада кеңири кулач жайып, бул жаатта бир нече педагог-методисттер өз ойлорун билдиришкен жана окутуу ыкмаларынын негизги принциптерине кошушкан. Алсак, окумуштуулар И. Бекбоев жана А. Алимбеков бул тууралуу мындай дешет: «Предмет аралык байланыш – бул окуу предметтеринин арасындагы объективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Мындай өз ара байланыштарды окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун жана ыкмаларын эске алуу зарыл.

Предметтер аралык байланыш ЖОЖдордун (мектептин) программаларындагы жалпы мазмунду ажыратып берүүдө ачык көрүнөт. Мындай жалпы мазмундагы материал, биринчиден, түшүнүктөр, фактылар жана закондор (закон ченемдүүлүктөр) түрүндө, экинчиден, билгичтиктер жана көндүмдөр түрүндө туюнтулат.

Ар бир окуу предметинин предметтер аралык байланышы, биринчиден предметти окуп үйрөнүүнүн максатына, экинчиден, предметтер аралык материалдын түрүнө, үчүнчүдөн, аны пайдалануунун убактысына көз каранды, ал бирдей билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга пайдаланылат» [2: 95-96].

Учурда жана буга чейин ЖОЖдордо предмет аралык байланышка негизделген сабактардын мындай бир формалары көп колдонулуп келет:

- материалга окшош же кайталаган билимдин мазмуну боюнча (адабиятты тарых, тил, орус адабияты, адеп сабактары менен байланыштыруу);
- көркөм сөз өнөрүндөгү чыгарманы анын искусствонун башка түрлөрүнө өткөн абалы менен салыштыруу (жазуучунун чыгармаларынын негизинде тартылган фильмдерди, живописти чыгармаларды, айкелдерди, бедиздерди, балеттерди, спектаклдерди ж.б. колдонуу менен)…

Соңку учурда предмет аралык байланыш дегенден дагы кененирээк түшүнүк айтыла баштады, бул предметтерди интеграциялап окутуу [4: 99-100].

Интеграция жана интеграциялык билим жөнүндө окумуштуу М. Тешебаев мындай деп жазат: «Интеграция бир нече предметтердин арасында болгон учурда да ар бир предметтин өз алдынчалыктарын, ар биринин жеке ордун жокко чыгарбайт, кайра аларды байытат. Интеграция системалуу билим берүү, ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- интеграция-бүтүндүк;
- интеграция-процесс;
- интеграция-натыйжа.

Интеграция – билимдердин биримдигинин жана бирге өнүгүүсүнүн, балдарга бири-бирин толуктап туруусунун жалпы процесси. Предметтер аралык интеграция – бул билимдерди, ишенимдерди, практикалык аракеттерди бириктирүү. Интеграция – бул предметтерди айкалыштыруу, алардын тутумдашуу түйүндөрүн табуу жана ошонун оң натыйжасын көрүү» [5: 13-14].

ЖОЖдордо мамлекеттик тилди интеграциялап окутуу бул предметти ар тараптуу ачууга, анын ички мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жол ачат. Анткени, бул предмет аркылуу биз студенттердин кеп ишмердүүлүгүн, сүйлөө маданиятын, жазуу сабаттуулугун, дүйнө таанымын өркүндөтүп, өстүрө алабыз. Ошондой эле, кыргыз тилинин практикалык курсу дисциплинасы предмети ичинде (внутрипредметный); предметтер аралык; же башка предметтер (межпредметный) менен интеграциялоону жүргүзө алабыз.

Предметтин ички байланыштарында тигил же бул теманы өтүүдө салыштырып талдоо студенттин теманы андан да тереңирээк түшүнүүсүнө өбөлгө болот. Жогорку окуу жайларында мамлекеттик тил бардык факультеттерде окутулат. Окутуу программасында бир гана грамматикалык темалар эмес, студенттин кеп ишмердүүлүгүн, маданий дүйнө таанымын өстүрүү боюнча лексикалык темалар да камтылат.

Алсак, «Синонимдер» деген грамматикалык теманы орус филологиясы факультетинин студенттерине өтүүдө, кыргыз тилиндеги синонимдер менен орус тилинин синонимдерин салыштырып окутсак, студенттерге бул тема жөнүндө түшүнүктү кеңири бере алабыз жана эки элдин тилдик каражаттарын салыштыруу, ошондой эле кепте колдонулушу тууралуу да маалымат беребиз.

Ал эми табият таануу жана география факультетинин химия адистигинде окуп жаткан студенттерге «Илимий стиль» деген теманы өтүүдө «Сабак-конференция» ыкмасын колдонсок, тема бир чети жеткиликтүү түшүндүрүлүп, бир чети илимий стилдин оозеки формада өтүү элементтери менен таанышууга, ошондой эле, студенттердин илимий стиль жөнүндөгү түшүнүктөрүн андан да тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул тема окутуучунун гана кеби менен түшүндүрүлбөй, студенттердин сабакта аракети өзгөчө болот. Мисалы, сабактын моделин сунуш кылып көрөлү:

Сабактын темасы: Илимий стиль

Студенттерге бериле турган тапшырма алдын-ала берилет жана окутуучу тарабынан атайын программа түзүлөт (үлгү)

Жаш илимпоздордун (студенттердин) кыргыз тили сабагына карата “Илимий стиль, колдонулуу өзгөчөлүктөрү” аттуу темадагы конференциянын программасы

Корголуучу темалар:

1. ***“Илимий стилдин тарыхы”*** *– Абдиллаева Акмарал*
2. ***“Илимий стилдин кыргыз коомчулугунда жаралышы”*** *– Жолдошева Айдана*
3. ***“Илимий стилдин өзгөчөлүктөрү”****– Омарова Тахмина*
4. ***“Илимий стилдин белгилери”*** *–Муратали кызы Айнура*
5. ***“Илимий стилдин түрлөрү”****– Рустам кызы Таттыгүл*
6. ***“Илимий стилдин подстилдери”*** *–Алмазбек кызы Нурзада*
7. ***“Илимий стилдин фонетикасы”*** *– Сагынбек кызы Клара*
8. ***“Илимий стилдин лексикасы”*** *– Ньематилла кызы Гүлнара ..(ж.б. студенттерге ушул сыяктуу темалар бөлүнүп берилет).*

Калган студенттер конференциянын катышуучусу катары жалпы тапшырмаларга даярданып келишет жана талкуу учурунда темага

карай суроолорун бере алышат (программа жана студенттердин аттары болжолдуу берилди).

Бул сабакта окутуучу модератор катары кызмат кылат. Студент берилген тема боюнча жооп берет. Мисалы, бир студенттин окуган баяндамасынын түшүндүрмөсүнө токтололу.

Ньематилла кызы Гүлнара: ***"Илимий стилдин лексикасы"***

Кыргыз адабий тилинин бардык стилдери сыяктуу илимий стиль биринчи кезекте кыргыз тилинин негизги лексикалык корун түзгөн орток маанилүү сөздөрдү активдүү керектейт. Сөздөр түз маанисинде колдонулуп, көп маанилүүлүккө жол берилбейт. Терминдер, абстракттуу маанидеги сөздөр көп пайдаланылат. Бул өзгөчөлүктөр илимий стилдин тилдик мазмунунун негизин түзөт.

Илимий стилдин тилинин лексикасынын дагы бир катмарын жалпы илимий сөздөр түзөт. Мындай сөздөрдүн көбү интернационалдык сөздөр болот. Кыргыз илимий стилинин өнүгүү жана калыптануу мезгилинде кыргызча сөздөр да жалпы илимий сөздөрдүн катарын толуктады: талдоо, эсептөө, топтолуу, жиктелүү, биригүү, окуу китеби, топ, топчо, негизги, кошумча ж.б. Группа, подгруппа, класс, теорема, аксиома, закон, аргумент, классификация, синхрондук, диахрондук, интеграция сыяктуу интернационалдык сөздөр кирет. Бул сөздөрдүн тобун илимий стилде активдүү колдонулган деп аталат, деген ойдобуз, биздин пикирибизче, ошентип, жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн жыйынтыгына караганда деген сыяктуу сөздөр жана сөз айкаштары толуктайт.

Илимий стилдин лексикасын таблица түрүндө "Молекулалык жана молекулалык эмес түзүлүштөгү заттар" текстинин мисалында көрсөтсөк ***(мисалдар акылдуу доскадан көрсөтүлөт).***

Молекулалык жана молекулалык эмес түзүлүштөгү заттар

Катуу жана газ абалындагы заттар молекулалардан тургандыктан, алар молекулалык түзүлүштөгү заттарга кирет. Мындай заттардын мүнөздүү өкүлдөрүнүн бири – суу. Суунун кристаллчаларынын түзүлүшү схема түрүндө көрсөтүлгөн. Молекулалардан эмес, атомдордон же башка бөлүкчөлөрдөн турган заттар да белгилүү. Мындай заттар молекулалык эмес түзүлүштөгү заттар. Катуу (кристалл) абалдагы заттардын айрым бөлүкчөлөрү (молекулалары, атомдору) белгилүү бир ырааттуулукта жайгашуу менен, торчону элестеткен түзүлүштө болот. Ошондуктан, "заттардын кристалл торчосу" деген түшүнүк келип чыккан.

Орток маанилүү сөздөр	**Тармактык сөздөр**	**Илимий терминдер**	**Жалпы илимий сөздөр**
Заттар, суу, белгилүү, жайгашуу, мындай, келип чыккан	Атомдор, кристалл, торчо, суунун молекулалары, бөлүкчө	Суунун кристаллчалары, атомдор, молекула	Ошондуктан, схема, ырааттуулук, деген түшүнүк

Бул үлгүдөгү келтирилген мисалда илимий стилдин лексикасы жөнүндө түшүнүк берилип жатып, ал стилдин лексикалык катмарын аныктоо үчүн химия илиминен алынган текст пайдаланылды. Демек, кыргыз тили предмети химия предмети менен тыгыз байланышта каралып, интеграцияланды. Андан башка студент илимий конференциянын жүрүшү жөнүндө маалымат алып, өзүнө бөлүнгөн тапшырманы мүмкүн болушунча

жакшы аткарганга жетишти *(сабактын үлгүсү окутуучунун тажрыйбасынын негизинде алынды)*.

Эгерде билимдер окуучуларга (студенттерге) белгилүү системага ылайык берилсе, башкача айтканда, жаңы фактылар жана закон ченемдүүлүктөр мурда өздөштүрүлгөн материалдын логикалык натыйжасы катары келип чыгып, аны андан ары өнүктүрсө, анда окуучулардын (студенттердин) алган билимдери аң-сезимдүү да, бекем да болот. Мурда өздөштүрүлгөн фактылар окуучулардын (студенттердин) жаңы билимдерди алышына база болот [2:96].

Сабактарды интеграциялап окутуу – учурдагы билим берүүнүн эң эффективдүү жолдорунун бири болуп саналат. Анткени, мындай сабактар кадимки көнүмүш сабактардын жүрүшүнөн алыстатып, ар бир өтүлүүчү сабакка жаңы көз караш менен, жаңы ой менен даярданып, бир нече предметтердин алкагында ой жүгүртүүгө багыт боло алат.

Адабияттар

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: функционалдык стилдер: 4-китеп. – Б.: Бийиктик, 2004.
2. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б.: Бийиктик, 2011.
3. Зальдинер М., Тодоров Л., Губина Ф. Методика преподования русской литературы в старших классах национальной (узбекской) школы. Под общей ред. проф. М.А. Зальдинера. – Ташкент. “Укитувчи”. 1980.
4. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Б.: «Турар», 2013.
5. Тешебаев М. Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар). Пед. илимд. канд. диссертация. – Б.: 2010.

N.M. Temirova, teacher, OshSU
nunay88@mail.ru

The methods of teaching of state language in High Educational Establishments through integration

The article touches upon the problems of teaching state languages at the High Educational Establishments through the way of integration.

***Key words**: state language, project, program, teacher, intersubject communications, to teach, High Educational Establishments, lesson-conference, model of a lesson, modern education.*

УДК: 397.15 (435.8) 010

Н.Д. Тилекова, доцент, ОшМСУ (КУУ)

Мектеп курсунда чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери

Макалада чыгыш адабиятынын айрым үлгүлөрүн мектеп курсунда окутуунун технологиялары Муса Жалил, Расул Гамзатов жана Назым Хикметтин поэзиясынын мисалында ишке ашырылат.

***Ачкыч сөздөр:** үйрөтүү, адеп-ахлак, үлгү, билим, технология, тарбия.*

В статье рассматриваются технологии обучения в школьном курсе литературы образцы восточной поэзии на примере творчеств Мусы Жалила, Расула Гамзатова и Назыма Хикмета.

Ключевые слова: *обучение, нравы, образец, знание, технология, воспитание.*

Республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин адабият программасынын учурда колдонулуп жаткан соңку редакциясынын программалык сунуштарына ылайык VII класста “Чыгыш адабиятынан” деген жалпы бөлүмдүн астында түрк акыны Назым Хикметтин “Пенденин макулуктай бир түркөйү”, “Керээз”, “Мажүрүм тал”, “Мамедге соңку катым” сыяктуу классикалык үлгүдөгү ырларын окутууга 2 саат каралган. Буга удаа башкыр акыны Муса Жалилдин “Алман элинде”, “Ишенбе”, “Эрк”, “Айрылуу”, “Ачынуу саптары”, “Кул”, “Доско” жана “Белегим” деген ырларын окутууга 3 саат, авар акыны Расул Гамзатовдун айтылуу “Менин Дагестаным” аттуу дастан-поэмасынан үзүндүлөрдү окутууга да 3 саат убакыт каралган [1].

Аталган акындар жана алардын программа сунуш кылган чыгармалары чыгыш классикалык адабиятынын мыкты үлгүлөрү катары мектеп курсунда көп жылдардан бери окутулуп келе жатканына карабай, аларды үйрөтүүнүн натыйжалуу технологияларын сунуш кылган педагогикалык же илимий-методикалык эмгектердин саналуу гана болгондугу, илимий изилдөөлөрдүн, газета-журналдык макалаларында аз санда жарыялангандыгын белгилөөгө болот. Ошондуктан бул жагдай мектеп мугалимдери үчүн бир катар кыйынчылыктарды жаратып келүүдө. Ал кандай кыйынчылыктар? Айталы, жетинчи класс адабияттын мектеп курсундагы өткөөл мезгил (этап), тагыраак айтканда, адабияттык окуу (литературное чтение) курсунун жыйынтыктоочу классы, бешинчи класстан башталган адабияттык окуу курсу мына ушул жетинчи класста жыйынтыкталат да, адабияттын кийинки окуу курсуна өтүүгө даярдыктар көрүлө баштаган класс ушул. Демек, бул этаптын өзүнө жараша бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Андай өзгөчөлүктөрдүн айрымдарын программанын “түшүнүк кат” бөлүмүнөн да көрөбүз, анда минтип айтылат: “Биринчи этап − бул адабияттык окуу. Мында окуучулар айрым-айрым чыгармалар, алардын үзүндүлөрү, жомок, макал-ылакап жана башка жеке-жеке жанрлар, ал жанрлардын эреже-жолуна ылайык жазылган, түзүлгөн кээ бир көркөм дөөлөттөр менен таанышат. Адабият теориясынан элементардык маалымат алышат. Бул класстарда жазуучунун жандуу сөзүн добушун чыгарып окуу, үн кубултуп көркөм окуу чоң орунду ээлейт. Текстти көркөм окуу жагынан мугалим окуучуларга үлгү болушу керек. Адабий текстти үйрөнүү, көркөм окуу, тилдик талдоо чыгарманы аналитикалык талдоолор менен айкалыштырылышы максатка ылайыктуу. Адабий каарман, көркөм чыгарманын жанрлары, тектери менен түрлөрү, алардын айырмасы, сюжет, троп жана анын түрлөрү тууралуу маалымат алышат” [1]. Программада акын, жазуучулардын өмүрү-чыгармачылыгын окутуп-үйрөтүүнүн үч түрү сунуш кылынган. Биринчиси, акын, жазуучулардын өмүрүнөн, жалпы чыгармачылыгынан өтө кыскача кабар берүү (бул айрыкча V, VII класстар үчүн), мында акындын же жазуучунун класста өтүлүп жаткан ырына жараша анын чыгармачылыгынын урунттуу учурлары тууралуу гана маалымат берилет; экинчиси, акын, жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылык жолу жалпы маалымат түрүндө, мында мугалим акындын же жазуучунун өмүрү-чыгармачылыгы тууралуу жалпы мүнөздөгү маалыматын берет; үчүнчүсү, класста чыгармалары окулуп жаткан акындын же жазуучунун өмүр жолу менен чыгармачылыгы боюнча толук мааламат берилет [2].

Демек, орто мектептин курсунда чыгармачылыгы үйрөнүлүп жаткан тигил же бул акындын, жазуучунун же драматургдун өмүр-таржымалын жана чыгармачылык жолун кошо үйрөтүү − чоң мааниге ээ, анткени анын бүтүндөй чыгармачылыгы өзүнүн өмүр жолу менен тыгыз байланышта болот. Айталы, ошол эле Муса Жалилдин айтылуу “Маобит дептерлери” акындын экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы фашисттик Германиянын концлагерлериндеги аскердик туткундун көргөн азабы тууралуу реалдуу

баяндайт, ал окуялар акындын өмүрүндөгү урунттуу учурлары болгону да талашсыз. Программа сунуш кылган чыгыш адабиятынын үлгүлөрүнөн түрк акыны Назым Хикметтин да авар акыны Расул Гамзатовдун да пенделик жеке тагдырлары мында сунуш кылынган ырларында толук чагылдырылган [2].

Дегинкиси, тигил же бул акындын, жазуучунун же драматургдун адабий мурасын, тигил же бул жанрдагы көркөм чыгарманы же болбосо тигил же бул мезгилдеги адабий мурасты, же болбосо тигил же бул элдин, улуттун өкүлүнүн көркөм чыгармасын мектеп курсунда окутуу сунушу бир катар принципиалдуу талап-критерийлердин негизинде жүргүзүлөт, андай талап-критерийлер адабият программасында да белгиленген. Асыресе, жанрдык-тематикалык талап-критерийлерге ылайык сунуш кылынган чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү эске алынса, көркөмдүк-эстетикалык талап-критерийлердин негизинде сунуш кылынып жаткан чыгарманын көркөм формасынын кооздугу, анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу, окумалдуулугу эске алынат. Адеп-ахлактык (нравалык) талап-критерийлердин талаптарына ылайык сунуш кылынып жаткан көркөм мурастын моралдык-этикалык бийик асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүктөрү, таалим-тарбиялык жана таанытуучулук потенциалы эске алынса, педагогикалык-психологиялык талап-критерийлердин талаптарына ылайык сунуш кылынып жаткан көркөм чыгарманын окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө, билим деңгээли менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүү кызыкчылыгына, кругозоруна, муктаждыктарына ылайык келиши керек. Ал эми тилдик-лингвистикалык талап-критерийлерге ылайык тандалып сунуш кылынып жаткан чыгарманын адабий тилдин нормаларында болушу жана жалпы калк үчүн мүнөздүү речтик абалы эске алынат [3].

Эгерде көп жылдардан бери улуттук адабияттын мектеп курсунун жетинчи класстарына чыгыш адабиятынын мыкты үлгүлөрү катары Назым Хикметтин, Муса Жалилдин жана Расул Гамзатовдун поэтикалык мурастары программа аркылуу милдетүү өздөштүрүү сунуш кылынган болсо, анда аталган акындардын сунуш кылынган адабий мурастары жогорудагы талап-критерийлерге толугу менен жооп берет деп кесе айтууга негиз бар.

Андай болгон күндө алардын адабий мурастарын аталган класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрүн, камылгаларын, буга чейин алган адабий, тилдик-лингвистикалык билимин, билгичтиктерин жана көндүм-адаттарын эске алуу менен аталган акындардын сунуш кылынган адабий мурастарынын мисалында жалпы чыгармачылык дүйнөсүн өздөштүрүү, жөн эле өздөштүрүү үчүн сабактарды өтүп коюу эмес, натыйжалуу сабактардын структурасын түзүү милдети турат. Бул үчүн мугалим, методист же окумуштуу-изилдөөчү адабий мурастарды окутуунун улуттук педагогика менен методика илимдеринде буга чейин жасалган иштердин жалпы абалы менен ичкертен таанышып чыгуу милдетин унутпашы керек.

Кыргыз адабиятын мектеп курсунда, кесиптик билим берүүчү окуу жайларда жана жогорку окуу жайларында окутуунун педагогикалык жана методикалык технологиялары менен көптөн бери эмгектенип жүргөн окумуштуулар К. Иманалиев, Б. Алымов, С. Байгазиев, Н. Ишекеев, А. Муратов, С. Батаканова, С. Рысбаев, Т. Мусамбетов, А. Турдугулов, С. Момуналиев, Д. Саалиева, Б. Оторбаев сыяктуу окумуштуулардын, соңку он-он беш жылдын аралыгында окутуу методикасына аралашкан жаш илимпоз-методисттердин эмгектерин терең өздөштүрүү милдети турат.

Мектеп курсунда кыргыз адабияты сабактарынын алкагында чыгыш адабиятынын үлгүлөрүн үйрөтүү иштеринин актуалдуулугу ал үлгүлөр аркылуу бүтүндөй чыгыш элдеринин адабий-маданий мурастары менен окуучуну тааныштыруу милдетин аркалагандыгы менен жана бул боюнча мугалимдердин колунда методикалык сунуш-иштелмелердин жок экендиги менен гана түшүндүрүлбөйт. Мындай иштин актуалдуу, заманбап жумуш экендиги мындан кыйла тереңде. Айталы, тигил же бул көркөм мурасты

анализдөө, кабыл алуу, аны адабий-эстетикалык өңүттөн трактовкалоо, түшүндүрүү талаптары соңку мезгилде түп тамырынан бери өзгөрдү, мурда мыкты жазылган деп таанылган чыгармалар четке кагылып, мамлекеттик цензура коё бербеген, окурман журтчулугуна жетпей жүргөн адабий-маданий мурастар кайрадан калыбына келтирилип, реабилитацияланып өздөштүрүлө баштады. Экинчи жагынан мектеп окуучусунун адабий-маданий мурастарга болгон мамилеси да кыйла өзгөрүп, аны эми катардагы көркөм мурас менен таң калтыруу өтө кыйынга туруп калды. Окуучунун адабий китеп окубай калганын айтпаганда да дүйнөлүк интернет уюлдары аркылуу өздөштүрүп алган маалыматтары адабий-маданий мурас маселесине келгенде башкача (вертуалдуу же ирреалдуу дейбизби) кабылдоо тенденциясы өкүм сүрүп турган мезгил. Мунун натыйжасында нукура адабий-эстетикалык бийиктиктен кароого толук укугу бар көркөм мурастар кептин түз маанисинде, жабыркап калуу коркунучуна кириптер болуудан оолак эмес [4].

Мына ушундай шартта айрыкча, мектеп жашынан окуучуга көркөм адабиятты кызыгып окуу, алардан таасир алуу (айрыкча поэзиядан ырахат алуу) көндүмдөрүн үйрөтүү милдети ушул адабият сабактарында жүргүзүлөөрү белгилүү. Назым Хикметтин “Пенденин макулуктай бир түркөйү”, “Керээз”, “Мажүрүм тал”, “Мамедге соңку катым” сыяктуу поэтикалык мурастарын окутуу аркылуу мектеп окуучусунун акындын бул ырларындагы лирикалык каармандын эркиндикке умтулуусу, күрөш идеясы, адам рухунун күчү, акындын ырларындагы поэтикалык ойлордун салмактуулугу, таамайлыгы менен таасирдүүлүгү сыяктуу билим, билгичтиктерди калыптандыруу милдети турат. Муса Жалилдин “Алман элинде”, “Ишенбе”, “Эрк”, “Айрылуу”, “Ачынуу саптары”, “Кул”, “Доско” жана “Белегим”, Расул Гамзатовдун айтылуу “Менин Дагестаным” аттуу дастан-поэмасынан үзүндүлөрдү окутуу аркылуу аталган акындардын ойлорунун бийиктиги, поэтикалуулугу, философиялык маанисинин тереңдиги, элдик тилдин чебер колдонулушу, тарбиялык таасиринин күчтүүлүгү, адамдын өткөн тарыхы менен бүгүнкү күнүнүн алака-катышы сыяктуу нукура билим, билгичтик, көндүм-адаттарды калыптандыруу милдети турат.

Ушул жерде лириканы окутуу багытында олуттуу орду жана эмгеги бар окумуштуу С.Момуналиевдин төмөнкү пикирин келтирүүнүн өңүтү келип турат. Ал адабиятты, анын ичинде лириканы окутуу жөнүндө минтип жазыптыр: “Анткени ар кандай илимдердин учуру да , келечеги да болочоктогу муундардын маданиятына, адабиятка, анын ичинен, көркөм тексттин өзүнө болгон мамилесине көз каранды экендигин эч кимибиз унутпообуз шарт. Орустун улуу жазуучусу Ф. Достоевский өзүнүн 1863-1864-жылкы күндөлүк дептерине: «2 х 2 – илим эмес, факты гана. Бүт болгон фактыларды издеп табуу, ачуу – илим эмес, мына ошол фактылар менен иштөө – бул илим», – деп жазыптыр. Чындыгында эле, акын-жазуучулардын өмүр баянын билип коюу, чыгармаларынын аттарын атап, ырлардан айрым саптарды жатка айтып коюу бул али адабият сабагы эмес, мына ушул акын-жазуучулар, алардын көркөм дөөлөттөрүн жүрөгү менен кабыл алып, ага толкунданып, сүйүнүп-сүрдүгүп окуп чыгып, сезим менен ой элегинен өткөрүү гана адабият сабагы болот. Адабиятты окутуунун ар кандай технологиялары менен формаларын издеп табуу, аны мектеп турмушуна кийирүү аракети да мына ушулар аркылуу түшүндүрүлөт” [5].

Сөз зергерлеринин көркөм туундуларын окутуунун түпкү максаты – окуучуну ошол өзү окуп, үйрөнүп жаткан акындын турмуш кубулушун көрүү, ага баа берүү жана рахат алуу деңгээлине көтөрүү. Бул үчүн, эң биринчи, мугалимдин өзүнүн адабий даярдыгы, методикалык чеберчилиги, окутуу техникасы жогору болушу керек, экинчи, ал окуучулардын курактык, психологиялык, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн мыкты билиши зарыл, соңкусу учурдун окутуу технологиялары менен интерактивдүү методдорун өз сабагында ыктуу колдоно алышы шарт. Мына ушул талаптарды жетекчиликке алганда гана, мугалимдин ар кандай акын жөнүндө өткөн сабагы окуучуну кайдыгер калтырбай,

кызыгуусун жаратып, анын активдүү аракеттенишине өбөлгө түзүп, жан дүйнөсү бай, мекенчил, чыгармачыл инсан катары калыптанышына жардам берет.

Адабияттар

1. Кыргыз адабиятынын программасы: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V-XI класстары үчүн. Оңдолуп, толукталып, төртүнчү басылышы. – Бишкек, 2011. 66 бет.
2. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1981(I китеп), 1984 (II китеп). 333 бет.
3. Муратов А. Адабият ыйман сабагы. – Бишкек: Кыргызстан, 1993. 142 бет.
4. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Бишкек, 1992. 123 бет
5. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. – Бишкек: 272-бет.
6. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түз.: Ж. Шериев, А. Муратов. – Бишкек, 1994, 2004. 177 бет.

N.D. Tilekova, docent, OshSSU (KUU)
etilekova74@inbox.ru

Urcent issues of teaching models of eastern literature in school curriculum

The article touches upon the teaching techniques in the school curriculum of literature of examples of the oriental poetry on the model of the creative work of Musa Jalil, Rasul Gamzatov and Nazym Hikmet.

Key words: *and deepen styles labor, sample, knowledge, technology,education.*

УДК: 378.14.

Г.Б. Төлөнова, окутуучу, ОшМУ

“Эне тил –улут тагдыры” темасын куратордук саатта өтүүнүн ыкмасы

Макалада куратордук саатта мамлекеттик тилди окутуунун айрым ыкмалары берилди.

Ачкыч сөздөр: *куратор, студент, мамлекеттик тил, тил мыйзамы, гимн, конституция.*

В этой статье даны некоторые методы обучения государственного языка на кураторских занятиях.

Ключевые слова: *куратор, студент, государственный язык, языковой закон, гимн, конституция.*

Студент жаштарды тарбиялоо ар бир окутуучунун кесиптик милдети жана коом алдындагы инсандык парзы болуп эсептелинет. Анткени студенттик тайпада жүргүзгөн куратордун иш аракети окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Себеби окуу жайда билим алуу менен кошо тарбиянын түрдүү багыттары боюнча студенттерди инсандык калыптандыруу процесси жүрөт. Ар бир студенттин окуу жайдагы кеңешчиси, жакын адамы – бул куратор. Анткени куратордун жардамы менен студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүү көрсөткүчтөрү жогорулап,анын өткөргөн куратордук сааты тайпадагы студенттерди үзгүлтүксүз тарбиялоонун негизги каражаты катары эсептелинип, тайпадагы студенттердин күнүмдүк билим алууга болгон мамилеси, тартиби жумасына бир жолу жыйынтыкталып, көзөмөлдөнүп турулат. Натыйжада студенттердин билим алууга, факультетте өткөрүлгөн ар кандай коомдук

иштерге катышууга болгон жоопкерчилиги күчөп, андан ары өнүгүүгө кадам ташталат [2; 3].

Окуу жылынын башында кафедра тарабынан бекитилген жылдык иш-план боюнча сентябрь айынын үчүнчү жумасында мамлекеттик тил күнүнө карата "Эне тил – улут тагдыры" деген темада куратордук саат өтүлөт. Сабактын максаты студенттерди эли – жерин сүйүүгө, мекенди коргоого, эне тилин кастарлап – кадырлоого, патриоттуулукка тарбиялоо болуп эсептелет. Алгач куратор тарабынан муз жаргыч катары доскага тилге, сөзгө байланыштуу болгон жарым жартылай жазылган макал-лакаптар доскага илинет, макалдарды студенттерге толуктоо үчүн тапшырма берилет:

1. Адамзатты _____ бузат, (сөз).
   Тоону, ташты_____ бузат, (сел).
2. Жакшы _____ жан эргитет, (сөз)
   Жаман _____ жан кейитет. (сөз).
3. _____ бал да тамат, уу да тамат (Тилден).
4. Тууган катары кучакташтырган да -___ (тил),
   Душман катары бычакташтырган да - ___(тил).
5. Тегирмен жүгүрсө, ун чыгат,
   ____ келжиресе, чыр чыгат (тил).
6. Сулуунун көркү-көзүндө
   Чечендин көркү _____ (сөзүндө).
7. _____ октон өткүр. (Орундуу сөз)
8. _____ элди булгайт, (Оозу жаман)
   Өтүгү жаман төрдү булгайт.

Макалдар толукталган соң, мааниси чечмеленип, түшүндүрүлүп, өз ойлорун тайпада ортого салышат.

Андан соң доскага таблица илинет [1; 39]. Куратор студенттерге мамлекеттик тил мыйзамы, гимн, конституция жөнүндө маалымат берет.



Жогорудагы маалыматтардан соң, студенттерге текст таратылып, инсерт ыкмасын пайдалануу менен окушат. Инсерт ыкмасын колдонуунун шарты төмөндөгүчө:

Белги √	**Белги +**	**Белги -**	**Белги ?**
Тексттеги маалымат менен мурда тааныш болсоңор койгула	Силер үчүн жаңылык болсо койгула	Силер билем деген түшүнүккө карама-каршы келсе койгула	Түшүнүксүз болуп, ал жөнүндө кенен маалымат алам десеңер койгула.

Кылым карыткан кыргыз тили

Кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук тили. Чыгыш теги боюнча түрк тилдерине кирет. Буга чейин кыргыз тили көбүнчө оозеки формада гана колдонулуп келди. Кыргыз элинде тээ илгертен эле кат тааныган айрым адамдар болгон.

Кыргыздар пайдаланган азыркы алфавитке чейин бир катар башка жазууларды колдонуп келишти. Тарыхый маалыматтарга караганда, алар байыркы түрк урууларына таандык болгон Орхон – Енисейлик рун жазмасын колдонушкан. Андан соң араб, латын алфавиттерине негизделген жазууга ээ болушту. 1940-жылдан баштап азыркы колдонулуп келе жаткан алфавитке өтүштү.

1989-жылдын 23-сентябрында кыргыз адабий тилине “Мамлекеттик тил” деген бийик статус берген атайын мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам кыргыз тилинин өсүп-өнүгүшүнө мамлекеттик камкордук көрүүнү, кыргыз тилин түбөлүккө сактап калууну көздөйт.

Кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алуу менен, Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын тилдеринин өнүгүшүнө кам көрүү Конституцияда, тил мыйзамында баса көрсөтүлгөн. Ошондуктан мектептерде орус, өзбек, казак, дуңган жана башка тилдерде окутуу жүргүзүлүүдө. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган мыйзамдар мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяланат. Иш кагаздары, сот иштери мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлөт.

Эгерде айыпкер сот иши жүрүп жаткан тилди билбесе, анда ага эне тилде сүйлөө же тилмечтен пайдалануу укугу берилет.

Кыргыз тилине Мамлекеттик тил статусунун берилиши–адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө болгон зор кадам. Ошону менен бирге коомдун руханий жаңылануунга, жаңыча ой жүгүртүүгө багыт алуусу.

Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалгын айкындайт. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили – кыргыз тили. Ал бардык мекеме-ишканаларда, уюмдарда, билим берүүдө, маданиятта, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекеттик, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат.

Мамлекеттик тил – улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы [1;52].

Ошентип, текст окулуп бүткөндөн кийин жогорудагыдай графа болжолдуу толтурулат. Алган маалыматтарды чагылдырган бул метод ИНСЕРТстратегиясы же маалыматтарды түшүнүү, байкоо каражаты. Эффективдүү окуу жана ойлоо үчүн белги коюунун интерактивдүү системасы (англис тилиндеги аталышынын баш тамгасынан алынган бул процедура) мурунку билимдерди эске түшүрүү менен башталат да, тексттен ал түшүнүктү белгилөө үчүн суроо берүү менен тексттен кезиккен ал маалыматтардын ар кандай түрлөрүн жандыруу методу болуп эсептелинет.

Ошентип, тексттен алынган түшүнүктөр жогоруда көрсөтулгон төрт белги аркылуу чагылдырылат. Эскерте кетүүчү нерсе ар бир сүйлөмгө белги коюунун кажети жок. Адегенде текстти толук окуп алып туруп,кийин экинчи ирет окуй баштаганыңарда койсоңор болот. Кээде кое турган белгилериңер кээ бир абзацтарга туура келиши мүмкүн, ошондуктан белгини текст окулуп бүткөндөн кийин койгон оң [3; 55].

Андан соң куратор тарабынан студенттерге көркөм окуу үчүн акындардын ырлары таратылып, убакыт берилет. Студенттер ырларды көркөм окуп, мазмунун талдашат.

1-студент:

Сөз

Биздин элде баалайт сөздү башынан,
Бир сөз үчүн түшүп берген атынан.

Бир сөз үчүн бири-бирин чабышкан,
Бир сөз үчүн бир туугандай табышкан.

Кан майданда Мекен деген сөз үчүн,
Кайран кыргыз кардай үрөп өз күчүн,
Аткармакка тууган элдин тилегин,
Тайманбастан окко тосту жүрөгүн.

(А. Кадыров) [5;143].

2-студент:

Эне тилим

Отко салсаң, чокко салсаң күйбөгөн,
Жоголгон жок, кеткени жок дүйнөдөн.
Эне тилим нечен кылым карыткан,
Ушул тилде бабам Манас сүйлөгөн.

Турган чакта жергебизде аш толуп,
Эне тилим жадырасын жаз болуп.
Эгерде ким эне тилин жерисе,
Катып калсын, кыймылдабай таш болуп.

(Д. Юсупов) [5;164].

3-студент:

Эне тилим – канатым

Тилиң барбы – журтсуң, элсиң, пендесиң,
Тагдырыңды, тарыхыңды жиктеген.
Бул жарыкта тилсиз болсоң, айла жок,
Бир макулуксуң жан ачыта тиктеген.

Менин тилим – күч канатым, кут тилим,
Манас бабам жар чакыра сүйлөгөн.
Бул жашоонун бүтпөс ыры сыяктуу,
Бүт өмүрдө төл тилимди үйрөнөм!

(Т. Жороев) [5;171].

4-студент:

Эне тилим

Өгөө болуп, өгөй берет дайыма,
Күндүр – түндүр тынчтык бербей жаныма.
Эки дүйнө унутууга акым жок,
Эне тилди сиңген каны – жаныма!

Эне тилим эчен кылым карытты,
Күбө тартам күжүлдөгөн тарыхты.
Кыргыз эли эчен кыйын кезеңде
Кыл чайнашып, кылыч сууруп чабышты.

Эне тилим эчен кылым карыткан,
Эч ким аны өчүрө албайт Тарыхтан!

(Т. Нурманбетов) [5;173].

Жыйынтыгында, бул куратордук сааттан студенттер Мамлекеттик тил статусу жөнүндө маалыматтарды алышып, тил жөнүндө макал-лакаптарды, акындардын ырларын окушуп, талдашып, талкуулашып, алардын чыгармачылыктары жөнүндө көптү билүүгө

жетишишет. Эне тилибиздин тагдыры-улутубуздун тагдыры экендигин жан дүйнөлөрүндө калыптандырышып, аны сыйлап кадырлоону үйрөнүп, таалим – тарбия алышат.

Адабияттар

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Жогорку мектепте “Кыргыз тилинин практикалык курсун” окутуунун кредиттик технологиясына негиздеп үйрөтүү. – Бишкек. 2013. – 52 б.
2. Куратордук журнал. Түзгөн: Божонов З. ОшМУ, 2013. – 3-б.
3. Үкүева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий – педагогикалык негиздери. – Ош. 2012-ж. – 55-б.
4. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тилинин практикалык курсу. 1-бөлүм. – Бишкек. 2010.
5. Эне тил – улут тагдыры. Түзгөндөр: Жалилов А., Абдиманап уулу А. – Ош, 2009.

G.B. Tolonova, teacher, OshSU, FJC

“Native language is a nation problem” teaching with the special methods at the curator lesson

This article is devoted to teaching the native language with special methods at the curator lessons at the Universities.

Key words: *curator, a student, a native language, State law, national anthem, constitution.*

УДК:(1-04)(575.2)(575.3)

Сарыбаев Э.А., соискатель,
Институт философии и политико-правовых исследований НАН КР

Состояние пограничных проблем Кыргызстана с Таджикистаном и пути их регулирования

Илимий макалада эки өлкөнүн чек ара маселелеринин абалы жана аларды чечүү жолдору, чыр чатактардын себептери, ошондой эле кыргыз-тажик байланыштарына тоскоол болгон жагдайлар камтылган.

Материалдык далилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстан менен Тажикистандын көйгөйлүү маселелерге карата болгон кыймыл арекеттери жана чыр чатактарды болтурбоого багытталган алдын алуу иш чаралары көрсөтүлгөн.

Делимитация жана демаркация боюнча сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктары жана тараптардын аймактагы чыр чатактардын денгээлин басаңдаттууга багытталган бирдиктүү аракеттери көрсөтүлгөн.

Ачкыч сөздөр: *делимитация, демаркация, чыр чатак, чек арар, сүйлөшүүлөр, чечүү, аракеттер, бирдиктүү.*

В научной статье рассматриваются пограничные проблемы двух стран и пути их регулирования, реальные угрозы и причины инцидентов, а также тормозящие факторы кыргызско-таджикского взаимодействия.

На основе фактического материала показывается как Кыргызстан и Таджикистан реагирует на проблему и применяет превентивные меры для урегулирования пограничных конфликтов. Результаты переговорных процессов по делимитации и демаркации государственной границы и совместные усилия сторон, нацеленные для снижения конфликтного потенциала в регионе.

Ключевые слова: *делимитация, демаркация, угроза, переговоры, урегулирования, пограничные конфликты, реакция.*

В целом, кыргызско-таджикские межгосударственные отношения развиваются достаточно успешно. Между нашими странами нет существенных противоречий (за исключением вопросов границ), которые бы негативным образом отражались на общее состояние двусторонних отношений. Обе стороны обоюдно заинтересованы в поступательных и взаимовыгодных связях, переводе отношений в плоскость практических и регулярных контактов в самых различных сферах сотрудничества. Самое главное – эти отношения стабильны и предсказуемы.

Однако, вопросы приграничного сотрудничества и взаимоотношений на кыргызско – таджикской границе еще требуют пристального внимания и время от времени возникают проблемы на участках границы.

Ситуация в приграничных районах Кыргызстана с Таджикистаном отличается от прошлого по нескольким важным аспектам: границы стали более глубоко врезанными (устоявшимися), население больше привыкло жить в условиях новых независимых государств, так как советская эпоха уже в далеком прошлом, а новая инфраструктура построена таким образом, чтобы способствовать сегрегации, а не интеграции.

Приграничные отношения между Кыргызстаном и Таджикистаном претерпели значительное усовершенствование за прошлое десятилетие. Комплекс приграничных проблем рассматривается Правительством Таджикистана в свете добрососедских отношений и сотрудничества с Кыргызстаном. Вместе с тем, несмотря на то, что после приобретения независимости республиками минуло уже более двадцати лет, граница все еще полностью не определена. За прошедший этап кыргызско-таджикских переговоров стало возможным согласование прохождения линии границы на протяжении 541 км, в основном в горных условиях, что составляет более 50% ее протяженности. Вместе с тем, согласование местоположения линии границы в долинной части сопряжено с большими трудностями, преодоление которых является сверхзадачей правительственных делегаций [1].

Самые спорные части границы не согласованы, и процесс определения границ замедлился. Официально, Межправительственная Комиссия по определению и установлению границ, так называемая Паритетная Комиссия, продолжает свою работу, но фактически, информации о продвижении ее работы нет. С другой стороны, «наиболее вероятно, что власти с обеих сторон пришли к выводу, что проблема в приграничных сообществах, особенно в Чоркух и Ворухе настолько взрывоопасная, что любое движение вызовет дальнейшую неудовлетворенность и может вызвать непредсказуемые последствия.

В 2000 – 2001 годах были отмечены участившиеся факты напряженности по спорным земельным участкам между гражданами Таджикистана и Кыргызстана. Тогда в ходе неоднократных переговоров, проведенных между государственными администрациями двух районов, была достигнута договоренность о том, что на спорных территориях гражданами двух республик не будут проводиться работы по освоению земель и осуществления строительства до окончания работы Межправительственной паритетной комиссии по делимитации и демаркации госграниц. В 2005 – 2006 годах были отмечены отдельные инциденты по спорным территориям на границе между селом Мин-Булак Баткенского района и селом Сурх Исфаринского района.

Стороны взаимно обвиняют друг друга в заселении спорных территорий: таджики называют это «захватом спорных территорий» со стороны кыргызского населения, на использование которых наложено «вето», кыргызы обозначают этот процесс «незаконной ползучей миграцией» таджикского населения на свои территории. В основе этих обвинений также лежит «головоломка» с наличием разных карт. Эти процессы, в

основном, как с той, так и с другой стороны, наблюдаются в муниципалитетах Аксай (села Кокташ, участки Кара и Чекдобо), Самаркандек (села Минбулак и Минорук) и Актатыр (села Учдобо и Керметоо) и прилегающими к ним джамоатами Чоркух (Лангар, участок Сиёхкух, махали Какыр и Сомониен, село Ходжаи Аъло), Сурх и Ворух.

Хотя в последнее время данный процесс пошел на убыль, в силу разъяснительных работ со стороны властей и мероприятий по правовому просвещению среди населения, он все еще остается актуальным. В последние годы наблюдался бурный процесс внутренней миграции сельского населения Кыргызстана в экономически развитые регионы страны, который привел к массовому оттоку жителей кыргызских приграничных сообществ, что способствовало незаконным сделкам по купле-продаже этих участков между гражданами Кыргызстана и Таджикистана. Необходимо подчеркнуть, что юридически неоформленные сделки, в будущем, после завершения процесса демаркации границ могут привести к новым конфликтам [2].

Пограничные инциденты на кыргызско-таджикской государственной границе, которые произошли в 2013-2014 годы, не являются новым явлением, так как подобные мероприятия уже вспыхивали раньше. Тем не менее, масштабы и интенсивность отличаются, а также скорость, с которой происходит мобилизация, и камни и палки уже приносятся на место действий.

Межправительственная комиссия по делимитации и демаркации кыргызско-таджикской границы, по сути, не продвинулась вперед с той точки, в какой она была в 2002 году, и к настоящему времени уже закончились аргументы друг для друга. Стороны продолжают спорить о том, какие карты должны сформировать правовую основу для разграничения. В отсутствии новых аргументов, можно только изменить состав и статус Комиссии, который был возведен в уровне заместителей премьер-министров.

Однако, состояние пограничных проблем Кыргызстана с Таджикистаном остается на сегодня одним из самых конфликтогенных факторов как внутри самих таджикских сообществ, так и во взаимоотношениях с соседними приграничными кыргызскими сообществами. Доступ к земле самая сложная ситуация, если не сказать критическая, в настоящее время наблюдается в таджикском джамоате Чоркух, где проживают 33772 человек. Если в связи с нехваткой земли 3-4 года назад на душу населения в джамоате Чоркух приходилось 0,03 га земли, то ныне в джамоатах Чоркух и Сурх доля земли на каждого человека, по официальным данным администрации города Исфары, в 4 раза меньше по сравнению с общим показателем по району. В джамоате Чоркух сегодня на каждого жителя приходится всего 2,4 соток земли. Для сравнения, в Исфаре 8 соток. В последние годы местные власти пытались смягчить проблему, сокращая объемы распределения земли под приусадебные участки, но уже в 2011 году на территории джамоата фактически не осталось земельных ресурсов для жителей под приусадебные участки.

Ежегодный прирост населения в самом густонаселенном приграничном джамоате Чоркух составляет 750-800 человек, а плотность населения составляет на одного человека 185 м^2. Фактически, в джамоате Чоркух, который со всех сторон окружен кыргызскими селами и большая часть спорных участков приходится на ее территорию, из 6549 домохозяйств фактически нет проживающих одной семьей. Проживающих в хозяйстве (на одном земельном разделе) двумя семьями – 2729, есть домохозяйства, в которых проживают 2 и 3-семьи и более. В списке очередников на сегодня стоят более 2360 человек, остро нуждающихся в приобретении участков под строительство жилья.

Менее острая, но схожая ситуация по вопросу доступа к земле и проблемам, связанным с наличием спорных территорий, наблюдается в таджикских джамоатах Сурх и анклава Ворух. Таким образом, распределение земли остаётся основным спорным вопросом внутри самого таджикского сообщества. И без того скудные запасы земли в приграничных сообществах в первые годы становления независимого государства в силу

известных причин и ослабленного контроля со стороны местных и центральных властей распределялись несправедливо, что вызывало недовольство населения.

Согласно действующему законодательству, земля в Таджикистане является исключительной собственностью государства, и оно гарантирует эффективное ее использование в интересах народа. Земля распределяется среди жителей под приусадебные участки и дехканам для возделывания с правом передачи по наследству. Если земля не возделывается, государство оставляет за собой право вернуть ее себе. В некоторых таджикских селах (махаллях) жители имеют только крошечные участки, которые недостаточны для обеспечения семьи, что вынуждает людей идти на противоправные сделки для приобретения земельных участков [3].

Официально земля не может быть продана и куплена, но, как известно, негласная купля и продажа земли на кыргызско-таджикской границе имеет место. Проблема нехватки земли на таджикской стороне усугубляет взаимоотношения жителей таджикских и кыргызских приграничных сел по вопросу доступа к земле и имеет непосредственную взаимосвязь с территориальными притязаниями двух сообществ.

Другая проблема это вопросы доступа к пастбищам и использования лесных ресурсов в приграничных сообществах по своей сущности тоже являются такими же острыми факторами риска конфликтов. После приобретения независимости, постепенно границы становились реальными, и оба сообщества стали реально сталкиваться с проблемами и в этой плоскости взаимоотношений. Паритетные Комиссии по делимитации и демаркации границ еще не обозначили четкие государственные границы в данном регионе.

К числу таких спорных пастбищ, которыми пользуются как таджикские сообщества сел Ворух, Точикон, Чоркух, Ходжаи Аъло, Сурх, Найман, так и кыргызские сообщества сел Мин-Булак, Мин-Орук, Кокташ, Ак-Сай, Самаркандек, Ак-Татыр, Уч-Добо, таджикским сообществам относятся участки Вам (800 га), Чечелик (100 га), Жиптик (примерно 100 га). В летний период для отгонного сезонного выпаса скота обоими сторонами используются отдаленные кыргызские пастбища, Тешикташ (700 га), Ак-Терек (650 га), Алмалы (900 га), Кип (800 га), Суксурлук (1000 га), Геревшин (1500 га). Ак-Суу (800 га), Кара-Суу (700 га), Меши (2500 га), Кишемиш (1200 га), Кык (3000 га), Ылар (1000 га), а также таджикские пастбища Пули Офтобруй (400 га). Лар (50 га), Шахи Сафед (300 га), Кипкон (300 га), Сари Сот (700 га) и Хавзак (300 га).

Наблюдается ежегодный рост поголовья скота как у кыргызов, так и у таджиков, что с одной стороны становится причиной нехватки пастбищ, а с другой стороны усиливает нагрузку на пастбища. Количество незаконно выпасаемой крупнорогатой и мелкорогатой скотины достигает до 15000 голов, бюджет Кыргызстана теряет огромную финансовую подпитку.

Кыргызское население сел Ак-Сай и Керметоо в вопросе доступа к пастбищам больше беспокоит проблема пересечения границ и транзита через таджикскую территорию во время отгона скота. За неимением обходных дорог, кыргызская сторона при переходе на пастбища Тоошкандык, Кишемиш, Улар, Геревшин и др. для прогона скота на отдаленные летние пастбища вынуждены пересекать территорию таджикского анклава Ворух, что иногда приводит к стычкам между пастухами и местным населением [4].

Вопросы распределения воды и неэффективное использование водных ресурсов тоже продолжают оставаться основными факторами конфликтов, возникающих в трансграничных сообществах Исфаринского и Баткенского районов. Ситуация по вопросу доступа к воде и водные конфликты, которые характеризуется не столько ее абсолютной нехваткой, сколько нерациональным и неравномерным ее использованием, а также неготовностью и порой «нежеланием» местных сообществ соблюдать двусторонние

договоры и соглашения о водоразделе и водораспределении, фактически остается неизменной в течение последних лет.

По отдельным трансграничным водным артериям, таким как водовод чистой питьевой воды «Ворух-Шураб», канал Мехнатабад-Аксай и другие в течение последних лет несколько раз делались попытки пересмотра стратегии вододеления и водопользования, но они не оформлены в виде официального двустороннего договора и соглашения между соответствующими структурами.

Вопросы управления водными ресурсами, требуют более четкой координации и сотрудничества между водохозяйственными структурами сторон.

Эгемендүү Кыргызстандын жаңы кылымдагы өнүгүүсүнүн түп тамырынан бери өзгөрткөн окуя – Аксы окуясы. Аксы окуясы кенен гуманитардык илимдердин өкүлдөрү тарабынан ар кыл тараптан изилденип келе жатат. Анткени бүгүнкү күндөгү өлкөнүн өнүгүүсүнүн кайсы гана тармагын албайлы, андагы болуп жаткан кубулуштардын ички маңызын ачып, мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоодо Аксы окуясы негизги факторлордун бири катары каралып келет. Бирок көп учурда колдонулган маалыматтар илимий талдоого алынбастан, ар кыл концепциялардын өзөгүн түзүп келүүдө. Сунушталган макаланын алкагында Аксы окуясынын булактарын изилдөөнүн негизги багыттарына мүнөздөмө берилет.

Аксы окуясынын келип чыгыш себептери, жүрүшү жана жыйынтыгы Кыргызстандын тарыхы окуу китебинен баштап соңку жаңы доордун саясий социалдык тарыхын изилдөөдө кенен чагылдырылып [1], негизинен элге каршы бийликтин аракети катарында бааланып келүүдө. Гуманитардык илимдердин өкүлдөрү тарабынан да бир топ илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, талаш-тартыш жараткан суроолорду чечмелөө багытында көп ойлор айтылууда [2].

Илимий талаш-тартыштарды тактоо багытында, дегеле Аксы окуясынын ички маңызын ачып анын мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоодо, Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктоодо булак таануучулук проблемалар негизги орунду ээлейт. Анткени илимий айлампаларга киргизилген тарыхый булактарды, Аксы окуясы жөнүндөгү маалыматтарды көп учурда анын аныктыгын, тактыгын, толуктугун текшербей туруп колдонулган учурлар көп. Ошого байланыштуу бул макаланын алкагында Аксы окуясынын негизги булак таануучулук проблемаларынын жалпы суроосун карадык.

Аксы окуясынын булактаануучулук проблемаларын кароодон мурун теориялык методологиялык багытта булак таануучулук суроолорду карап көрөлү.

Негизинен, изилдөөдө тарыхый булак катары адамзаттын ишмердүүлүгү менен пайда болуп, адамзаттын өнүгүүсү жөнүндө гана маалыматтарды камтыган бардык нерселерден сыткары, адамдардын биологиялык маңызын чагылдыра турган айлана-чөйрө жана анын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү дагы тарыхый булактын кенен түшүнүгү катары кароого болот [3]. Анткени, аксы эли айлана-чөйрө,

жаратылыш шартына жараша көчмөн жана жарым көчмөн малчылык менен кесиптенишкен, алардын физиологиялык-психологиялык өзгөчөлүгү кулк-мүнөзүнө таасирин тийгизип, ар кандай тарыхый шартта өзүнүн кайсы типке тиешелүү болушу дагы түрткү берген. Жогорудагы келтирилгендердин негизинде илимде орун алган менталитеттин тарыхы деген жаңы багыттын пайда болушу, башкача айтканда адамдардын кулк-мүнөзү физиологиялык-психологиялык менталитетке таасир этүүсү, адамдардын сырткы физиологиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү же жеңилүүгө, же жеңүүгө алып келе тургандыгын көрсөттү. Ошонун негизинде окуя жөнүндөгү маалыматтарды анализдөө менен, адамды курчаган айлана-чөйрө жана физиологиялык-психологиялык өзгөчөлүктөрү тарыхый окуяларды түшүнүүгө көмөкчү фактор боло алат.

Экинчи көңүл бура турган нерсе тарыхый булактарды классификациялоо. Бул багытта булак таануунун негизги чоң теориялык суроосунун бир гана бөлүгүн эске алуу менен тарыхый булактын негизиндеги функционалдык өзгөчөлүгүнө карата негизги, кошумча жана көмөкчү тарыхый булак катары классификациялоо жүргүзүүгө көңүл бурулду.

Тарыхчы тарыхый булактан алынган окуя жөнүндө маалыматтар менен иштешкендиктен дагы бир көңүл бура турган орчундуу маселе, бул маалыматтардын актуалдуу жана потенциалдуу болуп бөлүнүшүн эске алуу зарыл. Анткени көп учурда изилдөөчүлөр актуалдуу маалыматты колдонуу менен ага таянып өздөрүнүн илимий негизде аныкталбаган субъективдүүтыянактарына карата болуп өткөн окуя, кубулуш жана процесстер жөнүндө ар кыл концепцияларды куруп келет[4]. Илимде потенциалдуу же жашыруун маалыматтарга аныктама берүүнүн жана андан сууруп чыгуунун өзүнүн методдору иштелип чыккан. Бүгүнкү күндө тилекке каршы ал жөнүндө көп учурда көңүлдөн сырткары калып, методологиялык өңүттө иштер жүргүзүлбөй келе жатат.

Жогоруда айткандарга таянып Аксы окуясын изилдөөдө тарыхый булак катары райондун айлана-чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү, ага катышкан адамдардын физиологиялык, психологиялык абалын чагылдырган жана традициялык аныктамадагы бардык тарыхый булакка жалпы мүнөздөмө берүүдө тарыхый булакты функционалдык аспекте 3кө бөлүп карасак болот:

1) негизги тарыхый булак-жазуу (газета-журналдардагы чагылдырылган материалдар менен бирге закон актылары. мамлекеттик, коомдук жана жеке иш жүргүзүү кагаздары).
2) кошумча буюм түрүндөгү-электрондук ресурстар, фото-фоно этнографиялык тарыхый булактар (Аксы окуясы тууралуу диск, жабыр тарткандардын жана каза болгондордун ошол учурдагы же окуядан түз чагылдырылган сүрөттөрү, калктын жашоо турмушун чагылдырып берген теле берүүлөр).
3) көмөкчү катары айлана-чөйрө жана ага катышкан адамдардын физиологиялык, психологиялык абалын чагылдырган тарыхый булак. (Окуя болуп өткөндөн кийинки журналистердин берген материалдарындагы жаратылыштын климаттык өзгөчөлүгү, айлана-чөйрөнүн тийгизген таасири, тийиштүү медициналык жана психологиялык илимдердин адамдардын ар кыл тарыхый шартта социалдык жүрүм-турумуна тийгизген биологиялык факторлору көмөкчү булак катары каралат).

Булак таанучулук багытта саясий факторлор маалыматтарды жаратууда чечүүчү роль ойногондуктан, жогоруда келтирген классификациянын негизинде тарыхый булактардын топтомдорун төмөндөгүдөй мезгилге болуп кароо зарыл:

2005-жылга чейинки булактар, ал жерде Аксы трагедиясын мамлекет жаап жашыра алган эмес, коомчулук бийликке нааразычылыгын бул окуяны улам-улам козгоп бийлик үчүн болгон күрөшкө курал катары колдонуп келген. Бул мезгилге тиешелүү булактар бир жагынан чындыкты жашырууга бийлик тарабынан багытталса, бийликке

оппозициялык күчтөр тарабынан объективдүү реалдуулукка толук шайкеш келбеген маалыматтарды камтыган.

2005-2010-жылдардагы жаралган тарыхый булактар талдоодо көрсөткөндөй, бийликтин формасы гана өзгөрүлүп анын маңызы, мазмуну жана кадрдык көрсөткүчтөрү 2005-жылдан айырмаланбагандыктан Аксы окуясы кеткен бийликти сындоо, жана өлкөдөгү революциянын жыйынтыгы эл күткөн натыйжаны бербегендиктен, коомдун көңүлүн алаксытуу максатында маалыматтар толук жана так берилген эмес. Бирок өткөн мезгилге салыштырмалуу көп реалдуулуктун билинбеген маалыматтары жарык көргөн.

2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый булактарды талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөттү – Аксы окуясы бюнча тарыхый булактын саны кескин төмөндөгөнү менен, ага тиешелүү маалыматтар окуяны чагылдыруу жагынан субъективдүүлүктөн арылуу багытында. Бирок ошону менен бирге эле Аксы окуясына баа берүүдө жана келип чыгышын, жүрүшүн, натыйжасын түшүндүрүүдө мурунку мезгил менен салыштырсак ошондой эле деңгээлде субъетивдүүлүк сакталып калууда. Анын бирден бир себеби тарыхый булактын авторлору дагы бүгүнкү коомдун күнүмдүк жашоосуна активдуу катышуусунда жана экинчиси Аксы окуясына карата негизги булактар 17-мартка карата жаралгандыктан бир беткей жаралууда, тарыхый булактын авторлору көбүнчө жабыр тарткандарды чагылдырууда. Ал эми экинчи тарап революциялык өлкөдө рухтун дагы эле үстөмдүк алышына байланыштуу кайчы пикирлерин айтуудан баш тартууда. Анткени кандай гана тарыхый булак болбосун андагы маалыматтардын тактыгы, толуктугу жана реалдуулукту айкын чагылдыруусу конкреттүү тарыхый шартка жана тарыхый булактын авторлорунун ошол шарттагы абалына, ээлеген ордуна көз каранды.

Демек Аксы окуясын булак таанучулук багытта изилдөөдө эң биринчи ошол жаралган тарыхый булактын *конкреттүү шартын талдоо*, жана ар кыл *карама -каршы багыттагы булакты колдонуу* негизги багыт катары эсептелет.

Адабияттар

1. Галиева З. Политическая трансформация суверенного Кыргызстана: динамика и особенности.– Бишкек,2007, 237-254-б.
2. Жоробеков Т. Аксы окуясы // Аксы району: энциклопедия. – Бишкек, 2003-ж.125-127-б.
3. Лаппо-Данилевский Методология истории. – Москва, 2006 г.
4. Ковальченко И.Д. Методы исторического исследования. – Москва, 2006 г.

B.S. Nazarbaeva, JASU, Kochkor-Ata colledg, magistr in history
Sanirabiyga_shaiyrbekovna@mail.ru

Aksy events – main and the last turn in the history of Kyrgyzstan: main research areas and their sources

Basic theoretical and methodological trends in sources published on Aksy events in 2002 years. Periodization of the classificationof historical sources.

Key words: Aksy events, Specifichistorical data, research sources in opposite directions.

УДК:303.446.4(093)

Назарбаева Б.С., магистр, ЖАМУ, Кочкор-Ата колледжи

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдөгү мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга булактаануучулук багытта изилдөө жүргүзүүнүн методологиялык маселелери

Мезгилдүү басма сөз каражаттарынын Аксы окуясын чагылдыруудагы кыргыз прессасынын орду жана ролу. Андагы жарыяланган материалдарды тарыхый анализдөөнүн булактаануучулук багытта өзгөчө ыкмалары жана механизмдери.

Ачкыч сөздөр: *теориялык методологиялык маселелер, комплекстүү же түрдүү булактар, маалыматтык талаа.*

Место и роль кыргызских средств массовой информации в освещении аксыйских событий. Основные методы и механизмы анализа исторических материалов.

Ключевые слова: *теоретико-методологические вопросы, комплексные и разные типы источников, информационного поля.*

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө анын теориялык-методологиялык маселесин чечип алуу зарыл. Аксы окуясы эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы бийликтин кандуу саясатына байланыштуу окуя болгондуктан, анын келип чыгышы жана себептерин ачып көрсөтүүдө жалпы изилдөөнүн жол-жоболорунун тарыхый илимий изилдөөнүн негизинде иштеп чыгуу керек. Аксы окуясын тарыхый жактан изилдөөдө анда окуянын келип чыгуу себептери, өбөлгөлөрү жана жүрүшү анын жыйынтыктары каралат.

Бизге белгилүү болгондой аталган окуяга объективдүү баа берүүдө изилдөөнүн методологиялык проблемасы жана изилдөөдөгү жетектөөчү методологиялык жол-жоболор алдыңкы орунда турат. Ал эми окуянын өзү жана келип чыгышы тууралуу бүгүнкү күнгө чейин бирдиктүү көз караш жок жана талаш-тартыш маселелерди жаратып келүүдө. Окумуштуулар рынок экономикасынын шартында социалдык-саясий багыттагы бир топ изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет, бирок, бул изилдөөлөр адатта, бийлик, коом жана жеке инсандын пикири менен дал келбей калууда.

Ошондуктан соңку жаңы тарыхтагы бул окуя мезгилдүү басма сөз булактарында кеңири берилип келет. Кыргызстандагы саясий туруктуулук өзгөрүп турган мезгилде чыккан басылмаларды изилдөө бир жагынан кызыктуу, бир жагынан татаал жумуш. Анткени, изилдөөчү-тарыхчы өзүнүн мезгилиндеги идеологиянын шары менен түз айтылган сындардын ички жана тышкы маалыматтарына туруштук бере албай калат. XXI кылымдын башында коом өзү трансформацияланган сыяктуу эле массалык маалымат каражаттары дагы ошого дуушар болгандуктан ар тараптуу жана объективдүү маалыматты жакындан тааныш үчүн мезгилдүү басма сөз каражаттары менен саясий агымдын идеологиясын салыштыруу керек. Мындай салыштырууда мезгилдүү басма сөз каражаттары тарыхчынын ишмердүүлүгүнө кенен жол ачып берет.Соңку мезгилдеги Кыргызстандын тарыхын булактаануучулук багытта мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарды туура жана так анализдөө актуалдуу. Бирок, бүгүнкү күндө мезгилдүү басылмаларды баалуу тарыхый булак катары кароо талаш-тартышты жаратып, мындай булактардын топтомуна анализ жүргүзүү тарыхчы үчүн кыйынчылыктарды туудурууда. Мындай жагдайды бир нече факторлор менен түшүндүрүүгө болот.

Биринчиден, мезгилдүү басылмалардагы материалдарды бир түрдө кароого, комплекстүү булак же ар түрдүү багыттагы булак катары жайгаштырууда атайын бир жыйынтыкка келе элек. Мезгилдүү басылмалардын беттериндеги түрдүү жанрдагы текстердин жайгашуусунан улам изилдөөчү бир түрдүү комплекстүү булак катарында кароо маселесинен баш тартса [1]. В.М. Рынков газета-журналдагы ар бир жарыяланган

баалуу макаланы алып кароону сунуштайт. Л.Н. Пушкарев, берилген ар түрдүү материалдардын баары бир түрдүү булак болуу менен, бирдей комплекске ээ маалыматтарды камтыганын көрсөтөт [2].

Экинчи маселе, мезгилдүү басылмалардагы берилген текстердин аныктыгын кароо тарыхчы үчүн алдыга коюлуучу маселе. Гезиттердеги жазылган материалдарга анализ жүргүзүү бул бир канча процедуралардан турат. Бул маселе боюнча постсоветтик доордогу Кыргызстан тарыхы басма сөз материалдарынын негизинде изилдөө өз алдынча илимий изилдөөнүн проблемасы болуп алынган эмес жана мында газеттик материалдар жалпы мүнөздөгү илимий макалаларда гана берилген [3]. Гезиттик материалдарга берилген окуянын өзүнө эмес белгилүү бир социалдык топтордун кызыкчылыгын алардын өз ара тирешүүсүнө, салгылашуусуна орун берилип, окуянын нак өзүндө андагы карапайым адамдардын ролу жергиликтүү элдин абалы толук ачылбай калган. Эгемендик доордогу басма сөз каражаттары бир гана маанилик - мазмундук жактан эмес саны жана позициясы боюнча дагы өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени, басма сөз каражаттары сан жагынан динамикалык негизде өсүп турду. Алардын мазмундук жагын алганда дагы мамлекеттик же оппозиция гана эмес, гезит ээлеринин жана жеке бир канча адамдардын саясатчылардын кызыкчылыктарын, мүдөөлөрүн көздөгөн материалдар чыга баштаганы менен мүнөздүү. Гезиттер саны жана түрү боюнча чектелбегендиктен коомдун аң-сезимине таасирин тийгизип жана маалыматтык талаада гезиттик материалдар негизги орунга чыкты. Маалыматтык талаада прессанын ролу 2010-жылдарга чейин өзүнүн ордун башка маалымат каражаттарынын арасында доминанттык кылып келди. Ал эми 2010-жылдан кийин негизги маалыматтык талаада маалымат каражаттарынын ичинен интернет булактары маалыматтык сайттар алдыңкы орунга чыкты.

Гезиттик материалдардын жана эгемендик жылдарындагы прессанын дагы өзгөчөлүгү бул анда ар бир гезиттин белгилүү бир саясий конъюктурага жараша гана бир беткей маалыматтарды тараткандыгы менен ошондой эле кабарды жазуудагы жана таратууда профессионализмдин төмөндүгү менен айырмаланат. Өзгөчө болуп жаткан “ысык фактыларды” берүүдө бири-бирине чаташкан, окуялардын жүрүшүн жана каармандарды алмаштырып берүү убактысынын ирети менен берилбегендиги менен айырмаланат. Бирок, кыргыз прессасы Аксы окуясын чагылдыруудагы ар тараптуу маалыматтардын берилиш жыштыгы менен айырмаланат. Көп кырдуу маалыматтардын берилиши окуянын өзүнө саясий топтордун өз кызыкчылыгынын күрөшү күчтүү жана татаал экендигин көрсөтөт жана алардан ошол кездеги кыргыз элитасынын жалпы абалын дагы билүүгө болот. Газета журналдар кайсы бир мезгил үчүн идеологияга каршы курал катары пайдаланылат. Андай маалыматтар дискуссияга анчалык ээ эмес, оппонентердин бири-бирине каршы пикирлери, ошондой эле жалган маалыматтар да кезигет. Ошондуктан басылмадагы материалдардан так көрсөтүлгөн маалыматты гана тандап алып кароого болот.

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган макалаларды “өкмөттүк жана оппозициялык” – деп бөлүп карабаганда: республикадагы бардык чыккан газеталардагы макалалар реалдуулугу менен айырмаланбастан, ар түрдүү көз караштаргы же алардын арасында эки жактан тең позициясын бирдей чагылдырган авторлордун макалалары да бар. Ошого карабастан мезгилдүү басма сөз каражаттары коомдук жана саясий түзүлүштү чагылдыруу менен маалыматты саясий күчтөр өздөрүнүн куралы катары пайдаланышып, пресса- бул ар кандай топтордун кызыкчылыгын коргогон курал болуп калды. Ошондуктан мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы жарыяланган материалдарды тарыхый анализдөөнүн өзгөчө ыкмаларын жана механизмдерин кароо зарыл маселелерден. Мезгилдүү басма сөз каражаттарынан Аксы окуясын чагылдырган гезиттерди так мамлекеттик же коомдук, бийликчил же оппозициячыл маанайда деп бөлүп коюуга болбойт.

Мына ушундай жагдайдан улам Аксы окуясын изилдөөдөгү массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган макалалар булактаанучулук багытта анализ жүргүзүүнүн өзгөчө ыкмасын талап кылууда. Коомдук-саясий багыттагы басылмалар окуяларды түз мааниде чагылдыруусу менен айырмаланат. Эске салсак, мисалы “Агым”, “Республика” газеталары алардын негиздөөчүлөрүнүн формалдуу көз караштарынан чыга алган эмес. Агым жана Республика гезиттери формалдуу түрдө ар кандай саясий топтордун кызыкчылыктарын беришкен эмес. Ал эми мамлекеттик “Кыргыз Туусу”, “Слово Кыргызстана”, “Эркин Тоо” гезиттери республиканын бийлик органдарыныкы болгондуктан, андагы жарыяланган материалдар бир тараптуу же бир жактуу болгон. Эгерде Аксы окуясынын мисалында гезиттердеги окуяны чагылдыруу маселесин алсак, анда окуя жүрүп жаткан мезгилде жарык көргөн макалалар өзүнүн курчтугу жана окуянын өз учурунда баяндап берүүсү менен айырмаланат. Ал эми убакыттын өтүшү менен окуянын чагылдырылышы төмөндөгөн, же болбосо дээрлик жокко эсе жана башка макалалар да фрагментардык гана мүнөзгө ээ.

XXI кылымда гезиттерди сатып өткөрүү жана рынокто реализациялоо иши негизги маселеге айланды. Андан сырткары мурдагыдай системалуу түрдө жазылуу жок болгондуктан, өздөрү курал катары макаланын заказчиктери тарабынан сатып алынып, бекер таратуунун негизинде маалыматтын таралуу ареалы кеңейген, бирок ал саясий заказ болгондуктан, ага карата атайын суроо талаптын же маалыматтын чындыгына карата окурмандардын баалоо деңгээли жоголгон. Гезиттердин мындайча өзүн-өзү каржылоосу саясатташкан мазмундагы макала, кабарлар билдирүүлөрдүн көбөйүшүнө түздөн-түз шарт түзгөн. Бул бийликтен сырткары турган коомду өтө күчтүү саясатташтырууга алып келди. Мамлекеттик бийлик органдарынын жүргүзгөн саясаты анын ичинде ири талаш-тартышты жараткан Үзөңгү-Кууш маселесине байланыштуу материалдар абдан көп жана үзгүлтүксүз түрдө берилип турган. Бул мезгилде борбордук бийлик органдарынын жана борбордогу чыгуучу мезгилдүү басма сөз каражаттарынын мазмуну дагы, материалдары дагы бир беткей болбогондугу менен айырмаланат. Анткени, жергиликтүү басма сөз каражаттары ошол кездеги болуп жаткан окуяны бийликтин цензурасынан алыс чыгара алган эмес. Буга себеп катары анын ошол аймактагы ролун жана окурмандардын ага болгон суроо-талабын көрсөтүүгө болот.

Тарыхый булактардын өзгөчө жана негизги комплекси болгон жалпыга маалымдоо каражаттарын, анын ичинде гезиттердин илимий айлампага киргизилиши, талдоого алынышы жокко эсе. Ошондуктан, гезиттерге тарыхый булак катары ата мекендик тарыхнаамада атайын же жеткиликтүү түрдө баа берилбей келет. Тарых илиминде мындай тенденциянын болуп жатышы толугу менен түшүнүктүү. Бир жагынан официалдуу маалымат булактары калктын гана эмес илимий коомчулук тарабынан алардын назарына алынган эмес, салттык түшүнүк менен алардын көз карашы бүдөмүк түшүнүктү берет. Экинчи жагынан аксы окуясы боюнча гезиттеги маалыматтар ар түрдүү оппозициялык көз караштар менен берилгендиктен, аларды мазмунуна карата белгилүү бир системага салуу мүмкүн эмес. Ошого карабай, бийлик жана оппозициялык гезиттерден белгилүү бир деңгээлде олуттуу айырмачылыкты байкоого болот.

Идеологиялык жактан алганда “Кыргыз туусу”, “Слово Кыргызстан”, “Агым” ж.б. гезиттеринин ортосунда тирешүү бар. Ал эми гезиттеги жарыяланган материалдарды чагылдыруудагы сөз эркиндиги, ынанымдуулугу, андагы фактылардын тактыгы тууралуу маселе дагы деле талаш бойдон калууда.

Аксы окуясында “ким биринчи ок чыгарган”, “ким күнөөлүү” деген сыяктуу материалдар гезиттердин ар биринде жазылып, үчүнчү тараптын пикири (чет өлкөлүк басма сөз каражаттары) түздөн-түз конфликтке аралашкан эмес.

Жыйынтыктап айтканда Аксы окуясын чагылдырган массалык маалымат каражаттарынын материалдарын илимий айлампага киргизүүдө салттык спецификалык формалар менен бирге эле диохрондук жана синхрондук анализди айкалыштыруу менен

тарыхый илимий методдорду гана колдонбостон лингвистиканын дагы ыкмаларын колдонуу зарыл.

1. Республикалык жана чет өлкөлүк конкреттүү материалдарды изилдөөдө республикадагы кыргыз тилдүү гезиттерге компаративдик изилдөөнү жүргүзүү керек. Анда ички жана сырткы маалыматтар билдирүү иретинде берилип турган. Мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга анализ жүргүзүүдө жарыяланган макаланы болжолдуу түрдө мазмунуна, автордун чагылдырган материалынын мазмуна карата бөлүп алып талдоо жалпы маалыматтык талаада Аксы окуясы тууралуу берилген маалыматтар, сюжеттер окуянын алгачкы күндөрүнөн тартып бир жыл аралыгына чейинки материалдарды бөлүп алып изилдөөгө болот.

2. Диохроникалык анализ жүргүзүүдө ар бир басылмадагы(газета, журнал ж.б) материалдар коомдук-саясий, финансылык-экономикалык жана идеологиялык жактан бирдей эволюцияга ээ.

3. Тарыхый-салыштырмалуулук ыкманы колдонууга болот. Ар түрдүү басылмалардагы материалдарды синхроникалык салыштыруу менен карама-каршы жана бир жактуу семантикалык талдоо жүргүзүп берилген текстерди жана сюжеттерди диохроникалык контексте-катышуучулардын окуяны эскерүүлөрүн “интервью” ж.б.талдап кароого болот.

Ошондуктан материлдарды бир нече баскычта талдоого болот:

- Маалымат талаасындагы бардык фактылар жана сюжеттер: Интернет булактарындагы, гезит-журналдардагы берилген материалдар окуянын алгачкы мезгилинен, январь айынан баштап бериле баштаган.
- Оппозициялык маанайдагы гезиттердеги фактылар жана сюжеттер: Бийликти сындоо, ок атууга буйрук бергендер бийлик тараптан болгондугун, мамлекеттик гезиттердеги жарыяланган макалаларга жооп иретиндеги материалдардын (кайым айтышуу) берилиши.
- Мамлекеттик басылмалардагы фактылар жана сюжеттер: Бийликтин жасаган иштерин туура деп көрсөтүү менен окуяга алыстан карап, чагымчылдыкка алдырбай, ынтымакка келүүгө үндөгөн материалдар.
- Жергиликтүү, райондук жана областык басылмалардагы фактылар жана сюжеттер: Бул багыттагы гезиттер мамлекеттин же бийликтин кызыкчылыгын чагылдырган материалдарды берип турган.

Адабияттар

1. Рынков В.М. Периодическая печать: проблема дифференциации документальных и повествовательных источников / Ин-т истории СО РАН. URL:http://history.nsc.ru/snm/rynkov2.htm.
2. Пушкарев Л.Н. Классификация русских письменных источников по отечественной истории. – М.: Наука, 1975. – С. 226-227.
3. Профессионализм историка и идеологическая конъюнктура: проблемы источниковедения советской истории. – М.: РАН, Ин-т российской истории, 1994.– С. 84-104.

Nazarbaeva B.S.,JASU, Kochkor-Ata colledg, magistr in history
Sanirabiyga_shaiyrbekovna@mail.ru

Methodological problems of researching materials in researching the history of Aksy events

Methological proplems in the study of periodicals on the history of the Aksy event. Place and role of Kyrgyz media in covering the Aksy events. Basic methods and mechanisms of analysis of historical materials

Key words: *theoretical and methodological issues, complex and different tapes of sources, the information field.*

УДК: 314.148; 947.1 (575.2)(043.3)

К.А. Халматов, т.и.к., доцент,
А.А. Токтогулов, окутуучу, ЖАМУ

Түрдүү элдерде окшош салттардын чагылдырылышы (Бешик той, кыркын чыгаруу, тушоо кесүү салттарынын мисалында)

Макалада түрдүү элдердеги окшош салттар чагылдырылган.
Ачкыч сөздөр: *салт, баалуулук, этнос, той, жалпылык.*

В статье отражены похожие обычаи у разных народов.
Ключевые слова: *обычай, ценность, этнос, свадьба, обшность.*

Кыргыз элинин тарыхы менен этнографиясын окуп үйрөнүүдө белгилүү окумуштуу С.М. Абрамзондун эмгектери жана илимий макалалары өзгөчө маанаге ээ. Анткени анын чыгармаларында адам төрөлгөндөн баштап өлгөнгө чейин колдонулчу салттар, ырым-жырымдар жана коомдук нормалар кеңири чагылдырылган. Кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарыхында башка элдерге өзүнүн өзгөчө салттары менен таанымал болуп келген. Бүгүнкү күндө ал салттардын айрымдарына анча маани берилбей, секиндик менен унутта калып жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Бирок жалпы кыргыз элинде унутулуп калган айрым салттардын чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздарда сакталып калгандыгы көпчүлүк окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келет. Алардын ичинен “бешик той”, “баланын кыркын чыгаруу”, “тушоо кесүү” салттары өзгөчө кызыгууну жаратат.

Түрдүү элдердеги салттардын окшош же бирдей аткарылып келиши алардын түпкү байланыштарынан жана биримдигинен кабар берет. Ушул өңүттөн алып караганда каралып жаткан маселе өз актуалдуулугуна ээ. Андан тышкары окшош салттарды иликтөө аркылуу элдердин түпкү жалпылыгын даңазалап, улуттар аралык мамилелерди белигилүү деңгээлде жөнгө салсак болот деп ойлойбуз.

Илгери баланын бешиги даяр болсо, ал төрөлгөндөн 2-3 күндөн кийин эле «Бешик тойун» өткөрүшчү. Баланы бешике жаткыруу өзгөчө ритуалдар менен өткөн [1]. Азыркы күндө Анжиян кыргыздары балага кырк күн толгондо, анын кыркын чыгаруу менен бирге «Бешик тоюн» бирге өткөрүшөт. Бул салт Маматова Мазгилдин аткаруусунда төмөндөгүдөй өтөт; «Бул күнү айылдын аксакалдары жана молдосу чакыртылып, аларга кой союлуп, дасторкон жайылат. 40 токоч бышырылып, айылдын улуу – аксакал адамдарына таркатылат. Дасторкондун тегерегине чогулган эл кудайдан баланын акыл-эстүү, ден-соолугу чың, ата-энесине мээримдүү болушун тилеп, куран окушат. Андан кийин баланы 40 кашык менен өлчөнгөн сууга ар-түрдүү тилектерди; денеси бекем, бай-бакубат, элине, тууган-уруктарына жардамы тийген бала болуп чоңойсун ж.б. сөздөрдү айтуу менен, айылдын эң аксакал байбичеси баланы жуунтуп, тырмагын алып, колуна ширинди ктерди карматат. Жуунткандан соң, балага жаңы кийимдерди кийгизишип, бешикке жаткырышат» [1.1]. С.М. Абрамзондун маалыматында илгери кыргыздарда баланын кыркын чыгарууда, бул күнү, төрөлгөндө кийгизилген «ит көйнөктү» чечишип, баланын апасы коңшу боз үйлөрдөн сурамжылап, чогулткан ар түрдүү 40 материалдан куралган көйнөктү кийгизишкендиги баяндалган [1].

«Жаңы бешикти сөзсүз баланын апасынын туугандары (тайэнеси, тагасы ж.б) даярдайт жана аны көз мончок, түрдүү оюнчуктар менен кооздойт, бала эркек болсо

бешиктин төшөгүнүн астына бычак, ал эми түбөгүнө «наат кант» толтуруп коюлат. Көз мончок – ар түрдүү жаман жакшы көздөрдөн сактайт, бычак мусулмандарда ыйык деп эсептелип, баланы эр жүрөк, шамдагай кылат, ар түрдүү балээден, жаман духтардан сактайт, наат кант болсо, баланын өмүрүн таттуу болушу үчүн коюлат. Андан тышкары калемпир (таза эмес күчтөрдөн сактоо үчүн), таш (бала таштай бекем болсун үчүн), нан ж.б. предметтер да бешикке коюлуп келинген жана азыр деле айрым кыргыз айылдарында колдонулат. Бешиктеги бала чоңойгондо бешикте кыстарылган нанды өзү итке бериши керектиги айтылат. Бул мааракеге чакырылган коноктор нан, ширидиктер, боорсок, майда бышырылган каттуу-каттама, балага жана анын ата-энесине кийим-кече белектери менен келет. Дасторконго эң көбү ширидиктер менен боорсок, заң-заң, самса, каттама ж.б. камырдан даярдалган тамактар коюлат.

Окумуштуу Б.Х. Кармышева чагылдырган самарканддык өзбектерде балага байланыштуу өткөрүлгөн «кыркын чыгаруу», «бешик той» ж.б. салттардагы көрүнүштөр кыргыздардын салтынан анча деле айырмаланбайт. Бул болсо, эки элдин бири-бири менен болгон салттык жана туугандык мамилелеринен дарек берет.

Баланы бешикке бөлөп жатканда бешиктин тегерегинде эки аял-эркектин аксакал туугандарынан, эки аял – аялдын жакын туугандарынан отурат да, бөбөктүн апасынын эки колтугуна токоч кыстарылып коюлат [1-2]. Бул ырым баланын ден-соолугу бекем болуп чоңойсун, анын энесинин сүтү ар дайым болуп турсун, үй-бүлөөдө нан үзүлбөсүн дегендик менен түшүндүрүлөт. Бешикке коюлган оюнчуктар, түбөктө салынган наат ж.б. ширидиктер баланы алгач бөлөгөн аялга берилет. Бөлөнгөн бешиктин үстүнө аялдын да, эркектин да жакын туугандары кант-ширидиктерин, айрым учурларда акча чачышат. Бул «чачыла» ырымы дейилет. Анын мааниси да келечекте баланын өмүрү ширидикте, кайгы-мууңдан алыс, үй-бүлөөсү оокаттуу турмуш өткөрсүн үчүн ишке ашырылат. Андан соң бешикти тегерете отурган аялдар балага «алдей ырын» же «бешик бөбөк ырын» ырдашат. Бул ыр өтө сылык, мукам, назик үн менен уккулуктуу ырдалууга тийиш. Аялдардын айтымында бала жарык дүйнөгө келгенден кийинки биринчи уккан «бешик ыры» анын жумшак, боорукер, оор басырыктуу, башкалар менен сылык мамиледе болууга тарбиялайт:

Алдей, алдей ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм.
Кунан койду сой, бөпөм,
Куйругуна той, бөпөм. д.у.с.

Бала бул ырды өзү да укканга ынтызар болуп тургандыгы жана ал сөзсүз чоңойгонго чейин ырдалып турушу талап кылынат.

Ушул эле бөбөк ыры кыргыздар тарабынан өзбек тилинде да ырдалат:

Алла балам алла
Ухлагин сен алла
Ботир балам алла
Менинг балам алла.

Баланын «40-чыгаруу» жана «бешик той» го байланышкан ырымдар бүткөндөн кийин, бөбөктүн энеси келгендерге ыраазычылык билдирүү менен бешикти көтөрүп, үч жолу жүгүнүп, арты жагы менен тескери басып, үйдөн чыгып кетет.

Коңшу өзбек элинде бул салт «чилла» (чилде) деп аталып, андагы көп ырымдар кыргыздардын салтына окшойт. Окумуштуу О.А. Сухарева, А.Л. Троицкая, Б.Х. Кармышева, Г.П. Васильева [1] ж.б. эмгектеринде чагылдырылган өзбек элинин салттары, ал жерде жашаган кыргыз элинин салт, ырымдары менен окшош келет, ошону менен бирге анча чоң эмес өзгөчөлүктөргө да ээ. Мисалы өзбек элинде баланын 40 күнүндө көп жыл өмүр сүргөн, балдары көп аксакалдын яхтак (көйнөк) кийимин таза жууп, андан көйнөк тигип, бөбөккө кийгизишет [1-3]. Жогоруда сөз болгон «40 чыгаруу», «бешик той» өзбекстандык кыргыздарда, өзбектерде, тажиктерде, түрктөрдө, уйгурларда

ж.б. элдерде шарттуу аткарыла турган салтка айланган жана алардын катарын бала бир жашка чыкканга чейин өткөрүлүүгө тийиш болгон «ата көрдү» жана он жашка чейин өткөрүлө турган «сүннөт же чүкүрөн тойлору» толуктайт.

«Ата-көрдү» салты өткөрүлгөнгө чейин баланы тайатасы көргөнгө тыюу салынат, кокусунан жолугуп калган учурда да, баланы караганга болбой тургандыгы айтылат. Ошондуктан бул салтты, айрыкча азыркы күндө 40 чыккандан кийин эле, же ошол күнү бирге өткөрүүгө шашылышат. Бул күнү «тайата» өзүнүн небересин көрүү үчүн өзгөчө белек; даярдоого тийиш. Мындай белектин катарын көбүнчө «сыналгы», «музыкалык апараттар», ж.б. түзүшү мүмкүн. Белек менен кошо ал ургачы жаныбарды «энчи» тартуу кылат. Энчи бир кой же кунажын болушу мүмкүн. Бул күнү да эки жактан тууган-уруктар, коңшулар чогулуп, дасторкон үстүндө сый көрүшөт, кудайдын атына куран окуп, келечекте жакшылыктар болушун суранышат, өткөн арбактарга таазим этишет. Келген коноктор үй-бүлөнүн каалаган мүчөсүнө же бири-бирине белектерди берип, бирин-бири урматтап, сыйлаганын билгизишет. Биздин оюбузда «ата-көрдү» кыргыздарда акыркы мезгилдерде пайда болгон салттардын бири. Анткени советтик доордо кыргыз-өзбек элдеринин этнографиясын кеңири изилдөөгө алган окумуштуулардын (Б.Х. Кармышева, С.М. Абрамзон ж.б.) эмгектеринде бул салт жөнүндө эч кандай маалымат айтылбайт. Бирок кыргыз, өзбек ж.б. жогоруда аты аталган элдер бул салтты «улуттук ата-бабалардан калган адат» деп эсептейт жана бул салттар ал элдерде бирдей, айырмасыз өткөрүлүп келинет. Бала текчигип, аягын бир-эки шилтеп калган кезде «тушоо-кесүү» жөрөлгөсү аткарылат. Ата-эне кой союп, элди чакырып, тушоо-кесүү тоюн берет. Кудалар, тууган-уруктар жана коңшулар дасторкон тегерегине чогулуп, кудайдын атына куран окушат. Андан кийин баланын эки бутун ала-жип менен байлоосун сыртка келтирип тушап, тез чуркаган балдарды чогултуп, аларды белгиленген жерден кое берип, жарыштырат. Биринчи чуркап келген бала даярдап коюлган бычак менен баланын тушоо жибин кыркат да, той ээлеринин атап койгон байгесин (улак, козу, чөнтөктелефон, акча ж.б.) алат. Ага баланын бутундагы шоонаны кескен бычак да ыйгарылат. Чуркап келген балдар тушоосу кесилген баланы колунан кармап, жетелеп бастырышат, аксакалдар жакшы тилектерин айтып, батаа беришет.

Той ээлери баланын үстүнө кант (акча) чачышканда, анын тегерегинде калган балдар талашып, ызы-чуу, тополоң уюштуруусу керектиги айтылат [1-4]. Баланын жаш кезинде шок болгонун жактырышып, андай балдар ооруу-сыркоодон алыс, шамдагай болот деп ишенишет. Эл арасында «Балаң болсо шок болсун, шок болбосо жок болсун» (өзбек элинде “Боланг булса шок болсин, шок булмаса йук болсин) деген макал ушуга байланыштуу айтылып жүргөндөй. Тушоосу кесилбеген бала көп жыгылат, кийин турмушта жолу ачылбайт дешип, бул жөрөлгөнү сөзсүз өткөрүшөт. Кандайдыр бир шарттарга байланыштуу тушоосу кесилбей калган болсо, ал чоңойгондо (15 жашка чейин) да өткөрүлө бере тургандыгы айтылат. Бул салт коңшу өзбек элинде да ушундай эле көрүнүштө өтө тургандыгын окумуштуу Ш. Шаниязов өзүнүн эмгегинде баяндаган [4]. Ал эми казактарда тушоону күн мурунтан чакыртылып, өзүнүн кайсы бир жагымдуу сапаттары менен айырмаланган адам кыркканы белгилүү [3]. Баланы бутун тушаган ала-жиптин да өз мааниси бар. Илгерки замандан бери мал асыроочулук менен өмүр өткөргөн кыргыз элинин мал байлай турган куралы жип, аркан болгон. Алар жипти да, арканды да ар түрдүү түстөгү жүндөн эшишкен. Анткени кыргыздар кармаган кой түс жагынан ар түрдүү болгон. Жип менен мал байлаган, ат аркандаган, көчөн жасап, козу байлаган, желе жасап, кулун байлаган, көчкөндө жип менен унаага жүк арткан. Ошондуктан кыргыздар мал байлаган жипти аттабай, аны ыйык касиеттүү деп эсептеген.

Алтайлыктарда тушоо кесүүдө ала жип пайдаланылбаганы көңүл бурууга арзыйт. Бир жашка чыгып, өз алдынча басууга аракет кылып, алгачкы кадамдарын жасай баштаганын байкап калышса, баланын энеси, атасы, чоң энеси же дагы башкасы анын артына отуруп, бычактын мизи менен жерди же бөбөктүн буттарынын ортосун чийип

койгон. Бул аракет менен баланын бутуна күч киришин камсыздоого аракеттенишкен [5]. Анжияндык кыргыздар тушоо кесүүдөн кийин да жакшы баса албаган балдарды аштын (тамактын) бетине басылган табакка отургузат. Бул салттын өзбек, кыргыз, тажик, түрк ж.б. элдерде бирдей аткарылып келиши элдердин тарыхый-этнографиялык жакындыгынан жана түпкү тамырларынын бир жерден тарагандыгынан айгине берип турат. Акыркы мезгилдерде элдердин тарыхый-этнографиялык байланыштары тууралуу илимий-изилдөө иштери дээрлик жүргүзүлбөй, алар тууралуу эл эч нерсе билбей калды.

Унутта калган элдердин түпкү туугандыктары менен окшоштуктарын эл арасына жайылтуу аркылуу улуттар аралык ынтымакты жана бир туугандыкты калыбына келтирүүгө болот.

Ошондуктан эл арасында сакталып калган каада-салттарды изилдеп, анын негизинде элдердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу мезгилдин талабы.

Адабияттар

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этноггенетические и историко-культурные связи. – Л.: Наука, 1971.
2. Абрамзон С.М. Рождение и детство киргизского ребенка. Сб. МАЭ. XII. – М-Л., 1949.
3. Нурланова К. Символика мира в традиционном искусстве казахов. – Алма-Ата.:Гылым, 1993.
4. Шаниязов Ш. К. Этническая история узбекского народа. – Ташкент.: Фан, 1974.
5. Шатинова Н.М. Семья у алтайцев. – Горно-Алтайск., 1981.
6. Этнографические изучение узбекского сельского населения. Отв. ред: Г.П. Василева., Б.Х. Кармышева. – М.: Наука, 1969.

Малымдоочулар

Маматова Мезгил, 1928 ж.т., Андижан областы, Жалал Кудук району, Н. Исанов айылы.
Матиева Садат,1923 ж.т, Андижан областы, Жалал-Кудук району, Ахунбабаев айылы.
Халисова Ибадат, 1949 ж.т, Андижан областы, Жалал-Кудук району, Ахунбабаев айылы.
Бостонов Кенже, 1940 ж. т, Хамракулова Махпу, 1950 ж.т, Жалал-Кудук району,
Н. Исанов айылы, Бай тобу жана Беш капа кыштактры.

K.A.Halmatov, docent, A.A. Toktogulov, teacher, JASU
Kudrat-73@mail.ru

Reflecting similar customs among different peoples
(For example: “Beshik toi”, Kyrkyn chygaruu” and “Tushoo kesuu”)

The paper reflects similar customs among different peoples.
Key words: *customs, values, ethnicity, wedding, communion.*

УДК: 300.372/1

Г.У. Аматова, к.филос.н., доцент,
Т.А. Базаркулова, окутуучу, ОшМУ

Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү

Илимий макалада Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү жөнүндө баяндалат. Анын дүйнө түшүнүүсү тарыхый шарттардын негизинде пайда болуп,жаратылыш кубулуштары,

адам табияты жөнүндөгү реалисттик ой-пикирлери жана баамдоосу байкоо, салыштыруунун негизинде калыптанып, курч көркөм-образдуу формада чагылдырылгандыгында болуп эсептелет.

***Ачкыч сөздөр*:** *макрокосмос, микрокосмос, дүйнө тааным, социомаданий, көчмөн, легенда.*

В этой статье говорится об особенности миропонимания кыргызского мыслителя Кетбуки. Его миропонимание формируется на основе исторических событий, реалистического восприятия человеческой натуры, явлений природы в виде наблюдения и сравнения, которые изображаются в острых художественно-образных формах.

Ключевые слова: *макрокосмос, микрокосмос, миропонимание, социокультурный, кочевой, легенда.*

Ата-бабаларыбыздан бери нарктaлган, муундан-муунга берилип, сакталган элдик салттарды, мурастарды үйрөнгөн, өзүнүн учкул кыялынан жаралган асыл ойлорун ортого салып, адам акыл-эс парасатын арттырууга белгилүү үлүшүн кошкон, ысымы легендага айланган акылман ойчулдарыбыздын бири Кетбука болгон. Ал – табигый чөйрөдө, социомаданий турмушта көзү менен көргөнүн кылдат-сезимтал баамдап, байкаганын ыргактуу, сырдуу, көп маанилүү ыр менен угуучуга баяндап жеткизген, акылмандык, комузчулук жана акындык өнөрү бирдей, шайкеш өөрчүгөн ойчул. Алсак, илгертен келаткан уламыштарга караганда, өткөн жоокерчилик заманда Чынгызхан (Айхан) жашап, анын Жуучу (Жолчухан) аттуу жалгыз баласы болот. Ал жанына кырк жигит алып ууга барган жеринен аны жолборс жарып өлтүрөт. Жолчухандын каза болгонун хандын каарынан коркуп, эч ким даап айталбай коет. Ошондо калктын өтүнүчү боюнча Кетбука чертмектин күүсү аркылуу (сөзүн кошкон деген да версия бар) кайгылуу жоготууну угузган экен дешет:

Деңиз толкуп чайпалып,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Терек түптөн жулунуп,
Жер бөксөрдү, Айганым.
Алтын боолуу ак шумкар,
Алтын боосун тытыптыр,
Айды карап сызыптыр.
Күмүш боолуу ак шумкар,
Күмүш боосун тытыптыр,
Күндү карап сызыптыр.

Ал эмне болуучу?

Асмандан ак ала булут сөгүлөт,
Аяктап мөндүр төгүлөт.
Көктөн көк ала булут сөгүлөт,
Көнөктөп мөндүр төгүлөт,
Бул эмне шумдугу [3]?

Кетбука өтө чебер психолог, кайраттуу инсан катары Чынгызханга суроо-табышмак иретинде кайрылып, табият кубулуштарын көркөм сүрөттөө аркылуу Жуучуну шумкарга, тулпарга, булбулга жана Күндүн нуруна салыштырып, анын өлүмүн шумкардын Айды, Күндү карай учуп кеткенине, байлоодон бошонгон тулпар аркылуу билдирет. Ошону менен бирге даанышман ырчы мындай жоготууну деңиз толкуса, көл бөксөрөөрүнө, ал эми терек тамырынан жулунса, жер бөксөрөөрүнө алып келиши менен салыштырат.

Мындай жагдайда Кетбуканын дүйнө таанымынын өзгөчөлүгү анын жаратылыш кубулуштары, адам табияты жөнүндөгү реалисттик ой-пикирлери жана баамдоосу, байкоо, салыштыруунун негизинде калыптанып, курч көркөм-образдуу формада чагылдырылгандыгында болуп эсептелет. Ойчул өзүнүн түшүнүмдөрүн табигый чөйрөдө, жашоодо болгон окуя-кубулуштарды, адамдардын ортосундагы мамилелерди поэтикалык

баяндоо менен туюнткан, б.а., анын ой-чабыты космостук (ааламдык-жаратылыштык) көрүнүштөрдү жана коомдук турмушту туура таанып билүүгө атуулду багыттаган көз караштык мазмунга бай. Демек, Кетбука терең акылы, өнөрү менен көпчүлүк элдин ой-санаасын, рух-дөөлөтүн жеткиликтүү деңгээлде туюнта билип, табияттын купуя кубулуштарында, күндөлүк турмушта кездешүүчү татаал, «кыяматтын кыл көпүрөсүнөн өтөрдө» жеңиштүү болууга үндөгөн.

Кетбуканын чыгармачылыгынын калыптанышы, өсүп-өнүгүшү, көчмөн, жоокерчилик замандын каардуу мезгилине – Чынгызхандын тушуна шайкеш келгендиги жана ошол учурдун тарыхый-социалдык окуялары менен жандуу аралашып тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. Чынгызхандын тушунда миңдеген-сандаган жана “мен-мен деген” көп ырчылар, даанышмандар жашагандыгына эч кимдин күмөнү жок, бирок алардын бардыгынын эле чыгармачылыгы эл оозунан түшпөй айтылып, Бука ырчыдай уламыш-легендага айлана албагандыгын белгилөөгө болот. Көчмөндөр цивилизациясынын мейкиндик-мезгилдик тутумунда, жоокерчилик доордо, эрдиги, кайраты болуп көрбөгөндөй салыштырмалуу чексиз, көптөгөн согуштук окуялардын башында турган Чынгызхандын баласынын өлүмүн угузуп, башына кылыч жалаңдап ойноп турса да, Бука ырчынын ар-намыстуулугу, кайраттуулугу таң калтырат. Анын «коргошундай» коюлушкан сөздөрү гана эмес, жан дүйнөнү, бүтүндөй атуулдук рухту, адеп-ахлакты бүлүккө түшүргөн, аны коштогон черткен муңдуу күүсү Чынгызханды да ийилтет, ал согуш майданында жеңилбегени менен, орошон ырчынын алдында бөксөрүп, «майтарылып» басынып жер карап турат .

Бука ырчы өтө акылдуулук менен өзүнүн поэтикалык дүйнөсүндө көркөм, мол сөз каражаттарын колдонуп, комуздун кайгылуу ыргагы менен оор кайгыны угузуунун каймана формасын өтө эпчил пайдалангандыгы көрүнөт. Ыр түрмөгү чакан болгонуна карабастан, анын мазмунунда философиялык-этикалык ойлор терең камтылган. Биринчиден, анда Чынгызхандын, Жуучунун көркөм келбеттери, атуулдук табияты табышмактуу боектор менен рухий-нравалык духта элестүү чагылдырылат. Экинчиден, ойчул Чынгызхандан жашыруун, купуя ички сырынын көмүскөдө камтылган социомаданий ориентациясынын жообун билгенсип, ага күнөө койгонсуп, суроо-чакырык жаадырып турат. Үчүнчүдөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, Кетбукада капилеттен өлүмгө дуушар болгон Жуучуну аео, атуулдук болмушун жоктоо сезими болсо, каардуу Чынгызханга тике карап, өлүмдөн баш тартпас эрдик, кайраттуулугун көрсөтүп турат. Төртүнчүдөн, өзүнүн жеке социалдык кызыкчылыгы үчүн уулун өлүмгө кыйган Чынгызханды таза абийир, адеп-ахлак менен сөзгө сындырып отурат [2].

Демек, уламыштарда туюнтулган бири суук кабар угузуп, экинчиси ага жооп кылуусу жөнүндө окуяны камтыган Кетбуканын рух дарамети фольклордук баалуулук гана эмес, тарыхтын жана тагдырдын татаал, кайчылаш рухтук, рух эместик көрүнүштөрдүн тогошуусу, өзгөчө Чынгызхандын нравалык дүйнөсүнө бүлүк түшүүсүнүн көрүнүшү болуп саналат. Кетбуканын даанышмандык, чеберчилик менен баласын угузганда, Чынгызхандын да жоопторунун салмактуулугун, көркөмдүүлүгүн белгилеп коюу абзел:

Алтын болуу ак шумкар,
Алтын боосун тытканы,
Айды карап сызганы,
Ал кулунум ботом болгону.
Күмүш боолуу көк шумкар,
Күмүш боосун тытканы,
Күндү карап сызганы,
Бул кулунум, ботом болгону.
Кулунтук мүйүз көк бука,
Туу түбүндө өкүрсө,

Ал атасы болгону.
Алчагай мүйүз ак эркеч,
Айды карап бакырса,
Ал энеси болгону.
Асмандан булут сөгүлсө,
Аяктап мөндүр төгүлсө,
Көк ала булут сөгүлсө,
Көнөктөп мөндүр төгүлсө,
Көзүмдүн жашы болгону [4].

Чынгызхан өмүрүндө көзүнө жаш албаган, анын жан дүйнөсү ырда «ыйлап» жатпайбы! Балким, ал өзүнүн эл, коом, келечек алдындагы адамдык актануусудур?! Чынгызхан эмне үчүн өз убадасында туруп Бука ырчынын оозуна коргошун куйган жок?! Ырчыны аядыбы, ага боору оорудубу?! Адилеттик өкүм сүрүп, ырчы тирүү калдыбы?! Кашкайган чындыкты моюндоого Чынгызхандын кудурети жеттиби? Курч, акылман сөздүн наркы, кептин касиети аны ынандырдыбы?! Дегеле, Бука ырчынын акылгөй касиетинин күчтүүлүгү катаал, дүйнө жүзүн багындырууга аракет жасаган Чынгызхандын өзүн солкулдатып, рух, адеп-ахлак дүйнөсүн козгоп, жүрөгүн сууруп алгандай абалда сүрөттөгөнүндө экендиги талашсыз. Мындай жагдай ойчулдун дүйнө, адам таануучулук бийик дараметин, орошон терең адептик абройун көрсөтүп турат.

Кетбуканын «Сак болгун» аттуу чыгармасы XIII кылымда жазылганына карабастан, азыркы абалды алдын-ала чагылта, көрө билгендиги төмөнкү ыр саптарынан ачык байкалат:

Көгүш тоону кыян жууп,
Көрк бузулат, сак болгун.
Көсөмдөрү элди алдап,
Көч бузулат, сак болгун.
Өзөгүнө өрт таштап,
Өз бузулат, сак болгун.
Сөөлөтүнөн ажырап,
Сөз бузулат, сак болгун.
Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат, сак болгун.
Намыс түгөп, ар түгөп,
Нарк бузулат, сак болгун.
Кубат күчүн соодалап,
Пул болосуң, сак болгун.
Кудуретүү элдерге,
Кул болосуң, сак болгун [3].

Жалпысынан алганда, Кетбуканын поэтикалык дүйнөсүндө адеп-ахлактык проблемалар, философиялык тереңдик гана эмес, катаал тарыхтын өзү, анын маданий-нравалык жагдайы чагылдырылгандыгын байкоого болот. Кетбука жөнүндөгү окуяда кыргыз элинин көчмөн турмушунун карама-каршылыктуу мезгили учкайынан, «көз ирмемде» туюнтулуп, анын негизги каарманы карапайым элдин өкүлү жана чыгаан уулу социалдык-маданий, рухий-нравалык дөөлөттөрдү алып жүрүүчү катары баяндалган. Демек, анын ысымынын уламышка айланып кетишинин түпкү мааниси да мына ушунда. Кетбукага окшогон даанышмандар акылы менен да, өнөрү менен да көпчүлүк элдин дүйнө түшүнүүсүн, ой-санаасын, аң-сезимин, мүдөө-талабын жеткиликтүү деңгээлде туюнтуу аркылуу күндөлүк турмушта кездешүүчү татаал «кыяматтын кыл көпүрөсүнөн» өтөөрдө жеңиштүү чыгышкан. Калайык-калк мындай инсандарга сыймыктанышып, алардын ысымын кылымдар бою сактай билишкен.

Адабияттар

1. Байбосунов А.А. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе. – Б., 2009. – С. 211.
2. Жумагулов М., Аматова Г. Легендарлуу ойчулдардын дүйнө таанымы. – Б., 2011. – 75б.
3. Кыргыз поэзиясынын антологиясы.. 1-т. – Б., Кыргызстан-Сорос фондусу, 1999. – 500-502б.
4. Легендарлуу ырчылар жана сынчылар. – Б., 1994. – 12б.

G.U. Amatova, docent,T.A. Bazarkulova, teacher, OshSU
gulzatamatova@gmail.com

The specifics of Ketbuka's worldview

This article is devoted to the specifics of Kyrgyz philosopher Ketbuka's worldview. His understanding of the world is based on observing and perception historical events, human nature and natural phenomenon. These observations are reflected in his works full of vivid images.

Key words: *macrocosm, microcosm, understanding of the world, social culture, nomadic, legend.*

УДК: 685:4.37/58

К.А. Исаков, филос.и.к., ОшМЮИ

Антикалык эстетиканын тарыхый-философиялык мазмуну

Макалада антикалык доордогу ойчулдардын эмгектериндеги жана философиялык мектептердеги эстетикага болгон концептуалдык ойлор илимий проекцияда каралган.

Ачкыч сөздөр: *антика, синтез, эллинизм, гармония, симметрия, универсум, хаос, логос, эквилибристика, стоик.*

Статье рассматривается концептуалльные идеи античной эстетики в трудах мыслителей и философских школах.

Ключевые слова: *антика, синтез, эллинизм, гармония, симметрия, универсум, хаос, логос, эквилибристика, стоик.*

Кечки антикалык доордун жана орто кылымдардын баш чендеринин тарыхына жалпы назар сала турган болсок бул мезгилдерде тарыхый-маданий кыймыл өзгөчө кайталанып туруучу өнүгүү мүнөзүнө ээ экендигин байкоого болот. Анткени «Чыгыш-Батыш» маданий агымдарынын бири-бири менен болгон байланыш процесси токтобостон бирде күчөп, бирде жай жүрүп отурган. Гректердин Чыгыш элдеринин маданий жетишкендиктери менен таанышуусу эң алгач Ахмениддер мезгилине туура келгендигин тарыхый маалыматтар ырастайт. Кээ бир учурларда басып алуучулук саясат айрым элдерге прогрессивдүү жагдайларды да жараткан. Себеби, мындай жүрүштөр менен кошо «улуу маданият» басып алынган чөлкөмдүн элдеринин маданиятын байытып, өнүктүрүп турган. Маданияттардын синтезинин экинчи толкуну Александр Македонскийдин аймактарды басып алуусу менен коштолот да, «эллинизм» деп аталган дооруна туура келет. Бул мезгилде Индиянын, Ирандын, Сириянын, Орто Азиянын жана Жакынкы Чыгыштын маданий үлгүлөрү жана салттары өз ара тыгыз байланышта болгон.

Эстетиканын тарыхында Пифагордун гармония жөнүндөгү окуусу өзгөчө маниге ээ, себеби ал бүткүл дүйнө гармониялык түзүлүштөрдөн тургандыгын айгинелеген теориялык алгачкы чыгармалардан болгон.

Гармония жаратылыштагы заттардын жана кубулуштардын ички байланышы жана карым-катышы, ансыз космос да жашоого мүмүкүн эмес. Гармония пифагорчулардын түшүнүгү боюнча чындык, сулуулук, кооздук жана симметрия сыяктуу сапаттар менен мүнөздөлөт жана эң башкысы, гармония алардын ою боюнча сандык маанаге ээ, ал сан түшүнүгү менен органикалык түрдө байланышта экендигин ырасташкан.

Ар кандай заттын сандык структурасы бир бүтүн универсумду жаратуу менен жана сандык ырааттуулуктун чагылдырылышы пифагорчулар үчүн эстетикалык маалыматтардын негизи катары каралат. Сан – бул айырмалоочу белги, анын жардамы менен бытиедеги жана ой жүгүртүүдө заттарды, нерселерди жана буюмдарды бири-бирине окшоштурууга, салыштырууга жана айырмалоого болот. Демек, сан заттын бардык белгилеринин көрсөткүчү, чыгармачылык кубаты жана бир бүтүн структурасы. Аны объективдүү мааниден алып караганда ал заттын гармониялык түзүлүшү, ал эми субъективдүү мааниден алып караганда сан заттын эстетикалык кабылданышы. Тактап айтканда, жогоруда аталгандар антик дүйнөсүндөгү алгачкы эстетикалык теория болуп саналат.

Сандык гармония өзгөчө музыкалык тонго ээ болгон симметриялык ырааттуулукта жайгашкан космос жөнүндөгү жалпы антикалык окууну түзгөн. Пифагорчулар космологиянын өзүнө эстетикалык жактан мамиле жасоо сунушун киргизишкен, алар дүйнөнүн гармониялуу экендигин таануу менен ага симметриялуу геометриялык фигуранын формасын беришкен; «чөйрө гармониясы» жөнүндөгү белгилүү пифагордук окуу да ушуга байланыштуу болгон.

Пифагор жана анын окуусун улантуучулар күндү айланган кыймыл ааламга керемет музыка таратат деп эсептешкен. Алардын ою боюнча бүткүл космос гармониялык жактан куралган музыка жараткан тело. «Чөйрөнүн музыкасы» жөнүндөгү окуу – пифагордук эстетиканын эң белгилүү мотиви. Пифагор үчүн музыка математика илиминин туундусу жана анын гармониясы жана ал математикалык пропорциялар менен так көзөмөлгө алынат. Анын пикири боюнча, математика Кудай орноткон жана Ааламды бекиткен так методду чагылдырат. Пифагор музыканы так илим катары бекемдөө менен өзү тарабынан табылган гармониялык мамилелерди табияттын бардык феномендерине карата колдонгон жана планеталар, жылдыздар жана космостун элементтеринин ортосундагы гармониялык мамилелерди тапкан.

Пифагордун «чөйрөлөрдүн музыкасы» концепциясында Жер менен кыймылсыз жылдыздар чөйрөсүнүн ортосундагы интервал диапазон бир топ өнүккөн гармониялык интервал катары каралат. Планеталык – чөйрөлөрдүн ар бири – Сатурн, Юпитер, Марс, Күн ж.б. гармониялык интервалга ээ. Демек, Пифагордун ою боюнча планеталардын ар бири өз чөйрөсүнө ээ, музыкалык – сандык космос бар жана алар бири-бирине карата сандык жана гармониялуу тизмектешкен түрдө музыкалык аспап сыяктуу күүгө келет. Алар так бир тоналдуулукка жана иреттүүлүккө ээ болуу менен «чөйрөлөрдүн гармониясын» түзүшөт [1: 335].

Гераклит гармонияга жаңыча түшүнүк берүүгө аракет жасаган, анын пикири боюнча, гармония бир бүтүндүктү түзгөн карама-каршы бөлүктөрдүн ички биримдиги, макулдашуусу, тең салмакташуусу. «Баары карама-каршылыктан улам жаралат, баары бүтүндүккө биригип дарыя сыяктуу агат» [5: 349]. «Ажырагандар кайра биригет, ар түрдүүлөрдөн эң сонун гармония жаралат, баары карама-каршылык аркылуу пайда болот». Гераклит боюнча гармония пифагорчулардагыдай сандардан жана айрым бөлүктөрдүн биригишинен улам жаралбайт да, буюм бир бүтүндүк катары каралат. Анын эстетикасынын биринчи планына гармониянын онтологиялык түшүнүгү коюлат.

Гераклит боюнча космос кайнаган карама-каршылыктардын түбөлүк хаосу, анда түбөлүк кооптуу, бардыгын аныктоочу бытиенин музыкасы жаңырат. Гармония «ар түрдүүлүктөгү биримдик» жана «карама-каршылыктардын биримдиги» катары эсептелинет. Гераклитте гармония категориясы баа, баалуулук маанисине да ээ. Бул,

айрыкча, гармониянын «жашыруун» жана «ачык» түрлөрү жөнүндөгү изилдөөлөрүндө так берилген. Космосту жогорку жана эң татынакай кооздук катары «жашыруун» гармония жана сулуулук катары элестетүүгө тийишпиз. Үстүртөдөн караганда гана дүйнө хаос катары сезилет, а чындыгында чачыранды жана кокустуктардын оюнунун артында эң кооз гармония жашырынып жатат. Бул гармониянын өзүнүнүн кооздук даражалары жана баалуулук өлчөм-ченемдери бар. Ушуга ылайык кудайлардын, адамдардын жана жан-жаныбарлардын сулуулуктары бири-биринен айырмаланышат жана алар сулуулуктун өз алдынча даражалары болуу менен бири экинчисине өтпөйт. Гераклит боюнча бүткүл ааламга таасири бар «Логос» абсолюттук сулуулукка ээ, ал абдан акылдуу, даанышман жана өзүн дүйнөлүк, табигый жана адамга тиешелүү процесстердин жүрүшүндө көрсөтөт [2: 72].

Сократтын максатка ылайыктуулук жөнүндөгү эстетикалык окуусунда кооз нерсе башка бир кооз нерседен айырмаланат, аларда өтө көп айырмачылыктар бар, бирок алардын баарында кандайдыр бир адамды өзүнө тарткан кооздуктун окшош белгилери бар деген пикирди Сократ биринчи болуп айткан [3: 348]. Бул кооздук эстетикалык идеал катары реалдуу-турмуштук көрүнүшүнөн айырмаланат деген өтө оригиналдуу эстетикалык аныктама болуп эсептелет. Сократ боюнча кооздук жана сулуулук бардык кооз буюмдарга тиешелүү болгон өзүнчө бир анык принцип, кооздук менен жакшылыктын биримдиги жөнүндөгү идеяны да Сократ биринчилерден болуп иштеп чыккан.

Сократка чейинки философияда космос ритм жана симметриянын өңүтүнөн каралган, ал эми Сократ болсо космосту логикалык өңүттөн кароого басым жасаган. Кооздук жана сулуулук адамга жакын жана ошол эле учурда түрү суук, куник нерсе да адамга жакын болушу толук мүмкүн, ошондой эле жакшы нерсе жана көрүнүш адамга сөзсүз түрдө адамга жакшылык кылат деп бекемдөө да туура эмес. Сократ эстетикалык кооздукта адамга пайда, ырахат алып келүү принцибин, ал эми искусстводо турмуш – жашоону тууроо принцибин сунуш кылган.

Эстетикалык ой-жүгүртүүнүн андан аркы өнүгүшү эллинизм доору менен байланышкан. Грек классикасындагы байланыштуулуктун, бири-бирине болгон көз карандылыктын диалектикалык түпкүрү эллинизм доорунан башталат. Жаңы шарттарда индивидиум дифференциялаштырылган жана өз алдынча субъективдүү психика менен калыптанат. Өзүнө өзү терең анализ жасоого умтулган субъективдүү сезимдердин жана адамдын ар тараптуу ой жүгүртүүсүнүн маданияты пайда болот. Эллинизмдик искусстводо сырткы мазмундан дээрлик ажыраган жана тереңдетип ой жүгүртүүгө багыт алган форманын атайын культу жаралган.

Эллинизм искусствосуна жана адабиятына риторика, фантастика, акылдык жана эмоционалдык эквилибристика таандык. Байыркы натурфилософиянын жана грек классикасынын материалисттик традициясы кийинчерээк теологиялык багытта кайрадан иштелип чыккан. Байыркы дүйнөнүн мифологиясына тиешелүү баёолук жана жөнөкөйлүк акырындап философияга жана диалектикага мистикалык, аскеттик жана акыл-эстин практикалык методикасына өткөн.

Алгач пайда болгон туруктуу көз караштагы эстетика (стоиктик) антикалык субъективизмдин баштапкы үлгүсү болуу менен бирге бардык объективдүүлүктү субъективдүү ой жүгүртүүлөрдүн жардамы менен гана түшүндүрүүгө гана умтулбастан субъективдүү аракеттердин жардамы менен жалпы эле адам суктанарлык кооздукту жана көркөм чыгармаларды жаратууга аракет жасаган. Космос – бул кооздук. Бул анын формасынан, сүрөттөлүшүнөн, чексиздигинен жана космостогу жылдыздардын ар түрдүүлүгүнөн даана көрүнүп турат. Адам кааласа, каалабаса сүрөтчү, ал жаратылыш кооздугуна кандайдыр бир деңгээлде баа берет, ал өзүн сүрөтчүмүн, чыгармачыл адаммын деп эсептебесе да кооздукту баалайт. Кооздук – бул пайдалуу да эмес, ал зыяндууда эмес, ал «нейтралдуу». Бул нейтралдуулуктун адам кызыккан жана кызыкпаган жактары да бар.

Сулуулук жана искусство материалдык жыргалчылык катары адам кызыккан нерсеге кирет. Бирок сулуулук менен кооздукка ар ким ар кандайча баа берет. Мисалы, бутактары барпайган бай түп кооз дарак өсүп турат дейли. Сүрөтчү аны көрүп сүрөтүн тартсам десе, курулушчу андан канча тактай чыгарын эсептейт, жеңил ойлор анын көлөкөсүндө же далдоосунда көңүл ачууну же дем алууну ойлосо, баарына кайдыгер адам аны отундукка кыйып алууну көздөйт, ал эми багбан аны сугарып, ашыкча бутактарын кыйып, ага кам көрөт.

Искусство – бул жаратылышты тууроо, бирок ал классикалык грек эстетикасынан айырмаланып адамдын ички методикалык умтулуусунун натыйжасы, ал эми жаратылыш кооздугу субъектиге көз каранды эмес (бирок, адам баласы жаратылыш кооздугуна кам көрүшү же тескерисинче аны бүлдүрүшү да мүмкүн). Ал эми адамдын физикалык симметриясы ички симметрия үчүн үлгү болуп саналат, ал адамдын физикалык толук кандуулугунун ажырагыс бир бөлүгү. Хриссип: «Дененин сулуулугу – бул татынакай өңтүстөгү, чың денедеги симметрия,... акыл-эстин сулуулугу – акыл менен билимдин гармониясы, ак ниеттик менен боорукердиктин үндөшүп турушу», – деп жазган [4: 215]. Эстетикалык жана көркөм чөйрө баштапкы философтордо адамдын максаттуу аракетинин натыйжасы катары каралып, аны мүнөздөөчүн «баалуулук», «жаратылыштын табигыйлыгы» терминдерин колдонушкан.

Эпикуреизм эллиндик философиянын негизги мектептеринин бири катары өзүнүн теориялык көз караштарын субъективдүү өз акылын жогорулатуу жана адам жан дүйнөсүнүн өзүн-өзү коргоо принциптеринде негиздеген. Эгер туруктуу көз караштагы философтордо (стоиктер) адамдын ички тынчтыгы жаратылышты туураган анын акылына негизделсе, ал эми эпикур мектебинин өкүлдөрү субъективдүү өзүн-өзү канааттандыруунун баштапкы элементи ички сезимдик толгонуулар эсептелинген. Эпикуреизмде жашоодон толук канааттануу алуу адамдын ички жана сырткы жашоосунун критерийи болгон. Канааттануу табигый болгондо, көңүлдүн токтугун камсыз кылганда жана адамга толук ырахат алып келип азап чегүүгө алып барбаганда гана өз максатына жетет, ошондо гана адам жыргалчылыкка жетүү боюнча Зевстин өзү менен талаша алат. Бирок да эпикуреизм адамга физикалык ырахат берүүнү даңктоо менен чектелген эмес, адамдын ички жан дүйнөсүнө жеңилдик берүүгө, искусство жана акыл аркылуу адамга рахат берүүнү алдыңкы пландардын бирине койгон.

Эпикуреизм адамды коркуп-үркүүгө, чочулоого, жамандыкты күтүүгө алып келген ар кандай ырым-жырымдардан жана жок нерсеге ишенүүдөн бошонууну талап кылган. Мындай жалган ишенимдер аркы дүйнөдө, кудайлардын адам жашоосуна таасир бере турган ишенүүгө алып келет деп эсептешип, сырткы таасир этүүдөн толук бошонуу үчүн кудайлардын адам жашоосуна таасир этүүүсүнө ишенбөөнү талап кылышкан.

Эпикур кудайлардын бардыгын жокко чыгарбайт, алар абдан майда от атомдорунан турат дейт, эң негизгиси, кудайлар дүйнө жана адамдардын түйшүгүнө аралашпайт деп ишенет. Кудайларда эч кандай түйшүк жана тынчсыздануулар жок, алар түбөлүк жыргалчылыкта жашашат. Кооздук жана жакшы жашоо башкы жыргалчылык деп эсептелингендиктен кудайлар жөнүндөгү Эпикурдун окуусу эстетикалык мүнөзгө ээ.

Эпикур адам баласындагы эстетикалык ырахатка да ишенет, бирок ал өлүмдөн, кудайлардын кубаттуулугунан, ар кандай кырсык, катастрофалардан коркпоонун натыйжасында жетишилет. Кудайлар жогоруда аталган коркунучтарды билбегендиктен Түбөлүк Кооздуктун падышачылыгында жашашат.

Адам искусствосу эпикуреизмде анча чоң маниге ээ эмес, ал тургай кээде четке да кагылат. Көрүү жана угуу адамга кандайдыр деңгээлде ырахат тартуулайт, бирок бул көз карашка толук берилип кетүү жарабайт, себеби нагыз искусство адамдын ички жан дүйнөсүнө түздөн-түз таасир этет, анын ички дүйнөсүн, сезимин козгойт. Музыка алардын ою боюнча этикалык да, эстетикалык да маниге ээ болгон эмес, алар музыка берген рахатты ашпозчулук берген канааттануудан жогору коюшкан эмес.

Орто кылымдагы араб-мусулман эстетикасынын калыптанышы үчүн неоплатонизм эстетикасы чоң роль ойногон. III-IV кылымдарда неоплатонизм философиясынын багыты, алардын ою боюнча, грек философиясынын акыркы этабы гана болбостон антик доорундагы жалпы ой жүгүртүүнүн жетишкендиктеринин синтези болгон.

Неоплатончулар таза ички дүйнөнүн кооздугу жөнүндөгү окууну түзүшкөн. Алардын окуусу боюнча кооздук ички дүйнөнүн материя менен болгон күрөшүнүн натыйжасында түзүлөт. Дүйнөнүн биримдиги дрижёрго гана баш ийип жана эч нерсеге алаксыбай бирдиктүү музыканы аткарган хор же оркестр сыяктуу. Жашоо – бул театр, ар бир адам – актёр, жашоо-турмушта адамдар бирде сахнага чыгып, бирде андан чыгып аткарган драма.

Плотиндин «Сулуулук жөнүндөгү» трактаты кооздук менен сулуулуктун проблемасына арналган, бул эмгегинде автор эйдос түшүнүгүн жогору коёт, себеби эйдостун нерседе чагылдырылышы жалпы кооздуктун башкы мүнөздөмөсү. Айрым предметтер өз алдынча жалгыз туруп эле кооздукка ээ болсо, айрымдары башка нерселер менен биргеликте кооздук касиетине жетише алат, мына ошондуктан бир эле нерсе өз алдынча кооз болушу да, болбошу да мүмкүн. Дене түзүлүш, келбет жана кооздук бирдей түшүнүк эмес. Нерсени кооздукка жеткирүүчү кандайдыр бир башталыш болот. Плотиндин пикири боюнча, кооздук материянын өзүндө жаралбайт, материянын кооз болушуна өбөлгө түзүүчү материалдык эмес маңыз, мазмун же эйдос жашайт. Демек, эйдос – ар кандай эстетикалык баалоонун чен өлчөмү же критерийи. Ал объективдүү түрдө жашайт, ошол эле учурда ар бир нерсенин ички маңызы менен үндөшүп турат. Мындай эйдостун көз карашынан алганда, ал материянын ичине сүңгүп кире алган предмет гана жогорку кооздукка жетише алат. Мисалы, жагымдуу музыкада эйдос ылайыктуу айкалышкан сандык гармония катары ачыкка чыгат. Жан дүйнөдөгү чачкындуулук «акылдуу» эйдос менен башкарылат, жан дүйнөнүн ички эйдосу анын акылга умтулган эйдосу, жан дүйнөнүн сулуулугу акылдын, даанышмандыктын кенчи. Плотиндин пикири боюнча, жан дүйнө менен акылдын биримдиги бири-бирине дал келген сүйүү сыяктуу, алгач бактылуу үй-бүлө курулат, балдар төрөлүп, тукум уланат жана жашоо андан ары кетет. Бул учурда дененин сүйүүсү жан дүйнөнүн сүйүүсүнө, ал интеллектуалдык сүйүүгө өтөт. Сулуулук – бул сезим эмес, ал сүйүүнүн образы, башкача айтканда, сулуулукка жеткендиктин маани-маңыздык образы. Мына ошондуктан жаккан нерсе кооз көрүнөт же кооз нерсе адамга жагат. Неоплатончулар үчүн баарынан коозу жана сулуусу анын булагы болгон Биримдик – Жыргалчылык, андан кийинкиси Акыл, кийинки сулуулук Жан дүйнө, эң акыркы сулуулук Жан дүйнөгө баш ийген Дене.

Плотиндин пикири боюнча, кооздук иерархиялуу, «ички» эйдос иерархиялык түзүлүшкө ээ. Ал интеллектуалдуу сулуулукту гана сулуу жана кооз деп эсептейт, себеби Плотин дененин жана жан дүйнөнүн сулуулугун интеллектуалдуулукка болгон даярдык деп кабыл алат. Жалпы Биримдиктин сулуулугу – бул дүйнөлүк кооздук жана сулуулук. Жогорку Акылдын идеяларында ачыкка чыккан абсолюттук жыргалчылык так логикалык аныктамага ээ эмес. Ал баары умтулган жөн гана максат эмес, абсолюттук жыргалчылык – бул кооздук менен сулуулуктун жеткен чеги, жогорку жетишкендик жана адамга керектүүлөрдүн баарын жаратуучу улуу күч.

Нерселер жана адамдын дене түзүлүшү өзүнүн татынакай жактары менен өзүнө тарткан сыяктуу эле Жыргалчылык да башкаларга жарык чачат, түркүн түс берет, жашоонун кызыкчылыгын сездирет жана сүйүү ойготот. Сүйүүнү сезбеген жана аны башынан өткөрбөгөн Жан дүйнө Акылга жана анын кереметине кайдыгер карайт. Жыргалчылыкты башынан өткөрбөгөндүн жашоосу кунарсыз, анын Жан дүйнөсү муздак жана баарына көңүл кош мамиледе (Өтүгүң тар болсо ааламдын кеңдигинен не пайда) болору белгилүү.

Плотин зороастризм жана манихейчиликтин идеяларын улантуу менен Жыргалчылыктан келип чыгып жарык чачкан сулуулуктун эстетикасын иштеп чыгууга

аракет жасаган. Бардык бытие башынан аягына чейин Жарык менен камсыз болгон; андагы биримдик жана баарына тиешелүүлүк – бул Күн. Акыл да жарык, Жан дүйнөнүн жарык же караңгы болушу Акылга байланыштуу, бизде бекеринен сабатсыз же көп нерсеге көзү жетпеген адам караңгы адам деп айтылбайт.

Неоплатонизмде ага тиешелүү болгон мистикалык сапаттар менен катар (Кудайды сүйүү, ага таазим этүү) Кудай менен дүйнөнүн биримдиги жөнүндөгү пантеизмдик идея жашайт.

Антикалык авторлорунун эмгектеринде искусствонун маңызы, эстетикалык кабыл алуунун табияты, эстетикалык тарбия берүүнүн максаты жана анын каражаттары, эстетиканын «гармония», «кооздук жана сулуулук», «ыргак», «симметрия», «өлчөм» сыяктуу негизги категорияларынын мазмуну өндүү негизги проблемалар изилденген жана иштелип чыккан.

Адабияттар

1. Диоген Лаэртский. О жизни, учениях и изречениях знаменитых философов. – Москва: Мысль, 1979. – С. 571.
2. Кессиди Ф.Х. Философские и эстетические взгляды Гераклита Эфсского. – М.: 1963. – С. 72.
3. Лосев А.Ф. История античной эстетики.Т.1. – М.: Искусство, 1963. – С. 348.
4. Лосев А.Ф. История эстетической мысли. Т.1. – М.: Искусство, 1963. – С. 215.
5. Лосев А.Ф. История античной эстетики: Софисты. Сократ. Платон. – М.: Искусство, 1969. – С. 715.

K.A. Isakov, docent, OshSLI
Isakov-oshgui@mail.ru

The historical-philosophical importance of the antic aesthetics

In this scientific projection there were shown the conceptions of the antic epoch researchers works and at their philosophical schools according to the aesthetic.

Key words: *antic, synthesis, ellinism, harmony, symmetry, universum, chaos, logos, equilibristic, stoic.*

УДК: 685:4.37/58

К.А. Исаков, филос.и.к., доцент, ОшГЮИ

Эстетиканын платон-аристотелдик доктринасы

Макалада байыркы грек ойчулдары Платон жана Аристотелдин чыгармаларындагы эстетикалык идеяларына тарыхый-философиялык анализ берилген.

Ачкыч сөздөр: эстетика, гармония, форма, тезис, доктрина, искусство, эйдос, катарсис, трагедия.

В статье рассматривется историко-философский анализ эстетические идеи древнегреческих мыслителей Платона и Аристотеля.

Ключевые слова: эстетика, гармония, форма, тезис, доктрина, искусство, эйдос, катарсис, трагедия.

Жалпы эстетикалык көз караштардын калыптанышында байыркы грек ойчулдары Платондун жана Аристотелдин окуулары маанилүү роль ойногон.

Платондун эстетикасы антикалык доордогу жогорку классиканын үлгүсүнө кирет, ал пифагордук «чөйрө» жана гераклиттик агым теорияларынан баш тарткан. Өз доорунун улуу философу космосту физикалык жана маанилүү бөлүктөргө ажыратып караган жана кайра алардын окшоштуктарын тапкан. Демек, Платон боюнча эстетикалык аң-сезим бул – ички жана сырткы нерселердин, билим менен сезимталдыктын, бүтүн менен бөлүктүн, кыялдагы нерсе менен реалдуулуктун биримдиги. Эстетикалык аң-сезимдин предмети субстанция катары берилген маанилик жана маниге ээ эмес көрүнүштөрдүн синтези, муну «тирүү» жандыкка айланган «жан» деп образдуу түрдө айтсак болот. «Тирүүлүк» өзүнүн объективдүү жашоосунда атайын эстетикалык предмет болуп эсептелет, анын өз жүзү, мүнөзү, ар кандай жагдайга карата мамилеси бар жана кырдаал, абалга жараша өзгөрүүгө учурайт.

Платондун эстетикалык окуусу так жана өзгөрүлбөс система эмес, анын эстетикалык көз караштары ар түрдүү, кээде анда карама-каршылыктарды да байкоого болот. Эстетикалык ар түрдүүлүктүн ичине «сан», «ыргак», «өлчөм», «гармония» категориялары кирет.

Платон боюнча «сан» бытиенин бардык тараптарын жана белгилерин көрсөтөт, ал дүйнөнү да кыймылдагы сандар катары түшүнөт. Чындыгында, бүткүл космосту да математикалык эсептөөлөрдүн жардамы менен аныктоого болот. Сан негизинен нерсенин сырткы белгилерин көрсөтөт жана ошол эле учурда ал сырткы белгилер менен ички белгилердин окшош жана айырмачылык жактарынын санын билдирет. Сандык бытие Платондо ошондой эле эстетикалык туюм, ал бул жагынан пифагорчуларга жакындашып кетет.

«Өлчөм» түшүнүгүсүз платондук да, антикалык да эстетика эч кандай маниге ээ болбой калат. Биз өлчөм түшүнүгүн эстетикалык предмет жөнүндөгү платондук окуунун жалпы анализинен көрөбүз, анда карама-каршылыктардын биримдиги түшүнүгү менен байланышкан «гармония» категориясы пайда болот.

Жан дүйнө жана асман гармониясы баарынан мурда бүтүндүк менен биримдик кандайдыр бир бүтүн пикирди жана ой жүгүртүүнү пайда кылат. Ал эми жан дүйнөнүн өзгөчө формасы бул – акыл жана аң-сезим.

Платон преметтин көлөмү, формасы, пропорциясы жана симметриясы өз башталмасына ээ, ошондой эле алар туруктуу сапаттардын көчүрмөсү катары карап жана алардын ар бири өз өзгөчөлүктөрүнө жараша эстетикалык маниге ээ болушат деп эсептеген. Аль-Фараби жана Ибн Сина гармониянын рационалдуу концепциясын иштеп чыгуу менен симметрия, форма, гармония, ыргак жана түс чындыктын түрдүүчө өзгөрүшүн камсыз кылуучу каражаттар деп эсептеп, мындай пикирге каршы чыгышкан [6: 182].

Жан дүйнө менен дененин гармониялык айкалышуу идеясы адамдын чыныгы сулуулугун түшүнүүгө алып келет. Платон космосту түшүнүүдө кубулуштардын башаламан кыймылындагы туруктуу мыйзам ченемдүүлүгү конкреттүү геометризмге алып келген. Анын ою боюнча ар бир асман телосунда өзгөчө тон чыгарып туруучу Сирена отурат жана бардык сегиз тон космостун гармониясын түзөт.

Платондун эстетикасында көпчүлүккө белгилүү жалпы антикалык түшүнүк бар: жогорку көркөмдүк менен иштелип чыккан чыгарма баары үчүн пайдалуу жана ал эстетикалык бышып жетилүүнүн жемиши. Бардык искусствого чыгарманы иштелип чыккан жана башкадан алган деп бөлүү менен жана аны алгачкы жаратуучуга артыкчылык берүү менен Платон өзүнүн негизги тезисин сунуш кылат – ар бир жумушту, аны мыкты билген кесипкөй адис аткарууга тийиш (бизче айтканда, «бөдөнөнү сойсо да касап сойсун»). Анын ою боюнча искусство, биринчи кезекте, кадимки эле өнөр, бирок максималдуу түрдө так, методикалык жактан мыкты жана көркөм уюштурулган чыгарманын үлгүсү жана мына ошондуктан ал адамга эстетикалык рахат тартуулайт, анын жан дүйнөсүн байытат. Искусство жөнүндөгү Платондун окуусунун эң башкысы бул –

максималдуу идеялдуулукту жаратуу, башкача айтканда, максималдуу реалдуулукта, тактап айтканда, космос боюнча жогорку акыл менен түзүлгөн идеялардын теорияларын иштеп чыгуу.

Платон өз түшүнүгүндө искусствону космосту башкара алган жогорку акыл-эске гана жеткирип тим болбостон, алгачкы чаржайыт, эч кандай далил, жүйөөлөр менен бекемделбеген идеяларга да кайрылып, алардын алгылыктуу жактарын пайдаланган. Ал космосту акыл-эстүү идеялар гана эмес ой жүгүртүүгө жөндөмсүз баштапкы материя да башкарып турганы үчүн пайда болгон айрым катастрофалар космостун түбөлүк гармониясын буза албастыгын айткан.

Платондун пикирине ылайык, эң жогорку сулуулукту жана кооздукту түшүнүү менен идеянын материалдашкан формасына ээ боло алабыз. Мындай жогорку кооздук катары ал бүткүл космосту, табияттагы бардык көрүнүштөрдү, кубулуштарды жана жалпы эле жаратылышты атаган. Искусствонун, өнөрдүн жана табияттын окшоштук принциптеринен улам көркөм чыгарма материалдык буюмдардан жана турмуштук баалуулуктардан кескин айырмаланбайт. Демек, платондук эстетиканын доктринасы ар кандай идея материяны жаратарын эске салган.

Платондо искусство жаратылыш менен окшош каралганы менен ал табиятты жан дүйнө менен акыл дүйнөсүнүн жуурулуштуруп карайт. Искусство теориясындагы Платондун интеллектуализми ага искусствону түшүнүүгө жана анын формаларынан рахаттануу жөнүндө баса белгилеген. Туура айкалышкан түс боёкторунан, кооз гүлдөрдөн, татынакай формалардан жана фигуралардан, жагымдуу жыттардан жана үндөрдөн адам баласы рахат ала билүүгө тийиш, аталган кооздуктар адамды азап чегүүдөн алыстатат. Платон өзүнүн «Мыйзамдарында»: «Ар бир адам, чоң киши жана жаш бала, эркин адам жана кул, аял жана эркек – жалпысынан алганда бардыгы көңүл көтөргөн ырларды өзү үчүн дайыма ырдоого тийиш, ал ырлардын башкалар үчүн да түшүнүктүү болуусу зарыл. Ырларды өзүңөр да, башкалар да жагымдуу рахат ала тургандай кылып түрлөнтүп ырдагыла, өзүңөрдүн да, башкалардын да көңүлүн көтөргүлө, кыскасы, ойноп көңүлдүү жашагыла», – деп так кесе айткан [4: 141].

Платондун искусствосун тууроо анын теориясына болгон мамилесине тыкыр талдоо жүргүзбөй туруп түшүнүүгө мүмкүн эмес. Ал тарабынан тууроо объективдүү бытиеге жакындашпаган субъективдүүлүккө тиешелүү көрүнүш катары каралат.

Платон акын көрүнүштү же кайсы бир окуяны тууроо менен чыгармасынын көркөмдүүлүгүн арттырат, оригиналдуу ойлорду жаратат, көркөм тууроо аркылуу автор чыгармасын элестүү бере алат деп белгилейт. Бирок, тууроо дегенди окуя, көрүнүштү түздөн-түз натуралдуу түрдө берүү деп түшүнбөшүбүз керек, чыгарманы окуу менен окурманда көркөм элестин пайда болуусу тийиш деп атайт.

«Мамлекет» аттуу китебинде Платон Кудай отургуч тууралуу идеяны гана жараткан, жыгач уста аны жасаган, ал эми сүрөтчү болсо аны тарткан деп образдуу белгилейт. Демек, сүрөтчүлөр, акын-жазуучулар жана башка искусство кызматкерлери идеалдуу үлгүдөн шык, дем алгандар, кооздуктан таасирленгендер катары бааланат.

Көрүнүштү түздөн-түз тууроо оңой жумуш, нак өзүн туурайм деп жатып искусствого бүлүк келтирип да алышат. Мына ошондуктан негизги маселе түздөн-түз тууроо эмес, башкы маселе предметтин, теманын өзүндө. Платондун белгилегени боюнча нагыз тууроону жөн гана курук тууроодон айырмалоонун мааниси чоң, көркөмдүк менен тууроо – бул чыгарма, көрүнүш, нерсени кайра жаратуу, адамга тарбия берүү, ага эстетикалык рахат тартуулоо. Преметтин өзүн, анын образын мыкты түшүнгөн адам гана ийгиликке жетише алат, мына ошондуктан искусстводо образды ийгиликтүү ачууга, ал аркылуу идея ачууга чоң артыкчылык берилет.

Аристотелдин эстетикалык көз караштарына талдоо жүргүзүүнү биринчи кезекте Биримдиктен, Акылдан, Жан дүйнөдөн жана Космостон турган онтологиялык эстетиканын негизги төрт принцибине түшүнүк берүүдөн баштоо керек. Ал бүтүн

эйдостун биримдигин (үзгүлтүксүздүктүн, роддук түшүнүктүн биримдигин) четке кагып, биримдиктин, тактап айтканда, өлчөмдүн биримдигинин жаңы түшүнүгүн сунуш кылат. Буюм, нерсе жалпысынан бир бүтүндүк, анын бөлүктөрүнүн суммасы.

Аристотель боюнча акыл түбөлүк жашоочу түшүнүк, ал буюм, нерседен сырт жашайт; акыл түбөлүктүү жашайт жана бардык кооздукка баа берет. Эң жогорку кооздук жашоонун акырында эмес анын башталышында байкалат, башкача айтканда жашоонун алды кызык, арты өкүнүч. Ойлонуучулар жана ойлонгондор Акылда бири-бирине окшош, алар бирин экинчиси коштоп жүрөт. Бул ойлонуучуга ойлонууга жана ойлонулганга ой жүгүртүүнүн объектиси болууга эч ким тоскоолдук кыла албаган гармония, байыркы ойчулдун ою боюнча да кооздуктун негизги белгиси мына ушунда. Акыл эч бир көмөкчү жардамсыз эле баалуулукка ээ боло алат, бирок ал бардык кооздукка баа берет, аларды баалайт, бардык сулуулук Акылга таянат, аны менен биргеликте аракетке келет. Аристотелдин окуусу байыркы дүйнөнүн эстетикалык баалуулук жөнүндөгү көз караштарын бир тартипке келтирген, ал жогорку сулуулук менен кооздукка жандуу нерсе жана космостук сезимдин акыл энергиясы менен жанданган кубулуш катары мүнөздөмө берет [2: 63].

Кооздук жана жакшылык Аристотель тарабынан башкалар үчүн эмес өзү үчүн кызмат кылган таза бытие катары каралат. Ал абсолюттук акыл жана өзү да акыл менен түшүндүрүлгөн көрүнүш жана материалдык касиетке ээ эмес, бирок материяны жаратат, ага багыт берет жана ишке салат. Аталган эки термин «калокагатия» термини менен түшүндүрүлөт, бул – этикалык «жакшы» менен эстетикалык «кооздуктун» биримдиги дегендик. Калокагатия – бул бир бүтүндүк жана өз алдынчалык, ал өзүнчө жашабайт.

Сырткы жыргалчылыктагы «жакшылыктар» (бийлик, байлык, даңк, ардак) жана ички «кооздуктар» (адилеттик, каармандык, ишенимдүүлүк) Аристотелде жаңыча көз караштар менен каралат. Ага чейин антикалык доордо боорукердик жана ырайым «ички жыргалчылык», ал эми сырткы көрүнүш «сулуулук» деп аталган.

Аристотель сулуулук жана моралдын эки көрүнүшүн бөлүп карайт: биринчиси – сулуулук менен моралдын өзүнүн принциптери, алардын идеялык мааниси; экинчиси – принциптин өзүнө ар түрдүү деңгээлде жакындап жана андан алыстап туруучу бул түшүнүктөрдүн иш жүзүндөгү мазмуну. Калокагатия материалдык жыргалчылыкты түзүүнүн жана аны колдонуунун негизинде мораль менен сулуулуктун өз ара ички биригүүсү жана бири-бирине кошулуусу болуп саналат. Турмуштагы бардык материалдык жыргалчылык өз орду менен пайдаланууга тийиш, бирок ал эскирбесин жана өз маанисин жоготпосун, ал тургай тынымсыз өркүндөп турсун [1: 61].

Аристотелдин эстетикасын түшүнүүчүн анын катарсис (тазалануу) жөнүндөгү окуусу жөнүндө айта кетүү зарыл. Ал бардык ички күчтөр калыптануу жана өсүү менен жан дүйнөнүн, акылдын биримдигине айланат деп эсептейт. Акылдын өсүшү жана туура багыт алышы – жан дүйнөнүн эң жогорку чекити, мына ошондуктан катарсис – акыл-энергетикалык абал, анда курук жана эрктик умтулуу жок, бул эрктик актылардан жогору турган жан дүйнөнүн абалы. Аристотель «Поэтика» эмгегинде «катарсис» терминин искусствого карата колдонот, ал үчүн катарсис трагедиялык чыгармачылыкка багыт алуу. Катарсис трагедиянын жана максаттын коюлуу принциптерин аныктайт, алар катарсисте турмуштук чындыкка айланат. Катарсистин эстетикасын түшүнүүчүн эмоция чоң маниге ээ, ал көркөм чыгарманын өзүнөн чыгат, көркөм чыгарманы көркөм жана акыл-эс менен түшүнө билүүсүн күбөлөндүрөт.

Катарсис – искусствонун формаларынын бири: ал реалдуулукту эмес анын көрүнүшүн жана адамга сезилишин, көркөм фактыны эмес, анын бүтүндүгүн жана ар тараптуу касиеттерин чагылдырат. Искусство аркылуу кабыл алынган ички дүйнөнүн тажрыйбасы адамга терең таасир этет, анын сезимин жана ички дүйнөсүн ойготот. Искусстводо так кесе «ооба» же «жок» деген жооптор болбогону менен кандайдыр деңгээлдеги бекемдөө же четке кагуу дайыма болот.

Тууроо – бул адам баласы кичине кезинен тааныш болгон чыгармачылык жана адам бул касиети менен башка жаныбарлардан айырмаланат, тууроо аркылуу бала сүйлөгөндү үйрөнөт, сырткы дүйнөнү таанып билет, жаш бала маанисин түшүнбөсө да чоңдорду туурап сүйлөгөнгө аракет жасашы анын тилин көнүктүрөт жана акылын өстүрөт. Адам баласы кандайдыр бир үндү тууроо же бир нерсени окшотуп жасоо жана сүрөтүн тартуу аркылуу өзү канааттануу алат, башкаларга эстетикалык рахат тартуулайт.

Аристотель боюнча мимесис искусствонун маңызы, анын өзгөчө табияты жана жалпы эле турмуш чындыгын аңдап түшүнүү. Мындан сырткары, мимесис «тууроо искусствосунун» жөн гана мүнөздөмөсү эмес, ал ар кандай өнөр ишине чыгармачылык менен мамиле жасоо, дүйнөнү көркөм тааный билүү. Аристотелдин «Поэтикасында» мимесисти жалпы принцип сапатында сунуштайт, кийинчерээк мимесис «көркөм искусство» деген атка көчкөн, дүйнөнү көркөм таануу жана көркөм чагылдыра билүү инсандан чыгармачыл жөндөмдү талап кылган өзгөчөлүк.

Аристотель искусствонун жаралышын кооздукту тууроо жана андан рахат алуу менен байланыштырат. Адатта, жөнөкөй тил менен айтканда тууроо дегенди кандайдыр бир нерсени жөн гана тууроо деп түшүнөбүз, бул али таптакыр искусство эмес, ал жөн гана бир нерсенин жөнөкөй көчүрмөсү, искусство – бул кайра жаратуу, жансыз нерсеге жан киргизүү, кайсыл бир көрүнүштүн, кубулуштун ички мамилесин түшүнүү.

Аристотелдик искусство деле жаратылышты туурайт, бирок ал тирүү организмди жаратат, искусствонун үлгүсүн жаратып жаткан сүрөтчү же айкелчи көркөм искусствонун нормаларына жана эрежелерине баш ийет, бул чыныгы акыл-эс менен иштелген чыгармачыл түйшүк. Бекеринен образ жараткан актёр же живопись тарткан сүрөтчү образ издеп же образга кирүү үчүн тогуз толгонуп, эл-жер кыдырбаса керек.

Аристотель жана Платондун түбөлүктүү чыгармаларындагы эстетикалык идеялар, эстетикалык илимдин пайдубалын түптөп, алардан кийинки ойчул-философтордун эмгектери үчүн уютку, азык катары кызмат кылган.

Адабияттар

1. Аристотель. Классическаякалокагатия и ее типы. //Вопросы эстетики. – Вып. 3. – М.: 1960.
2. Аристотель. Поэтика. – Т. 4. – Москва: Мысль, 1984. – С. 830.
3. Аристотель. См. В 4-х т. – Т. 1.
4. Платон. См. в 3-х т. – Т. 2. – М.: 1970. – С. 610.
5. Платон. См. в 3 – х т. – Т. 3. – М.: Мысль, 1972. – С. 678.
6. Лосев А.Ф. Эстетика Возрождения. – М.: Мысль, 1978. – С. 623.

K.A. Isakov, docent, OshSLI
Isakov-oshgui@mail.ru

The Platonic – Aristotel doctrine of the aesthetics

The historical – philosophical analysis were given to aesthetic ideas in ancient works of Platon and Aristotel.

Keywords:*Aesthetics, harmony, form, thesis, doctrine, art, eidos, catharsis, tragedy.*

УДК: 123.2

Карабеков К.Ч.,д.филос.н., профессор, РГСУ
Бойтоева С.С., аспирант, ОшГУ

Детерминисттик таанып-билүү усулдарынын өзгөчөлүктөрү жана алардын байланыштары

Макалада детерминизм, себеп жана шарт деген категориялардын негизинде калыптанган таанып-билүү чөйрөсүндө белгилүү мааниге ээ болгон усулдардын орду жана ролу анализденди.

Ачкыч сөздөр: *детерминизм, детерминация, себеп, натыйжа, шарт, шартка көз каранды болгон кубулуш ж.б.*

В статье анализируются роль и место методов имеющих определенное значение в сфере познания и формирующихся на основе таких категорий, как детерминизм причины и условия.

Ключевые слова: *детерминизм, детерминация, причина, следствие, условие, обусловленное и др.*

Детерминизм – бул көз каранды жана байланышта болгон кубулуштардын мамилелерин чагылдырат, ошондой эле шарттуулуктун обьективдүү закон ченеми жөнүндөгү философиялык окуу. Материалист-детерминисттер дүйнөдөгү нерселердин ортосундагы бардык байланыштар обьективдүү материалдык себептер аркылуу аракетте болушат дешет. К. Маркска чейинки бардык материалисттер метафизикалык көз карашты жактоо менен механикалык себептүүлүктү гана белгилешкен. Илимдин өнүгүшү жана коомдук тажрыйбанын байышы детерминизм жөнүндөгү маркстик-лениндик көз караштын тууралыгын далилдеди.

Буржуазиялык социологдор тарыхый кубулуштарды механиканын, физиканын, биологиянын жана психологиянын закондору менен түшүндүрүп, тарыхый процесстердин шартталган байланыштарын, коомдук кубулуштардын закон ченемин таанышат [1].

Детерминант түшүнүгү башкаларга караганда үстөмдүк кылып турган же үстөмдүккө ээ болгон окуяны, кубулушту, нерселерди, заттарды түшүндүрөт. Детерминантка баш ийген кубулуштар биринчиге көз каранды болот. Мисалы, экономиканы ала турган болсок, экономикада көп эле детерминанттар бар. Экономиканын локомотиви же болбосо кыймылдаткыч күчү өндүрүштүк күч болуп саналат. Өндүрүштүк күчтөр өндүрүштүк мамилелерге караганда үстөмдүк кылат жана өндүрүштүк күч – адамдан, эмгек куралдарынан, техникалык системалардан турат. Мисалы, космостук кемелердеги лабораторияда эң таза монокристаллдарды алууга мүмкүнчүлүк бар. Таза монокристаллдарды алууга бул жагынан космостук чөйрө, жер чөйрөсүнө караганда өзгөчө шарт түзүп бере алат. Ошондуктан, космостук кемелерде алынган монокристаллдар, электроникада эң чоң баага ээ болуп турат.

Коомду ала турган болсок, коомдо детерминант болуп, экономика маниге ээ. Экономикада бир жылдык улуттук ички продукт түзүлгөнүнө карап, бюджет каралат, эгерде ички улуттук продукт аз түзүлсө, айлык-акыларга сөзсүз таасирин тийгизет. Себеби, экономиканын башка социалдык тармактарга доминант экендигин билгизип турат. Ал эми искусство, юриспруденция, спорт, социалдык тармак, оорукана, мектеп, институттар социалдык чөйрөлөргө кирет. Булар экономиканын өсүү ылдамдыгына, темпине, андан кийин анын өндүрүмдүү күчүнө, ченемине көз каранды. Тактап айтканда, детерминизм бул кубулуштардын ортосундагы көз карандылыкты, бири-бири менен болгон мамилени, байланышты жана мыйзам ченемдиктерин чагылтат.

Экономиканын да жалпы закон ченемдигине коррекция киргизет, б.а., өзгөртүү киргизип турат, детерминизм – коомдук кубулуштардын жалпы жактан, көз карандылык жактан мыйзамдардын аспегинде чагылтып жана таанып-билүү касиетке ээ.

Мыйзамдуу байланыш детерминизмдин бир элементи. *Мыйзам* – кайталанып туруучу, маңыздуу, зарыл мүнөзгө ээ болгон кубулуштардын бири-бирине болгон көз карандылыгын түшүндүрөт. Ушундай касиетке ээ болбосо мыйзам – табияттын же болбосо коомдун мыйзамы деген касиетке ээ боло албайт. Мисалы, күн системасындагы планеталардын айланышы. Жер өзүнүн огунда сансыз айланат, андан кийин ошол эле учурда ал күн системасын айланып чыгат, ошондуктан бул мыйзамдуу кубулуш болуп саналат. Кайталынып туруусу мыйзам үчүн өтө керектүү касиетке ээ, кайталануу менен бирге маңыздуу, зарыл, жалпы касиетке ээ болуш керек. Мыйзамды курчап турган кубулуштардын көпчүлүгү башка мыйзамдарга кирет, ага баш ийет, ошон үчүн бир мыйзамга бардык кубулуштар кирбейт. Ошол кубулуштар менен мыйзамдын ортосундагы байланыштар көз карандылык болуп саналат. Ушулар дагы детерминизм деген түшүнүктүн кучагына таасир тийгизет жана детерминизм чөйрөсүнө кирет.

Детерминизм дегенде жалпысынан төмөндөгүдөй түшүнөбүз. Бир, эки же андан көп кубулуштардын ортосундагы байланыштарды, көз карандылыктарды, ошондой эле, маңыздуу жана зарыл түрүндө кайталанып турган кубулуштарды мисалы, жердин тартылуу күчү зарыл түрдө маңыздуу жана жалпылыгы бар эмеспи. Бардык кубулуштардай эле ракета асманга учканда жердин тартылуу күчүн жеңе албаса, ал космостук чөйрөгө чыга албай, кайра кулап түшөт. Космостук чөйрөгө чыгып кетиш үчүн анын ылдамдыгы өтө жогору болушу керек. Ошол эң чоң жогорку ылдамдык (минутасына 10 км.) ошондой учурда ракета космостун чөйрөсүнө өтө алат. Жердин тартылуу күчүн жеңүү мыйзамдуу, зарылдуу кубулуштарга кирет. Детерминизм ушундай кубулуштарды анализдейт. Өзгөчө айтып кетүү керек, детерминизм усулунун жалпы жактарын себеп жана натыйжа же болбосо, себептүүлүк усулуна таасир тийгизет [2].

Андан кийин, шартталган кубулуштардын ортосундагы мамилелер же болбосо шарт жана шартталган кубулуштардын мамилелери да детерминизмге кирет. Ошондой эле, функционалдык көз карандылыктардын бири-бирине болгон мамилеси, байланышы, көз карандылыгы детерминизмдин чөйрөсүнө жана структурасына кирет. Башкача айтканда, детерминизм себеп менен натыйжа, шарт жана шартталган, функционалдык жана системалык байланыштардын ортосундагы мамилелерди чагылткан эң жалпы окуу, усул болуп саналат. Бул усул эң чоң ролду ойнойт. Детерминизм эки баскычтан же болбосо эки түрдөн турат:

1. Лапластык детерминизм (механисттик детерминизм);
2. Диалектикалык детерминизм.

Лапластык детерминизм бир жактуу, анын көп эле жерде кемчилдиктери, ал эми диалектикалык детерминизмде андай кемчилдиктер жок.

Диалектикалык детерминизм азыркы табият таануу, коом таануу илимдеринде колдонулат жана чагылып турат. Азыркы детерминизм (диалектикалык детерминизм) бул жерде бир жактуу текшерилбеген бир нерсени өзгөчө абсолюттук түрдө чоңойтуп ийүү, кеңейтип ийүү деген кемчилдиктерден тышкары турат жана ошондой кемчилдиктери жок. Мисалы, лапластык дерминизмде мындай дейт: “Биз белгилүү бир заттын же нерсенин ылдамдыгын, максатын, анын багытын билсек, биз абсолюттук түрдө ошол заттын кординаттын каякка барышын толук билип алабыз”. Андай детеминизм азыр колдонулбайт, бирок бардык нерселерди акырына чейин абсолюттук түрдө ачып бере турган бир дагы усул жок. Мисалы, аба ырайын аныктоого дүйнөдөгү эң күчтүү компьютерлер колдонулат. Бирок ошолор да аба ырайын толук бир жылга, бир айга так аныктай албайт. Башкача айтканда кубулуштардын бири-бирине болгон көз карандылыгы, закон ченемдиги өзгөрүп тура турган нерсе. Алар белгилүү жакка минус, белгилүү жакка плюс болуп калат. Так жүргөн кубулуш жок. Мисалы, жердин орбитасы орто эсеп менен 200 км га оң жакка, 200 км сол жакка өзгөрүп турат.

Байланыш деп бул бир нерсе же бир окуя менен экинчи, үчүнчү же болбосо төртүнчү ж.б. окуялардын ортосундагы мамилелерди түшүнөбүз. Байланышта көз

карандылыкты эске албайбыз, көбүнчө анализденип жаткан кубулуштар тең статуста каралат. Мына биз жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү байланыштырып карасак, кимиси доминант, детерминант көз карандылыкта дегенин карайбыз. Себеби байланыш кубулуштардын ортосундагы теңсиздикти бири-бирине болгон көз карандылыкты анализдей албайт.

Детерминизм жөнөкөй эле байланыш, мамиле дегенге караганда кубулушту, дүйнөнү терең жана тагыраак чагылтат, ошондой эле маанилүү, маңыздуу болот. Детеминизм көз карашы биологияда, физикада, медицинада, экономикада, тил таанууда, тарыхта, археологияда ж.б. бардык чөйрөлөрдө колдонулат. Детерминизмди билбей туруп биз дүйнөнү терең үйрөнө албайбыз. Биз жөн эле байланышы бар деп айтканыбыз менен көп нерсеге көңүл бура албай калабыз. Мисалы, планеталардын ортосундагы байланышты детерминисттик көз караш менен карасак, бул күндүн детерминант экенин биз билишибиз керек. Күн бардыгын өзүнө каратып турат. Күндүн нуру жерге, айга жана күндүн гравитациялык, б.а., тартылуу күчтөрү булардын орбитасына таасир тийгизет.

Илимде детерминация усулдарына бир эле детерминисттик усул эмес, анын чөйрөсүнө кирген детерминизмге негизделген усулдар бар. Алардын бири ***себептүүлүк усулу*** (причинный метод) – илимде, турмушта чоң мааниге ээ [3]. Себептүүлүк усулу төмөндөгүдөй элементтерден турат:

1. Себеп жана натыйжа;
2. Себептүүлүк мамиледен турат.

Себеп – ылайыктуу өзгөрүүлөрдү пайда кылган заттардын бир же бир нече элементтеринин өз ара аракеттерин көрсөтөт.

Натыйжа – өзгөрүү, өз ара аракеттешкен заттарда, элементтерде пайда болгон өзгөрүүлөр. Бир эле себеп бир канча натыйжа бериши мүмкүн. Себеп ички жана сырткы болуп экиге бөлүнөт.

Себептүүлүк – детерминизм усулуна караганда кубулушту терең анализдейт. Себептүүлүк усулу жөнүндө байыркы грек ойчулу Демокрит мындай дейт: “Персия падышачылыгынын ордунан көрө, бир себептүүлүктү билип алуу мага маанилүү” – деген. Себептүүлүк – себептин натыйжасында экинчи бир нерсе, кубулуш, процесс пайда болот жана башка нерселерге, кубулуштарга себеп болбогон эч нерсе жок. Себеп жалпы мүнөзгө ээ, ал убакыт менен тыгыз байланышта, ички жана сырткы себептер натыйжаны пайда кылат, бул себептин – натыйжа менен байланышын туюнтат.

Детерминизм системасына усул катары дагы *шарттуулук* кирет. Бул детерминизмдин экинчи элементи болот. *Шарт* – бул себепке жакыныраак кубулуш, бирок себеп боло албайт, ал мүмкүнчүлүк түзөт. Себептин келип чыгышына, пайда болушуна же жоголушуна шарт түзөт. Себептүүлүктү курчап турган нерсе шарт деп аталат. Шарт натыйжаны жаратпайт, өзү жарата албайт, себеп гана жаратат. Шарт себептин аткарылышына таасир тийгизет. Толук шарт бул кубулушту өзгөртөт. Толук эмес шарт өзгөртө албайт. Шарттын толук, зарыл жана маңыздуу болушу эң чечүүчү ролго ээ. Эгерде шарт толук болбосо, аз болсо себеп келип чыкпайт. Шарттардын түрлөрү бар: тышкы, ички, жалпы, конкреттүү, экстрималдуу, структуралык, генетикалык, зарылдуу, маңыздуу шарттар булардын бардыгы кубулуштарда эске алынышы керек [4].

Тышкы шарт биздин оюбузча таасир тийгизбегенге окшойт, бирок ал кубулушка эң күчтүү таасир тийгизе турган нерсе. Мисалы, абанын оптималдуу болушу же болбошу, күндүн оптималдуу ысышы же ысыбашы ж.б.

Коомдун ички шарты – экономиканын өсүшү, анын деңгээли же техникалык жактан камсыз болгону ички шартка кирет. Адамдардын аң сезимдүүлүгү, жоопкерчилиги, тартиптүүлүгү, коомдун өсүшүнүн ички шарты болуп саналат.

Эмгекке болгон жана бири-бирине болгон мамиле – коомдо карама-каршы болбош керек. Бардыгы бири-бирин таза колдоп, белгилүү максат үчүн, жеке кызыкчылык үчүн

эмес жалпы коомдун өсүшү аркылуу колдосо, ошондо коомдун ички шарты таза жана күчтүү болот деген ойдобуз.

Адабияттар

1. Ф. Энгельс. Диалектика природы. К. Маркс, Ф. Энгельс. – Соч. т.20.
2. Аскин Я.Ф. Философский детеминизм и научное познание. – М.: Мысль, 1977. – С. 188.
3. Бунге М. Причинность: Место принципа причинности в современной науке: Пер. с анг. – М.: Изд-во Иностр. Лит-ры, 1962. – С. 511.
4. Борзенков В.Г. Принцип детерминизма и современная биология (Методол.аспекты). – М.: Изд-во МГУ, 1980. – С. 200.

K.Ch. Karabekov, Dr. of philosophy Sciences, professor RSSU
S.S. Boitoeva, graduate student, OshSU
saitovakg@mail.ru

Methodical specialties of deterministic knowledge and their relationships

The article analyzes the methods of knowledge, formed on the basis of the knowledge categories of determinism, causes and conditions.

Key words: *determinist, determination, cause, consequence, conditions, caused and others.*

УДК: 331.024.2:331.6 (575.2)

Аматова У.О., к.э.н., доцент, ОшГУ

Занятость и безработица как факторы экономического развития КР

Жумуш менен камсыз болуу жана эмгек рыногу мамлекеттик жөнгө салуунун негизги көйгөйү катары ар тараптын изилдөөлөрүн талап кылат. Эмгек ресурстары мамлекеттин эң маанилүү экономикалык ресурс болгондуктан, аны натыйжалуу колдонуусу - өнүгүүсүнүн негизги шарты, ошондуктан жумуш менен камсыз болуу жана жумушсуздуктун механизмин аныктоо, адам капиталын эффективдүү колдонуунун жолдорун тактоо зарылчылыгы келип чыгат.

Ачкыч сөздөр: *жумуш менен камсыз болуу, жумушсуздук,эмгек рыногу, адамдык капитал.*

Ключевые вопросы государственного воздействия на занятость и рынок труда остаются в числе проблем, требующих всестороннего рассмотрения и исследования. Необходимо понять и раскрыть механизмы безработицы и занятости населения, а также обосновать пути эффективного использования человеческого капитала, поскольку трудовые ресурсы страны представляют собой важный экономический ресурс, а их эффективное использование является необходимым фактором социально-экономического развития страны.

Ключевые слова: *занятость, безработица, рынок труда, человеческий капитал.*

В настоящее время одной из важнейших актуальных социально-экономических проблем страны является проблема занятости населения, которая является многоаспектной проблемой рыночного хозяйства. Государственное регулирование рынка труда, его трансформация в условиях выхода из глубокого экономического кризиса сопровождается множеством экономических проблем.

Ключевые вопросы государственного воздействия на занятость и рынок труда остаются в числе проблем, требующих всестороннего рассмотрения и исследования. Необходимо понять и раскрыть механизмы безработицы и занятости населения, а также

обосновать пути эффективного использования человеческого капитала, поскольку трудовые ресурсы страны представляют собой важный экономический ресурс, а их эффективное использование является необходимым фактором социально-экономического развития страны. Для этого постараемся раскрыть экономическое содержание занятости населения как экономической категории, проанализировать основные тенденции в занятости в условиях современного состояния рынка труда, а также дать характеристику современного состояния занятости.

В Кыргызской республике обостряется ситуация в сфере занятости, увеличивается резерв невостребованной на трудовых рынках не только низко, средне, но и высококвалифицированной рабочей силы. Отсюда и несомненная значимость целенаправленного проведения рациональной политики по отношению к рынку труда. Поэтому особенно важно осознать, осмыслить, дать научное объяснение и разработать соответствующие меры по решению возникшей проблемы. Все это требует значительных исследований по проблемам занятости и безработицы, изучения богатого опыта развитых стран в этой области, выявления и анализа особенностей государственного регулирования занятости населения в Кыргызской республике.

При переходе от централизованной командной системы управления к регулируемой рыночной модели экономического развития, характеризующейся, прежде всего изменением формы собственности, одной из наиболее сложных проблем является проблема формирования, развития и распределения трудовых ресурсов в системе производственных отношений. На смену общественной государственной собственности приходит принципиально иная собственность – частная собственность, на базе которой начала формироваться совершенно другая экономика – рыночная.

